Петр КОКАЙСЛ | Амирбек УСМАНОВ
Petr KOKAISL | Amirbek USMANOV



# КЫРГЫЗСТАНДЫН ТАРЫХЫ КҮБӨЛӨРДҮН КӨЗҮ МЕНЕН



















2014

**Петр КОКАЙСЛ | Амирбек УСМАНОВ**
**Petr KOKAISL | Amirbek USMANOV**

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ТАРЫХЫ КҮБӨЛӨРДҮН КӨЗҮ МЕНЕН

## (XX кылымдын башы)

**Ош мамлекеттик университети**

2014

**УДК 94 (47)**
**ИИЛ 63.3 (2Ки)**
**К 59**

Печатается по решении Ученого Совета Ошского государственного университета (протокол №3 заседания Ученого Совета Ошского государственного университета от 10 декабря 2014 г . – № 1823 «11» XII 2014 г.)

“Кыргызстандын тарыхы – күбөлөрдүн көзү менен” (XX кылымдын башы) китеби басмага Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңеши тарабынан сунуш кылынган. (2014-жылдын 10-декабрдагы токтому. № 1823. 11-декабрь 2014-жыл)

**Рецензент:**
PhDr. Jan Pargač, CSc.
Институт этнологии, Философский факультет,
Карлов университет, Прага, Чехия

**Петр Кокайсл, Амирбек Усманов**
К 59 Кыргызстандын тарыхы күбөлөрдүн көзү менен. – Б.: 2014. - 294 б.

Обол чех тилинде, анан орус тилинде жарык көрүп, эми кыргыз тилинде тартууланып жаткан китепте 1917–1937-жылдары Кыргызстанда совет бийлиги кандай баа менен орногонуна башкы көңүл бурулат. Коомдо болгон чоң өзгөрүүлөр кызыл репрессияны баштан кечиргендер, алардын бала-чакаларынын аңгемелери, архивдик документтер жана фотосүрөттөр менен чагылдырылат. Эмгек Советтик Кыргызстан түзүлгөнгө чейинки Борбор Азиядагы саясый-экономикалык жагдай, орус падышачылыгынын тымызын баскынчылык саясаты, Кыргызстандын аймагына орустардын отурукташуусу, 1916-жылдагы көтөрүлүштүн себептерин да камтыйт.

**К 0503020911-14**

**УДК 94 (47)**
**ИИЛ 63.3 (2)**

© Кокайсл П.,
Усманов А., 2014

ISBN 978-9967-33-037-5







# Кириш сөз

Ондогон эле жылдар мурда болгон окуяларды жана фактыларды жазуу тарыхчы үчүн өтө көңүл сүйүнгөндөй иш эмес. Бул Кыргызстандын тарыхына да мүнөздүү. Кээ бир илимпоз-тарыхчылар бардык күбөлөрдүн көзү өткөндөн кийин гана ошол доордун тарыхты жазуу керек деген пикирди карманышат.

Сиздерге сунуш кылынып жаткан монографияны башка көптөгөн эмгектерден айырмалачу бир принцип бар: авторлор окуянын мүмкүн болушунча көп катышуучулары жана күбөлөрүнөн алынган конкреттүү маалыматтарды жалпылап, аны тийиштүү мезгилге таандык гезиттерде жана окуулуктарда чыккан маалыматтар менен салыштырууга аракет жасашты.

Биздин оюбузча, Кыргызстандын тарыхы көптөгөн башка чөлкөмдөрдүкү сыяктуу эле бир өзгөчө кесел менен ооруйт: коoздоп, кайра жаңылап жазып, кайсы бир идеологиялык багытка ылайыктуу схемага ылайыктап отуруп, тарыхты ошол идеологиянын малайына айлантып коюшкан.

Мына ошондон улам совет заманында көпчүлүк окуулуктарды жазуудагы негизги принцип: тап күрөшү жөнүндөгү түшүнүк, эзүүчүлөрдү эзилүүчүлөргө, революциянын баатырларын жана Кызыл аскерлерди контрреволюционерлер менен эл душмандарына каршы коюу болгон.

Советтер Союзу ыдырап, эркtүү Кыргызстан жаралгандан кийинки мезгилде абал олуттуу өзгөрдү деп айтууга болбойт: окуулуктарга эң биринчи кезекте кыргыз элинин башкаларда жок өзгөчөлүгүн көрсөткөн “тарыхый” фактылар киргизилчү болду. Андай окуялардын жана баатырлардын (мисалы, гунндардын жол башчысы теги кыргыз деп тастыктоо) чындап болгонун далилдөө мүмкүн эмес, аларга баа берүүдө жакшысы эле “ойлоп табылган” же “мааниси жок” деген сөздү пайдалануу.

Кыргыз элине өзүнүн миң жылдык тарыхын бул өңдүү күмөндүү жана “жакшыртылган” жасалма тарыхый маалыматтар менен менен негиздөөнүн, кыргыздардын ДНКсы боюнча 60 процентке Европа расасына кирет деп далилдөөнүн, Аттила менен уруубуз бир жана казактар кыргыз урууларынан чыккан деп, же тескерисинче, ойлоп чыгаруулардын зарылдыгы жок.

Кыргыз элине биринчи орунда чындык турган тарых керек. Кыргыз элине данды митесинен ажыратып, бүгүнкү муун эмнени өрнөк алса болорун жана эмнени сындап, эмнени тануу керек экенин көрсөтүү абзел.

Ушул эле принципти тарыхый инсандарга да колдонулушу зарыл: бир эле адамдын кайсы бир иштери чындыгында эле үлгү

болгонго татыктуу, ошол эле учурда, ошол эле адам жасаган башка бир иштер аны уят кылып, көпчүлүктү иренжитиши мүмкүн.

Сиздерге сунуш кылынган китеп адамдарды тазалоонун негизги же кошумча каражаты болуу үчүн жазылган эмес, анын максаты кыргыздардын али эскире элек көп боёктуу тарыхын билүүгө үлүш кошуу жана эл оозунда айтылган “улуу” тарыхый окуялар менен катар “кичинекей” тарыхый окуялар да болгонун, ага жеке адамдардын, ошондой эле алардын үй-бүлөсүнүн жана туугандарынын тагдыры киргенин окурманга көрсөтүү.

Ырас, “улуу” тарых ийгиликтин башкы критерийи болуп калат, бирок мындай баа көбүнесе идеологиялык ырайымсыздык, мыкаачылык жана чындыкты бурмалоо менен коштолот.

Бул китептин башкы максаты- эки багытты: китепке кирген сүрөттөөлөр, мүнөздөмөлөр жана фактылар менен анда сүрөттөлгөн окуялардын катышуучуларынын тагдырын көрсөтүү.

Пётр Кокайсл
*Экономика жана менеджмент Факультети*
*Чехиянын агротехникалык университети*
*Прага*

Амирбек Усманов
*Радио Свобода – Азаттык,*
*Прага*

Прага, 23-декабрь 2014-жыл.

# 1. Кириш сөз: Борбор Азия 18–20 кылымдардын ортолугунда

Азыр айрым бир Борбор Азия республикаларынын тарыхын изилдөө машакаттуу иш. Себеби алардын мамлекеттик чек аралары XX кылымда гана калыптанган. Бул чек аралар не мурда өкүм сүргөн феодалдык мамлекеттердин мезгилинде не падышалык Россия маалында пайда болгон тарыхый чек араларга дал келбейт. Атүгүл түрдүү этностук топтор жашаган жайлардын административдик-территориялык бөлүнүүсүн даасын чагылдырбайт. Андыктан түптөлүп калган кайсы бир тарыхый административдик түзүмдү карап жатканда, обол болочокку бир нече союздук республиканын территориясына кирген, андан кийин бир нече төбөлсүз Борбор Азия мамлекетинин территориясын камтыган түзүлүштү кароого туура келерин көңүлдө тутуу зарыл.

Борбор Азиянын географиялык жана климаттык шарты татаал: жайы ысык, кышы катаал жана кескин континенталдуу климат чөлкөмдүн башкы табигый өзгөчүлүгү. Анткен менен Борбор Азияны стратегиялык жактан анча маанисиз деп айтканга болбойт. Байыркы доордо Кытай менен Индиядан Кичи Азияга жана Римге кеткен соода жолдорун ээлеп алганга түркүн мамлекеттер (кушандар, парфяндар жана римдиктер) умтулуп турган; орто кылымдарда болсо кербен жолдорундагы Бухара, Самарканд, Кандагар, Герат жана Балх сыяктуу шаарлар үчүн такай согуш жүрүп турган. Борбор Азия бир жагынан Кытай жана Индияга окшогон маданияты жакшы өнүккөн мамлекеттерди бөлүп турса, экинчи жактан кербендер жүрчү жолдор түрдүү маданияттарды туташтырган көпүрөнүн милдетин аткарган. Бул чөлкөмдү багындыруу үчүн болгон тышкы аракеттер XX кылымга чейин ийгиликсиз бүткөндүктөн, регион айтылган өзгөчөлүгүн, ошондой эле салыштырмалуу күнкорсуздугун сактай алган.

Борбор Азиянын ыңгайсыз географиялык шарты чөлкөмдү акыр аягында Россиянын басып алуусунун негизги жүйөөсү болгондой. Россиянын Азиянын чыгыш аймактарын өздөштүрүүгө болгон кызыгуусу Борбор Азияны багынтууга салыштырганда алда канча күчтүү болгону талашсыз чындык. XVII кылымдын башында Россия Тынч Океанга чейин, атүгүл Түндүк Американын жээгине дейре жеткенге үлгүрөт. Ал эми Борбор Азияга XIX кылымда падышалык

империянын административдик-территориялык түзүлүшүндө чоң өзгөрүүлөр болгондон кийин гана биринчи жолу кызыгуу жаралат.

Россиянын Борбор Азияга кызыгуусу (Лобанофф-Ростовский[1]) Крым согушу жана Берлин конгрессинен кийин жоготкон аброюн көтөрүү зарылдыгы жана кырдаалдын начарлашы менен түшүндүрүлөт. XIX кылымдын экинчи жарымында Россиянын Азиянын бул бөлүгүндө өз позициясын бекемдөө аракети мамлекеттин саясый-экономикалык таасирин чыңдоого удаа Англиянын Ооганстандагы ийгилигине каршы турууну көздөгөн.

## 1.1. Кокон хандыгы

XVIII кылымдын башынан XIX кылымдын ортосуна чейин азыркы постсоветтик Борбор Азия республикаларынын территориясы (Түркмөнстанды кошпогондо) Кокон хандыгына кирген.

Хандык “Большая Советская энциклопедияда”[2] жазылганга ылайык, 1710-жылы[3] Шахрук –бий Фергана өрөөнүнүн батыш бөлүгүн Бухара эмирлигинен эрктүү деп жарыялаганда пайда болгон.

Ал кездеги Борбор Азия аймагында мамлекеттик түзүлүш жөнүндөгү түшүнүк азыркыдан алда канча бөлөк болгонун; ал мезгилде өз алдынча мамлекет болуу үчүн мамлекеттин сөзсүз эле талап кылынган атрибуттары: так аныкталган мамлекеттик чек ара, борбордук бийликтин жалпы территориядагы суверендүүлүгү же өкүмүнө тегиз баш ийүү жана эл аралык таануу зарыл эмес болчу. Мына ушундай жүйөөдөн келип, Кокон хандыгынын жаралашын кайсы бир конкреттүү датага байлабастан узак жылдарга созулган жараян ирети караганыбыз жөндүү.

Обол Шахрук-бийдин небереси Йодан-бий (1774-жылга чукул өлгөн) Кокон хандыгынын коңшулары (Анжиян, Наманган, Маргалан жана Кокондун бектери менен чогуу) салгылашып жатып, Бухарадан толук көзкарандысызкдыкка жетишкен. 1758-жылы Йодан-бий Бухара ордосунда эгемен Кокон хандыгынын башкаруучусу катары таанылат.

………………………………………

[1] LOBANOFF-ROSTOVSKY, Princ. The Soviet Muslim Republics in Central Asia. *Journal of the Royal Institute of International Affairs*, Vol. 7, No. 4 (Jul., 1928), p. 242.


[2] *Большая Советская Энциклопедия (БСЭ).* Москва: Советская энциклопедия. 1969–1978.

[3] Кээ бир булактарда Кокон хандыгы 1709-жылы түзүлгөн деп көрсөтүлөт (мисалы, STARR, S. F., BESHIMOV, B., BOBOKULOV, I. I. *Ferghana Valley: The Heart of Central Asia*. New York: M. E. Sharpe, 2011, p. 29).

Кокон хандыгы Алим (1800–1809) Умар (1809–1822) жана Мухаммед-Али (Мадали деп да аталган, 1822–1842) хандык кылган жылдары саясый бийликти бекемдөөдө жана башкаруудагы жерлерди чоңойтууда чоң ийгиликтерге жеткен. Ошол жылдары Кокон хандыгына Ташкен, Хожент, Каратегин, Дарваз жана Алай кошулат.

Удаа эле бир катар маанилүү чептер: алардын ичинде Ак-Мечит (азыр Кызыл-Ордо ш.), Аулие-Ата (азыр Жамбул ш.), ошондой эле 1825-жылы Чүй өрөөнүндө Пишпек чеби (совет заманында Кыргыз ССРинин борбору Фрунзе, азыркы Бишкек) жана Токмок чеби[4] курулат.







**1, 2-илл. Пишпек чеби (жогорку сүрөт) жана Токмок чеби, 1860-жыл.**
Булагы: ПЕТРОВ, В. Г. *Пишпек исчезающий.* 1825–1926. Бишкек: Литературный Кыргызстан, 2005.

Борбор Азияны жакшы билген Н. А. Северцовдун[5] жазышынча, Кокон хандыгынан чет жактардагы кээ бир чептер экономикалык себептен улам курулган.

……………………………………….

[4] *Большая Советская Энциклопедия (БСЭ).* Москва: Советская энциклопедия. 1969–1978.

[5] Николай Александрович Северцов(1827-1885) Борбор Азиянын изилденбеген аймактарынын картасын чийген саякатчылардын тобуна кирет. Ошого ал үчүн элдин маданияты жана тиричилиги экинчи орундагы маселе болгонун Северцов өз эмгектеринде белгилейт. Ага карабай, кыргыздардын XIX к. ортосундагы жашоосу жөнүндө анын жазгандары абдан баалуу. Ал Памирдин ортолук бөлүгүнө барып, сүрөттөп жазган биринчи европалык болгон.




**1, 2-карта. Кокое хандыгынын маанилүү чептери жана басып алган жерлери.**
Google Earth, Basarsoft, GIS Innovatsia, Google, Mapabc

Кыргыздарда дыйканчылык жакшы өнүкпөгөнү менен элдин кайсы бир бөлүгү отурукташып жашаган жана дыйканчылык кылган. Жер аны иштеткен адамдарга эмес, урууларды башкарган бектер менен манаптарга жана башка таасирлүү кыргыздарга таандык болгондуктан кирешени алар алган. Кокон ордосу кыргыз коомундагы таасирлүү бектерди көзөмөлдө кармоо максатында айыл чарба аймактарында чепкоргондорду курушкан. Ушу жерден кыргыз

коомунун түзүлүшү жана анда ким кандай бийликке ээ болгонуна токтолгонубуз жөндүү.

**Аксакалдар, манаптар, байлар жана бийлер.** XVIII кылымдын ортосунда жыйырманчы жүз жылдыкка чейин көпчүлүк жерлерде (баарынан мурда тоолуу аймактарда) өкүм сүргөн уруулук түзүлүш бекем калыптанат. Ар бир уруунун башында уруунун жашоосуна байланыштуу маселелерди чечүүдө негизги сөздү айтуучу аксакал турат. Кеңири маанисинде айтканда, аксакалдар көчмөн коомдун бардык катмарларына таасир этип турган, алар мал чарбачылыгында абдан тажрыйбалуу жана көздүү болушкан. Аксакалдар совет заманында коомдук жашоого олуттуу таасир эткенин айта кетүү абзел.

Уруу анача чоң болбогон шартта аны манаптар башкарган. Манаптар кыргыздардын феодалдык-уруулук аристократия-сынын аскерий кагылышуулар учурунда соттоо жана жетектөө укугу бар өкүлдөрү. Мындай коомдук түзүлүш бүгүнкү Кыргызстандын түндүк бөлүгүнө таандык. XIX кылымдын башында мындай мансап жана ага тийиштүү дөөлөттөр мураскерге өтө баштайт. Бай манаптарда короо-короо малы, үйүр-үйүр жылкысы жана жайкалган жайыттары болгон. Манап даражасы жана кызматы совет доорунда жоюлган.

Орус падышалыгы басып алынган аймактарда ал жерде өкүм сүргөн мамлекеттик башкаруу системасын жана төмөнкү инстанциядагы сотторду, ошондой эле кызматкерлерди жойбой сактаган. Мисалы, Түркистанда сот бийликтери отурукташкан элди шарият канондоруна ылайык жоопкерчиликке тарткан казылардын колунда жана көчмөндөрдү салт-адатка ылайык жазалаган бийлердин эркинде калтырылган. Бийлердин көпчүлүгүндө Орусиянын укуктук-юридикалык нормалары түгүл жөнөкөй укук эмне экени тууралуу түшүнүгү жок болгон.

Заманадаштардын айтышынча, бийлер арасында кат таанымаган сабатсызды кой, бейпарасаттары да кездешкен. Бийлер өкүм чыгарган учурда биринчи кезекте өз уруулары менен туугандарынын кызыкчылыктарын коргошкон. Бийлер менен казылардын бир окшоштугу-алар пара алышкан.

Жогорку инстанциядагы соттордо орустар өкүм жүргүзгөн. Бирок, бул жерде да олуттуу өксүктөрү болгон: кээ бир сот-судьяларда не тийиштүү билими, не соттук тажрыйбасы болгон эмес. Падышалык бийликтер сот системасындагы кемчиликтерди билгенине карабай аны жөндөөгө шашкан да, кызыккан да эмес. Анын себеби жергиликтүү соттордун мамлекеттик бюджеттен каржыланбаганында болушу ыктымал. Алардын иши каралган

тараптардын эсебинен төлөнгөн. Соттук төлөмдөр “биялык” деп аталып, добогердин жоопкерге койгон доосунун 10 процентине[6] чейин жеткен.

XIX кылымдын аягында коомдо жаңы, өтө таасирлүү социалдык топ-байлар пайда болгондон кийин манаптар мурдакы таасирин жоготот. Окурмандарга түшүнүктүү болуусу үчүн жогоруда айтылган наамдар менен аталыштарды кыскача бир системага келтирдик:

Аксакал – уруун өкүлү, же жалпы мааниден алганда, кексе, тажрыйбалуу жана даанышман адам.

Манап – уруу (урук) төбөлдөрүнүн, уруу аристократиясынын өкүлү; көп учурларда соттук териштирүү жүргүзүү укугуна ээ.

Казы – отурукташкан элдин судьясы, ислам дининин канондоруна же шариятка ылайык соттойт.

Бай – малы же жери көп адам.

XVIII кылымдын аягы – XIX кылымдын башында Кокон хандыгынын курамына кыргыз уруулары жашаган жерлер да кирет. Хандыктын кол астындагы жерлерди кеңейтүүгө умтулуусунда, анын ичинде бүгүнкү Кыргызстанга караштуу жерлерди басып алуусунда, алардын Чыгыш Түркистан (Кытай) менен соодада ыңгайлуу стратегиялык орунду ээлегени негизги ролду ойногон. Себеби Кокон хандыгынын ортолук бөлүгүнөн (бул жерлер бүгүнкү Өзбекстандын территориясы) Кытайга кеткен жолдорду көзөмөлдөп туруу зарурат болчу.

Буга карабастан, XIX кылым бою Кокон хандыгы түрдүү аскерий жаңжалдарга (1839–1842-жылдары) аралашат жана Бухара эмирлиги менен согушта жеңилип калып, бир катар жерлеринен, анын ичинде Ташкент жана Хожент шаарларынан кол жуууйт.

Хандыктын өзүндө да кээ учурда хандык башкарууга каршы элдик көтөрүлүш формасындагы куралдуу козголоңдор болуп турганын айта кетүү абзел. Алардын эң ириси 1830-жылы Нарында болот.

**Саттар-хан Абдугаффаров**. Чоң атам[7] 1859-жылы 83 жашында, Чимкент басып алынгандан беш жыл мурда, көз

---

[6] КАГАНОВИЧ, А. *Некоторые проблемы царской колонизации Туркестана*. [онлайн]. CA&CC Press, Sweden, 1998–2006 [шилтеме. 23. 12. 2006]

[7] ОСТРОУМОВ, Н. П. Сарты: Этнографические материалы. Воспоминания Саттар–хана Абдул–Гафарова. Ташкент, 1896, бети 190–215.

жумду. Чоң атам кезинде Чимкент[8], Ташкент жана Кокон өз ара тез-тез согушуп турган түрдүү бектерге караган. Ал мезгилде бекем тартип болгон эмес, билимдүү адамдар да өтө аз эле. Түрдүү шаарлардын эли арасында кастык жана жолдордо каракчылык күчтүү болгондуктан, элдердин өз ара катташып, соодалашып туруусу кыйын болгон. Ошон үчүн жолго, эреже катары, көбүнчө жайында чоң топторго биригип, чокмор жана шылк этме сыяктуу каруу жарак менен куралданып чыгышкан. Мындай катаал жагдайга карабай, чоң атам Бухарага чейин жетип, ал жерде медреседе окуй баштайт. Бир нече жыл окугандан кийин Чимкентке кайтып келет да тез эле шаардыктар арасында кадыр-баркка жетишет. Ал аалым жана даанышман инсан катары калаалыктарга, башына мүшкүл түшүп кайрылышканда, кеп-кеңеши, жылуу сөзү менен жардамдашып турат. Ошентип жүрүп, көп өтпөй Чимкенттин казысы болуп дайындалат.

Ырас, кийинчерээк Кокон хандыгы жоготкон жерлеринин айрым бөлүгүн кайра кайтарып алганы менен жагдайды өзгөртүү мүмкүн болбой калат. XIX кылымдын ортосунан тартып, Борбор Азияда жаңы күч-падышалык Орусия пайда болду.

Кокон хандыгынын аймагында жашаган элдер салык, сот жана аскерий бийликтердин абсолюттук башкаруу ыкмаларына айла жоктон гана чыдаган. Орус окумуштуулары калтырган жазылмаларда букаралардын түрдүү салыктарды төлөгөнү, салык жыйноонун так аныкталган эрежеси болбогону, андыктан алым-салыктардын өлчөмү салык жыйноочу мосулдар тарабынан дайыма өзгөртүлүп жана көбөйтүлүп турганы сындалат.

Борбор Азия элдери салык төлөгөндөн башка дагы феодалдар үчүн сарайларды, аскердик чептер менен жолдорду куруп, арак тазалап жана башка иштерди аткарып турууга тийиш болгон. Бу сыяктуу иштерди жазгы жана жайкы талаа жумуштары маалында да аткарууга туура келген. Дыйкандар мындай жумуштарды аткарганга күчтөп мажбурланган. Алар күнүмдүк норманы аткара албай калса, нөкөрлөр тарабынан жарым өлүк кылганча сабалган.

Салык топтоо адатта күч колдонуу менен коштолгон, атүгүл хандын өзү тараптан күч колдонулган учурлар болгон.

---

[8] Чимкентти 1864-жылы Черняев басып алат, кийин ал Түркистандын башкы командачысы жана губернатору болуп калат.

Жарыбаган эле айыбы үчүн букаранын мал-дүйнөсү хандын жана эмирдин пайдасына тартып алынышы ыктымал эле. Жазалоонун кеңири жайылган түрүнө дарга асуу же зынданга9 өмүр бою отургузуу кирген.




**3-илл. Зындан (1905–1915-жж) С. М. Прокудин-Горскийдин фотографиялары (АКШ Конгрессинин китепканасы)**



**4-илл. Зындан (Бухара шаарындагы музей), 2004-ж.**

Бул жана башка фактылар 1855-жылдан баштап кыргыз жана казак (кайсак) урууларынын төбөлдөрүнүн орус падышалыгынын жарандыгын сурап кайрылуусунун башкы себеби болгон.




**3-карта. Кыргыздардын орус букаралыгына өтүүсү.**
Булак: Google, Mapabc.

.............................................

9 ИВАНИН, М. И. Хива и река Аму-Дарья. Морской сборник, 1864 год. № 8–9. и Наши соседи в Средней Азии: Хива и Туркмения. Санкт Петербург, 1873, с. 130. In КОЛПАКИДИ, А. И. et al. *Прибалтика и Средняя Азия в составе Российской империи и СССР*. Сборник конференции «Неконфликтное прочтение совместной истории – основа добрососедства», Москва, 2010.

Орус падышалыгынын букаралыгына 1855-жылы 17-январда Ысык-Көл боюн байырлаган бугу уруусундагы адамдар, 1862-жылы Чүй өрөөнүнүн чыгышы менен ортолук бөлүгүндөгү уруулар, 1864-жылы Суусамыр жана Кетмен-Төбө өрөөндөрүн жайлаган уруулар, ошол эле жылдын 24-декабрында саяк уруусу өтөт.

Саяк уруусунун манаптарынын биринин орус букаралыгын берүүнү сурап жазган кайрылуусу:[10]

> Саяк уруусунун манабы Рыскулбектин Чүй отрядынын зардалы М. Г. Черняевге өтүнүчү:
>
> Саяк уруусуна Орусиянын букаралыгын берүү тууралуу сураныч Ак – Мечиттин, Түркистандын, Чимкенттин, Пишпектин жана Токмоктун зардалына башымды ылдый ийип таазим этем жана төмөндөгүдөй өтүнүч менен кайрылам:
>
> Мен, Рыскулбек, кол алдымда Анжиян жана Кетмен – Төбө ортосунда көчүп жүргөн тогуз миң түтүн бар, өзүм башкарган эл менен чогуу Ак падышанын амири астына өтүү ыкласымды ушул кат аркылуу билдирем. Эгер бул өтүнүчүбүз аткарылса, ал жөнүндө мага маалымдап койсоңуз, мен өзүбүздүн мурдакы жайыт жерлерибизде калып, ал жерлерде Сизге жана Падышага кызмат кылам. Кетмен – Төбөнүн тегереги узактан бери мага карайт жана ал жерде мен туруктуу жашайм.
>
> Эки жылдан бери сарыбагыштар менен солтолор мени кысымга алышууда, Сиз эгер мага кат жөнөтсөңүз, алар мындан ары менин укугумду буза албай калышат.
>
> *Нускасы чын:*
> *Обер-квартирмейстр*
> *полковник Бабков*

Көпчүлүк көчмөн уруулардын орус падышасынын башкаруусуна өткөнү алардын коопсуздугун камсыздады. Бирок Кокон хандыгы менен орус аскерлеринин чатакташуусуна тымызын өбөлгө түздү. Албетте, артыкчылык орус аскерлери тарапта болчу жана XIX

[10] ТЕРЕЩЕНКО, Л. *История Кыргызстана* [онлайн]. Информационный портал о современной Киргизии, 2007 [цит. 12. 9. 2008]. Караңыз: <http://www.allkyrgyzstan.com>.

кылымдын 60-жылдарында Россия Кокон хандыгынын[11] көпчүлүк бөлүгүн басып алат.

Кокон хандыгында бир ай туткунда болгон орус изилдөөчүсү, окумуштуу – зоолог Николай Северцев (1860-жыл[12]) хандыкты мындайча сүрөттөгөн:

> Кокон Сыр-Дарыянын жогорку агымын ээлеген жана аталышын башкы шаарынан алган Борбор Азиядагы хандык. Анын Чүй дарыясы аркылуу өткөн түндүк чек арасы суусуз, өсүмдүк өспөгөн жана көчүп-конууга мүмкүн болбогон Бетбак талаа менен чектелет; бул талаа Коконду кыргыз талаасынын Сибирь администрациясынын башкаруусундагы аймагынан бөлүп турат.
>
> Ооба, кокондуктар биздин коңшуларыбыз жана биз алар менен бачым-бачым чырлашып турабыз. Хандык Чыгышта Түркистандын Кытай бөлүгүнөн Болот-таг (же Болор, Белур-таг) тоо кыркасы менен чектелет, Түштүктө Бухарадан Ак-Тау тоо кыркасы менен бөлүнөт, Батышта ага караштуу Кызыл-Кум чөлү Сыр-Дарыядагы чек арага чейин созулат жана Түндүктө Сыр-Дарыя менен чектелет. Кокон хандыгы менен Орусия ортосундагы чек ара толук аныкталган эмес. Ортодо чек арадагы Кокон жана орус кыштактары жаткан 180 верст (190 километрге жакын) бейтарап территория бар. Кокондуктар бул аймактын батыш бөлүгүн өзүнүкү, а чыгыш бөлүгүн биздики (орустардыкы) деп билишет.
>
> Мурда Кокон хандыгынын мамилеси Россия менен жакшы болгон. 1829-жылы эле Кокондун Санкт-Петербургда өз элчилиги болуп, орус приказчиктери (элчилер, даражалуу аристократтардын мүлкүн тейлеп-башкарган кызматчылар) 1853-жылга дейре Ташкентке каттап турушкан. Ошол эле учурда кокондуктар, баарынан мурда, Кокондо жашынган качкын орустар, кыргыздар биздин адамдарыбызга – Сибирь казактарына кол салып турушкан.
>
> Талап-тоноолордон улам кыргыз талааларында (***Редактордон:*** *Орус падышалыгы кезде казактар кыргыз деп аталгандыктан, бул жерде казак талаасы жөнүндө сөз*

[11] KOKAISL, P. a kol. *Kyrgyzstán a Kyrgyzové. Кыргызстан и Киргизы*. Plzeň: Západočeská univerzita, 2008, s. 38–39.

[12] СЕВЕРЦОВ, Н. А. *Месяц плена у коканцов. Сочинение Николая Северцова*. Санкт Петербург, 1860.


*болууда*) жашоо мүмкүн болгон эмес деп ойлогон жаңылыштык болор эле. Кыргыздар өздөрүнүн эр жүрөктүүлүгүн көрсөткөндү аябай жакшы көрүшөт, бирок алар уурулук кылганда жана башка жакка жапырык жасаганда адат-салтка аргасыз баш ийишет.

Кыргыздар арасында аскерий ийгилик баарынан жогору бааланат. Кыргыздар үчүн (түркмөндөр жана бедуиндер сыяктуу эле) согуш – бул талап-тоноо максатында жасалган жортуул. Алар тайманбай жана жанын аяшпай согушат; өмүрүн сактап калганга мүмкүнчүлүк болбогон учурда дагы салгылашты токтотушпайт. Баатырдын негизги дөөлөтү деп, анын күчү, согушка даярдыгы жана тайманбастыгы эсептелет. Кыргыздарда “чын салгылашуу” (честный бой) деген түшүнүк жок, алар өз өмүрүн өтө жогору баалашат жана өмүрүн тобокелчиликке тирүү калуу үчүн гана салышат.

Карактоо алар үчүн уят эсептелбейт, бирок конокту же өз уруусундагы же жакын уруунун адамын тоноо мүмкүн эмес. Мал жана жылкы уурдоо өтө кеңири жайылган. Кийин талап – тонолгон уруу тоноого тиешеси бар уруунун бардык адамдарына кек сактап, өч алат. Орустардын келиши жана орус заң-закондорунун колдонууга киргизилиши менен талап-тоноочулук (барымта же баранта) жоопко тартылчу кылмыштардын катарына кирди. Ошондо да көпчүлүк кыргыздар муну мурдакыдай эле баатырдык деп санашкандыктан, талап-тоноолор дале токтой элек.

Кыргыздар жарандык жөнүндө жакшы билишпесе да, мындай абстрактуу түшүнүккө олуттуу мамиле жасашпаса да, өздөрүн өздөрү бийлеген убактарды дайыма эстеп жүрүшөт. Ага карабай, акырындап алардын мал-мүлкүн талап-тоноочулуктан коргоого мамлекеттик бийлик да кызыкдар экенин баалай башташты.

Кыргыздардын эң белгилүү ат ууруларынын бири Дащандын ысмын укканда Талаанын түштүк чыгышындагы Сыр-Дарыя районундагы элдин жүрөгү түшөөр эле. Ал обол көпчүлүк кыргыздардай эле кышкысын Сыр-Дарыя боюна, жайкысын Троицк шаарына (ошо жакта орусча сүйлөгөндү үйрөнөт) чукул көчүп жашап жүргөн. Бир нече жолу колго түшүп, түрмөгө отургузулганы менен ал жакта көпкө кармалбай ар качан качып чыгат.




**4-карта. Орто Азия XVI-XVII жүз жылдыкта.**


Жуңгар хандыгы (Ойрот хандыгы) 1635-жылы түзүлүп, 1758–1759-жылдарга чейин же Чыгыш Казакстанды Кытай империясы басып алганга чейин өкүм сүргөн.





**5-карта. Орто Азия хандыктары (Хива, Кокон) жана Бухара эмирлиги.**

Булагы: Historic.Ru: Всемирная история. Средняя Азия XVI – первой половине XVII века. Казахстан и Средняя Азия к 1873 году. Караң:
<http://historic.ru/books/item/f00/s00/z0000029/map28.shtml>,
<http://historic.ru/books/item/f00/s00/z0000036/map024.shtml>.


Борбор Азиянын көрүнүшү жазуу жүзүндө да, көркөм формада да бар. 1868–1870-жылдары Түркистанда падышалык аскерлердин катарында орус художники Василий Верещагин да болот. Ал өз сүрөттөрүндө түпкүлүктүү элдин турмушун тартат. Верещагин живопись менен эле чектелбей, 1868-жылы Самарканд чебин коргоого мажбур катышат. Анын "Түркистан" деп аталган картиналар сериясы Москвада чоӊ кызыгууну жаратып, бардык сүрөттөрдү П. М. Третьяков жеке менчик галереяга сатып алат.




**Өзбек баланын портрети. 1860-жыл.**



**Мечиттин оозундагы кайырчылар.**




**Солон уруусунун балдары. 1876-ж.**



**Өзбек аял.**




Кышкы формачан түркистандык солдат.



Бухаралык солдат, 1873-ж.




Молдо Карим жана молдо Рахим базарга баратып араздашууда.



Көкнар саткан күркөдөгү саясатчылар.




Дербиштер кайыр сурашууда. Ташкент.




Ала-Тоо. Жолдогу көчмөндөр. 1870-ж.




Бай кыргыз мергенчи кушу менен. 1871-ж.



**Чүй дарыясынын боюндагы журтта. 1875-ж.**



**Көчмөн кыргыздар.**



**Керебен сарайдын короосундагы төө. 1869–1870-жж.**


**5-илл. Туркистан сериясы. (Василий Верещагин).**
Булагы : <http://veresh.ru/turkestan/13.php>.

Кокон хандыгынын абалы тууралуу мына бул маалыматтар орус саякатчысы А. П. Федченконун калемине таандык. Ал аялы Ольга экөө Россиянын географиялык коому каржылаган экспедицияга катышкан. Төмөнкү үзүндүдө бүгүнкү Кыргызстандын түштүк бөлүгү сүрөттөлөт.

> Мен Үч-Коргондо болгон кезимде Каратегиндин мурдакы беги Музафар-шаага барып жолуктум. Бек жакында 16 жаш курагында өлгөн сүйүктүү зайыбын эскерип аза күтүп жаткан экен. Бек ал 12 жашта экенинде үйлөнүптүр. Ольга (А. П. Федченконун) маркумдун апасына жолугуп, көңүл айтты. Анын бети азасын билгизип, тытылыптыр. Ал сүйлөй албай эле өксүп ыйлаптыр. Музафар-шаа 50 жашта болсо да али күчтүү жана заңкайат. Андан Каратегиндин географиясы жөнүндө кеңири

маалымат ала албадым. Ал өзүн Искендер Зулкайнардын тегимин деп көрсөтүү үчүн бүт укум-тукуму жазылган кагаздарды көрсөттү.

Ош шаарында тополоң чыгыптыр: саркер[13] жана зекетчи[14] баш болгон жигиттер Кашкарга 30 желдети менен качкан кожону[15] кармоо үчүн аттанып кетишти. Ал кожо бийлигин Йакуббекке алдырып коюп, азыр Коцондо жашаган Барюк-хандын уулу эле. Сыягы ал кашкарлыктардын мурда башкарган кожолорго болгон жакшы мамилесин пайдаланып, Кашкарды ээлеп алууну көздөгөн. Бирок кокондуктар Гүлчөдө курчоого алып, колго түшүрүштү; аны менен кошо 11 өнөктөшү да кармалды, калган 15 нөкөрү качып кетишти; бирөө өз жанын өзү кыйды (бул кытайлыктардан келген салт: аларда жоокер туткундагы кыйноодон жана азаптуу өлүмдөн качып, салгылашуу алдында өзүн өлтүргөн учурлар көп кездешет).




**6-карта. А. П. Федченко барган шаарлар.**


.............................................

[13] Саркер-бек же хан тарабынан дайындалган салык(алым) жыйноочу. Орто Азияда айыл чарба салыктары негизги эки түргө бөлүнөт: гераж же угри – дандан натуралдык түрдө чогултулчу салык жана танап- жашылча жана мөмө жемиштеринен акча түрүндө төлөнчү салык. (Булак: КОСТЕНКО, Л. *Средняя Азия и водворение в ней русской гражданственности*. Санкт Петербург, 1871., 66–67-беттер.)

[14] Зекетчи – диний жана соопкерчилик иштер үчүн берилчү салыкты чогултулган адам. Орто Азияда зекет мал-мүлктүн 1/40 бөлүгүн (2,5%) түзгөн жана бардык келген-кеткен керебендерден жыйналаган. Соодагерлер аны зекетчи-сарайда төлөшкөн (булак: КОСТЕНКО, Л. Көрсөтүлгөн эмгек).

[15] Кожо – өздөрүн Мукамбет пайгамбарлардын тукумубуз деген диниятчылар. Кожо деген наамы барлар Чыгыш Түркстандын саясый трумушунда маанилүү роль ойношкон.

Менин Кашкарга тоскоолдуксуз жете албайбыз деген болжоом туура чыкты: Оштун саркери Жан датка[16] Кашкарга чоң отряд менен гана бара аласыңар, султан Мурадбектин уруксаты болбой, анча колду силерге бере албаймын деп жарыялады. Ошон үчүн султан Мурадбекке бизге даван аркылуу Баш-Алайга чейин жеткенге уруксат берүүсүн өтүнүп, эки кат жөнөттүм.





**6, 7-илл. Чоң Алай (9-май 2006-жыл).**

...............................................

[16] Жогорку аскердик чин.

> Ошондон кийин Гүлчөгө чейин бизге конвой берүүнү сурандым жана Ошто убакытты бекер коротпообуз үчүн келерки жүрүшүбүзгө байланыштуу чечимди саалгытпай мүмкүн болушунча ыкчам жасоону өтүндүм. Бек биринчи катыма жазган жообунда Гүлчө тарапка болчу жүрүштө бизди коштоо үчүн Оштон пянжа башы жетектеген он гали-баатырды (жандарм) берерин билдирди. "Наркул Сиз менен барат, деп жазды бек. – Сиз кайда кааласаңыз, ошо жолду көрсөтөт". Экинчи катында конвойлордун санын 20 адамга жеткиргенин, бирок Гүлчөдөн ары барбасак жакшы болорун эскертти.
>
> Бек экинчи катында: "Жергиликтүү элге ишенүүгө болбойт. Буга чейин Сизге ал жакка (б.а. Баш-Алайга) барба деп кеңеш бере албадык, аны өзүңүз түшүнөсүз деп ойлодук. Сыягы, бул аймактын элине бир аз да ишенүүгө болбосун Сиз түшүндүңүз жана ошон үчүн азыр эле Гүлчөдөн кайтайын деп жатасыз. Бул бизди абдан кубандырды, анткени Сиздердин – биздин конокторубуздун өз Ата журтуңуздарга аман-эсен жана бактылуу кайтканыңыздарды каалайбыз,"[17] – деп жазды.

### 1.1.1. Кокон хандыгынын жок кылынышы, 1876-жыл

Арийне, Россия Орто Азияда абал стабилдүү болушуна кызыкты. Бирок туруктуулукка жергиликтүү башкаруучулар менен түзүлгөн ишенимсиз келишимдер аркылуу жетишүү мүмкүн эмес болчу. Хандар ырасмий түрдө бардык мамлекеттик мекемелерди жетектешкени менен күчтүү борбордук бийликти курганга жөндөмсүз болушкан: чөлкөмдө ар түрдүү мыйзамдар колдонулган. Бул мыйзамдар ар кайсыл жердин бири бирине көп окшобогон салтына, үрп-адаттарына негизделгендиктен, алым-салыктыр да ар кыл болчу. Хандыктын кайсы бир бөлүгүн башкарган бек иш жүзүндө өзү каалагандай бийлик жүргүзгөн, ошол аймактын ээси болгон. Борбор Азиянын мусулман мамлекеттери (Хива, Бухара жана Кокон) ортосунда тез-тез кайталанып турган согуштар Россиянын түштүк чек арасындагы дембе-дем кайталанып турган толкундоолордун булагы болгон. Эгер Кыргызстандын түндүк аймактарынын эли Россияга өз ыкласы менен (Бишкек шаарында Кыргызстандын "Россияга ыктыярдуу кошулганынын" 100 жылдык урматына тургузулган эстелик бар) кошулса, бүгүнкү

[17] ФЕДЧЕНКО А. П. Сведения о путешествии по Коканскому ханству А. П. Федченко в 1871 г. Ташкент, 1871, 28–29-беттер.

Кыргызстандын түштүк бөлүгү, ошондой эле азыркы Өзбекстан менен Тажикстан аскердин жардамы менен баш ийдирилген. 1865-жылы орус армиясы Ташкентти, 1866-жылы Кожентти басып алат.

1868-жылы Бухара эмирлиги Россиянын оторчулугу астына өтүп, бирок ички эгемендигин сактап калганга жетишет. Ушундай эле абал 1873-жылы Хива хандыгын (Хорезм) кошуп алуу жөнүндө келишим түзүлгөндөн кийин хандыкта сакталып калат. Кокон хандыгы орус аскерлердин жылышына башкаларга караганда узак каршылык көрсөткөнүнө карабастан аягы жаман бүттү. Кокон хандыгындагы 1873–1876-жылдардагы салыкты көбөйтүү мамлекетти ичинен ыдыраткан көтөрүлүшкө алып барды. Бул падышалык армиянын тапшырмасын алда канча жеңилдетти. 1876-жылы 19-февралда орус аскерлери Кокон хандыгын багындырды жана кошуп алынган чөлкөмдө (Түркистан губерниясынын алкагында, тагыраак айтканда, Фергана облусунда) Россиянын административдик органдары түзүлдү. Бул хандык башкаруу бүттү деген белги эле.

Кыргызстандык илимпоз В. Плоскихтин[18] ырасташынча, Кокон хандыгын талкалоо жана аны Орусияга кошуп алуу чоң түйшүк туудурган эмес.

М. Д. Скобелев[19] Анжиянды жеңил эле басып алат. Кокон ханына каршы Полот хан башында турган көтөрүлүштүн жетекчилеринин бири – Абдурахман афтобачи[20] анча каршылык көрсөтпөстөн эле багынып берет. Насреддин хан 1876-жылы 3-февралда Коконду таштап качат.

Кокон хандыгынын кыйрашы жөнүндө Орусиянын аскер министри Д. А. Милютин[21] күндөлүгүндө минтип жазат: “Биз Кокондон өтө маанилүү кабар алдык, тынчсыздануу жана талаш ушунчалык бийик деңгээлге жеткендиктен душмандын эки тарабы тең багынып бергенге аргасыз болду. Түрдүү шаарлардын өкүлдөрү хандык Орусиянын букаралыгына өтүүсүн талап кылышууда.”

Бир нече күндөн кийин Д. А. Милютин Түркстандын башкы губернаторунун милдетин аткаруучу Г. А. Колпаковскийге

..............................................

[18] ПЛОСКИХ В. *Кыргызы и Кокандское ханство*. [онлайн] Кыргызско-Российский Славянский университет, 1995. [цит. 25. 10. 2012] Караңыз: <http://history.krsu.edu.kg/index.php?option=com_content&task=view&id=123&Itemid=49&limit=1>.

[19] СКОБЕЛЕВ М. Д., орус генералы. Борбор Азияны басып алууга чоң салым кошкон.

[20] Автобачи (афтобачы) – хан ордосундагы чоң мансап.

[21] Орусиянын аскер жана саясый ишмери (1816–1912), аскер министри.


телеграмма жөнөтүп, “өзү Коконго барсын жана адамдарга ак падыша алардын өтүнүчүн эшитти жана аларды кайгыдан бошотууну каалайт, ошон үчүн аларды өз букаралыгына кабыл алат деп билдирсин,” – деп буйруйт.



**8-илл. Кокон хандыгын жеңгенге байланыштуу берилген медаль.**
Анын бетинде “За покорение Ханства Кокандского” деген жазуусу бар

Г. А. Колпаковский 1876-жылы 7-февралда жергиликтүү элге жасаган кайрылуусунда мындай деп жарыялайт: “Кокондун бардык эли: көчмөндөрү да, отурукташкандары да орус букаралыгына кабыл алынды. Мурда Кокон хандыгына таандык жерлер Орусия империясына кошулду.”[22] Анын артынан 1876-жылы 19-февралда “Улуу Урматтуунун Фергана облусу деп аталган мурдакы Кокон хандыгын кошуп алуу жөнүндө буйругу” чыгат. Жаңы облустун губернаторлугуна “Улуу Урматтуунун малайы генерал-майор Скобелев” дайындалат. Ал Кокон хандыгын жок кылууну жетектеген.









.............................................

[22] Архивдик материал (РГИА), фонд 1291, опись 82, дело 3, лист 5.


Кокандъ. № 5.
Медрессе Чарсу.



Кокандъ. Сарты передъ выборами въ Государственную Думу.


Типы Туркестана. Кокандъ. Сарты на тамашѣ (на праздникѣ).


Привѣтъ изъ Коканда. Типы Киргизовъ.




**Эски Кокон.**




Сүрөт булагы: http://welcomebackuz.com, http://humus.livejournal.com/2775650.html

# 2. Орус өкмөтү Совет бийлиги келген мезгилге чейин

## 2.1. Түркистанды колонизациялоо

Түркистанда орус аскерлеринин пайда болушу менен аймакка орус калкынын көчүп келип, ээлик кылуусу башталды. Эгер кайсы бир Европа мамлекети басып алынса, эреже боюнча сооданы жана өнөр жайды башкаруунун мамлекеттик структурасын бөлүштүрүү менен коштолсо, Россиянын оторчулугу биринчи кезекте орус дыйкандарын массалык көчүрүп келүү менен удаа жүрдү. Бул жараян иш жүзүндө алдын ала оторчуларга бөлүнүп берилчү жерлердин аянты жана жергиликтүү элдин муктаждыгы эсепке алынбай жүргүзүлгөндүктөн анын кесепети көпкө күттүрбөдү.[23]

Орус оторчулары (аз санда болсо да) чөлкөмдө Түркистандын Орто Азия бөлүгүн Орус империясы аскерий жана саясый жактан кошуп алгандан бир кыйла мурда пайда болгонун эсте тутуу зарыл.

Обол XVI жүз жылдыкта казак талааларына чукул жерлерде аскердик конуштар курулуп, Дондун жана Астрахандын орус казактары көчөрман болуп келет. Алардын Чыгышка жасаган кезектеги жортуулунун натыйжасында Орск чеби (бүгүнкү эски Оренбург) курулат жана андан кийин Омск шаары борбору болгон Сибирь войскосу түзүлөт.[24]



http://www.rusdeutsch.ru

Анын артынан көп узабай оторчулук жараянына Россиянын Европа бөлүгүндө жашаган дыйкандар тартылат. Дыйкандар бул жакка эркин жерлер көп болгондуктан, ошондой эле мамлекеттик мекемелердин зордугунан, салыктан, диний куугунтуктоолордон кутулуу үчүн көчүшкөн.ж.б.у.с.

Орто Азияга Россиянын Европа бөлүгүнөн диний себептерге байланыштуу көчүп келгендерге немистер да кирет.

..............................................

[23] САДЫКОВА, Б. *Политика России и Туркестанское национальное движение*. [онлайн] "Dogry Ýol" ИОЦ Turkmenistan. 2006 [цит. 18. 9. 2006]. Караңыз: <http://www.dogryyol.com>.

[24] СТАРИКОВ, Ф. М. Исторический очерк присоединения к России Оренбургского края и участия в этом местного казачества. Оренбург, 1891.

**Герман Янтцен.**[25] Өз учурунда меннониттер[26] Россияга өкмөттүн чакыруусу менен көчүп келишкен. Падышалык бийлик аларга диний эркиндик жана аскерий кызматка чакырылбайсыңар деп сөз берет жана бул убада көптөгөн жылдар бузбай аткарылат. Бирок, 1874-жылы капылеттен эле өкмөттүн Россиядагы бардык эркектерди армияда кызмат өтөөгө милдеттендирген жарлыгы чыгат. Бул жарлык алты жылдан соң 1880-жылы күчүнө кирет. Бул ортодо росусиялык меннониттер аскерий кызматтан бошонуу үчүн Петербурга өкүлдөрүн тынбай жиберип, өкмөттөгү даражасы улук чиновниктерден жардам издейт.

Менин атам да Петербургга эки жолу барат. Бирок алардын аракетинен эч кандай натыйжа чыкпаганы менен өкмөт меннониттерге эгер токой кыйганга барсаңар, аскерге чакырылбайсыңар деп шарт коет. Буга көпчүлүк меннониттер макул болушат. Бирок алардын кээ бирөөлөрү биз токой кыйганга барып, орустардын колуна курал алып, согуш майданында башкаларды өлтүргөнүнө мажбурлайбыз деп чыгышат.

Ошентип аскердик кызматтан баш тарткан меннонит адам өлтүрүүгө кыйыр болсо да катышкан болот. Биздин округда көптөгөн адамдар, алардын ичинде менин атам жана башка бир топ туугандарыбыз да ушундай ойлошот. Эмне кылуу керек? Мына ушундай катаал мезгилде менин атам меннониттердин өкүлү ирети кайра Петербургга барат. Атам Петербургда жүрүп

[25] Герман Янтцен, 1866-жылы Россиянын Самара губерниясындагы Хансау кыштагында меннониттердин үй-бүлөсүндө туулган. Ал 14 жашта экенде меннонит эркектер аскерде кызмат өтөсүн деген жарлык күчүнө киргенден улам үй-бүлөсү Түркистанга көчүп кетет. Герман 17 жашында Хива ханынын ордосунда котормочу болуп иштейт; андан кийин бүгүнкү Кыргызстандын аймагында миссионерлик кылат. 1917-жылкы Октябрь революциясынан кийин меннонит кыштактардын эли аны өз өкүлү жана округдун комиссары кылып шайлат. Үч жолу өлүм жазасына тартылат. 1924-жылы зайыбы менен Германияга эмиграцияга кетет. Автобиографиялык китебин жазат: Янтцен Г. «В далеком Туркестане. Жизнь среди мусульман». 1959-жылы Голландияда көз жумат.

[26] Меннониттер – христиандардын пртестант канатындагы уюмдардын бири. Теги голландиялык Менно Симонс (1496–1561) тарабынан негизделген жана анын ысмы менен аталып калган. Ар бир жамияттин өз чиркөөсү болуп, руханий устаздарын жана диний үгүттөөчүсүн алар өздөрү шайлайт. Бүтүн жамиятка тиешелүү иштерди чечүү үчүн “чиркөөнүн жалпы чогулушу” өткөрүлөт жана анда кабыл алынган токтомду “руханий аксакалдардын конвенти” бекитет. Конвент жамияттын өкмөт алдындагы өкүлү эсептелет. Россияга меннониттердин биринчи тобу (228 үй-бүлө) падышалык өкмөттүн чакыруусу боюнча 1789-жылы Пруссиянын Мариенвердер түздүгүнөн көчүп келген.

Түркистандын ошол кездеги губернатору барон фон Кауфманга жолугуп калат. Ал меннониттердин көйгөйлөрүн угуп, аларды Түркистанга көчүп келгиле деген сунушун айтат.

Өкүлдөр Петербургдан кайтып келишип, Кауфмандын меннониттерге өз колониясын түзүүгө уруксат берилип, 25 жыл бою ар кандай аскердик кызматтан жана бардык салыктардан бошотуласыңар деген сунушун айтышат. Жамияттар сунушту көпкө талкуулагандан кийин 1879-жылы күздө кабыл алышат.

Атам кышында бардык жерин, короо-жайын, шаймандарын жана малдарын сатат. Ал мал-мүлкүн биринчилерден болуп саткандыктан салыштырмалуу жакшы баада сатат. Кийин саткандар бир кыйла арзан сатканга аргасыз болушат.


1880-жылы 3-июлда биз жүрөгүбүзгө жакын үйүбүздү калтырып, жолго аттандык. Биздин 10 үй-бүлөнүн 18 арабасы Хансаунун жанындагы дөңсөөгө чыгып токтоду: элдин баары арабалардан түшүп, бир саам тигиле туруп, бир тууган өрөөн менен коштошту. Ошондо канча жаш төгүлдү![27]

Меннониттер (немис лютерандар менен чогуу) Түркистанга көчүп баргандан кийин мурда өз жериндегидей эле ийгиликке жетишет. Бирок Орто Азиянын шартына бардык эле меннониттер көнүп кете албады, ошон үчүн айрымдары мурда жашаган жерине кайтып келсе, экинчи бирөөлөрү Америкага көчүп кетишти.

| | |
|---|---|
|  |  |
| **Кырман басуу, Аулие-Ата уезди** | **Меннониттердин кыштагы. Аулие-Ата уезди** |

[27] ЯНТЦЕН Г. В далеком Туркестане. Жизнь среди мусульман. Бишкек: Луч надежды, 1993.





**Меннониттердин кыштагы. Аулие-Ата уезди.**



**Меннонит миссионери Түркистанда**





**Меннониттердин ибадатканасы, Кеппенталь. Азыр Саратов обласы, Россия.**



**Меннониттер алгач жашаган жердеги үй, Кеппенталь**

**9-илл. Меннониттер Түркистанга көчүп баргандан кийин жашаган үйлөр.**
Булагы: *Русский Туркестан. История, люди, нравы.* <http://rus-turk.livejournal.com/173435.html>.

Орус экономисти (Берлинде туулган) Кауфман[28] 1901-жылы меннониттер жашаган жерлерде болуп, алардын турмушун мындай сүрөттөйт:

> Биз меннониттердин конуштарына жакындай баштадык. Дал жолдун (тракт) боюнда алардын Орлов деген кыштагы жайгашкан. Аны меннониттер Пруссиядагы салты боюнча “колонок” деп аташыптыр. Алар Самара губерниясындагы биринчи колониясынан башка да Алатоонун этегиндеги эл жетпеген жердеги дагы бир конушун ушундай деп аташкан. Меннониттердин бардык беш “колоногу” орустардын кыштактарынан кескин айрымаланып турат.
>
> Биз Орлов колоногунда староста мырзанын (Herr Starosta) үйүндө токтойлу деп чечтик. Албетте бизди чай, немистердин кайсы бир таттуу пирогу жана укмуштуудай алма менен сыйлашты. Алманын чоңдугун жана тунук түсүн айтпаң! Турмуш-тиричилик тууралуу сүйлөшүп отурдук.
>
> — Бул жакта жашоо жакшы, – деп түшүндүрдү Herr Староста. Ал чыныгы Herr: жаагында узун бакенбарды бар, ээги таза кырылган, шаардык пиджакчан. Тышкы кебетесине үйүнүн алдындагы кооз бакчасы, таш төшөлгөн короосу, шаардыктардыкындай эмеректүү мейманканасы да жарашып турат. – Жардыларды айтпаганда, элдин баарында беш-алтыдан аттары жана ошончодон сыйырлары бар.

Россиянын ортолук аймактарынан көчүп келген немис-көчөрмандардын көпчүлүгү (үчтөн экиден көбү) лютерандар болуп, немис-католиктердин саны алда канча аз эле. Топ-топ болуп көчүп келгендер башынан эле конфессиясы боюнча бөлүнүп жашагандыктан поляктардын, немистердин жана литвалыктардын кыштактары пайда болот. Конфессиялык обочолонуу, өзгөчө, немис көчөрмандарына мүнөздүү. Мурдакы эле салтты кармап, лютерандар лютерандар менен, католиктер католиктер менен, меннониттер меннониттер менен чогуу отурукташат.[29]

Көп узабай айыл чарба миграциясын мамлекет өзү колдоп, багыттуу жүргүзө баштады. Казак талаалары ушунчалык кенен

---

[28] КАУФМАН, А. А. По новым местам. (Очерки и путевые заметки). 1901–1903. Санкт Петербург, 1905.

[29] БУРГАРТ, Л. А. Из истории католической веры и церкви в Казахстане. Усть-Каменогорск, 2012, 7-бет.

болгондуктан, көчөрмандарды үч жүз жылдан көп кабыл алганга жарайт. XX кылымдын 50–60-жылдары эле Казакстанга “дың жерлерди өздөштүрүүгө” эсепсиз отряддар жөнөнтүлөт. XVIII кылымдын башынан 1917-жылга чейинки миграцияны төрт этапка бөлсө болот:

1. *XVIII кылымдын башы – XIX кылымдын биринчи жарымы.* Бул этапта Орус империясынын чек арасы Уралдын дарыяларына: Ишимге, Тоболго жана Иртыштын жогорку бөлүгү менен Алтайга чейин жетет. Түндүк батышта, түндүктө жана түндүк чыгышта славян калктуу шаарлар пайда болот. Соода жолдорунун кесилиштеринде ошондой эле татарлардын соода конуштары (слобода) жана башка эл жашоочу пункттар жаралат.
2. *1824–1860-жылдардын ортолугу.* Орустардын таасири талаа жана жарым чөлдүү аймактарга чейин кеңейет (бүгүнкү Казакстандын ортолугу, түштүгү, түштүк чыгышы жана чыгышы). Бул жакка көчөрмандар чакан-чакан топ болуп көчүп келет.
3. *XIX кылымдын 70–90-жылдары.* Орусия Каспий боюн (Мангышлак жарым аралы) жана Зайсан ойдуңун толук ээлейт. Оторчулуктун бул этабы Орусияда дыйкандардын кулчулук көз карандылыгынын же крепостнойлук режимдин жоюлушуна (1861-ж.) туш келет жана бул мезгилде Орто Азия славяндар көп көчүп келет.
4. *1900–1917-жылдар:* Столыпиндин жер реформасы бүгүнкү Казакстан жайгашкан бардык аймакты массалык колонизациялоого жол ачат жана бул жакка Орусиянын европалык бөлүгүнөн дыйкандар көчүп келет.

Бийлик жер-жерлерде орусташтырууну колдогону менен түпкүлүктүү элдин арасында тополоң чыгып кетет деп кооптонот. Себеби бийлик эл арасындагы тынчтык үчүн жооптуу эле. Кауфман губернатор кезде ал көчөрмандарга карата байистүү саясат жүргүзөт жана борбордук бийлик эч нерсеге кийлигишпейт. Ал жаңы көчүп келген адамдарга айыл чарбасы жакшы өнүккөн аймактарга жайгашууга уруксат берген эмес жана көчөрмандарга Жети-Суу областындагы талаа бөлүгүнүн эркин жерлерин ээлегенге уруксат берет. Кауфман буга удаа эле түпкүлүктүү элдин европалыктарга (демек, орустарга да) жер сатуусуна тыйуу салат. Ошон үчүн Түркистанда Орусиянын бийлиги орнотулгандан кийинки алгачкы жыйырма жылда Жети-Суу областына 2 170 гана дыйкан көчүп келген.

Жети-Суу облусунун аскер губернатору Колпаковскийдин демилгеси боюнча, 1868-жылы "Жети-Суудагы дыйкан конуштары жөнүндө убактылуу эреже" (Временные правила о крестьянских поселениях в Семиречье) кабыл аланат. Бул документ 1883-жылга чейинки колонизация жараянынын жүрүшүн аныктайт. Береги эрежеге ылайык ар бир көчөрман үй-бүлөнүн карамагына 30 тешеден (десятин) жер берилет (эркек башына), ошондой эле алар 15 жылга салыктын бардык түрлөрүнөн жана 100 рублге чейинки сот чыгымдарын төлөөдөн бошотулат. 1883-жылы көчөрмандарга мурда берилген жеңилдиктерди чектеген жаңы эреже күчүнө кирет. Натыйжада көчөрмандардын үй-бүлөсүнө 10 тешеден жер берилчү болот. Алар салыктардан үч жылга чейин бошотулуп, кийинки үч жылда салык жарым өлчөмдө төлөнөт. Алгачкы үч жылда салыктан бошотулган убактын мөөнөтү беш жылга узартылат. 1889-жылдан тарта кайра жаңы эреже киргизилет. Анын негизинде көчөрмандарга берилчү жердин көлөмүн аныктоо укугу жергиликтүү бийликтерге өтөт.

Түрдүү себептерге байланыштуу орус көчөрмандары үчүн Орто Азия чындыгында эле абдан экзотикалуу чөлкөм болчу. Орто Азиянын климаты кышкысын "скандинавиянькындай" катаал болсо, жайкысын Ливиянын чөлүндөгүдөй ысык аба европалык мигранттардын кызыгуусун арттырбай, тескерисинче, аларды илеңсалаң кылып, агылып келүүсүнө жолтоо болгон. Экинчи Дүйнөлүк согуш маалында Орто Азияга СССРдин Европа бөлүгүнөн: Украина, Белоруссия, Латвия, Эстония жана Ленинграддан эвакуацияланган үч миллионго жакын адамдын көбү уруш бүткөндөн кийин үйлөрүнө кайтышат.[30]

XIX кылымда орус көчөрмандарынын көбү да Түркистандын катаал климатына көнө албай үйлөрүнө кайтышат. Ошондой көчөрмандардын бири Иван[31] Түркистанга (1876-ж.) кандай азап менен барышканын жана артка кайтуу себебин[32] мындайча эскерет:

[30] STEIGER, A. J. Republics of Soviet Central Asia. *Far Eastern Survey*, Vol. 15, No. 11 (Jun. 5, 1946), p. 170.

[31] Переселенцы в Туркестанском крае. *Родина*. Санкт-Петербург, 1880. № 3, 148–161-беттер.

[32] Ушул эле булакта: 148–161- беттер.

Биз мурда Волга дарыясынын сол жээгинде токойлуу жерде жашачубуз. Айдоо жер аз болгондуктан бөтөн бирөөнүн токоюнда болсо да эптеп чыканактай жер таап айдап алчубуз. Башка бирөөлөргө караштуу токойду өзүбүз түгүл, сатуу үчүн кыйган учурларыбыз болор эле.



**10-илл. Волга дарыясынын сол жээги, 2011.**
<http://clubs.ya.ru>.

Мурда эмне жасасак да боло берчү, анан кийин эле токойдо тартип өзгөрдү. Жер ченегичтер келип, токойду тилке-тилкеге бөлүп, кароол коюлду жана бизди айып салып куурата баштады. Анан сотко сүйрөчү болду. Токой бизге жабылды, малыбызды айдай албай калдык. Мурда бул токойлор бизди бакчу, жыгачтын буласын жана чайырын алчубуз, бал аары кармачубуз. Эми анын баарын калтырууга туура келди. Аялдар бутак чогултканы барса да акча талап кылышат. Непада кимдир бирөө токой кыйып келсе, бүтүн кыштакта үйлөр тинтилет. Жамаат болуп, токойдун бир бөлүгүн сатып алалык десек, силерди токойго койо берсе, ээси бар же жок экенине карабай, баарын кыйып-кесип кетесиңер деп сатпай коюшту. Бир там арка жер менен үй-бүлөнү бага албайсың: жер аз, бир баш дандан жети буудай өнсө, ушунусу үчүн Кудайга шүгүр деп сүйүнөсүң. Минтип кандай жашоо болсун?!

Бир күнү биздин кыштакта бир нече жыл мурда дарексиз жоголуп кеткен Миколка пайда болду. Ал жакшы кийинип алыптыр. Азияда турмуш кенен, Сыр-Дарыянын боюнда жерлер

семиз, бир дан эксең, отуз дан өнөт деп аңгеме курду. Анын айткандарынын баарын теги ошол жактык бир татар көпөс тастыктады. Биз анын Азияга кантип барып калганын сурадык. Адегенде Самараны көздөй жүрүп отуруп, андан ары Оренбургга жетип, аерден Сыр-Дарыя багытында жүрүп, Казалинск чебине жетсеңер, силерге жер берет деди. Жолго чыгуу жеңил иш эмес эле. Акыр аягында теминип жатып, кышында биринчи кар түшөр замат биз жолго чыктык. Биз атка чегилген арабаларыбыз менен жүрүп отуруп, Оренбургдан алда канча алыстагы Губерлин тоолорунун[33] ар жагындагы Орск чебине жеттик.

Биз аттарыбызды аяп, жай жүрдүк. Ар аялдамада жолдун нугун тактап сурап жаттык. Биз менен көп адам баратты. Айрымдарынын ар түркүн жүгү алты арабага жүктөлгөн. Биз талаага жазда жетели деген мерчем менен бараттык. Орск чебинин жанында Воронежден бараткан көчөрмандарды кездештирдик. Алардын арабасы дөңгөлөктүү экен жана атка эмес, өгүзгө кошулуптур. Арабалары узун келип, эменден жасалган дөңгөлөктөрүнүн кубаттуу октору темирге бекилген экен.

Алар ат чегилген чана менен мындан ары кетүү мүмкүн эмес экенин айтышты.

Аттарды базарда саттык. Тобо, Орскиде орус тукумундагы аттардын бир жубуна 100 рублей, атүгүл андан да көп беришти. Чоң өгүздөр базарда жок болгондуктан майдаларын сатып алдык. Бир жубуна кырк же элүү рублдан төлөдүк. Арабаларды өгүзгө кошкондой кылып ыңгайлаштырдык жана ар бир арабага экиден ок сатып алдык; жолдо үчүнчү ок да керек болот деп кеңеш айткандар болду. Жолдон кезиккен татардын кеңешин угушуп, кошумча дагы өгүз сатып алдык. Кудай ага өмүр берсин, ансыз ээн талаада калмак экенбиз. Орскиден кийин жашыл талаалар түгөндү, кум жана шордуу жерлер менен жүрүп отуруп Иргиз шаарына (**редактордон** – бүгүн Казакстандын Ак-Төбө облусундагы райондун борбору) жеттик. Шаарда кыбыр эткен жан жок. Базарда жалаң кыргыздарды көрөсүң. Арык, араң жан уларды сатып жүрүшөт. Биздин бир жашар торпогубуз алардан чоң болот. Чын, баасы кымбат эмес, соодалашсаң беш рублге да берет.


[33] Урал тоолорунун түштүк бөлүгү.

Иргизде түнөп алып, эртеси саарлап жүрүп кеттик. Барган сайын жол оорлой баштады, аптап жана чаң жаныбызды кашайтты. Тегеректе не караган, не чөп көрүнбөйт. Ошого аялдар менен балдар жолдо токтоп, эс алганда от жакканга тутурук үчүн тезек издеп жүрүштү. Ванюшка болсо мүнөт сайын: ”Апа, суу ичем,” – деп кыйкырат. Суу кудуктан башка эч жерде жок болсо, кайдан аласың? Укканыбызга караганда, Сырга чейин дарыя болбойт экен, кудуктар да бири биринен алыс; бардык эле кудуктардын суусу ичкенге жарабайт. Кээ бир кудуктардагы шор жана сасык сууну адам түгүл айбан да ичпейт.

Мал ачкадан кырыла баштады, от жок. Жетөөдөйүн жолдо калтырдык. Жамандык келип, Аксинья чоң эне да кеселдеп калды, башына ысык өткөн окшойт. Биз ага себеттен алачык жасап берген болчубуз. Тынчы жок кемпир кербен токтогон учурда арабадан арабага барып, адамдардын ал жайын сурап, сүйлөшпөсө чыдап туралбайт. Оорусу күчтүү болгондуктан арабада былк эте албай тынбай онтоп жатып калды. Ага эч ким жардам бере албады. Акыркы кудукта суу камдап алгандар бир ууртам суу алып келсе, ичкенди каалабайт, түнөгөн жерде ботко бышырсак – жебейт. “Мага өлүм келди, жолдо өлөрүмдү мурда билчүмүн, силерди жалгыз жөнөткүм келбеди, мен үчүн жолдон калганыңарды каалабадым, көп азап чектиңер, Кудай буйруса, жаңы жерде жакшы болот,” – деп сүйлөп жатып, эртеси күнү түнөккө жетпей жатып, Кудайга жанын берди. Аксинья чоң энени кум дөбөгө көмдүк. Петр арабанын жешилип калган огунан крест жасады.

Биз Казалинскке (редактордон – бүгүн Казакстандын Кызыл-Ордо облусундагы Казалы шаары) жеттик: чөп да жакшыраак экен, тегеректе айылдарды көрдүк, жер айдалыптыр, алыста Сыр – Дарыянын боюнда биздегидей эле бир нече жел тегирмен көрүнөт.

Казалинскиде бир же эки жума күтүп калдык, анан бизди шаардан үч чакырымдай алыстагы жаңы жерге алып барышып: “Бул жерде (там-жай) кура берсеңер болот” дешти. Карагай же жыгач жок болсо, кантип курабыз. Алакандай такта үчүн базарда бир рубль сурайт. Кимдир бирөөлөр кыргыздардын кеңешин угуп, араба үчүн кошмо чийден жасалган “кибитка” алачыкты даанасына 20–30 рублдан төлөп сатып алышты. Алачык жыгач үй эмес, ага меш орното албайсың, орус адамы алачыкта жашайбы, көбүн эсе арабада түнөп жатышты.




**11-илл. Орус көчөрмандардын Самара жана Орск аркылуу Казалинскиге барган жолу (1800 км).**

Өзүбүзгө жер караштыра баштадык. Дарыядан төрт же беш чакырымдай алыста жер бөлүп беришти. Ырас, жерди аяшпады, бирок жерге эккендей эмнебиз бар. Кыртыш кургак, катуу жана бети кумдуу экен. Бул жерди кантип иштетебиз деп ойлонуп жаттык. Аны сугаруу үчүн дарыядан суу алып келиш керек. Аны кыргыздар көрсөтүп берет деп ойлодук. Коңшу кыргыздардын жерлерин көргөнү бардык. Түшүм бардык жерде жакшы болуптур, талааны көздөй арык казылыптыр жана ар бир арыктан аккан суу жөөкө толуп, жерди сугарууда. Дарыянын кырына чейин жетип таң калдык. Жээк бийик, а суу паста жатат, сууну дөңгөлөктөй чаркпалек менен дарыядан сузуп алышат экен.



**12-илл. "Эртең менен. Чаркпалек" (1900).** Худ. Петр Саввич Уткин (Санкт-Петербургдагы Орус мамлекеттик музейи) <http://www.artsait.ru>.

Чабынды жок, ошого беде себишет, бирок беде биздикине окшобойт, бийик өсөт. Аны кургатып, чөмөлөлөп коюшат. Жайкысын бир чөмөлөсү базарда эки-үч рубль турса, кышкысын бир чөмөлөсү үчүн жүз рубль алышат.

Биз эмне кылалы деп масилет курдук. Көчөрмандардын теңинен көбү кышты чыгарып, артка кайтмак болушту, башкаларыбыз ушул жакта калалы деп чечтик. Жакшы усталар, көбүн эсе жыгач усталарга тез эле шаарда ылайыктуу жумуш табылды.

Бизге шаардан солдаттар жардамга келишти. Кыш түштү, катуу шамал тынбай согот, жыйган сөксөөл жана камышыбыз түгөндү, эми отунду базардан сатып алыш керек болду. Муну көргөн кыргыздар бааны ошол замат үч эсе көтөрдү. Биринчи жамгыр төгөр менен тамдын төбөсүнөн суу өтүп, үйлөрдүн дубалдары эзиле баштады. Кибитке сатып алгандардын абалы бир аз жакшыраак болду. Жаз февралдын башында келер замат жерди айдап, эгин айдоону башташ керек болду. Жер аябай катуу болгондуктан буурсун салуу мүмкүн эмес эле. Жерди сугаруу үчүн дарыяга чаркпалек курганга туура келди. Биз иштетчү жерди сугарганга бир эмес, үч чаркпалек айдаган суу да жетпейт болчу.

Иван жана анын үй-бүлөсү башка көчөрмандар менен чогуу марттын соңуна кайра кетүү үчүн жолго чыгышты.

Жогорудагы аңгеме көчөрмандардын жаңы жердеги такыр башка климатка жана чарба жүргүзүүнүн шартына көнө албаганынын бир мисалы. Бейтааныш шартка ыңгайлашып кеткен дыйкандар жаңы жерде мол түшүм жайнашып, албан ийгиликтерге жетишет.





**13, 14-илл. Түркистан, Мырза чөл, дыйкандардын бир тобу Надеждин полелогундагы көчөрмандар лагеринде. 1911-жылы.**
С. М. Прокудин-Горский (Российская империя в цвете).
<http://www.veinik.by/catalog.htm>.



**15-илл. Түркистан, Мырза чөл, Спасский поселогундагы көчөрмандардын хутору. 1911-ж.**
С. М. Прокудин-Горский (Российская империя в цвете).
<http://www.veinik.by/catalog.htm>.



**16-илл. Түркистан, Мырза чөл, Спасский поселогундагы ийбадаткана. 1911-ж.**
С. М. Прокудин-Горский (Российская империя в цвете).
<http://www.veinik.by/catalog.htm>.

Түркистандын башка кээ бир аймактарында абал такыр бөлөк болгон. Бүгүнкү Кыргызстандын территориясындагы Ысык-Көлдүн тегерегинде (талаа жана жарым чөлдүү жерлерге караганда алда канча сонун) климат мелүүн, жанга жагымдуу келип, жери семиз жана берекелүү эле. Жергиликтүү кыргыздардын көпчүлүк бөлүгү дыйканчылык менен оокат кылбай, малын айдап көчүп жүргөндүктөн пайдаланбай жаткан ээн жерлер бул жакта жетерлик көп болчу.

Орустардын Ысык-Көлгө кантип келгени жөнүндө Тамга кыштагында жашаган Юранын (139-беттеги 148-чү шилтемени караңыз) аңгемеси:

**Юра**. Бүгүнкү Кыргызстандын аймагына менин чоң аталарым 1850-жылдан кийин келишет. Атамдын туугандары Курск губерниясынан, ал эми таятамдар Воронежден. Орустар Ысык-Көлдүн түндүк жээги менен келатып, кайсы жер көңүлүнө толсо, ошо жерде отурукташа берген. Көлдүн түштүк тарабындагы бүгүн Бөкөнбаев деп аталган кыштакты Кольцов деген киши негиздеген. Ошон үчүн абалы Кольцовка[34] деп аталып жүрүп, кийин 1944-жылы Бөкөнбаевдин атына өткөн.

Орустар Тамгага (50-беттеги картаны караңыз) өгүзгө чегилген арабалар менен келишкен. Көчөрмандар жаңы жерде

..............................................

[34] Ысык-Көл облусунун энциклопедиясы боюнча Кольцовка 1912-жылы негизделген.

дыйканчылыктан башка да аркар-кулжаларга (Марко Полонун тоо кочкору) тоо текелерге, коёндорго мергенчилик кылышкан. Алар Тамгага келгенде жер жайнаган чычырканактарды тамыры менен оодарып, анан кийин жерге кык салып, иштете башташкан.

Таятам Семен Николаевич Николаев Караколду[36] байырлап калып, шаарындагы биринчи үйдү тургузган. Көчөрмандар карагандарды кыйып, арык чыгарышкан. Бул жакта жер абдан берекелүү экен. 1 челек картошка 10 кап түшүм берген, жарым челек дан сээп, 8–10 кап үрөн алышкан. Жашылчадан да аябай мол түшүм жыйнашкан. Андан тышкары чычырканак, бүлдүркөн сыяктуу жапайы өсүмдүктөрдүн ашын чогултушкан. Ал үчүн эринбей колду созуу гана керек болчу. Андыктан бул жерлерди орустар жандай көрүп жактырышкан. Айлана-тегеректе жашаган кыргыздар көчмөн болушкан, бирок да алардын өзүнө жараша айдоо жери болуп, бозо жасаганга таруу өстүрүшкөн. Бозону алар сыра ордуна ичишкен.

### 2.1.1. Түркистанга бөтөн элдерди көчүрүү

**Дунгандар менен уйгурлардын Кытайдан көчүшү.** Түркистанга жалгыз эле славяндар миграция болгон эмес, бул аймак коопсуз жашоо издеген башка элдерди да суктандырган бейкут жер болду. XIX кылымдын аягындагы оңунан чыкпаган көтөрүлүштөн кийин Кытайдын түндүк батышынан бүгүнкү Кыргызстандын аймагына миңдеген дунгандар (Кытай мусулмандары) качып келет. Алар өздөрүн бир кезде кытайлардын арасында соода кылган жана кытай аялдарга үйлөнгөн ооган, араб, түрк жана перс соодагерлердин тукумдарыбыз дешет. Дунгандар кытайлардын гансу диалектинде сүйлөшөт жана ислам дининин сунни багытын тутушат. Кытайда араб арибин пайдаланса, азыр Кыргызстанда жана Казакстанда жашаган дунгандар орустардын азбукасын пайдаланат. Аларга карата «дунган» деген аталыш падышалык Россиянын аймагында жана СССРде[35] гана колдонулган. Кытайда аларды «хуэй» деп аташкан (теги аргын метистер Кытайда дунгус[36] деп аталган).

..............................................

[35] Орус тарыхчысы жана саякатчысы Г. К. Гинс Жети-Суу областында жашаган кытайлык көчөрмандарды таранчылар жана дунгандар деп атайт. ГИНС, Г. Очерки из поездки по Семиречью. *Исторический вестник*, 1913, № 10.

[36] Кыргызстандын Ырдык кыштагында жашаган Салмас Юсуповдун маалыматы.

Падышалык заманда дунгандарды Росссияда аябай баалашкан. Алар мыкты дыйкан жана багбан болгон, алар дыйканчылык кылган жерлер көбүн эсе башкаларга үлгү катары кызмат кылган. Дунгандар соодагерлик, дыйканчылык менен алектенген жана өз ашканалары менен даңкталган.

Мусулман элдер негизинен бүгүнкү Кытайдын батыш бөлүгүндө (Шинжаң[37] провинциясы) жашашкан. Кытай бийликтеринин катуу кысмагына мусулмандар көтөрүлүшкө чыгып каршылык көрсөткөн. 1862-жылы Кытай өкмөтүнө каршы кезектеги көтөрүлүш чыгат, ал эми 1867-жылы көз карандысыз Или султандыгы түзүлөт (султандык 1864-жылы дунгандардын жана уйгурлардын отряддары бириккенде эле кайсы бир формада түзүлгөн десе болот).

Арийне, Кытай өкмөтү толкундоолорду мыкаачылык менен баскан. Көтөрүлүш кандай басылганы тууралуу аймакка он жылдан кийин барган Пржевальский мындай деп жазган:

> Карыялардын бизге айтып бергенине караганда, кытайлыктар адамдарды курал менен өлтүрүп тажап бүткөндөн кийин эркектерди, аялдарды жана балдарды топтоп тоого алып барып, терең капчыгайга ыргытышат. Ошондо, айтылганга караганда, 10 миңден кем эмес адам өлтүрүлгөн. Алар мусулманчылыктан баш тартып, буддизмди кабыл алган көтөрүлүшчүлөргө гана мунапыс беришкен.[38]

1877–1878-жылдары дунгандардын бир бөлүгү Кытайдан (Шанси провинциясынан) Жети-Сууга качат, ал эми экинчи бөлүгү (Кан-Су провинциясынан) бүгүнкү Кыргызстандын аймагына келет.

> Дунгандар кытайлардан 1877-жылы кышында качышкандыктан аларга Торугарт ашуусу аркылуу өткөнгө туура келет. Көтөрүлүш кезде кытайлыктар бардык эркектерди өлтүргөндүктөн качкындардын көбү аялдар менен балдар болчу. Кычыраган кыш, кар калың болгондуктан жолдо келатып көптөгөн качкындар тоңуп өлүп, үчтөн бири гана тирүү калат. Дунгандар чек араны өткөндөн кийин аларды кытай деп ойлогон кыргыздар ок чыгара баштайт. Бирок кыргыздар дунгандардын арабча Куран окуп, кудайга жалбара баштаганын

[37] Шинжаң-Уйгур автоном району (ШУАР), кыйтайча «жаңы чек ара», «жаңы чек» дегенди түшүндүрөт. КЭРынын эң чоң административдик-территориялык бөлүгү. Тарыхый аталышы Чыгыш Түркистан.

[38] Пржевальский, Н. М. Монголия и страна Тангутов. Том I., Санкт-Петербург, 1875.

көрүшүп, алар мусулман экен деп түшүнүшөт да ок жаадырганды ошо замат токтотушат.



Мен өзүм Милянфанда төрөлгөм. Бирок апам менен эжем ушундай кыйынчылыкта өлбөй аман калышкан.]

Ошондо Кыргызстанга дунгандар үч топкө бөлүнүп келет:

- Бир тобу Ош тарапка келет. Дунгандардын эң көп ассимиляция болгон бул бөлүгү азыр өз тилинде сүйлөбөй калган жана көбүнчө өзбекче сүйлөшөт.
- Экинчи тобу Каракол (Пржевальск) багытында жүрүшөт.
- Үчүнчү тобу Ат-Башы ашуусу жана Нарын аркылуу Чүй өрөөнүнө, анын ичинде Токмокко келишет.


Дунгандар арттан келаткан кытай аскерлеринин куугунтугунан кутулуу үчүн үч топко бөлүнүп качкан. Ысык-Көлдүн жээгине жеткен топтогу дунгандар Ырдык кыштагын негиздешет. Бир кезде Ырдык азыркы облус борбору Каракол шаарынан үч эсе чоң болгон.

Пишпекке келгендери азыркы Киев көчөсүнүн боюнда жайгашат. Карыялардан угушумча, мурда ал көчө-Дунган көчөсү деп аталчу экен. Алар жер иштеткен дыйкан эл болгондуктан шаарда калууну туура табышат жана келер замат эле дыйканчылык үчүн жер издей башташат. Дунгандар 1924-жылы Милянфан (Күрүчтүү өрөөн) кыштагын түптөшүп, мурдакы саздак жерди түшүмдүү талаага айлантышат.[39]



**17-илл. Милянфан, 2011-жыл.**

[39] Милянфан жана Ырдыкта сурамжыланган адамдын жообу.




**7-карта. Дунгандардын Кытайдан бүгүнкү Кыргызстандын территориясына келген жолу.**

Орус армиясы Кытайдын түштүк батышындагы провинциядагы тополонду жана баш аламандыкты өз кызыкчылыгы үчүн пайдаланды жана 1871-жылы султандыкты коргойбуз деген шылтоо менен бул аймакты басып алды. Бирок Орус жана Кытай өкмөттөрү арасында 1881-жылдын 24-февралында Санкт-Петербургда кол коюлган келишимге ылайык, аймакты кайра Кытай өзү башкарат деп макулдашылат. Бул учурда таранчылар (теги Кытайлык, дини ислам, түрк тилдүү дыйканчылык менен күн көргөн эл) менен дунгандар бир жыл ичинде Орусиянын территориясына көчүп, орус букаралыгын алганга мүмкүндүк алышат.

Орус өкмөтү көчөрмандардын жардамы менен чек ара аймактарын экономикалык жактан бекемдөөнү жана ошону менен бирге чек аранын Кытай тарабын алсыратууну көздөйт. Таранчылар менен дунгандарга шарты мурда жашаган жерлериңерге жакын болгон аймактарга көчүп барасыңар жана эзелкидей эле арыктан суу буруп, чарбачылык кыласыңар деген убада берилет.

Дунгандардын миграциясынын экинчи толкуну ушул тушка (1881–1884-жж.) дал келет. Миграциянын биринчи жана экинчи толкуну менен Орусиянын территориясына 10 миңден ашуун дунган көчүп барат.[40]

[40] RIMSKY-KORSAKOFF DYER, Svetlana. Karakunuz: An Early Settlement of the Chinese Muslims in Russia. *Asian Folklore Studies*, Vol. 51, No. 2 (1992), pp. 243–278.

Көчөрмандарга Иле жана Жунгар Ала-Тоосунун өрөөндөрүндөгү жерлер сунуш этилет. Бирок алардын көбү Чилик, Иле жана Турген дарыясынын боюндагы суусуз такыр жерлерге жайгаштырылгандыктан дыйканчылык кылуу үчүн арыктарды өздөрү казаганга туура келет. Таранчылар кыштак-кыштак болуп жайгашкандыктан алардын конуштары чачырабай жупуну көрүнгөн. Ар бир кожолукка иштеткенге деп 10 тешеден жер берилет, бирок суу жетишсиз болгондуктан алар алган жерлеринин баарын өздөштүрө алышпайт. Акыр казып, суу чыгарбай жер иштетүү мүмкүн эмес эле. 1897-жылкы маалымат боюнча, Жети-Суу облусунда 55 815 уйгур жана 15 276 дунган [41] жашаган.

1921-жылдын башынан таранчылар келгин кашгарлыктар (кашгарлык) менен биригип, аларга «уйгур» этнонимы колдонула баштайт.

Орусиянын территориясына көчүп келгенден кийин дунгандар жана уйгурлар кийинчерээк артка кайтабыз дегенде аларды күчкө салып кетиришпегенин төмөндө Бувихан апа[42] айтып берет:

> Биздин ата-бабаларыбыз Кашгар шаарынан алыс эмес турган Ак-Суу шаарынан болушат (караңыз: 7-карта, 46-бет). Алар бул жакка 1910-жылы көчүп келишкен. Менин атам Элахун Турдахун деген байдын малын Кашгардан Токмокко айдап келип тиричилик кылчу экен. Алар малды товарга алмаштырышкан. Анан кокус эле чек ара жабылып калат да тагдыр атамды үй-бүлөсүнөн ажыратып салат. Ал кезде Токмокто курулушка жумушчулар көп керек экен. Ошого атам өзүнүн Рустам деген досу экөө курулушта эмгектенип, шаарда көптөгөн үйлөрдү жана өкмөттүк имараттарды курушат. Алар Чүй дарыясындагы Казакстан менен Кыргызстанды туташтырган көпүрөнүн курулушунда алгачкы күндөн баштап иштешет. Атам ошентип Токмокто жүрүп үйлөнөт. Мен 1914-жылы төрөлдүм жана биздин Чыгыш Түркистандын[43] биринчи президенти Алихан төрөнүн (Алихан төрө Сагуний) атасы Шакирхан төрө негиздеген мектепте окудум.

..............................................

[41] БАРАТОВА, Г. С. Формирование уйгурской и дунганской диаспор. Булагы: МАСАНОВ Н. Э. ж.б. *История Казахстана*. Народы и культуры. Алматы: Дайк-пресс, 2001, 221-бет.

[42] 94 жашта (2008-жылы жазып алынган.), Кең-Булуң айылында жашайт.

[43] Чыгыш Түркистан Республикасы, 1944–1949-жылдары өкүм сүрүп, курамына Кытай Эл Республикасынын Шинжаң провинциясынын түндүгүндөгү үч окрг (Иле, Течен, Алтай) кирген.

Коллективдештирүүдөн кийин, 1930-жылы, бул жакка Кашгардан көчүп келген Тейвахун Умаровго күйөөгө чыктым.

**Татарлардын келиши.** XIX кылымда Ысык-Көлдүн түштүк жээгинде Тамга кыштагы пайда болот. Обол кыштакта жалаң орустар жашаса, кийин татарлар көпчүлүккө айланат. Орусиялык татарлар Орто Азияга жабыла көчкөн мезгил XIX кылымдын аягына туура келет. Ага диний жагдайдын начарлашы жана Орусиянын европалык бөлүгүндө православие динине өтүүгө мажбурлоолор түрткү берди. Татарлар исламдын суннит агымына кирет жана ортодокс динине чокунгандарды «ногайбактар» деп аташкан.






**18, 19-илл. Тамга. 2011-жыл.**

Тамга – XIX кылымдын 60-жылдары Орус империясында кул ээлөөчүлүк жоюлгандан кийин келген орус көчөрмандары негиздеген кыштак. Көчөрмандар помещиктерден эркиндик алгандан кийин жерсиз калган дыйкандардан болушкан. Саякатчылары Пржевальский[44] жана Семенов-Тян-Шанский[45]

[44] Николай Михайлович Пржевальский (*31. 3. 1839 – †20. 10. 1888) Орто Азияны изилдеген окумуштуулардын көрүнүктүүсү: ал жектектеген экспедиция мурда белгисиз жерлерди билүүгө чоң салым кошту. Бирок анын эмгектеринде кыргыздарга да, бүгүнкү Кыргызстандын аймагындагы жерлерге көп көңүл бурулган эмес. Себеби анын экспедициясы негизинен бүгүнкү Кытай менен Монголияга кирген аймактарды изилдеген: монгол экспедициясы 1870–73-жж., Лобнор жана Жунгар эсепедициясы 1876-77-жж., Тибетке жасалган 1-чи экспедиция 1879–80-жж., 2-чиси 1883–85-жж., акыркы 1888-жылкы экспедиция кезде Пржевальский Чу дарыясында аң уулап жүрүп ооруп калат жана Ысык-Көлдүн чыгышындагы Каракол шаарында көз жумат.

[45] Пётр Петрович Семёновдун (*1827 – †1914) экспедициясы Орто Азияны идимий изилдөөгө негиз салды. Ал 1856–1857-жылдары Тянь-Шанды, Ысык-Көлдү (көлдөн суу

Ысык-Көл боюнда болушканда Орусиянын географиялык коомуна бул жакта эркин жерлер бар экен деп жазышкан.




**8-карта. Казандан Верный (Алматы) аркылуу Түпкө чейинки жол (≈3 000 км).**

Падышалык бийлик кезде бардык эркектер армияда кызмат өтөөгө милдеттүү болгон жана үй-бүлөнү багат деп, бир гана эркек бала калтырылган. Үй-бүлөдө уул балдар көп болсо, алардын баары аскерге барышы абзел болчу. Менин кайсы бир тууганымдын төрт уулу бар эле. Алар ар башка үй-бүлөдөн болобуз деп катталып алып, армияга барбай кутулуп кетишти.




Менин чоң аталарым[46] 1850-жылдын тиякбыягында Казандан Семеновкага көчүп келишип, ал эми 1916-жылы Караколго жылышат. Алар кыргыздар менен орустар ортосундагы салгылаштарга катышкан эмес. 1917-жылкы революциядан кийин (1919-ж.) татарларга Караколдун ныптасындагы Липинканы беришет. Аларга Липинка жакпагандыктан башка жакка кеткендин айласын жасап жатып, үч жыл мурда орустар

←..............................................

агып чыкпаганын аныктаган), ошондой эле жергиликтүү флораны, фаунаны изилдеп, жергиликтүү элдин жашоосуна байланыштуу маалыматтарды чогулткан.

[46] Султан (*1933).

калтырып кеткен жери берекелүү Тамгадан[47] байыр алышат. Бул жерге келген ар бир кожолукка 0,6 га бак, 1 га айдоо жер жана 1 га жайыт берилет. 1921-жылы чоң атам дүйнө салат. Ал Тамгада көз жумган биринчи татар болот.




**9-карта. Семеновка, Каракол, Тамга.**

Көпчүлүк татарлар жергиликтүү интеллигенцияга кирген. Алардын бир тобу мугалимдик кылган жана биринчи кыргыз мектептерин негиздешкен. Кыргызстандын өнөр жайын өнүктүрүүгө жигердүү катышкан, биринчи булгаары заводдун курулушу казан татарынын эмгеги.

XX кылымдын башында Караколдо, кийинчерээк Бишкекте (Пишпек) жана Токмокто бүгүнкү Кыргызстандын аймагындагы татар тилиндеги биринчи пьесалар сахнада ойнолот. 1912-жылы Пишпекте 600гө жакын татар (элдин 4 процентке чукулу) жашаган жана татарлардын көчөсү болгон.

Калган татарлар Кыргызстандын түштүгүндө Ош менен Жалал-Абадда отурукташат. XX кылымдын 70-жылдары Сүлүктү


……………………………………….

[47] Тамга деген аталыш Тамга таш, таштагы жазуу, мөөр деген сөздөн келген. Тамгада Чыңгыз хан доорунда таш бетине «О мани падми хум» деген жазуу чегилген экен.

шаарынын калкынын 60 процентке жакынын татарлар түзгөн жана шаарды эл ичинде кээ учурда Татарабад деп аташкан.[48]

### 2.1.2. Орус бийлигине каршы көтөрүлүш

Кокон хандыгына каршы башталган көтөрүлүштөр (1845-жылы Ошто, 1847-жылы Наманганда) 1885-жылы Ферганада жана 1892-жылы Ташкентте уланып, 1898-жылы Анжиянда жаңы көтөрүлүш чыгат. Бирок Анжиян көтөрүлүшү орус бийлигине каршы багытталды. Мурдагы Кокон хандыгынын диний ишмерлери баштаган көтөрүлүш Анжиянды дүрт эттирди. Алар Фергана өрөөнүнүн башка бөлүктөрүн, өзгөчө, Ош жана Маргалан шаарларын да көтөрүүнү каалашты. Архивдик материалдар көрсөткөндөй, көтөрүлүштүн башчылары Көгарт жана Суусамыр кыргыздары менен байланыш түзөт.[49]




**10-карта. Анжиян көтөрүлүшү (1898-ж.).**

……………………………………………

[48] АКЧУРИН, В. А. *Татары в Киргизии. Вечные странники*. [онлайн]. Татарская рассылка, №35 (78), 2004 [8. 12. 2008]. Булагы: <http://tatarica.narod.ru/archive/03_2004/78_19.03.04-2.htm>.

[49] Российский государственный исторический архив (РГИА), фонд 391, опись 2, дело 184, лист 171 (Б. Ф. Муцхлынин).

Козголоңдун жетекчилери диний ураан-чакырыктар менен эки миңдей адамды бириктирет. Бирок адаватчыларда жыгач найза, канжар, балтадан башка эч кандай куралы болбойт. Ошондуктан орус армиясы көтөрүлүштү жеңил эле анча-мынча чыгым менен басат, анын 18 башчысы дарга асылат.

## 2.2. Түркистандагы жадидчилик

Орусияны катуу алсыраткан орус-жапон согушу 1904–1905–жылдарда жумушчулардын кайра-кайра иш таштоолору[50] менен коштолду жана 1905-жылкы орус революциясынан кийин империянын көптөгөн бөлүктөрүндө улутчул жана революциячыл топтору түзүлдү. Бул мезгилде Түркстанда (анын ичинде жарым төбөлсүз Бухара жана Хорезмде) жадидчилер кыймылы жаралат (араб тилинде “жадид” жаңы дегенди билдирет).

Жадидчилердин борбору Бухара, Ташкент, Фергана жана Самарканд шаарлары болуп калды. Обол жадидчилердин максаты медреселердин окуу системасына өзгөртүү киргизип, жаңы дүниябий мектептердин жаралышына алып барчу мектеп реформасын жүргүзүү эле. Андан кийинки кезекте административдик реформа турду. 1917-жылкы революциядан кийин Түркистанга автономия берүү талабы пайда болду.

Жадидчилик бул агартуучулар кыймылы жана өзүнүн башкы идеясы катары мурдакыдан такыр бөлөк мамлекеттик башкаруу принцибин орнотууну көздөгөн.


Алар билим берүүнү эң биринчи орунга коюшкан. Мамлекет бир ууч жамаатка кирген адамдардын кызыкчылыгын канааттандыруу үчүн эмес, тескерисинче, жетекчилер обол элдин жана коомдун байгер жашоодо жашаганына кызыкдар болуш керек деп түшүнүшкөн алар. Буга катар динине же улутуна карабастан өнүккөн өлкөлөрдүн алдыңкы тажрыйбасын кеңири жайылтканга умтулушкан.

Жадидчилердин ичинде (динди мамлекетен бөлүүгө ынтылган) дүниябий (секулярдык) агым пайда болот. Бирок, жалпысынан алганда, бул түпкүлүгүндө диний кыймыл эле жана окутуунун жаңы усулдарын диний мектептерде – медреселерде колдонушкан.

............................................

[50] Мисалы 1904-жылы Бакы шаарында мунайчылардын иш таштоосу болуп, анын натыйжасында Орусияда биринчи жолу жумушчулар менен мунай кендеринин ээлери ортосунда коллективдүү келишим түзүлгөн.

Жадиддик биринчи мектеп 1898-жылы Кокондо ачылат, ал эми 1911-жылы Түркистанда мындай жаңы усулдагы 63 мектепте 4106 бала окуган. Мектептердеги көпчүлүк мугалимдер татарлар болгон[51].



**20-илл. Азия мектеби (Молла Насириддин, 1910-жыл).** <http://zerrspiegel.orientphil.uni-halle.de>.

Жазмыш жадидчилерге мектепте билим берүүнүн жаңы системасын түзгөнгө өтө аз мезгил бөлгөн экен – большевиктик революциядан кийин жадидчилердин окуу усулу модадан чыкты, анын ордуна советтик окуу системасы келди.

**Жадидчилердин Бухара** тобу эң алды дыйкандар жана майда соодагерлер төлөчү салыкты азайтууну талап кылган. Бул топ акырындап жашыруун коомго айланат жана Бухара элинин түрдүү катмарларынын башын бириктирет.

Бухара жадидчилеринин жалпы саясый максатын Заки Валиди мындай деп мүнөздөйт:

> Бардык Бухара жадиддери эмирди кулатуу үчүн күрөштө орустар менен биригишти. Бирок алар орусиянын чексиз оторчул бийлигине каршы эле. Бул маселедеги алардын биримдиги мактоого арзыйт[52].

Жадидидчилик кийинчерээк совет өкмөтүнүн үрөйүн учурган кыймылдарга, алардын ичинен XIX-кылымдын экинчи жарымында пайда болгон пантюркизмге өзгөчө жакын болгон сыягы. Пантюркизмдин максаты Крымдан Түркия аркылуу бүтүндөй Орто Азияга чейинки түрк элдерин “Тилдеги, ой-мүдөөдөгү жана иштеги биримдик” деген ураан астына бириктирүү эле.

Заки Валиди жадидчилердин арасында агартуучулук иштерин жүргүзгөндөр да болгонун белгилейт.

[51] BAZARBAEV, K.; ASHIMKANOVA, A. Z. Jadids Movement in Central Asia in the Late 19th and the Early 20th Centuries. *Asian Social Science*, Vol. 8, No. 8; July 2012, p. 225–237.

[52] ЗАКИ ВАЛИДИ, Т. *Воспоминания*. Уфа: Китап, 1998.

Азыр (1920-жылы) Стамбулда жашаган Усман Хожаев Фергана өрөөнүнүн Ош шаарындагы Ата Хожаевдердин тукумунан чыккан көпөстүн уулу. Бухарада медресени бүткөндөн кийин 1910-жылы Стамбулга келип, бухаралык жаштар үчүн “Окуу жана жаштар уюмун” ачат. Бухарага кайра барып, Крым жериндеги Гасперинскийдин[53] мектеби сыяктуу жадиддердин медресесин уюштурат жана гезит чыгарат. Мен Бухарага келген мезгилде, ал өкмөттүн Чыгыш Бухарадагы[54] толук ыйгарымдуу өкүлү экен.

Жадидчилик болжол менен 1910-жылга дейре Орто Азияга Түркиядагы (1908-жылкы) жана Персиядагы (1905–1911-жылдардагы) революциянын таасири жеткенге чейин уюмдашкан кыймыл мүнөзүндө болот. Жадидчилердин бир бөлүгү социалисттик революцияны активдүү колдошкону менен, бир жааты 1920-жылдары басмачыларга[55] кошулат. 1917-жылы мартта түзүлгөн Шура-н-Исламия исламчыл партиясынын жаралышы жадидчилер кыймылы менен тыкыс байланышкан. Партия 1917-жылы мартта түзүлүп, тез эле бүтүндөй Түркистанга жайылат. Себеби, жаңы партия кеңири пайда боло баштаган жана Түркистандын Россиядан улуттук жана диний жактан өз алдынча болуусун көздөгөн мусулман уюмдарын коргоого алат.

Сталиндик террор учурунда жадидчилердин өкүлдөрү терип жок кылынган: Абдукадыр Мухиддинов (1938), Абдурауф Фитрат (1938), Файзулло Хожаев (1938) ж.б.[56]

**Кимсан Молдо Шады кызы.** Байбиче азыркы Баткен облусунун Кадамжай районундагы Марказ кыштагында жашайт. Анын күйөсүнүн тагдырына жадидчилер менен большевиктердин күрөшү из калтырган. Марказдан Ферганага чейин 25 чакырым болбойт. Дал ушул Ферганада 1918–1920-жылдары өрөөндөгү негизги окуялар өтөт:

............................................

[53] Исмаил Гаспринский (1851–1914) – крым татарларынын интеллектуалы, пантюркизмдин негиздөөчүлөрүнүн бири.

[54] ЗАКИ ВАЛИДИ, Т. *Воспоминания*. Уфа: Китап, 1998.

[55] ХОДЖАЕВ, Ф. *Избранные труды в трех томах*. Ташкент: Фан (АН УзССР, Институт философии и права АН УзССР, Институт истории партии при ЦК КПУз, Институт истории АН УзССР), 1970.

[56] KOKAISL, P., PARGAČ, J. a kol. *Lidé z hor a lidé z pouští: Tádžikistán a Turkmenistán*. Praha: Univerzita Karlova, Filozofická Fakulta, 2007, p. 53–54.

Кокондо жаңы большевиктин бийликке каршы күрөшүүнүн борбору жайгашат, мусулман жадидчилер Мустафа Чокай башындагы Кокон мусулман автономиясын түзүшөт.

Алардын Фергана өрөөнүндөгү негизги душманы – борбору Ферганада орун алган орус-украин оторчулары болот.

Даңазалуу басмачы Мадаминбек большевиктик өкмөткө каршы күрөшкөн түпкүлүктүү элдин талабын коргоочуга айланат. Ошол коогалаңдуу күндөрү ал Маргалаң милициясынын акими болгон, а кийинчерээк большевиктер тарабында согушкан кызыл аскерлердин он миң аскерден турган отрядынын командири болот (102-бетти караңыз, кийин бетти тактоо керек). Мадаминбек Түркистан реввоенкомунун (Согуш революциячыл комитети) мүчөсү Турар Рыскулбеков[57] менен кызматташат.

Кимсан апанын атасы медреседен билим алгандыктан, байбиче өзүн Молдо Шады кызы деп тааныштырды. Албетте, совет заманында байбиче молдонун[58] кызы экенин түз айтканга эч качан даабак эмес.

**Кимсан апа**. Жаңы өкмөт келгенден тартып менин күйөөмдү, Сатар ажы уулу Молдо Абдираимди (1905–1996) эл душманы катары куугунтуктай башташты. Бул 1918–1920-жылдар болсо керек эле. Күйөөмдү атасы Меккеге барып келген ажы, молдонун баласы, байдын баласы деп куугунтукташты. Ал 12 жашынан Вуадилдаги медреседе окуган (азыр Өзбекстандын Фергана облусуна карайт, Кадамжай менен чектешет). Күйөөм айтып бергенге караганда, ал Кызыл Армияда аскер болуп жүрсө, кыштактан аны каралаган кат келиптир. Ошого ал үч жыл бою үйгө келбей качып жүрдү. Анан 1920-жылдардын аягында аны кулак деп Владивостокко сүргүнгө айдашты. Ал жакта үчпү же төртпү жыл жүрүп кайра келди. Темир жолдо поездге от жагып жүрүп, бутунан майып болот. Аягын кызыл ашыктан темирге жанчтырып алат.

Айдалып келгенден кийин да күйөөмдүн изине чөп салып куугунтукташканды токтотушпады. Аны менен кошо Молдо

---

[57] Рыскулов Турар (26. 12. 1894–10. 2. 1938), Рыскулбек же Рыскулбеков деп аталганы кездешет. Көрүнүктүү мамлекеттик ишмер, Түркистан АССРнын Борбордук аткаруу комитетинин (ЦИК) төрагасы. НКВДнын маалыматына ылайык, 1938-жылы 10-февралда Москвада атылган.

[58] Молдо – бул сөз (наам) диний билим алган же арабча окуй билген сабаттуу эркектин атына кошуп айтылган.

Камарды да куугунтукташты. Ошого алар Тажикстанга Сарыкол жакка качып кетип, Кара тегиндик кыргыздардын арасында беш жылдай жашырынып жүрүштү. Кара Тегинден ага окшогондорду жана бай дегендерди түрмөгө камоо бир жолу токтогондон кийин келишти.

Кайнатам Сатар ажы камакка алуулардан качып, Өзгөн жакка изин жашырмак болуп ооп кетти. Анын мал-дүйнөсү, там жайы эмне болгонун айта албайм, билбейм.

## 2.3. Билим берүү

Балким жадидчилер каалагандай эле, мектеп реформасы чынында эле аябай керек болчу. Балдар медреседе окушканы менен билимин турмушта колдонууда проблема чыгышы мүмкүн эле. Тажик жазуучусу Садридин Айни[59] Бухарадан алыс эмес жердеги кыштакта, андан кийин Бухарада кандай окуганын мынтип эскерген.

**Садриддин Айни.[60]** Мен медреседе окудум, бирок ал жерден окуганды үйрөнө албадым. Мен медреседе эмне окусам ошону гана окуй алчумун. Анан да биз окуган китепти гана окуй алар элем. Эгер мурда окубаган же башка китепти окуган болсок, андай текстти түшүнчү эмесмин (…) Биз Бухара медресесинде араб тилин, морфологиясын, сөз түзүүнү, логиканы, риториканы, табигый илимдерди окудук. Диний жактан – денени жууганды, орозо тутканды, жайга бергенди, меккеге зияратка барганды, закатты, алып сатуунун принциптерин, кулчулукту жана кулдарды бошотуунун эрежесин, нике кыйуунун жана ажыраштыруунун жол жобосун окудук. Муну билүү диний жана мамлекеттик ишмерлер үчүн зарурат болчу.

Математика жана адабиятты ким окуганды кааласа, зарыл программадан тышкары убакта окуй алмак. Бул сабактар зарурат эмес болчу. Эне тил такыр окутулбагандыктан аны ар ким китептен же адамдар менен сүйлөшүү аркылуу үйрөнчү.

Мектептин эрежесине ылайык, окуучу медресени бүткөнү менен жазганды же окуганы билбей калышы мүмкүн болчу…

---

[59] Садриддин Айни *15 (27)-апрель, 1878–†15-июль 1954-ж., Бухара эмирлигинин аймагында туулган, медреседе окуган. Бухарада совет бийлигин орнотууга катышкан. 1950-жылы адабий чыгармалары үчүн Сталиндик сыйлыкты алган.

[60] AJNÍ, Sadriddín. *Buchara*. Praha: Svět sovětů, 1952. Кошумча булак: <http://central-asia.su/publikace-sa/aini.htm>.

Медреседе окуу 19 жашта аяктачу. Кимдир бирөөгө баардык китептерди жана окуулуктарды окуганга убактысы болгон студент 19 жылга толгонго чейин баардык суроолорду өздөштүрдү, мыкты билимдүү көрүнүшү ыктымал.

Жок, андай эмес.

Окуунун тартиби жана усулу, сабактарда колдонулчу китептер Иван Калита Москваны курган жана Амир Темир жортуулга чыккан убактан берки төрт-беш кылым бою өзгөрбөгөн.

Ошондо деле Бухара медресесинде окуган кээ бир адамдар билимдүү болушту. Чын, андай адамдар туздуу эрме чөлдөгү мөмөлүү дарактай эле. Алар өз билимин медреседе же схоластикалык талаш-тартышта же мазмунун түшүнбөй жаттоодон алган эмес. Алар өздөрүнүн башкалардан өзгөчө жөндөмү жана талыкпаган өжөрлүгү менен билимдүү болушкан.

Азыр жадидчилик кыймылы жана анын билим берүүнү реформалоо аракети жөнүндө сөз кылып жатканда, Совет союзу талашсыз ийгилиги катары мактанган советтик билим берүү системасына кыскача мүнөздөй кеткенибиз жөндүү. СССРдин элдин сабатсыздыгын жоюп, билим берүүдө эбегейсиз ийгиликке жеткени талашсыз.

Төмөнкү таблицада совет мезгилинде жогорку жана орто мектептерде окугандардын саны кескин өскөнүн көрсөтөт. Советтик республикалардын ичинен Советтик Кыргызстанда орто мектептерде билим алган балдардын саны баарынан чоң өскөн. 1914–1915-жылдары азыркы Кыргызстандын аймагындагы бардык мектептерде 7 миң окуучу болсо, 1936-жылы алардын саны дээрлик 33 эсе көбөйүп, 227 миңге жеткен. 1914-жылдын башында орто мектептерде 500 эле окуучу болсо, 1936-жылы алардын саны 86 миңге жеткен.[61]

…………………………………………

[61] *Основные показатели развития народного хозяйства союзных республик: Часть II. Умеренная империя* [онлайн] 2009 [цит. 2011-09-09] <http:lostempire.ru/index.php?option=com_content&task=view&id=17052&Itemid=9>. Булагы: Hermanova, Z. Postsocialistická transformace společnosti ve Střední Asii. Případová studie v jižním Kyrgyzstánu, oblast Batken. Praha, 2012. Diplomová práce (дипломдук иш). Česká zemědělská univerzita v Praze, Provozně ekonomická fakulta. Vedoucí práce (иштин жетекчиси) Petr Kokaisl.

**1-таблица. Советтик республикалардагы окуучулардын саны.**

| Республика (ага тийиштүү аймак) | Мектеп окуучулары, бардыгы | | анын ичинен орто мектептин окуучулары | |
|---|---|---|---|---|
| | 1914–15 | 1936–37 | 1914–15 | 1936–37 |
| Армян ССРи | 34 | 242 | 3 | 204 |
| Азербайжан ССРи | 72 | 549 | 11 | 380 |
| Беларус ССРи | 265 | 969 | 30 | 610 |
| Грузин ССРи | 155 | 658 | 28 | 461 |
| Казак ССРи | 105 | 930 | 9 | 431 |
| **Кыргыз ССРи** | **7** | **227** | **0,5** | **86** |
| РСФСР | 5531 | 17658 | 566 | 9894 |
| СССР | 7853 | 27611 | 823 | 16641 |
| Тажик ССРи | 0,4 | 199 | Ne | 22 |
| Түркмөн ССРи | 7 | 161 | 2 | 74 |
| Украина ССРи | 1661 | 5227 | 168 | 4160 |
| Өзбек ССРи | 16 | 791 | 6 | 319 |

Булагы: *СССР – Страна великого содружества народов*. [онлайн]. 2009 [цит. 16. 12. 2011].
<http://lostmpire.ru/index.php?option=com_content&task=view&id=18403&Itemid=9>.
Эмгек: HERMANOVA, Z.

**2-таблица. Кыргызстандагы студенттердин саны.**

| | 1913 | 1940 | 1945 | 1950 | 1966 |
|---|---|---|---|---|---|
| Бардык мектептердеги окуучулар, миң | 7 (1914) | 334 | 228 | 343 | 657 |
| Анын ичинен 5–10(11) класстар | 0,3 | 110 | 72 | 118 | 343 |
| Бала бакчалардагы балдардын саны, миң | - | 7 | 14 | 10 | 73 |
| Жогорку окуу жайлар | - | 6 | 6 | 7 | 8 |
| Студент деп жазылгандар, миң | - | 3,1 | 3,8 | 8,6 | 36,7 |
| Атайын орто окуу жайлар | - | 33 | 25 | 29 | 36 |
| Студент деп катталгандар, миң | - | 6,0 | 5,8 | 10,6 | 35,4 |

Булагы: *Основные показатели развития нар. хозяйства союзных республик*. [онлайн]. 2009 [цит. 18. 12. 2011].
<http://lostempire.ru/index.php?option=com_content&task=view&id=17052&Itemid=9>.
Эмгек: HERMANOVA, Z. *c. d.*

**Эржигит Шакиров**[62] өзүнүн окуучулук жылдарын эскерет. Ал орто мектепке тогуз жашында кирип, 1946-жылы жетинчи класссты бүтөт. Жашаган жеринде 10 жылдык мектеп болбогондуктан башка кыштакка – Халмионго барып окуйт.

Согуштан кийинки жылдар өтө оор эле. Мектепте жатканга жай жок болгондуктан самандын арасына кирип, таар жамынып жатышчу. Окуу предметтер азыркыдай эле болчу: кыргыз тили жана орус тили, математика, химия, физика. Эржигит аябай чет тилди окугусу келет. Бирок "Мектепте бизди окутчу эч ким жок эле," -деп эскерет ал.

Ал кезде кыргыз мугалимдер да тартыш болгон. Андыктан кыргыз тилин татар мугалимдер окутушкан. Эржигит география жана тарыхты жакшы окугандыктан, орто мектепти аяктагандан кийин Ферганадагы Педагогикалык институтка тапшырат. Ал институтта тарых адистигин тандайт, бирок алар Орусиянын тарыхын окушат.

Анын себеби жөнүндө Эржигит мындай дейт: "Биз орустардын тарыхын окудук, анткени кыргыз тилинде эч кандай материал жок эле. Башка элдердин тарыхы жөнүндө да эч кандай материал жок болчу. Биз өз тарыхыбызды билбей туруп, орус тарыхын мыкты билдик".[63]

Ал 1953-жылы институтту бүткөндөн кийин Өзбекстанда иштеп келет. Ал өзү эмгектенген райондогу жогорку билимдүү жалгыз адам болот. Эржигит 1956-жылы Кыргызстанга кайтып келип, 2010-жылга чейин азыркы Кадамжай районундагы Охна кыштагындагы мектепте сабак берген.

**Абдукапар Бекебаев**[64]. Совет мектеп системасы абдан жакшы иштеген. Советтер Союзу бизге жакшы билим берди. Ал кезде көпчүлүк сабактар терең окутулчу. Предметтер боюнча эч кандай адистешүү жок. Бизге кандай сабактарды окуу керек экени айтылчу. Азыр Абдукапар бир кезде өзү бүткөн Ош

[62] 1931-жылы азыркы Кадамжай р-дагы Охна кыштагында туулган (Баткен облусу).

[63] Балтабаев Акылбек, The Propagandist: Erjigit Shakirov (Kyrgyz, 1931) [онлайн]. Булагы: http://centralasianhistory.org/index.php?option=com_content&view=article&id=75:thepropogandist-erjigit-shakirov-kyrgyz-1931&catid=34:interviewd&Itemid=29. In HERMANOVÁ, Z. *c. d.*

[64] Ош шаарына жакын жерде 1945-жылы туулган.

Мамлекеттик университетинде мектеп предметтери боюнча сабак берет.[65]

**Калия Жанузакова**[66] согуш мезгилдеги кырдаалды мындайча сыпаттайт: “Мен мектепке төрт жыл гана бардым. Анан мектепти таштап, үйгө жардамдаштым. Экинчи Дүйнөлүк согуш башталды. Эң өкүнүчтүүсү мектепте окуган кезим жөнүндө эч нерсе эстей албайм. Себеби андан бери канча жыдар өттү. Анын үстүнө мен аз эле убакыт окугам да. Согуш кезде айылда эркектер жок болчу. Ошон үчүн биз аялдар фермада жана талаада эркектердин жумушун аткардык. Эч кандай машина жок, баарын колдо аткарганга туура келди.”[67]

Эржигит менен Абдукапардын аңгемеси бизге совет мезгилиндеги мектептердеги абалды түшүнгөнгө жакшы мүмкүнчүлүк берет. Эгер Советтер Союзу болбосо Эржигит сегиз жылдык орто мектепке жана жогорку окуу жайга бармак эмес. Абдукапар да сыймыктангандай билимге ээ болот беле?! Алар жаш кезде көбүн эсе окуу үчүн шарт оор болгон. Кээ бирөөлөр орто мектепке алыс жерге барышкандыктан, ошол жерде жатып калганга туура келген. Окуучулар менен студенттерге өз элинин тарыхын үйрөнүүгө жана эне тилин кыргыз мугалимдерден окуганга да мүмкүнчүлүк жок болгон.

Алар атайын орто окуу жайларда жана жогорку окуу жайларда өздөрү каалаган предметти каалагандай кеңири окуй алышкан эмес. Предметтердин мазмуну аябай эле чаржайыт жана конкреттүү эмес болуп, так аныкталган адистешүү жок болгон. Мындан Совет өкмөтүнүн орто мектептеги окууну орусташтыруу аракети да көрүнүп турат. Бул жергиликтүү элдин түшүнбөстүгүн жараткан. Биз, ошондой эле, саясий жактан ишенмсиз адамдарга, көбүнчө, алардын бала-чакаларына билим алууга жол жабык экенин да жадыбыздан чыгарбай эскерте кетүүбүз абзел.

..............................................

[65] Jonbekova, Rayhon. The Teacher: Abdukhapar Bekebaev (Kyrgyz, 1945). *Preserving Kyrgystan´s History* [онлайн]. 2010 [цит. 24. 10. 2011]. Булагы: <http://www.centralasianhistory.org>. In HERRMANNOVÁ, Z. *c. d.*

[66] Кара-Балталык дыйкан, 1928-жылы туулган.

[67] Annamuradov, Maksat. The Beet Farmer: Kaliyjan Januzakova (Kyrgyz, 1928). *Preserving Kyrgystan´s History* [онлайн]. 2010 [цит. 14. 10. 2011]. Булагы: <http://www.centralasianhistory.org>. In HERRMANNOVÁ, Z. *c. d.*



**Келдибек Солтонбеков**.[68] Мен өзүм Жумгалдын Кызыл-Эмгек айылынан болом. Бирок Токмок шаарынын жанындагы Ак-Бешимдеги мектеп-интернатта окудум. Күндөрдүн биринде мектебибизге Борбордук Комитеттен Казакбаев келди. Ал өзү Ак-Бешимге чукул жердеги Чыс-Коргондук эле. Казакбаев Омск шаарындагы аскерий окуу жайга жиберүү үчүн үч баланы тандап алды. Фрунзеде (азыркы Бишкек) үч күн бою медициналык текшерүүдөн өткөрдү, аскерге жарайбы деп. Мен комиссиядан өттүм, бирок жөнөп кетер алдыбызда атам мурда саясый айып менен соттолгонун айтышып, сен аскерий окуу жайда окуй албайсың дешти. Бул 1946-жылы болду. Мен анда 18 жашта элем.

Мен бул жөнүндө атама айтып барсам, ал ыйлады. Сен атыңды Койчуман же Тойчубек деп жазып алсаң болмок деди. Мага университетке кирүүгө мүмкүн эмес болчу. Мени пионерге да комсомолго да кабыл алышпады. Ошон үчүн пионерлердин жагоосун тагынганым жок. Мен да мектепте окуп жүргөндө башка балдар сыяктуу пионер болуп, жагоо тагынгым келчү. Мугалимдер мага сен контрреволоюционердин баласысың, ошон үчүн сага жагоо тагынуу мүмкүн эмес деп айтышты.

НКВДга өзүбүздүн эле туугандар бири бирин каралап чагымчылык кылышкан. Мисалы Кызарттан Бектурсун, Кызыл-Туудан Жумалы, Кулжыгачтан Жумалы. Менин эсебим боюнча курманкожо уруусунан 82 адам, биздин байболот-жанболоттон 12 адам атылып кеткен.

Билим берүү жалпысынан алганда көпчүлүк тарабынан оң кабыл алынганы менен, анын тескери жактары да болушу мүмкүн эле. Бул жерде эң алды бардык мектептердин окуучуларына болгон аябаган чоң идеологиялык кысым жөнүндө айтуубуз керек. Критикалык ой жүгүртүү, сын көз караш мектеп босогосун аттагандан жок кылынган. Идеологиялык тарбиянын максаты партияга жана

[68] Келдибек Солтонбеков, 84 жашта. Бул аңгеме аны менен Бишкек шаарындагы үйүндө өз оозунан жазып алынды.

революцияга жан оту менен берилген "советтик адамды" жаратуу эле… Бул мектеп программасынын бир бөлүгү болгон.

Мектептер жана мугалимдер жетишпегендиктен көптөгөн шаарларда мектеп – интернаттар ачылып, ага балдар биринчи класстан баштап жөнөтүлгөн. Жатактуу мектепте балдарды тарбиялоодо ата-эненин таасири жокко эсе болгон. Ал жерде окуган балдар ата-энелерин сейрек көрүшкөн. Бул Сталиндик репрессия кезде кээ бир балдардын ата-энелерин "эл душманы" деп атоосуна жана алардын ата-энелеринен жеңил баш тартуусунун бир себеби болушу ыктымал.



**Сейитбек Жаанбаев**, публицист жана педагог-уюштуруучу: Совет доорунда жарык көргөн адабияттарда кыргыздар караңгы болушкан, мектепке барган эмес, жазганды жана окугунды билишкен эмес деп мүнөздөлөт. Бул чындыкка жатпайт.

Биз эл оозунда сакталган санжыралардын негизинде Балбак баатыр жөнүндө китеп чыгардык. Бул санжыралар чоң атам Адыл аксакалдардын оозунан жазып алган. Ал китепти жанындай көрүп окучу. Мен андан Жумгалда Курмандын мектеби (ал кезде медресе деп айтылган) болгонун укканмын. Мектепти Курман деген манап негиздегендиктен эл арасында Курмандын мектеби деп коюшкан. Ал мектепке ногой (татар) мугалимди алып келген. Жергиликтүү элдер аны Ногой молдо деп аташкан.

Кочкордо Канаттын мектеби, Чүйдө Дурдун мектеби, Кеминде Шабдан курдурган мектеп болгон. Менин чоң атам араб ариби жана азбука менен басылган китептерди окуган.

Өзүм университетти бүткөндөн кийин Кыргызстандын түштүгүндө эмгектендим. Ошол жакта жүрүп, чоң атамдын айткандарын эстедим. Революцияга чейин Ала-Букада Нурмолдо курган мектеп болгон. Наманган шаарынын ортосундагы базарга чукул жерде Кыргыз мечит бар. Аны атактуу Алымбек датка курдурган. Бул мечитте жалаң кыргыз молдолор иштешкенин мага жергиликтүү карыялар айтышкан.

Фергана өрөөнүндө Ошто, Маргеланда, Кокондо, Коргон-Төбөдө жана башка жерлерде да ушундай мектептерде балдар окуган. Мен Ала-Бука районунда иштеп жүргөндө балдарга Нурмолдонун мектеби жөнүндө айтып бергенмин. 1986-жылы эски мектептер жөнүндө уккан – билгендеримдин негизинде макала жазгам. Макала жергиликтүү мугалим Таштаналиевдин

жардамы менен республикалык «Мугалимдер газетасында» басылган. Ал макаланы мугалимдер гезитинде иштеген акын Абдужапар Эгембердиевге берип жиберген экен.

Макала жарыкка чыккандан кийин мени КГБнын (Комитет государственной безопасности – Мамлекеттик коопсуздук кызматы) Ала-Бука райондук бөлүмүнө чакырышты. Менден Нурмолдонун мектеби жөнүндө маалыматты кайдан алдың деп сурашты. Нурмолдонун мектебинде диний сабактардан башка предметтер да окутулган. Балдарга Нурмолдонун мектеби тууралуу айтып бергеним үчүн КГБда мени саясый жактан сабатсыздык кылгансың деп күнөөлөштү. Мен медреседе араб тили, араб жазмасынан башка да эсепти жана Куранды окушканын чоң атамдан укканмын деп жооп бердим. Чоң атамдан медреседе тарыхты да окутканбы деп сурасам, жок деген. Бирок медреседе урук, уруу, эл дегенди окуганбыз, урук – бул Балбак уругу, урук улут – бул Курманкожо уруусуна биригет, алар Саяк уруусуна биригет деп түшүндүрдү. Элде өз жери, тили жана мамлекети болот деп окуганбыз деди. Ушундан улам алар медреседе окуганда тарых предмети да болгон деп ойлойм. Эсеп сабагында математиканы окушкан.

Бул жөнүндө кыргыз педагогикасынын тарыхында жок жана эч ким сөз да кылбайт.




**21-илл. Советтик мектеп системасын даңктаган плакат.**
Советтик жана америкалык мектепти салыштыруу.

Булагы: <http://polit.ru/media/archive/idea/bobrovnikov_05.jpg>.

## 2.4. Орусиядагы 1905-ж. революция

Жумушчулар менен дыйкандардын абалын жакшыртууну көздөгөн 1905-жылкы революциядан кийин жаңы кесиптик кошуундар жана саясый уюмдар пайда болуп, жумушчулар тез-тез иш таштай баштады. Ал эми дыйкандар мурдакыдан да активдешип, байлардын короо жайларын өрттөп кыйратууга өтүштү. Зомбулук кадыресе көрүнүшкө айланды. Падыша 1905-жылы 17-октябрда Мамлекеттик тартипти жакшыртуу жөнүндө манифест жарыялап, Мамлекеттик Дума түзүлүп, анын мүчөлөрүн бардык эл шайламак болду. Мамдумага бюджеттен башка бардык мыйзамдарды кабыл алганга уруксат берилди.

1906-жылы Петр Столыпин Министрлер Советинин төрагасы болуп калды. Анын тушунда саясый зулумдук кылды деп күнөөлөнгөндөр айосуз жазаланды (1908–1909 жылдары эле мындай жүйөө менен 3862 адам өлүм жазасына тартылат) жана агрардык реформа башталды. Столыпин тажрыйбалуу жана ийгиликтүү чарбагер катары дыйкандардын жердүү болуу тилегин терең түшүнгөндүктөн, ички миграция[71] боюнча чоң программаны ишке киргизди.[69]

**Жамият (община).** 1905-жылкы революциядан кийин Орусия империясында жамияттардын өндүрүштүк күчтөргө тең орток ээлик кылуусу жана толук же жарым – жартылай башкаруусу жана жерди жамиятта[70] тең бөлүшүп пайдалануу жоюлду. Орус жамияты

............................................

[69] ŠVANKMAJER, M. *Dějiny Ruska*. Praha: NLN, 1995, 282–285-беттер.

[70] Жамият (община) – бул адамдардын биргелешкен жашоо формасы, алгачкы общиналык коомго мүнөздүү. Ага негизинен өндүрүштүк каражаттарга коллективдүү ээлик кылуу жана толук же толук эмес түрдө өзүн өзү башкаруу мүнөздүү болгон. Жамияттын уруулук жана коңшулашып жашоо формасы белгилүү. Уруулук жамиятта анын мүчөлөрү бир уруудан болушат жана бир уруу иш жүзүндө бир жамиятты түзөт. Алгачкы общиналык түзүлүштө жамият – коомдогу бардык функцияларды аткарган универсалдуу административдик-территориялык бирдик: бул өндүрүштүк коллектив (өндүрүштүк каражаттарга коллективдүү ээлик кылуу), үй-бүлөлүк (туугандардан түзүлөт), саясый (толук же жарым автономдуу, өз өкүлдөрү бар), ошондой эле бир культка таандык болот. Коңшулардын общинасы – бул коомдун уруктук-уруулук түзүлүштөн феодалдык түзүлүшкө өтүү маалындагы уюшуу формасы. Өнүгүүсү жогорку деңгээлдеги общиналар феодалдык түзүлүштө да жашаганга жөндөмдүү болот. Община – бул эң алды өндүрүштүк жана саясый бирдик, ага таандык болуу биринчи кезекте жашаган жерине, андан кийин уруулук мамилелерине жараша аныкталат. Коңшулардын общинасы – дыйканчылык коомуна мүнөздүү, экономикалык көз караштан алганда –бул жерге толук же жарым жартылай ээлик кылуу, коллективдүү жер иштетүү жана коңшулардын жардамын пайдалануу, жайытты биргелешип пайдалануу ж.у.с.

феодалдык типтеги түзүлүш болгондуктан андан чыгуу мүмкүн эмес эле. 1906-жылы 9 ноябрда Орус өкмөтү чыгарган токтом кырдаалды өзгөрттү: жамияттан чыкканга мүмкүнчүлүк түздү. Столыпиндик агрардык реформа дыйкандар пайдаланып жүргөн жамияттык жерлерди жеке менчикке сатып алганга жол ачты. Реформанын максаты кыштак жеринде эски жамияттын негизинде дыйкандарды күнкорсуз жана мал-мүлктүү катмарын түзүү болду. Адегенде жер финансылык ири субъекттер үчүн жамияттын орток коомдук мүлкүнөн алынат деп мерчемделди. Андан тышкары эң мыкты жерлер кулактардын[71] менчигиндеги *үлүшкө* (отруб) жана хуторлорго (же чарбалык жана турак жай имараттары бар, бирок обочодо бөлүнүп жашоо) өзгөртүлдү. Падышалык өкмөт бардык эле жерлерде жеке менчикти киргизе алган жок. 1917-жылга чейин хуторлор жана үлүштөр дыйкан чарбалардын 1/10 бөлүгүн түздү. Бул өзгөчө Түндүк Батышка (Балтика деңизинин жээги менен чектеш) жана Түштүк менен Түштүк Чыгышка (Украинанын түштүгү, Кавказ тоолорунун этеги, Волганын ортолук бөлүгү) тиешелүү. Калган губернияларда жамият сакталып калды.

Жамияттан чыккан орто жана жарды дыйкандар же 1 200 000 адам 4 миллион десятина[72] жерди кулактарга арзан баада сатышат. Өкмөт жерин сатып жиберген бул артык баш дыйкандарды көчүрмө кылгандын амалын кылды. Орус дыйкандары эркин жер издеп өтө алыскы чөлкөмдөргө, анын ичинде Борбор Азияга кеткен учурлар арбын болгон. Алар дайым эле барган жеринде байырлап кеткен эмес, жаңы жерди калтырып, мурдакы үйлөрүнө кайтып келишкен.

Жерди жамияттык пайдалануу Орусиянын (кийинчерээк Советтер союзунун) ар кайсы бөлүгүндө ар кандай болгон. Өлкөнүн Европа бөлүгүндө жамият, анын ичинде патриархалдык үй-бүлөлөр да жоюлган, ал эми өнүкпөй калган жерлерде XX-кылымдын 40-

←............................................


Коңшулардын общинасы Орусия үчүн мүнөздүү. («CoJeCo» энциклопедиясынын материалдарынын негизинде даярдалды).

[71] Кулак (крестьянин) – революцияга чейинки Орусияда оокат-тиричилиги кенен, өз алдынча чарба жүргүзгөн жана мардикерлерди пайдаланган дыйкан, анын жери 200 гектарга чейин болушу мүмкүн. Орус кыштактарында бул социалдык катмар столыпиндик реформанын жана 1905-жылкы революциянын натыйжасында пайда болгон. («Оттова» энциклопедиясы).

[72] 1 десятина = 1,093 га. Кыргыздар жерди өлчөөдө пайдаланган бир тешеден бир аз гана көбүрөөк. Октябрь революциясынан кийин метрдик өлчөө системасына өтүүгө байланыштуу РСФСР Эл комиссарлар советинин (СНК) 1918-жылдын 14-сентябрындагы декретине ылайык десятинаны колдонуу чектелген жана 1927-жылдын 1- сентябрынан тартып ага тыйуу салынган.

жылдарына чейин Орто Азиянын кээ бир бөлүктөрүндө жамияттык чарбалар СССР кыйраганга чейин эле сакталган.

Эгер алгачкы жылдары орустарды Түристанга көчүрүү жергиликтүү эл менен эч кандай чыр чатаксыз жүрсө, 1905-жылкы революциядан кийин көчүрүү массалык мүнөзгө өткөн соң жагдай башка нукта өнүктү. Буга бош жерлердин жетишпегени, жергиликтүү көчмөн элге жерди ченеп берүү (бир түтүнгө 30–60 десятина), кээде алардын алган жерлери жайытка да жараган эмес[73]. Анын кесепетинен көптөгөн кыргыздар жерсиз калышкан. Кийинчерээк калктын оор абалы куралдуу көтөрүлүшкө түрткү берген.



Томскій переселенческій пунктъ 1908 г. Январь мѣсяцъ 15 число. 16

| Количество переселенцевъ на пунктѣ. | Оставалось отъ преды-дущ. числа | Прибыло вновь. | Выбыло. | Остается къ слѣд. числу. |
| --- | --- | --- | --- | --- |
| Взрослыхъ душъ м. пола | 17 | 5 | 5 | 17 |
| „ „ ж. пола | 15 | 5 | 5 | 15 |
| Дѣтей до 10 лѣтъ | 16 | 5 | 5 | 16 |
| Всего . . | 48 | 15 | 15 | 48 |

| Распредѣленіе вновь прибывшихъ за день переселенцевъ. ПРИБЫЛО. | Число семействъ. | Число семейныхъ душъ. | Число ходоковъ и одиночекъ. |
| --- | --- | --- | --- |
| 1) Изъ Россіи . | 2 | 11 | – |
| 2) Изъ другихъ мѣстъ Сибири . | – | – | – |
| 3) Изъ ближайшихъ подраіоновъ | – | – | 4 |
| Всего . . | 2 | 11 | 4 |

| Распредѣленіе выбывшихъ за день переселенцевъ. ВЫБЫЛО. | Число семействъ. | Число семейныхъ душъ | Число ходоковъ и одиночекъ. |
| --- | --- | --- | --- |
| 1) Обратно въ Россію . . . | — | — | 3 |
| 2) Въ другія мѣста Сибири . . | 2 | 11 | — |
| 3) Въ ближайшіе подраіоны для осмотра, или водворенія . . . . | — | — | 1 |
| Всего . . | 2 | 11 | 4 |

**22-илл. Көчөрмандардын саны боюнча протокол, Томск шаары, 15. 1. 1915.**
Булагы: http://pereselenie.gato.tomica.ru/i/3211/390/scan3937.jpg

## 2.5. 1916-жылкы көтөрүлүш

1916-жылы Орто Азия элдеринин падышалык орус өкмөтүнө каршы эң чоң көтөрүлүшү чыкты. Ал көтөрүлүштө окумуштуулар бүгүн ар кандай баа беришүүдө. Бул маселеде жалпы бир көз караштын жоктугу табигый көрүнүш.

.............................................

[73] *Восстание киргизов и казахов в 1916 году*. Бишкек: Асаба, 1991, с. 85.

Чоң Совет Энциклопедиясы (БСИ)[74] аны жумушчу – дыйкан көтөрүлүшү деп мүнөздөйт:

> …Орто Азия жана Казакстандын эзилген элинин 1914–1918-жылдардагы Биринчи Дүйнөлүк согуш кездеги Орусиянын падышалык өкмөтүнүн оторчулук саясатына каршы чыгуусу. Согуш улуттук жана колониалдык эзүүнү (фронттун муктаждыгы үчүн азык-түлүк, унаа жана башка алым – салыктарды жыйноо көбөйгөн) күчөткөн.
>
> Көтөрүлүш падышалык бийликке, империалисттик согушка, ошондой эле орус чиновниктерине элди талап – тоноого жана эзүүгө көмөктөшкөн жергиликтүү манап болуштарга карашы багытталган.
>
> Оболу колониализмге жана согушка каршы башталган көтөрүлүш акырындап антифеодалдык күрөшкө айланат. Кээ бир майда барат райондордо феодалдык клерикалдык элементтер улутчулдук мүнөздөгү реакциячыл тополоңдорду уюштура алды. Көтөрүлүштүн негизги кыймылдаткыч күчү дыйкандар жана малчылар, ошондой эле шаардык эмгекчилер жумушчулар менен кол өнөрчү усталар болду.

Советтик тарыхый булактарда көтөрүлүш негизинен оң бааланат, ал жумушчу – дыйкандардын феодалдык жана капиталисттик эзүүгө каршы көтөрүлүшүнүн мазмунуна шайкеш келет. Ошол эле мезгилде көтөрүлүш жакшы даярдалбаган революциянын үлгүсү, анын мыкты үлгүсү социалисттик революция гана боло алат деп айтылат. Советтик булактардын биринде да ал орус бийлигине каршы күрөш болгон деп айтылбайт, “*падышалык бийлик жана жергиликтүү башкаруучулар менен күрөш*” деген гана сүйлөм колдонулат.

Касымалы Баялиновдун Кытайдагы кыргыз качкындардын абалы тууралуу аңгемеси 1957-жылы “Литературный Кыргызстан”[75]

[74] ТУРСУНОВ, Х. Т. *Среднеазиатское восстание 1916.* [онлайн] Большая Советская Энциклопедия (БСЭ) [цит. 15. 11. 2012] Булагы: <http://bse.sci-lib.com/article105534.html>.

[75] БАЯЛИНОВ, К. Весна в Тянь-Шане. *Литературный Кыргызстан*, № 5 (17), Сентябрь–октябрь 1957 г., с. 90–95.

журналына жарыяланган. Аңгеменин стили ырасмий кабыл алынган канонго жооп берет жана көтөрүлүш эзүүчү – эксплуататорлорго каршы таптык күрөш катары сыпатталат:

> 1917-жылдын март айы. Биз Кытайдан Үч-Турпан[76] шаарына чукул жерде жашайбыз.
>
> 1916-жылы кыргыз эли өз эзүүчүлөрүнө, падышалык колонизаторлорго, алардын малайларына жана бай – манаптарга каршы көтөрүлүшкө чыкты. Бирок ал аёосуз басылды. Миңдеген кыргыз үй-бүлөлөр жазалоочу отряддардан жан сактоо үчүн Кытайга качышты. Алардын көбү тамак-аш жана жумуш издеп, Синьзяндын чыгышындагы Ак-Суу, Кара шаар (Яньци)[77] жана Үрүмчүгө дейре, батышта Кашкарга чейин барышты.
>
> Бизде же малыбыз же узак жолго жеткендей азык – түлүгүбүз жок болгондуктан Турпанда туруп калдык. Мен ал кезде эми 15 жашка толгом. Ата-энесиз калган мени жана 5 жашар инимди чоң энем Сейилкан жана анын уулу Жээнбай багып алган.
>
> Биз уйгур байы Сабит-Ахундан баш паанек таптык. Ал бизге уй кармаган агылын берди. Көп убара болуп жатып, “батирибизди” жашоого эптештирдик. Эшиктин тешиктерин кийиз менен бүтөдүк, жерге саман төшөдүк. Ал бизге төшөнчү болду. Ижара акысы үчүн Сабит-Ахун мени өзүнө малай кылып алды. Качкындар келгенден кийин Савит-Ахун тез байый баштады. Ал арзан жумуш күчүнөн башка да жалчыбаган тыйынга кыргыздардын мал-мүлкүн сатып алды.
>
> (…)
>
> Бул базар. Эл жайнайт. Базардагылардык көбү ачкалыктан көөп шишиген, бутун араң кыймылдаткан бозгун кыргыздар. Кайыр сураган бечаралар да бар. Качкындардын акчасы жок болгондуктан, эптеп жан багуу үчүн ар кандай ишке жалданышып, калган – каткан буюмдарын сатышты, атүгүл кээ бирөөлөр балдарын сатышты.
>
> Бул товарга талап чоң эле, өзгөчө, жергиликтүү байлар кызыкчу. Эркек бала болочокто мыкты кызматчыга айланат, жаш кызды бир нече жылдан кийин токол кылып алса болот.

…………………………………………

[76] Үчтурпан (Wushi).

[77] Карашаар / Яньци (Yanqi).

Советтик тарых окуулугунда көтөрүлүш мындайча сүрөттөлөт:

> Орто Азия менен Казакстандын көчмөн жана жарым көчмөн областтарында жагдай абдан да начар болчу. Өкмөт кыргыздардын жана казактардын жерлерин тартып алып, орус көчөрмандарына бергенди уланттып жатты.
> 1915-жылы орус помещиктерге, чиновниктерге жана кулактарга казактар менен кыргыздардын 1800 миң га мыкты жерлери берилди. Аскерге керек деп аттарды, бодо малды жана жүндү жыйнап кетүү дыйкандарды жакырлантты. Жергиликтүү бийликтердин кысымы жана алым – салымы эл арасындагы теңсиздикти ого бетер күчөттү.
> Орто Азиялык эмгекчилердин жапырт көтөрүлүшкө чыгуусуна, падышалык мыйзам боюнча түпкүлүктүү орус эмес элдер аскердик милдеттен бошотулганына карабастан, 1916-жылы июнь айындагы падышалык өкмөттүн элдин 19 жаштан 43 жашка чейинки курактагыларын окоп казууга жана башка согуштук оорук иштерине алуу жөнүндөгү жарлыгы себеп болду.
> Көтөрүлүш ошондой эле аскерге алууну пара жана башка мыйзам жолдор менен жүзөгө ашырган феодалдарга жана бай төбөлдөргө каршы багытталды.[78]

Совет мезгилиндеги тарыхый окуулуктарда орустар (кийинчерээк эзилген жумушчу табы деп туруктуу жазылат) жергиликтүү элге туура жолду көрсөтөт жана аларды революцияга жетектеп барат:

> **Хамдамжан Талипжанов.**[79] Мен 1916-жылы Андреевдин май жасоочу заводуна жумушка кирдим. Ишке орношконго орус жолдошум жардамдашты. Түшкү тамак маалында орус жумушчулар дайыма биз менен маектешип турушту. Эсимде,

.............................................

[78] *История СССР*. Часть третья. Учебник для 10 класса средней школы. Москва: Учпедгиз, 1952, с. 122-123.

[79] *В боях за советскую власть в Ферганской долине: воспоминания участников Октябрьской революции и гражданской войны 1917-1923 гг*. Ташкент: Из-во Академии наук Узбекской ССР, 1967. Кошумча булак: <http://wiki.central-asia.su/tmpe205.htm>

алар бир жолу Ленин кедейлердин таламын коргогонун жана боштондукка чыгуунун жолун көрсөткөнүн айтып беришти. Алар Ленин жарды – жакырлардын өз укуктары үчүн күрөшүнө жетекчилик кылат дешти. Биз ал кезде 12 сааттан иштечүбүз.

Жанчылган чигиттин таштандысы – күнжара толтурулган оор каптарды көтөрчүбүз. Бел майыштырган бул жумуш үчүн күнүнө 1 рубль 20 тыйындан төлөнчү. Орус жолдоштор өз аңгемелери менен биздей өзбек жумушчуларга кыйын жана адилетсиз абалыбызды түшүндүрүп, көзүбүздү ачты.




**23-илл. Пахта иштетүүчү завод. Кокон шаары.**
Булагы: http://s005.radikal.ru/i212/1209/91/db8bb77155e1.jpg

Ал кезде Андреевдин заводунда жумушчулардын жашыруун ийримдери түзүлгөн. Ийримдин мүчөлөрү элдин баары эс алган кезде, түшкү саат 1 де чогулушчу. Алар бурч-бурчка 5–6 дан болуп үймөктөшүп алып сүйлөшчү. Заводго полиция, жандармдар, пристав (учаскалык полицай) тез-тез келип турчу.

1916-жылкы көтөрүлүштө түпкүлүктүү элден чыккан көтөрүшчүлөр (кыргыз, өзбектер…) жергиликтүү орустардын саясий көз карашын же кайсы тапка киргенин ылгаган эмес, көтөрүлүш бардык орустарга каршы болгон.

Көтөрүлүштүн себебин жана кандай өнүккөнүн Жети-Суу облусунун аскер губернатору өз маалыматында мындай сүрөттөйт:

**Жети-Суу областынын аскер губернатору генерал Фольбаумдун маалыматы**

Жумушчуларды аскерге алууга байланыштуу Жети-Суу областындагы тополоңдор жөнүндө

**Тополоң кайда жана кандай болду?**

Кыргыздардын нааразылыгы мурда эле байкалган. Жалпы элдин маанайын туюнткан бул нааразылык ачык баш ийбөөчүлүккө алып барды.
Улуу урматуунун жумушчулардын наряды жөнүндө жарлыгы июндун башында жарыялангандан кийин кыргыздар арасында агитаторлор тарабынан аскердик милдеттенме киргизилет деген кеп-сөздөр тынбай таркатыла баштады. Бул адегенде бийликтин буйругуна каршы пассивдүү каршылык көрсөтүүнүн, андан соң көпчүлүктүн ачык эле баш ийбөөсүнүн жана баш аламандыктын негизги себеби болду. Бүтүндөй болуштуктарда (волостордо) тополоң чыгып, коркуу сезими күч алды. Чек арада жайгашкан Лепсинск (2010-жылдан кийин Лепси Алакол району болуп алмашты) жана Жаркент оездорунун (уездери) эли июлдун ортосунда Кытайга, башкалар Балхаштын талаасына же тоого кете баштады.
Орустардын колунда иштеген кыргыздар ээлеринин аттарын жана малдарын уурдай качышты. Биринчи олуттуу кагылышуу деп, Кытайга өтүп кетебиз деген үмүттөгү Эмелск жана Барлынск болуштугундагы кыргыздардын 24-июлдан 1-августка чейинки ортолуктагы Тахтинск бажы бекетине жана Апакол өрөөнүндөгү Пограничное кыштагына кол салуусун эсептесе болот.
Кол салуулар бардык жерлерде талап-тоноочулук, өрт кою, адамдарды мыкаачылык менен өлтүрүү, аялдар менен кыздарды туткундап кетүү менен коштолду.
Көлдүн түндүк жана түштүк жээгиндеги бардык коргоосу жок поселокторго кол салынды. Курал жараксыз, даярдыгы жок эл тамдарын жана мүлкүн таштап качты, жолдо аларды кыргыздар тоноду жана уруп сабашты, поселокторду өрттөп жиберишти. Тополоң чыккан Пишпек оезунун болуштуктары жана Ысык-Көлдүн түштүк жээгиндеги Пржевальск оезу октябрдын ортосунда аскер отряддарынын кысымына туруштук бере албай дабан ашып Кашкарга качышты, Ысык-Көлдүн түндүк жээгиндеги кара кыргыздар жана Нарынкол-

Чарын участогунда жашаган Атбан уруусунун кыргыздары Текес аркылуу Кулжа районуна бет алышты.[80]

Көтөрүлүштүн башталышына жергиликтүү элди орус армиясы үчүн ооруктагы жумуштарга чакыруу чоң түрткү болду. Аскерий кызматтан акча төлөп бошонуу мүмкүнчүлүгү оорукка чакырылгындар тарабынан дагы бир теңсиздик ирээти кабыл алынды. Төмөнкү үч аңгеме көтөрүлүшкө катышкан болочокку большевиктер партиясынын мүчөлөрүнүн оозунан жазып алынган. Алар көтөрүлүштү эзүүчү тапка каршы согуш деп түшүнүшкөн.

**Бузрукхожа Усманхожаев.** Мен Риштан болуштугундагы "Майда насыячылар шериктештигинин (эпэ) катчысы болуп иштеп жаткам. 1916-жылы ооруk иштерине мобилизация жарыялангандан кийин элдик көтөрүлүш кандайча башталганы дале жадымда турат. Ошондо кыжырданып жаалданган адамдар падышалык администрацияга, миңбашы, жүзбашы, аминдерге ачуусун чыгарышты. Алар Миңбашы Шакирниаб, Абдурахман Амин жана башкаларды сабашты. Жазалоочу отряддар көтөрүлүшчүлөрдү айоосуз жазалады, бирок Орто Азиянын эркиндикти сүйгөн элинин эркин сындыра алышпады.[81]

**Абдурахман Султанов.** Мен 1916-жылы 400 рублге бир байдын ордуна Украинанын Чернигов шаарына оорук иштерине кеттим. Орусчаны жакшы эле билчүмүн. Ошон үчүн мени жумушчу өзбектер өздөрүнүн башчысы кылып шайлашты. Орус жана өзбек жумушчулар большевиктердин Черниговдогу жашыруун уюму менен бекем байланыш түзүштү. Жашыруун уюмдун большевиктери бизге согуштун империалисттик мүнөзүн түшүндүрүштү. Жумушчу өзбектерге жолдош Богдан Богданович (фамилиясы эсимде жок) бөтөнчө көп көңүл бурду. Жумушчу өзбектер орус жумушчулары менен бирге Февралдагы буржуазиялык революциянын жеңишине арналган демонстрацияга катышты. Мен Февраль революциясы

............................................

[80] К истории восстания киргизов в 1916 г. *Красный архив*, № 3(16), 1926. Булагы <http://vostlit.info/Texts/Dokumenty/M.Asein/XX/1900-1920/Kirgiz_1916/text.htm>.

[81] Бузрукхожа Усманхожаев (1896), 1924-жылдан КПССтин мүчөсү, дыйкан, 1916-жылкы көтөрүлүштүн катышуучусу. Булагы: *В боях за советскую власть в Ферганской долине: воспоминания участников Октябрьской революции и гражданской войны 1917-1923 гг.* Ташкент: Из-во Академии наук Узбекской ССР, 1967.

жеңгенден кийин Коконго кайтып келип, Москва банкынын филиалына кароолдук жумушка орноштум.[82]



**Расулжан Мадаминов**.[83] Тогуз жашымда атам каза болду. Үй-бүлөбүзгө жашоо оор болгондуктан пахта сатып соодегерлик кылган Мизажан Садыкка мардикерлик жумушка жалдандым.

1916-жылы Биринчи Дүйнөлүк согуш күчөп турган учурда соодагер кожоюнум Салижан-байбача Алимжан Хожиев Петроградка Никалай II ге кетти. Ал Фергана өрөөнүндөгү бардык байлардын өкүлү катары падышалыкка бекем берилгенин тастыктагысы келген жана Түркистандык өнөр жайчылардын, дыйкандар менен көпөстөрдүн атынан Түркистан крайынын жергиликтүү элинин бир бөлүгүн падышалык армияга жардамга чакырууну падышадан өтүндү. Салижан Петрограддан 1916-жылы апрелде же майда кайтып келгенден кийин, жергиликтүү элди оорук иштерине моблизация маселесин талкулоо үчүн атайын чогулуш өткөрдү. Бул жыйналышка байлар, мамлекекттик кызматкерлер, ири көпөстөр, Кокон шаарынын көрүнүктүү адамдары, Фергана өрөөнүндөгү чоң байлар менен диниятчылар катышты.

Салижан мээримдүү падыша өз кулдарына – Түркстан элине армияда кызмат кылбастан, оорукта көмөкчү иштерди аткарганга уруксат берди деди. Ошол үчүн, падыша Николай II-нин кулдары, мамлекетибизди коргоого салым кошуп, кимде үч уулу болсо экөөсүн, кимде эки уулу болсо бирөөсүн берсин. Уулдарын оорукка бергиси келбеген ата-энелер алардын ордуна башка адамды жөнөтө алат, деп түшүндүрдү Салижан.

Мен "ыктыярдуу" болуп, мени кожоюнум Икрам-байбачанын баласынын ордуна оорукка алышты. Кокондо мага окшогондор 1000 ден көп экен. Алардын баары байдан 165–700 рублей өлчөмүндө акы алган кедей-кембагалдар же жетимдер эле. Оорукка чакырылгандардын сол колуна "довроволец"

[82] Абдурахман Султанов (1892–1956), 1928-жылдан КПССтин мүчөсү, 1916-ж. Черниговдо большевиктердин жергиликтүү подполдук уюму менен тыкыс байланыш түзөт. Мусулман эмгекчилер союзунун мүчөсү. Булагы: *В боях за советскую власть…*

[83] Расулжан Мадаминов (1895). Булагы: *В боях за советскую власть…*

(ыктыярдуу) деген чүпөрөк тигилген. Бизди онбашы, жүзбашы, тилмечтер болуп, баары 200дөй адам коштоп алды.

Коконго келген Түркистандын генерал-губернатору Куропаткин "ыктыярдууларды" кароодон өткөрдү жана жергиликтүү байлар: капиталисттер, помещиктер жана соодагерлер мобилизацияга эмне керек болсо, баарын аткарганына ишенип, аларды эшалон менен барчу жерлерине жөнөтүүнү буйурду.

Жумушчуларды оорукка алуу Кокон уездинин түрдүү болуштарында куралдуу кагылышууларга алып барды. Араван болуштугунда дыйкандар уулдарын бербей, болуштуктун өкүлүн өлтүрүштү. Тополоңдо оорукка чакырылгандар өзгөчө активдүү болушту. Бизди күзөтчүлөрдүн кайтаруусунда оорукка алып кетти жана биз Аралдан[86] (азыркы Орел шаары) Эльба дарыясына чейинки ортолукта иштедик.

1916-жылдын аягында бизге эмнегедир Салижан келди. Ал кезде жылуу кийим жана өтүк жетишпей, көпчүлүк жумушчулар колу-бутун үшүккө алдырып, кыйналып жаткан. Жумушчулар Салижанды "чыккынчы" дешип, балта, лом менен коркуткандыктан, ал жумушчуларга даап жакындай албады. Аны өлүмдөн офицерлер менен орус казактары эптеп сактап калды.

1917-жылы Февраль революциясынан кийин бир нече шеригим менен чогуу Эльбадан Коконго кайтып келдик. Эртеси күнү чоң байлар келишип, большевиктер жөнүндө эмнени билгенимди жана солдаттардын ооруктан келүүсүнө эмне себеп болгонун сурашты. Алардын суроолоруна жооп бербей койсом, менин үстүмөн убактылуу өкмөттүн Кокондогу аскер комиссары Мединскийге даттанышып, 17 күнгө түрмөгө отургузушту.

Фергана өрөөнүндөгү көтөрүлүштүн катышуучусу Т. Мадалиевдин эскерүүсү да ушуга окшош. Анын оюнча, көтөрүлүш жергиликтүү элдин начар социалдык абалынын натыйжасы.

**Тажибай Мадалиев.**[84] Атам экөөбүз биздин топудай жерибизде таң азандан караңгы түшкөнгө чейин иштөөчүбүз. Жыйнаган

[84] Тажибай Мадалиев (1892), өзбек, Маргелаң шаарынын Чукуркөчө маалеси. Атасы жарды дыйкан, өзү дыйкан(маалымат 1950-жылдары алар Маргеланда жашаганда алынган). Булагы: АБДУЛЛАЕВ Р.М. *Устная история в Узбекистане: теория и практика*.

түшүмүбүздүн көбүн түрдүү алым-салыктарды төлөгөнгө сарпталар эле. Мага окшогон дыйкандардын абалы аябай оор болчу. Биз түрдүү салыктарды, анын ичинде жер (танап)[85], кароолчу, суу, тартуу-белек жана башкалар үчүн төлөөчүбүз.

Моблизация жөнүндө жарлык жарыялангандын эртеси күнү дээрлик шаардын бардык эли: кол өнөрчү усталар, жарды дыйкандар жана жумушсуздар таң азандан Ордо тактынын жанына чогулушту. Ал жерге мен да өз маалемдегилер менен келдим. Бул жерге болжол менен 15 миңден ашык адам жыйналды. Саат 9–10 ченде шаардын падышалык жана жергиликтүү төбөлдөрү, алардын арасында миңбашылар, полиция кызматкерлери жана бир нече бек да келишти.

Топтолгон эл: "Биз мардикер болуп иштегенге барбайбыз" – деп кыйкырып, наразылык билдире баштады. Алардын үнү аянттын төрт тарабына угулуп, ызы-чуу күчөдү. Бийлик өкүлдөрү элди укпай, тескерисинче, көпчүлүктү коркутуп, опузалап сүйлөштү. Натыйжада, алар менен караламан элдин ортосунда тирешүү чыгып кетти. Миңбашылар: Мавлонбек менен Махмудбек, полициянын башчысы (редактордон, Орус империясындагы уездик полициядагы эң төмөнкү чин) өлтүрүлдү. Ошондон кийин мен шериктерим менен Ордотактыдагы кинотеатрга качып кеткен полицайлардын артынан кууп жөнөдүк. Кинотеатрдын ичине кирип, дубалда илинип турган Николай падышанын портретин жулуп алып, тепсеп салдык. Андан соң тополоңчулар күрөштү өз маалесинде улантуу үчүн таркап кетишти. Мен да өз шериктерим менен маалеме кайтып келдим.

Ошол эле күнү көтөрүлүштү басуу үчүн Ферганадан орус казактары жана солдаттар келишти. Алар көптөгөн көтөрүлүшчүлөрдү уруп-сабашты жана камакка алды. Мен да камалдым. Көтөрүлүшчүлөрдүн үйлөрүн тинтишти, үй-бүлөлөрүн маскаралашты. Бизди Маргелан шаарындагы Янгибактагы абак жайга камашты. Орус казактары бизди жоон таяктар менен эстен танганча сабашты. Мени мылтыктын кундагы менен урушту. Бизди Янгибактагы абак жайдан Ферганнын түрмөсүнө которушту. Ал жерде аябай кыйын

←.............................................

Сборник материалов конференции. Выпуск I. Ташкент: Институт истории Академии наук Республики Узбекистан, 2011, 142-бет.

[85] Танап – узундуктун бирдиги – 39,9 метр.

> шартта эки-үч айдай олтурдук. Анан сот болуп, 13 адам дарга асылсын деп өкүм чыкты. Алардын ичинде мен да бармын. Ошондон кийин баарыбыздын бутубузга калып салып, өзүнчө бир бөлмөгө камап коюшту.
>
> Көтөрүлүштүн 84 катышуучусу түрдүү мөөнөткө каторгага айдалды. 15–16 күндөн кийин бизди түрмөнүн дализине чыгарып, арабыздан көтөрүлүшкө активдүү катышкан Нурмат жана шаардын казысынын иниси Мукарамханды бөлүп алышып, калгандарыбызды кайра бөлмөгө камашты. Ошол күнү түн ортосунда Нурмат менен Мукарамханды түрмөнүн короосунда дарга асышканын уктук.
>
> Бир нече күндөн кийин биздин өлүм жазасынын ордуна Сибирге узак мөөнөткө сүргүнгө жөнөтүлө турганыбызды кабарлашты. Бирок, бул өкүмдүн аткарылышына 1917-жылкы Февраль революциясы жолтоо болуп, биз ынкылаптан кийин абактан бошотулдук.

Эмки далилдер көтөрүлүш улуттук мүнөзгө ээ болгонун тастыктайт. Орус кыштактарын өрттөө жана кыйратуу жергиликтүү башкаруучуларга каршы багытталган таптык күрөш дегенди билдирбейт. Кыргыз феодалдары үчүн көтөрүлүш жаман бүткөн жок. Алар уурдаган мүлк-дүйнөсү (анын ичинде кыздар да бар) менен коопсуз жайга качып кеткенге үлгүрүштү.

> **Герман Янтцен**.[86] Жолдо арабакеч көп жаман кабар айтты. Орус өкмөтү аскерий кызматка Түркистандын мусулман элин да чакырыптыр. Алар курал алып немистерге каршы салгылашпай, ооруктa окоп казышат экен. Бирок кыргыздар каршылык көрсөтүшүптүр. Анан алар мечиттерде Аллага жалбарып, немистер орустарды жеңсин деп сурана башташыптыр. Демек, бизди армияга чакырган соң, немистер бардык орус солдаттарды кырып бүтүп, эми орустардын ордун ээлейт деп ойлошкон.
>
> Орус кыштактарында 17 жаштан 45 жашка чейинки куракташылар эбак армияга кетип, жалаң чалдар, аялдар жана балдар калган. Эми жергиликтүүлөр отряд-отрядга жана каракчы топторго биригишип, кыштактарга кол салып,

[86] Герман Янтцен, 25-шилтемени караңыз (30-бет).

адамдарды өлтүрүп, үйлөрдү тоноп жатышты. Анан кыштактарга да от коюшат. Бардык жерде коркуп – үрккөн эл. Көп үй-бүлөлөр кыздарын бөлөк жакка жөнөтүштү. Биз кызыбызды Самарадагы туугандарыбыздын үйүнө жибердик. Ал тиякта бир жыл жашады.

Ушундай жол менен жегиликтүүлөр биздин кыштактан алыс эмес Истик-кол-Приспек деген жерде орустардын кырк кыштагын жок кылышты. Алар бардык айдоо жерлерди да бүлүнтүп бүтүштү.


Бир ирет түн ичинде жегиликтүүлөр биздин үйгө келишип, мени жайлоодогу чогулушуна мажбурлап алып барышты. Ал жерге миңдей адам чогулган экен. Алардын башчысы сүйлөдү: "Урматтуу достум, Рахман-бай (мени ал уруунун эли ушинтип аташчу). Биз сизди бардык маселелерди сиз менен чогуу талкуулайлы деп чакырдык. Сиз билесиз, биз орустарды тыйпыл кылгыбыз келет. Неместер бардык орустарды кырып бүттү. Алар эми бизди армияга алгысы келүүдө. Ошол үчүн неместерге бул жактан жардам берели дедик. Эми алар бизге дос, биз алар үчүн мечиттерде дуба окуп жатабыз. Алардын паашасы Вильгельм бир нече жыл мурда Константинополдо болуп, Түрк султанына жолуккан. Ал султандай эле ак селде тагынып, жума күнү Султан менен мечитке барган. Ошон үчүн немес паашасы Султандын кызын келин кылып алайын деп суранган (чынында мындай эч нерсе болгон эмес). Биз эми Германия менен жакшы доспуз.

Бизге маалым, силердин сегиз кыштагыңарда немистер жашайт жана силер да биз сыңары орустарга каршысыңар. Орустар силерге да бизге жасагандай эле мамиле кылат. Орус дыйканы бир ат берген жерде, силер аргасыздан эки ат берчүсүңөр. Орустар силерди биздей эле жек көрөт. Мына эми алардан өч алчу мезгил келди."

Бирок, кыргыздар тарабынан эч кандай өч алуу болгон жок. Мен болжогондой эле миң орус солдат келди. Алардын ичинде кыргыздар өлтүргөн адамдардын уулдары менен аталары да бар эле. Солдаттар өзүн кыргызмын деген бир да адамды калтырбай жана колуна түшкөндөрүн аябай өч алышты. Алар мурда кыргыздар жасабаган мыкаачылыктарга барышты. Солдаттар тоо арасындагы жана өрөөндөгү алыскы айылдарга чабуул жасап, ал жактагы элдин арасынан бир жан калтырбай кырышты. Кээ бир бай кыргыздар уурдап тонолгон мүлк-

дүйнөлөрү (туткун кыздар да көп болчу) менен беш күн тынбай жүрүшүп, Кытайдын Түркистан бөлүгүнө качып кетишти.[87]





**24-илл. Орус жазалоочу отряды. 25-илл. Көтөрүлүшчүлөрдү дарга асуу.**
Булагы: http://kazak-nation.livejournal.com/169948.html

1917-жылдын 5-сентябрындагы архивдик жазуу кээ бир кыргыздардын көтөрүлүш мезгилиндеги мал-мүлкүнүн абалын, 1917-жылы Кытайдан кайтып келаткан кыргыз бозгундарга кол салууларды сүрөттөйт:

*1917-жылы август айында покровкалык жана барскоондук дыйкандрдын Пржевальск оездинин Ичтык деген жеринде сырттан (Тянь-Шань тоосунун 3500–4000 м бийиктиги тайпак же тегиз жерлүү жайлоолору) кайтып келаткан качкын кыргыздарга кол салганы кабарланды.*

*Жапа чеккендендердин жоготуулары жөнүндөгү маалыматта каракчылар кыргыздардан 18 кесек күмүш жамбы, 300 баш күмүш жана 7600 рубль акча тартып алганы айтылат (жамбы – күмүштүн алакан сымал уюткусу, салмагы 1,9 кг. Кытайда акча бирдиги катары колдонулган). Бул байлык кара таман койчудан эмес, кайсы бир чириген байдан алынган да. Бул байда анын кандаштары Кытай башынан өткөргөн ачкачылык жана азап-тозоктон кийин, ата журтуна кайтып келгендеги дүйнөсү.*[88]

…………………………………………

[87] ЯНТЦЕН, Г. В. *В далеком Туркестане. Жизнь среди мусулман*. Бишкек: Луч надежды, 1993, 73–75-беттер.

[88] МУХЛИНИН, Б. В. *Востание 1916 года в Чуйской долине*. Часть 13-ая.[онлайн] История села Беловодское, 2012. [цит. 27. 11. 2012]. Булагы: http://belovodskoe-muh.ucoz.ru/publ/moi_ocherki/vosstanie_1916_goda_v_chujskoj_doline_chast_13_aja/2-1-0-241.

Көтөрүшчүлөр адилеттик үчүн күрөшкөн каармандар эмес, кадимки кан ичкич ууру-каракчы экенин Ысык-Көл боюндагы Троицкий кечилканасынын орус кечилдерин топ-тобу менен өлтүрүү ырастайт. Кечилканага жасалган чабуулду сыйынткананын акыркы баш диниятчысы, архимандрит Иринарх[89] мындай деп эскерет:

> 10-августта коогалаң башталганын, кыштактар өрттөлүп, адамдардын өлтүрүлгөнү угулгандан кийин, кечилканадагы адамдардын чый-пыйы чыкты. "Эмне кылыш керек, кайда качабыз, кайда барып коргонобуз…," -деп кайрылды аларга кечилкананын башчысы. Мен руханий устат, иеромонах[90] Рафаилди жана башка агайындарды кезиктирдим. Отец Рафаил башка жактан калканч издөө жөнүндөгү сунушту шыр эле четке какты жана кыргыздар кечилдерге зыян келтире албайт деп бизди ишендиргенге аракет кылды. Алар келип, ызы-чуу салып, талап-тоноп кайра кетет деди.
>
> Көтөрүлүшчү кыргыздардан башка жакка качууну каалагандар жолго камдана башташты, ал эми кечилканада калууну чечкендер жайкы Троицкий соборуна көчүштү. Сыйынтканада калабыз деп чечкендердин арасында иероманах Рафаил, схимник[91] Исихий, кечилдер Досифей, Дорофей, Феоктист, послушниктер[94] Никифор, Феодор, Симсон, Михаил, Назарий, Стефан жана Александр (Вавилов) бар эле.
>
> Биз жагдай бир жаңсыл болгончо кечилкананы убактынча калтыра туралы деп, болжол менен эки десятинага (редактордон, 1 десятина = 1,0925 га) жакын аянттагы кечилкананын аты жок аралында жашап турмак болдук. Кечилканадан үч верста (редактордон, 1 верста = 1,0668 км) чамалуу алыстагы аралчаны түштүк батышы Песчаный булуңуна чыгат.
>
> Кечилкананын жанындагы курулушутардын биринде иштеп жаткан сарт жүгүрүп келип, кечилкананы көздөй кыргыздардын чоң тобу келатканын айтты. Кыргыздар алгач экономду (чарбанын ишин көзөмөлдөгөн адам) тоношуп, андан соң кечилкананын ыйык дарбазасына келишти. Бул маалда отец

[89] ФАРБШТЕЙН Юлия. День памяти новомучеников и исповедников земли Кыргызстанской. *Православная газета Кыргызстана* № 7, 2012, 8-бет.

[90] Иермонах – наам алган монах, кечил.

[91] Схимник – кудайга кызмат кылуу үчүн үй-бүлөдөн жана жашоо жыргалчылыганан баш тарткан аскет-кечил.

Рафаил послушник Александр Вавиловду конгурооканага жиберди. Рафаил ата өзү кыргыздардын талабын угуу жана жоошутуу үчүн аларды утурлап чыкты.

Кыргыздар аны курчап алып, жыгач казыктарды тегерете коюп, кечилканадагы мектептин орусча жакшы сүйлөгөн окуучусу Бексырганын жардамы менен суракка алышты. Андан соң Рафаил атанын өтүгүн, шымын, капчыгын акчасы менен кошо тартып алышып, инокторго тийбейбиз деп убада беришти. Ошондон кийин кыргыздар кайра эканомду көздөй кетишти, Рафаил ата чиркөөгө кайтып келди. Рафаил атанын артынан эле послушник А. Вавилов коңгуроо турган мунарадан түштү. Кыргыздардын толкунуна собордун калың эшиги көпкө туруштук бере албады. Эшикти талкалаган соң жыгач найза, балта, атүгүл мылтык менен куралданган кыргыздар кыйкырып-бакырып, кудайдын Храмына кире башташты. Арген үндүү отец Рафаил жетектеген кечилдер алтарга туруп алышып дубаны ырдай башташты. Ар биринин колунда икон жана крест. Тополоңчулар кечилдердин кийимин чечтирип, ич кийимчен калтырышты жана ошол абалында: колунда кармаган ыйык заттары жана "Высшую небес" ырын созолонткон бойдон чиркөөнүн эшигинин оозундагы аянтка айдап барып, бирден өлтүрө башташты. Биринчи чыккан отец Рафаилдин башын жана Евангелие кармаган оң колун балталап кесип салышты. Алар отец Рафаилди кечилканада ал өзү окуткан шакирти Бексыргага өлтүртүштү.

Башкаларды мокок жыгач найза менен денесин сайып, долоно таяктар менен уруп өлтүрүштү. Кечилканада калган 12 кечилдин сегизи: иероманах Рафаил, кечилдер Досифей, Дорофей, Феоктист, послушниктер Михаил, Никифор, Феодор, Стефан өлгүчө сабалды. Собор өрттөлөт деп кооптонгон Александр Вавилов анын чатырынан акырын коңгурооканага түшүп, чиркөөнүн оозундагы паперттин тепкичинде отурган мурду кесилген кечил Дрофейди биринчи болуп көрдү. Коркуп кеткен Вавилов сирень өскөн аллея жакка булт берип качып, анын калың көчөтүнүн артында олтуруп алып, Мельхисидектин үжүрөсүн талкалагандарды карап олтурат.

Өлтүрүлгөн кечилдерди 2012-жылы Орус ортодокс чиркөөсү шейит өлгөн “ыйык” адамдар деп жарыялады. Алар Кыргызстандагы биринчи православ ыйыктары.




**26, 27-илл. Кыргызстандагы биринчи православ ыйыктар (24.8.2012)**
Булагы: *Pravoslavnaja gazeta Kyrgyzstana* № 7, 2012.

Сейитбек Жээнбаев жана анын тууганларынын тарыхы-XX жүз жылдыктын башы кыргыздар үчүн азаптуу болгонун көрсөтөт. Түз айтканда, 1916-жылкы көтөрүлүш көптөгөн үй-бүлөлөрдү Кытайга качканга мажбурлады. Качкындар үркүндөн кайтып келгенден кийин совет бийлигинин мал-мүлтү тартып алуусу башталса, бир нече жылдан кийин кулакка тартуулар жана камакка алуулар болот. Муну менен тап душмандарын куугунтуктоо бүтпөдү, кулакка тартылгандардын балдарынын бетине "эл душманынын тууганы" деген көө өмүр бою сүйкөлөт.

**Сейитбек Жээнбаев**, публицист жана педагог-уюштуруучу. Чоң атамдын атасы Адыл 94 жашында дүйнө салды. Анын Ибрагим жана Мусакожо деген эки уулу болгон. Ибрагимдин уулу Жаанбай, Жаанбайдын уулу – мен. Ибрагимдин Жаанбайдан башка да эки кызы жана Мойдунбек, Курманбек деген балдары бар. Күйөөгө чыккандан кийин Ибрагиимдин тун кызы Шамирканова болуп калды. Ал партияга өтүп, Компартиянын Жумгал райкомунун 3-чү катчысы да болду. Узак жыл айылдык кеңештин төрайымы болуп иштеп, акыркы кызматы – совхоздо директор болуп жүрдү. Мусакожонун жалгыз уулу Улуу Ата мекендик согушта өлгөн.

Чоң чоң атам Адыл Балбак батырдын небереси болот. Балбайдын уулу Медет датка. Медет даткадан Чыны бий, Көкүмбай, Курман. Курмандын уулу менин чоң чоң атам Адыл.

Мен чоң энемден да чоң атам Ибрагимден да чоң чоң атам жөнүндө көп сурадым. 1916-жылкы Үркүндө Адыл чоң чоң атам үй-бүлөсү менен Кытайга качып барып, үч жыл турпанда жашайт. Адыл туугандарына көп жардам бергенин айтып калчу. Ал сабаттуу болгондуктан китеп окуйт эле. Бир жолу китептен малайлар тамтыгы чыккан кийимчен, тоюп-тойбой жашаган

дегенди окуп алып: “Бул калп,” – деп аябай тилденди ачууланып. Анын айтымыда байлар кол алдында иштеген адамдардын кимдир бирөөсүнүн тууганы өлсө же бешик той, сүннөт той өткөрсө, мал берчү экен. Өз туугандарына жана башкаларга сөз болбош үчүн байлар үйүндө кызматын кылып, малын баккан адамдарды жакшы кийинтишкен. Чоң атамдын айтканына караганда, байлар жумушка эң биринчи кезекте өздөрүнүн бир туугандарын жана башка жакын туугандарын алган. Чоң чоң атам Адыл өзүнүн агасы Көкүмбайдын бир үйүр жылкысын баккан.

Адыл 1932-жылы манаптын жана датканын тукуму деп кулакка тартылган. Ал кезде атам бир жашта болот. Чоң атам байлар менен манаптар өз айылдарын башкарып, талаш-тартыш маселелерди жөнгөргөн, күнөөлүүлөрдү жазалаган деп, совет бийлигинин мурдакы байларды кулакка тартуусун сындап жактырган эмес. Саяк уруусун Курманкожо уруусунан чыккан байлар жана манаптар бийлеген.

Чоң чоң атам Адыл үй-бүлөсү менен Оренбург облусуна сүргүнгө айдалган. Чоң атам Ибрагим атасын Оренбургдан Жумгалга кантип алып келгенин айтып берчү. Алар кээ кээде поезд же ат же башка улоо менен жүрбөсө, көбүн эсе жөө басып келишкен экен Оренбургдан бери.

Атам Жаанбай өмүр бою партияга өтө алган жок. Ал 1955–1956-жылдары азыркы Бишкекте педагогикалык институтта окуду. Аны кулактын уулу деп, экинчи курста экенде окуудан айдап жиберишти. Себеби институтка кимдир бирөө Жаанбай кулактын баласы деп дембе-дем анонимдүү кат жазат. Ошон үчүн атам 1960-жылдары Ош désinституттунун физика-математика факультетин бүтүп, өмүр бою мектепте иштеди. Институтту бүткөндөн кийин атамды мектептин директору кылып дайындашат, бирок үч ай айланбай партияда жок экенсиң деп, директорлук кызматтан алышат. Атам айтып калар эле, 27 жолу партияга кабыл алчу комиссия мени КПССка мүчө болуп өтүү боюнча арызымды караган деп. Атам 1980-жылы 51 жашында көз жумду. Анын агасы Мойдун өмүр бою колхоздо уй кайтарды. Аны партияга кабыл алышкан. Иниси Курманбек орто мектепти аяктаган соң Кыргыз мамлекеттик университетинин физика-математика факультетинде окуду. Аны да бир жылга жетпей кулактын уулу деп, окуудан чыгарып салышты. Ал кийин политехникалык институттун кечки бөлүмүнө которулуп, күндүз Бишкек ТЭЦинде (Жылуулук

электр борбору) электромонтер болуп иштеп жүрүп, партияга өттү. Курманбек байкем институтту бүткөндөн кийин Киргизглавэнерго башкармалыгында башкы инженер болуп калды. Ал эми 24 жашында Чаектеги гидроэлектростанциянын директорлугуна дайындалды. Андан соң Ат-Башы ГЭСинин, кийин Аламүдүн РЭСинин, Чүй ПЭСинин директору болуп жүрдү. Ал Республиканын эмгек сиңирген энергетиги. Азыр пенсияда.

Экинчи чоң атам Мусакожонун жалгыз уулу Аманкан согуштан кайтпады. Кан майданда төрт жыл согушканы менен Чаек айылында 1967-жылы Ата Мекендик согушта курман болгондорго тургузулган эстеликтин бетине чегилген тизмеге Аманкандын атын жазбай коюшту. Баягыдай эле кулактын баласы, эл душманынын баласы дешип. Төрт жылдан кийин ал тизмени толукташты, бирок Аманкандын ысмын кайрадан кошушкан жок. 1984-жылы киндик каны тамган өз айылына согуштун катышуучуларына эстелик тургузулганда, анын атын кайра жазышпай койду.

Атам Жаанбай 1967-жылы агасынын тагдыры тууралуу сурап, ал кездеги Түркистан аскер округунун командачысы, генерал Ляшенкого кат жазды. Ляшенконун жообунда Мусакожоев Аманкан 1944-жылы Курск шаарынын жанында баатырларча курман болуп, ошол жерде көмүлгөн деп көрсөтүлүптүр. Ошол каттын негизинде атам КГБнын Кочкордогу бөлүмүнө кайрылды. Биз КГБдан келген каттан Мусакожоев Аманкан штрафтык батальондо[92] кызмат кылганын түшүндүк. Ошон үчүн аскер комиссариаты Аманкан байкемди согушта курман болгондордун тизмесине киргизгенге макулдук берген эмес экен.

1916-жылкы көтөрүлүштүн мисалында тарыхый окуяларды чечмелөөдө канчалык чоң айырма болорун түшөнсө болот:

- 1920-жылы анын алгачкы эки версиясы пайда болот:
    - Көтөрүлүштү улуттук мүнөзгө ээ дегенге эч кандай белги жок. Бул жергиликтүү (мусулман) калктын

[92] Соттолгон же аскерий тартипти бузуп, дициплинардык жактан жазаланган солдаттар менен офицерлер кызмат өтөчү бөлүк (Оор кылмыш жасагандар өлүңм жазасына тартылган).

жана европалык эмгекчи элдин эзүүчүлөргө каршы согушу.

- o "Улуттук" версия – жергиликтүү жетекчи кызматкерлер (Рыскулов, Абдырахманов) карманган бул көз карашы боюнча, орус дыйкандары Орто Азияга өз эркине каршы келсе да эзүүчү катары кабыл алынгандыктан, жергиликтүү элдин жек көрүүсү аларга да каршы багытталган.

- 30-жылдан тарта "СССР элдеринин бир туугандыгы" деген тезистин таасири астында таптык күрөшкө чоң маани берилет. Бул тезиске ылайык, көтөрүлүшкө коомдун аоёсуз эзилген таптары катышууга тийиш эле. Кийинчерээк "улуттук боштондук кыймылы" деген түшүнүк пайда болот.
- СССР кыйрагандан кийин көтөрүлүштү улуттук деп негиздөө аракети башталып, жергиликтүү улутчулар менен орус тарыхчылары арасында "1916-жылкы көтөрүлүшкө объективдүү баа берүү" боюнча жаңы таймаш күч алат. Эл көтөрүлүшкө "антиорусчул, улуттук, пантүркчүл, панисламчыл мүнөзгө, анан да Германиянын, Түркиянын, Персиянын, Кытайдын жана башка өлкөлөрдүн атайын кызматтары тарабынан куткуланган"[93] деп чечмеленет. Атүгүл Кыргызстандын президенттигине талапкерлердин бири Орусия Федерациясынан кыргыз элине Үркүндө келтирилген зыян үчүн 100 млрд доллар компенсация төлөп берүүнү талап кылат.

Ошол кездеги материалдардын негизинде жергиликтүү мусулмандардын абалы өтө начар экенин көрүү мүмкүн. Эң чоң проблема жердин тартыштыгы болгон (Столипиндин реформасынан кийин элдин Орто Азияга массалык көчүүсүнө байланыштуу), ал эми Европадан келген көчөрмандарга берилген жеңилдиктер түпкүлүктүү элдин укугун кемсинткен. Биринчи Дүйнөлүк согуш учурунда жергиликтүү эркектерди оорукка окоп казууга чакыруу аларды көтөрүлүшкө түрткөн эң акыркы эң чоң жүйө болду.

Бул жерде күрөш революциячыл мүнөзгө ээби же жокпу, ага карабай, адилеттүү күрөш жөнүндө эч кандай сөз болбош керек. Уюмдашкан башкесерлер жана каракчылар эркектери фронтко чакырылып кеткен бардык жергиликтүү элдин там-жайына кол


……………………………………………

[93] КАЛИШЕВСКИЙ, М. *Трагедия 1916 года: Девяносто пять лет со дня восстания.* [онлайн] © 1998–2012 Международное агентство новостей «Фергана» [цит. 27. 11. 2012]. Булагы: <http://www.fergananews.com/articles/7003>.

салып, талап-тоношуп, кыздарын жана аялдарын өздөрү менен алып кетишкен.

Андан кийин чөлкөмгө жөнөтүлгөн орус армиясынын жазалоочу отряддары күнөөлүлөрдү өзү билгендей жазалап, адилеттик орнотушту, алар өз васыйпасынан аша чаап кетишкен. Мунун өзү нааразылыктын жаңы толкунун жаратат.

Ал жагдайда ким күнөөлү, ким күнөөсүз деп териштирилген эмес, көбүн эсе "орус" (же кайсы бир Европа элинин өкүлү) деген сөз "түпкүлүктүү жашоочуга" каршы коюлган. Советтик тарых илими эмне деген күндө да (көтөрүлүшчүлөр жөнөкөй орустарга, айрым бир учурларды айтпаганда, көпчүлүк мезгилде тийишкен эмес)[94]. Көтөрүлүштүн катышуучулары үчүн "эзүүчү" жана "эзилүүчү" деген түшүнүк жок эле.




**28, 29, 30-илл. 1916-жылкы көтөрүшкө арнап тургузулган эстелик.**
(Боом капчыгайы, 2008-ж.) Булагы: http://antipodean-wor.livejournal.com/468684.html

[94] Научная конференция по вопросу о характере национальных движений в Киргизии во второй половине XIX – начале XX века. Вопросы истории, 1953, №7.

## 2.6. Кыргыз көчмөндөрдүн отурукташкан жашоого өтүүсү

Бүгүнкү Кыргызстандын территориясындагы көчмөн кыргыздар падышалык заманда (Түркистандын башка көчмөн аймактары сыяктуу) эле отурукташкан жашоого өтө баштаган. Себеби падышалыктын 1867-жылдагы[95] мыйзамында көчмөн элдерди (уруулук бөлүнүштүн ордуна) волосторго (болуштук) жана айылдарга бөлүү[96] каралган болчу.

Жаңы административдик түзүмдөр жалпы эл шайлаган органдар тарабынан башкарылган. Көчмөндөр үчүн айылдардын жана болуштуктардын курултайы[97] өткөрүлсө, отурукташкан эл кыштактардын жыйынын[98, 99] өткөрүшкөн. XX жүз жылдыктын 90-жылдары бүгүнкү Кыргызстандын түндүк бөлүгүндө калкы олтурукташкан элдүү жайлар (кыштактар) пайда болот.[100] Жаңы көчөрман-оторчулар өздөрүнүн жер үлүштөрүн колониалдык Жер фондунун эсебинен алышкан. Бул фондго көчмөндөр пайдаланбаган артык баш жерлер кириши керек болчу. Бирок ага көптүн көзүн күйдүргөн семиз жерлер да кирип кеткен.

Кээ бир маалыматтар боюнча, берилген жер фонду XIX жүз жылдыктын аягында эле ада болгон; экинчи бир маалыматтар боюнча XX жүз жылдыкта да көп жерлер ээсиз эле. Анын далили катары оторчулардын Батыш Сибирди[101] өтө жигердүү өздөштүрүүсүн (колониялаштыруу) айтса болот.

.............................................

[95] Положение об управлении в Семиреченской и Сырдарьинской областях.

[96] ЖУНУШАЛИЕВ, Д.; ПЛОСКИХ, В. *Трайбализм и проблемы развития Кыргызстана*. [онлайн] CA&CC Press, Sweden, 2000 [цит. 21. 2. 2012]. Булагы: <http://www.cac.org/journal/cac-09-2000/17.Dzhunu.shtml>.

[97] Айылдардын, болуштуктардын курултайы.

[98] Айыл-кыштактардагы жыйналыштар.

[99] БОРУБАШОВ, Б. И. Кыргызстан в системе государственного устройства и управления российского государства. *Вестник КРСУ*. 2008. Том 8. № 2, с. 109–115.

[100] ЖУНУШАЛИЕВ, Д.; ПЛОСКИХ, В. *Жогоруда көрсөтүлгөн эмгек*. с. d.

[101] БЕЛЯНИН, Д. Н. *Источники формирования колонизационного фонда в Западной Сибири в годы осуществления столыпинской переселенческой политики (1906–1914 гг.)* [онлайн] [цит. 28. 11. 2012] Булагы: <http://izvestia.asu.ru/2011/4-2/hist/TheNewsOfASU-2011-4-2-hist-05.pdf>.

Колониалык жер фонду жергиликтүү элди түздөн түз талап-тоноонун эсебинен түзүлгөн. Кыргыздар массалык түрдө кыштоолорунан көчүрүлгөн.[102]

Түркистан Орусияга кошулгандан тарта көчмөндөр аларга таандык эмес мамлекеттик жерди пайдаланышканы айкын. Жер фонду түзүлгөндө, арийне, көчмөндөр көчүп-конгон жерлер азайды.

Жети-Суу областынын Пишпек уездинин Сокулук болуштугундагы кыргыздардын жерлери жөнүндө маалымат[103] (1910-жылга караштуу документ). Бул документ жерге эл отурукташып жашоого өтөр алдында эмнеге артыкчылык бергенин көрсөтөт. Алар жолдон тияк-биякка өткөн ар бир жолоочуга элдик салтка ылайык дасторкон жайбас үчүн чоң даңгыр жолдон алыс жашаганды каалашкан:

> Конуштарды түзүп жатканда кыргыздарга Ташкент-Верный (азыркы Алматы шаары) почта жолуна чукулураак жерде эки кыштак курууну сунуш кылышты. Кыргыздар жолдон түшүүчү пайдасына карабай, жер үлүшүн чоң жолдон алыстан берүүнү өтүнүштү. Алар жашоочуларга өз азык-түлүктөрүн сата алмак. Мындай сунушту четке кагуусунун себеби өтө таң калаарлык эле. Кыргыздардын салты боюнча жолдогу жолоочуну үйүнө бекер кондуруп, акысыз тамак-аш бергенден эч ким баш тарта албайт. Эгер кимдир бирөө кыргыздардын меймандостук салтын дайыма бузчу болсо, аны достору жана туугандары сыйлабай калышат, алтүгүл жергиликтүү бийге анын үстүнөн даттануусу мүмкүн.
>
> Ошон үчүн кыргыздар эгер күнүнө жүздөгөн адамдар өткөн жолдун жээгинде жашашчу болсо, бардык жолоочулар, өзгөчө манаптар, алардын үйүнө токтоп, тегин тамак-аш берүүсүн өтүнөт деп ойлошкон. Жүргүнчү акчасын төлөйм деген учурда да үй ээси акчаны ала алмак эмес. Бул күнөө деп эсептелмек.

[102] *История СССР*. Часть третья. Учебник для 10 класса средней школы. Москва: Учпедгиз, 1952, 79-бет.

[103] *Справка о землеустройстве киргиз в Сукулукской волости Пишпекского уезда Семиреченской области. 1910 г.* Российский государственный исторический архив (РГИА), фонд 391, опись 11, дело 2, лист 11 (Б. Ф. Мухлининден алынды).

Нукура көчмөндүк турмуш (көчмөн мына бул менин үйүм деп айткан) Орто Азияда эбак жок болду. Отуруктушканга чейин көчмөндөрдө туруктуу конуп-түнөөчү үйү жок, боз үйү гана болгону менен алардын жазында, жайында, күзүндө жана кышында кончу туруктуу орундары болгон.



**31-илл. Кыргыздардын айылында. (Б. В. Смирновдун сүрөтү, 1903-жыл.)**
Булагык: http://frunze-bishkek.kg/sites/default/files/Пишпек исчезающий.pdf

Көчмөндөрдүн азыркы Түркистандын аймагындагы көч жолу жыл мезгилине жараша тандалган: алардын кыштоолору демейде кар аз жаап, тез эрип кеткен жерлерде болгон. Алар жазында кардын эригенине карай, тоонун улам бийик жайыттарына көчүп, жайды ошол жакта өткөрүшкөн. Жазгы жайытта көчмөндөр асыресе көп кармалбаган жана улам өйдөлөп көчүшкөн.

Тоонун аркы жагындагы жайлоолорго байлар гана барышкан, ал эми жардылары ашуу ашып көчө алышкан эмес. Ашууларга кар эрте түшкөндүктөн артка жол татаал болгон. Бир баш малсыз, жайлоого чыгуусунун зарылдыгы жок жарды үй-бүлөлөр да жайкы жана кышкы конуштарга көчүшкөн. Ал жакта уруунун байларына көмөктөшкөн.

Г. Гинс 1913-жылы Жети-Суу облусунда кыдырып жүрүп, кыргыздар жана казактар аста-секин отурукташа баштаганын, ошол эле учурда, орустардын жаман жана жакшы жактарын өздөштүрө баштаганын байкаган.

Жаңы жашоонун жаңы турмуш жолою кыргыздарга олуттуу таасир этүүдө. Алар отурукташууда, дыйканчылыкка улам көнүп, өздөрүнүн эски үрп-адаттарын да өзгөртүшүүдө. Өндүрүлгөн азык-түлүктөрүн сатып, эми мурда өздөрү жасаган нерселерди сатып алчу болушкан. Алардын меймандостук салты акырындан жоголуп баратат жана бекет күтүп, сый тамагына акча алууну үйрөнө башташкан.

Үйдө тигилген кийимдердин ордуна кадимкидей костьюмшым кийишип, зарыл шаймандарды сатып алып калышкан. Анткени, бул шаймандар ыңгайлуу жана арзаныраак.

Кыргыз мусулмандар орустардын жаман адаттарын да өздөштүрүүдө. Арак ичип, чылым чеккенди алар эбак эле үйрөнүшкөн.[104]

Жер айдап, дан сепкен кыргыздар да кээде алыс эмес жерге малын күнүнө жайытка айдоо үчүн көчүшкөн. Отурукташкан жашоого өткөндөрдүн көбү ар кандай себептерден улам малсыз калган адамдар.

XIX кылымдагы орус оторчулугунун натыйжасында, бүгүнкү Кыргызстандын аймагында отурукташып жашоо жолоюна өтүү жараяны тездеген, бирок статистикалык маалыматтарга караганда, 98 840 кыргыз үй-бүлөсүнүн 21 772 (22% проценти)[105] гана отурукташып, көчпөй калган.

Большевиктер бийликти басып алгандан кийин көчмөндөр катуу кысымга алынды. Көчмөн жашоого согуш жарыяланды. Отурукташып жашоого ыктыярдуу өтүү лозунгу башка чындыкты көмүскөдө калтырат жана бардык эле көчмөндөрдүн көнгөн каадасын таштагысы келбегени анык.

Көчмөн жашоо кыргыздардын маданий өнүгүүсүнө тоскоол болуп, экономикалык өсүшүн саалгыткандыктан, алардын олтурукташып жашоого умтулуусу күчөдү. 100 дөн көп түтүндүү Кызыл-Туу болуштугунун кыргыздары: "Биз көчмөн турмушту каалабайбыз, биз отурукташып жашаганды

............................................

[104] ГИНС, Г. Очерки из поездки по Семиречью. *Исторический вестник*, 1913, № 10.

[105] OSOROV, Z. Myths and Survivals of Nomadic Past. *Kyrgyzstan Times*, September 28, 2000.

самайбыз, ошол үчүн бизге жер үлүшүбүздү бөлүп, отурукташып жашаганга которууңузду суранабыз"[106] – деп жазышат.

Колгутин болуштугунун 90 түтүн эли: "Отурукташып жашаганды каалайбыз жана бизди Ново-Архангельск кыштагына жайгаштыруунуздарды өтүнөбүз"[107] – деп жазат.

Уездин аткаруу комитети улуттук иштер боюнча бөлүмдүн өкүлдөрүн жана жер бөлүмүнүн адистерин отурукташып жашоону каалаган кыргыз болуштугуна жөнөтүшкөн. Аларга талаачылык менен катар малчылыкты да уланта берүүсү үчүн айдоого, чөп чабууга жана жайытка жер бөлүп беришет. Айыл чарба шаймандарынан жана акчалай да жардам көрсөтүлөт.[108,109]

Большевиктердин эскинин "саркындысына" каршы күрөшү идеологиялык тазалоодон репрессияга чейин жетип, толкун сыяктуу жүрдү. Бул күрөш түрдүүчө аталды: Коомдун таптык бөлүнүүсү, бай-манаптар менен кулактарды жоюу, улутчулдук, ошондой эле индустриализация, коллективизация, маданий революция жана башка ушу сыяктуу. Бирок анын негизги мазмуну салттуу коомдук түзүлүштү жана коомдук мамилелерди жоюу болду.

Кыргызстанда отурукташуунун биринчи этабы (1920-жылдары) совет бийлиги орногондон коллективизация башталганга чейинки мезгилди камтыйт. Алгач 1921–22-жылдардагы жер реформасы кезде көчмөн чарбалардын олуттуу бөлүгү отурукташтырылат. Мамлекет көчмөн кедейлердин чоң бөлүгүнө кулак-көчөрмандардан жана феодалдардан тартып алынган айдалган жерлердеги өз үлүштөрүн, айыл-чарба шаймандарын, короо жайлуу үйлөрдү берет.[110]

............................................

[106] Борбордук мамлекеттик архив (ЦГА Киргиз. ССР), ф. 796, оп. 1, д. 42, л. 34.

[107] Борбордук мамлекеттик архив (ЦГА Киргиз. ССР), ф. 796, оп. 1, д. 42, л. 34.

[108] Борбордук мамлекеттик архив (ЦГА Киргиз. ССР), ф. 41, оп. 1, д. 4, л. 59.

[109] ЖАНТУРОВ С. Б. *Гражданская война в Киргизии*. Фрунзе: Издательство Академии наук Киргизской ССР, 1963.

[110] *Коллективизация сельского хозяйства и переход от кочевничества к оседлости* (Энциклопедия Киргизская ССР) [онлайн] Kirghiz.Ru, © 2011 [цит. 28. 11. 2012] Булагы:

Кыргыз көчмөндөрүнө мамлекет тарабынан ар тараптуу жардамдардын көрсөтүлүшү өкмөт алар жөнүндө олуттуу кам көргөн деген пикирди жаратат. Бирок бул жерде маселенин экинчи жагына да көңүл буруу зарыл. Кимдир бирөөлөргө берилген тегин нерселердин баары аны ак эмгеги, тынбаган мээнети менен тапкан адамдардан тартып алынган, конфискацияланган.

Бөтөн бирөөнүн мүлкүн бөлүштүрүү көпчүлүк учурда болжогондой натыйжа берген эмес. Мисалы, кулака тартылган адамдардын бири Абдырай (148-бет) мындай дейт: *Совет өкмөтү байлардын аттарын жана арабаларын тартып алып, кедейлерге бөлүштүрүп берди. Алар алган унаа жана шаймандарын сатып жиберип, кайра эле ат, арабасыз калышты.*

Башка бир мисал (232-бетти караңыз) орус көчөрмандары курган үйлөрдү кыргыздарга алып берип, кожоюндарын сүргүнгө айдап жиберүү адилетсиздик экенин ашкере кылат.

←.............................................

<http://www.kirghiz.ru/enc/istoriya_
182/kollektivizatsiya_182/kollektivizatsiya_selskogo_hozyaystva_233/>.

# 3. Советтик Түркистан

## 3.1. 1917-жыл

Большевиктердин бийликти басып алуусундагы эң маанилүү учур деп 1917-жылкы Петроградда ишке ашырылган Октябрь революциясы эсептелет.

1917-жылдын октябрынан кийин коммунизмдин идеясы тез эле жалпы Орусияга жайылат. Бирок советтер өлкөдө 1905-жылкы биринчи революциядан кийин пайда болгон (64-бетти кара). Бул советтер адегенде цехтик уюм (эмгекчилер совети, аскердик советтер, жумушчулар совети ж.б.) катары түзүлөт. Советтердин түзүлүшү эч кандай мыйзам менен негизделбесе да, алардын таасири токтоосуз өсүп жатты. Ленин советтердин системасын жаңы типтеги мамлекеттин фундаменти деп эсептей баштайт.

*Дүйнөдө биринчи жолу мамлекеттик бийлик Орусияда мындай жол менен түзүлдү: жумушчулардын жана эмгекчи дыйкандардын эзүүчүлөрү жок массалык уюмдары – Советтер түзүлдү жана бул Советтерге бардык мамлекеттик бийлик берилет.*
В. И. Ленин: «Совет бийлиги деген эмне?»

1917-жылкы Февраль революциясынан кийин падыша тактыдан баш тартып, Орусиянын республика болуп калуусу табигий түрдө Орто Азияга дагы таасир этти. Гимназияда окуган он беш жаштагы студент Февраль революциясын мындай кабыл алат:

> Февраль революциясы, падышаны тактан кулатуу, эркиндик.
> Ять[111] тамгасы, латын жана грек тили жоголсун! Жоголсун чиркөө! Катехизистерди мешке таштагыла! Ушинтип, биз укукка ээ болдук. Укук дегениң эмне? Бул биз үчүн бүдөмүк эле. Биздин өкүлүбүз педагогдор советинин жыйынына катышып калды. Бул аз да болсо ал кабыл алган чечимдерге таасир эткенге мүмкүндүк берди.
> — Эми эмне болот? Балким, падышаны кайра такка отургузабы? деген суроолорду көп эле угуу мүмкүн эле.

[111] Ять – ѣ – тамгасы 1917-жылкы жаңы тил реформасынан кийин колдонулбай калды.

> Түрдүү, кээде такыр карама-каршы пикирлерден башың айланчу…[112]

Февраль революциясынан кийин жана Октябрь төңкөрүшүнөн алда канча мурда Орто Азияда дагы революциячыл салгылашуулар башталды. Ташкентте 1917-жылдын 2-мартында Түркистан эмгекчилеринин биринчи кеңеши түзүлөт. Ага акырындап аскерий депутаттардын, жумушчулар жана эмгекчилердин советтери кошулду. 1917-жылдын октябрь – ноябрь айларында солчул эсерлер менен большевиктер бийликти күч менен басып алат, 1917-жылдын 1(14)-ноябрында Ташкент Совети Түркистан чөлкөмүндөгү бардык жергиликтүү советтерге телеграмма жиберет: "Бардык бийлик Советке өттү. Бийликти өз колуңарга алгыла."

Ташкент көтөрүлүшүндө большевиктер жеңгенден кийин совет бийлиги обол Кыргызстандын түштүк аймагында Сүлүктүдө жана Кызыл-Кыяда орнойт. Жергиликтүү советтер абдан жакшы уюмдашат, алар Москва, Петроград жана Ташкент менен жакшы байланышта болот.

1918-жылы жазында советтер бардык болуштуктарда жана айыл-кыштактарда түзүлөт.

Кыргызстандын түштүгүндө совет бийлиги жеңген маалда Талас өрөөнүндө (Сыр-Дарыя облусту Аулие-Ата уезди) да жаңы бийлик орнойт. 1917-жылы 1-декабрда Аулие-Ата шаарында Советтердин биринчи курултайы өтөт. Азыркы Кыргызстандын түндүк бөлүгүнүн көпчүлүк жерлери (Казакстандын бир бөлүгү менен бирге) ал кезде Түркистандын чети болгон Жети-Суу облусуна кирген.



**32-илл. Талас өрөөнү, 2012-жыл.**

[112] АВГУСТОВСКИЙ, Б. Выстрелы над Пишпеком. *Литературный Кыргызстан*, 1967. № 12, 11–27- беттер.

Жети-Суу облусун тыш дүйнө менен туташтырган темир жол жок болчу (Алматы темир жол вокзалы 1930-жылы гана курулган). Облус борбордон четте жайгашкандыктан жалпы Орусиялык "контрреволюцичыл элементтер" (офицерлер, юнкерлер[113], даражалуу чиновниктер, коммунисттерден башка партиялардын мүчөлөрү) топтолгон жерге айланат.

Облустун борбору Верныйда (Алматы) Октябрь Революциясы жеңгенден көп убакыт өткөнчө Убактылуу Өкмөттүн мүчөлөрү активдүү аракеттенишкен, кийинчерээк облусту өзүн Убактылуу өкмөттүн Түркистандагы өкүлүмүн деп жарыялаган Орест Авенирович Шкапский жана Түркистан округдук аскердик комиссары В. Г. Иванов башкарып калат. Алар албетте, Убактылуу өкмөттүн кулатылганын таанибайт. Жети-Суу облусунда орус казактарынын катышуусу менен бир катар аскер отряддары түзүлөт.

## 3.2. Граждандык согуш

1917-жылы Петрограддагы революциялык окуялар (Октябрь революциясы) большевиктик жаңы бийлик орнотулганга удаа эле Орусияда граждандык согуштун башталышын билдирет.

Жарандык согуштун биринчи фазасында, болжол менен 1918-жылдын октябрына чейин негизги каршылашкан тараптардын куралдуу күчтөрүн түзүү жүрүп жатты: большевиктик жумушчу-дыйкандардын Кызыл армиясы (кызылдар) жана ак гвардиячылар (актар). Актардын күчү ар кыл эле: аларга куралдуу төңкөрүш идеясын колдобогон социалисттер менен республикачылар, ошондой эле падышалык өкмөттү жаңылагысы келген монархисттер да кирген. Актарды большевиктик идеологияны жана аны жактыргандарды жек көрүү бириктирген. Адмирал А. В. Колчак ак гвардиячылардын башкы комиссары болуп калат.

Актардын күчтүү таянычы орус казактары[114] болот. Алар бөтөнчө бир группа (кээде орус казактары өз алдынча эл катары каралса, орус, украин, татар, калмык, бурят, башкырлар) жана падышалык заманда орус казактардын башкы милдети такай армияда кызмат кылуу болгондуктан, аларга чоң артыкчылыктар берилген.

Негизги эки жактан башка да Граждандык согушка Украинанын, Түндүк Кавказдын улутчул группалары, Орто Азиянын басмачылары

[113] Юнкер – унтер-офицер жана обер-офицер ортосундагы наам.

[114] *Революция и Гражданская война* [онлайн] с. d.

сыяктуу көптөгөн топтор катышты. Большевиктердин түшүнүгү боюнча Кызыл Армияга каршы күрөшкөндөрдүн баары контрреволюционерлер эле.

Маанилуу салгылашуулардын көбү Граждандык согуштун экинчи жарымында (1920-жылга чейин) болду. Ал кезде Орусиянын территориясында Биринчи Дүйнөлүк согуш мезгилинен тарта согушкан чет элдик армиянын саны кескин азаят.

Граждандык согуштун үчүнчү фазасы (1922-жылга чейин) большевиктик күчтөрдүн биротоло жеңишин шарданалоо маанайында жүрөт: салгылаштар, ережe катары, Орус империясынын чет жакаларында (анын ичинде Орто Азияда) жүрүп жатты. Ошол мезгилде Орто Азиядагы кырдаал бир жаңсыл болбосо да советтик тарыхчылар бүгүнкү Кыргызстандын аймагында өткөн окуяларды кайра эле таптык күрөштүн өңүтүнөн алып сүрөттөшөт: алардын пикири боюнча, большевиктерге каршы эзүүчүлөр гана согушуусу мүмкүн.

Контрреволюционерлер Ысык-Көл ойдуңунун жана Чүй өрөөнүндөгү бай түшүмдүү жерлеринде отурукташкан орус кулактарына таянат. Кулактардын "Союз крестьян "(Дыйкандар союзу) деген өз уюму болот. Кыргыз жана казак байлары, манаптар менен буржуазиянын интеллегенциясы контрреволюциячыл "Алаш" партиясына биригет; шаардын мусулман соодагерлери элге каршы турган "Шурои-Исламия", "Иттифоки"[115] союздарын түзөт.


Советтик Түркистан өзүнчө жашап жаткан сыяктуу, жана салгылаштар бири-бирине окшобогон бир нече фроитто жүрүп жатты.

### 3.2.1. Бухара жана Хива

Бухара жана Хива орус өкмөтүнө түздөн түз баш ийбеген мамлекет болсо да большевикдердин көз жаздымынан сыртта калган эмес. Бухара жана Хиванын башкаруучулары падыша өкмөтү менен келишимге кол коюп, орустардын үстөмдүгүн таанышкан, салык

[115] ЖАНТУРОВ С. Б. *Гражданская война в Киргизии*. Фрунзе: Издательство Академии наук Киргизской ССР, 1963, 24-бет.

төлөп турганга милдеттеме алган, өз терреториясында темир жол курганга уруксат берген.



**Хива, XIX кылымдын аягы**



**Бухара, Чор минор, 2009**

Ошондой эле учурда алардын букаралары орто кылымдык мыйзамдар боюнча жашай берген. Большевиктер ревалюция болор менен Бухарада, Хивада жашаган бухарлыктар жана жаш хивалыктардын панисламчыл партиялары пайда болот. Алардын эң радикалдуулары ислам республикасын курууну мерчем кылышат. Бирок бул партиялар жашыруун аракеттенгендиктен, мүчөлөрү кармалса жоопко тартылышы, атүгүл шишке отургузулушчу мүмкүн эле.

Ташкентеги советтик өкмөт берегi жашыруун кыймылдарды пайдалангысы келет жана коммунистик партия түзүүнү көздөйт. Бул оор көрүнгөү менен жеңил ишке ашырулчу нерсе эле. Себеби, Бухара эмирлиги аркылуу өткөн темир жолдун боюнда Бухаранын амирине баш ийбеген, советтик кыштактар: Жаңы Бухара (Каган), Жаңы Чаржоу (Чаржоу), Термез (Керки) бар болчу. Жаш бухарлыктардын жетекчилеринин бири Ф. Г. Ходжаев[116] Москвага барып, Совнаркомду (Эл комиссарлер совети) Бухарага бир нече миң аскер жибергенге көндүрөт. Эмир багынып бергенге макулдугун берет, бирок Бухарага сүйлөшкөнгө келген Совнаркомдун өкүлдөрүн кара таандай кыргыла деп буйруйт.

Каракум жана Кызылкум чөлдөрү, ошондой эле Аму-дарыянын жээгиндеги саздар табигый чек арасы болгон Хива өзүнүн географиялык ордуна жараша ашыкча революциячыл маанайда эмес болчу. Эмирликте башка проблема чыкты: Жунаид хан Бухара эмиринин тууганы жана досу Асфандияр ханды тактыдан оодарып, анын ордуна бойго жете элек иниси Саид Абдулла ханды отургузат. Чыныгы бийлик Жунанддин колунда болот.

[116] Ф. Г. Ходжаев – (1896–15. 3. 1938) Өзбекстанда совет өкмөтүн кулатууга аракет кылган жана Германия, Жапония, Польша жана АКШнын пайдасына шпиондук кылган деп айыпталып атылган.

## 3.2.2. Адмирал Колчактын армиясы менен салгышуулар




**11-карта. Жети-Суу облусу, 1919-ж.**

Колчак 1918-жылдын аягында түштүккө капитандар Ушаков жана Виноградов башындагы эки отрядды жөнөтөт. Алар Семипалатинск аймагында совет бийлигин орнотуп, Жети-Суу облусуна багыт алат. Колчактын аскерлери Сергиеполго

(Аягуз) чабуул коюп, шаарды коргоочулардын бир бөлүгүн жок калат, бир бөлүгүн туткунга алат, ал эми 300дөй адам тоого качып кетет. Бул жеңиштен кийин Жети-Суунун орус казактары кайра көтөрүлүп, Колчак жиберген отряддарга каршы ачык уруша баштайт. Виноградов кызылдарды кууп отуруп, Тарбагатай тоолорунун этегине жеткенде, кызылдардын Мамонтов баштаган отряды менен беттешет. Урушта Виноградов жана Мамонтов өлөт. Верныйдан (Алматы) Петренконун командачылыгы астындагы жаңы отряд келет. Алар айрым жерлерди кайтарып алат, бирок Лепсинск уезди актардын кол астында калат. Казактардан, өзгөчө жакында өздөрү кырган кыргыздардан корккон 30 миңдей дыйкандар (Лепсинскиге жакын жердеги) Черкасск кыштагына токтоп, өз позициясын[117] бекемдейт.

Черкасск кыштагы Сибирь казак аскерлеринин атаманы[118], Жети-Суу армиясынын командачысы, генерал-майор Аппенков[119] тарабынан жок кылынган менен бул кызылдар үчүн өтө жагымсыз жоготуу болду.

..............................................

[117] *Революция и Гражданская война*. [онлайн] [цит. 29. 11. 2012] Караңыз: <http://www.rusrevolution.info/books/index.shtml?8_03>.

[118] Атаман – түрктөрдүн “ата”, “миң” деген сөзүнөн келген. “Миң башы”.

[119] Борис Владимирович Анненков (*9. 2. 1889 – †25. 8. 1927-жж., Семипалатинскиде атылган). Россиядагы (СССР) Граждандык согуштун катышуучусу, большевиктерге каршы салгылашкан.

Лепсинск жана Черкасскиде жергиликтүү башкаруучулар өз акчасын чыгарат. Акчасынын кубаты банктагы апийимдин кору менен аныкталып бекемделет.




**33-илл. Черкасскиде колдонулган акча.**
Булагы: http://sarkand.info



**34-илл. Лепсинскиде жана Жети-Суунун орус казак өкмөтү тарабынан колдонгон акчанын эки бети.**
Булагы: http://sarkand.info

Черкасскинин алынышы жөнүндөгү аңгемелер эмоцияга бай жана кыштактын алынышы жөнүндөгү пикирлер ар кыл. Аңгемечи кайсыл тарапта болсо (советчилби же антисоветчилби), мазмуну ошого жараша айырмаланып турат.

**Советтик булактан алынган сүрөттөмө:** Мас, уят-сыйытты унутушкан бандиттер… дыйкандарды баш көтөртпөй уруп-сабап, аялдар жана кыздарды зордуктап, адамдардын мүлк-дүйнөсүн тартып алып, өздөрүн жашына жана жынысына карабай өлтүрө баштады. Довбня деген күбөнүн айтымында, адамдарды жөн гана өлтүрбөстөн, адегенде колун, анан бутун

кесип, андан соң ичин жарып, башка да ушу сыяктуу мыкаачылыктарды жасашкан. Турчинова деген күбөнүн айтышынча, Анненковчулар кыштактагы үйлөрдүн бирине кирип барып, бөбөктү мылтыктын штыгына сайып алып, күйүп жаткан отко таштайт.

Дыйкандар бир нече ай бою бандиттердин кол салуусуна өжөрлүк менен каршылык көрсөтүшөт. Анненковдун үчүнчү чабуулунан кийин, 1919-жылдын 14-июлунда Черкасск кыштагынын ачкачылыктан, келте менен булак же эн оорусунан алсыраган эли багынып берет. Черкасскини алгандан кийин анненковчулар 2000 ден көп адамды жайран кылат. Колпакова кыштагында 700 дөй адам, Подгорное кыштагында 200 адам өлтүрүлөт. Антоновка кыштагын жер менен тегиздеп салышат. Үч-Арал болуштугунун Кара-Булак кыштагында бардык эркектер өлтүрүлөт.[120]

**Окуя жергиликтуу элдин айтуусунда:** Жайдын күнү арыктын боюндагы отургучта чоң чоң энем (апамдын өгөй энесинин энеси менен) менен отурганбыз. Мен сегиз жашта болсом керек, бүбү энем болсо сексенге чыгайын деп калган. Ал акыркы жылдары мага өзүнүн балалыгы, Петропавловскиде жашаган агалары жана атасы жөнүндө көп айтып берчү. Чоң чоң энем анын атасы Кытайга кантип кездеме, жоолук жана оромол ташыганы, Лепсинскиде кантип алма, ун жана бал сатышканын да айтып берди.

Чоң чоң энемдин айтышынча, бир ирет кайсы бир бандиттер келип, алардын командиринин аты эсимде жок, адамдардын болгон азык-түлүктөрүнүн тартып ала баштайт.

Бандиттердин чабуулунан кийин атам өзүнүн бир тuугандары жана башка адамдар менен атаман Анненковго барышат да кыштактан бир чоң топ кызылдарды кууп чыгышат. Чоң чоң энемдин бул сөзү менин ачуумду келтирди:"Дуня чоң эне, кызылдар жакшы да, алар адамдарга жардам берген жана аларды коргогон! Сен эч нерсени адаштырып алган жоксуңбу? Сен кантип кызылдарды бандит дейсиң?" Чоң чоң энем мени укпагансып, ангемесин уланта берди. "Ал жылы эгин аябай жакшы өскөн. Чөптү чаап-жыйнаш керек эле. Эркектер чөптү

---

[120] ГОЛИКОВ, Д. Л. *Правда о врагах народа*. Москва: Алгоритм, 2007. (Глава 4. Как «каялся» атаман Анненков.)

чабуу үчүн атамандан уруксат алышты. Бандиттер алыс эле. Атам үйгө тамак жеп, уктап эс алганы келди. Таң агарaaр маалда коңшубуз келип, атамды ээрчитип кетти. Алар тамдын арт жагы менен жашыруун жерлер аркылуу кетишти. Анан уруш башталды: бандиттер түн ичинде чөп оргон мужиктерге кол салган экен."

Чоң энем кыштакка атаман күтүүсүз келип, кызылдарды кууп чыкканын айтып берди. Андан соң кызылдар чуңкурга таштап кеткен өлгөн адамдардын денелерин алып чыгышат. Ал кезде 12–13 жаштагы чоң чоң энем атасына чуңкурдан агаларынын жасатын чыгарганга көмөктөшөт. Денелердин буту, колу, мурду, кулагы жана ээрди жана башка бөлүктөрү кескиленген экен. Аларды карап жатышып, кимдир бирөөлөрдү денесиндеги калына же тубаса тагына карап аныкташат. Кимдир бирөө өз жакынын кулагынын белгисинен таанып, бирок кескиленген денесин көпкө таба албай кыйналат. Атамдар тестиер куракттагы кенже инисин бутундагы алты бармагынан таанышат.

"Чоң эне, атаман Анненков ким үчүн согушкан: кызылдар үчүнбү же актар үчүнбү? Ал жакшы адам беле же жаман адамбы?" деп сурадым. Чоң энем алыс жакты карап, эч нерсени көрбөй жана сезбегенсип турду. Анын бырыш баскан бетинен жашы мончоктоп куюлуп жатты. "Атамды жана агаларымды антихристтер өлтүрдү."[121]

Жазында Ташкеттен Жети-Суугa учкуч Шавров аэропланда учуп келет. Ал бул жерге фронттун РВСин[122] түзүп, ээн-эркин жүргөн отряддарды полкко бириктирип, жергиликтүү партизандардын башчысы Калашниковду камакка алат. Бирок партизандар Шавровду өлтүрүп, өз командирин камактан бошотушат. Кийинчерээк Калашниковдун[123] өзүн да белгисиз бирөөлөр өлтүрөт.

Түндүктө Ак-Төбөнүн жанында Урал казак орустары менен тынбай согуш жүрүп жатты. Ташкентте да бийлик үчүн күрөш жана

.............................................

[121] *Красногвардейский тракт*. [онлайн] 12. 12. 2011 [цит. 29. 10. 2012] Дареги: <http://www.zonakz.net/blogs/user/wladimir/19779.html>.

[122] РВС – Революциялык аскерий совет (Революционный военный совет), 1918-1934-жалдары Жумушчу-дыйкан Кызыл армиясын (РККА) башкаруучу жана саясый жактан жетектөөчү коллегиялык жогорку орган. РВС Жалпы орусиялык Борбордук аткаруу комитетинин (ВЦИК) 1918-жылдын 2-сентябрындагы “Советтик республиканы аскерий лагерге айлантуу тууралуу” токтому боюнча түзүлгөн.

[123] *Революция и Гражданская война*. [онлайн] [цит. 29. 11. 2012] Дареги: <http://www.rusrevolution.info/books/index.shtml?8_03>.

бири-бирин таламай күчөдү. Эки бийлик бири бирин аңдып да тытышып да жатты:

- Орустардын Түркстан Борбордук аткаруу комитети Совнарком менен жана
- "жергиликтүүлөрдүн" Орус компартиясынын Мусулман бюросу менен РКП(б).

1919-жылы 19-январдын түнүндө Ташкентте прапорщик Осиповдун жетекчилиги астында аскердик комиссариаттын (военком) көтөрүлүшү башталат. Бул көтөрүлүшүтүн максаты тууралуу азыр божомолдоп айтса болот, себеби советтик булактарда ал жөнүндө үзүл-тазыл гана маалыматтар бар. Ал төңкөрүш Совет бийлигин кулатуу аракети болушу мүмкүн… Эрегишчилер Түркстан БАКынын (ЦИК) төрагасы Вотинцевди, Совнаркомдун (Эл комиссарлар совети) төрагасы Фигельскийди жана башка 12 жетекчини атып салышат. Көтөрүш шаарды толук камтыйт, бирок көтөрүлүшчүлөр Ташкент чебине кол салганда Белов баштаган кызыл аскерлердин катуу каршылыгына кабылат жана талкаланат. Белов 21-январда шаарды көтөрүлүшчүлөрдөн тазалай баштайт, алар бир нече жерде аткылашып, таркап кетет. Осипов болсо өз адамдары менен Ферганага жүрүп кетет.

Ансыз деле Ферганада тополоң болуп жаткан. Басмачыларга ошол кездеги "Кокон автономиясынын" өкүлү Эргеш командачылык кылат. Анан өзүн "Мусулман армиясынын башкы командачысымын" деген Көршермат пайда болуп, ал бардык капырларга, кызылдарга жана актарга каршы согуша баштайт. Андан соң Маргелан уездинин полициясынын зардалы Мадаминбек көтөрүлүш чыгарып, кол астындагы полиция отряды менен Эргешке кошулат. Ал кийинчерээк Эргештен бөлүнүп, "Мусулман элдик армиясын" түзөт. Мадаминбек өз армиясына орустарды да алат, анын штабында мурдакы офицерлер да кызмат кылат. Ал бардык басмачылардын ичинен эң акылдуусу жана жөндөмдүүсү экени талашсыз. Адмирал Колчак Мадаминбектин ийгиликтерин уккандан кийин аны актар тарапка согушканга көндүргөнгө аракет кылат.

Жалалабад районунда продразвесткага[124] жана аскерий коммунизмдин башка да алым-салымдарына каршы көтөрүлгөн орус

[124] Продразверстка – азык түлүк разверсткасы (продовольственная разверстка), – өндүрүшчүлөрдүн белгилүү өлчөмдөгү азык түлүктү мамлекет койгон баа боюнча өкмөткө тапшыруусу.

дыйкандарынын көтөрүлүшүн Монстров деген кызматчы жетектейт. Анын дыйкандар армиясы Мадаминбек менен союздаштык келишимин түзөт. Ошентип, жалпы Фергана өрөөнүндө түрдүү антисоветтик же аниорусчул күчтөр өкүм жүргүзөт. Алар башкарууну **Валерий Улеев**[125] мындай сыпаттайт:

> Ал мезгилде Түркстанда өкүм сүргөн баш-аламандыкты Константин Иванович Монстровдун командачылыгы астындагы Жалал-Абаддагы дыйкандар армиясынын мисалында бир аз да болсо элестетүү мүмкүн. Анын армиясы таасирлүү басмачылар менен чогуу согушуп, Кызыл армияны Фергана өрөөнүнөн дээрлик сүрүп чыкканга үлгүрөт.
>
> Кызыл Армия жакшы уюмдашып куралдангандыктан аны менен граждандык согуш кезинде алардай эле мыкты куралданган армия салгылаша алмак. Кээ бир шаар-кыштактардагы кызылдарга каршы көтөрүлүштөрдүн көпчүлүгү ийгиликсиз бүтөт. Бул сөз казак орустардын күчтөрү же мурдакы офицерлер командачылык кылган куралдуу топторго тиешелүү эмес. Дыйкандар армиясы Ферганада чоң ийгиликке жетишти: алар большевиктерден бир нече шаарды бошоткон. Армия кадимки эле көчөрмандардан, негизинен украиндерден түзүлгөн.
>
> Бизде Кыргызстандын түштүгүндө казак орустары эч качан болгон эмес. Алар Ош шаарында Кокон хандыгы талкалангандан кийин 1876-жылдары гана пайда болот. Бул жерде украиндер Столыпиндин реформасына чейин эле жашайт. Орустардыкы деген көпчүлүк кыштактарда иш жүзүндө дал украиндер жашаган. Биздин жерде жашаган дыйкандардын теги украин болгондуктан, бизде казак орустардын салты болгон эмес.
>
> Монстров XIX жүз жылдыктын экинчи жарымында Жалалабад кыштагынын чет жакасына келип жашап калган көчөрмандардын биринчи тобунан чыккан. Чиновник Монстров Биринчи дүйнөлүк согуштун алдында Жалал-Абаддын эн бай адамы болуп калат. Жалал-Абад ал кезде шаар макамын алган болчу. Ал жергиликтүү бай-манаптардан бош жаткан жерлерди сатып алып байыган.

.............................................

[125] Валерий Улеев –«Славянская диаспора» коомунун төрагасы, Жалал-Абад шаары.

1917-жылы Жалал-Абадда 5000 адам жашаган. Жыл аягында, 29-декабрда шаарда коомдук коопсуздук кеңеши түзүлүп ага он киши мүчө болот. Ал 1918-жылы январда революцилык комитетке айланат. Бийликтен четтетилген болуштун старчынынын (старшина) ордуна аскердик комиссар дайындалат. Анын карамагына жергиликтүү адамдардан түзүлгөн 15 адамдык ыктыярдуу отряд берилет. Кийин бул отряд шаардык милицияга негиз болот: ал ошол эле замат "жарандардын жеке өздөрүнүн жана мүлкүнүн коопсуздугун" камсыздап, элдин каражатынан каржыланат.

Бийликке большевиктер келер замат шаарда баш-аламандыктар башталат. Чиркөө тонолот, эл соода кылган жайлар коомдук менчике өткөрүлөт. Мурдакы падышалык өкмөттун кызматкерлери ак гвардиячыларга жан тартат, аларды колдойт деп шектелип куугунтукталат. Андайлар үй-бүлөсү менен чогуу абакка салынат.

Ноябрдын башында Жалал-Абад гарнизонуна Кызыл армиянын отряды жардамга келет. Ошол эле учурда дыйкандар армиясы түзүлө баштайт. Анын Жалал-Абаддагы штабын К.И. Монстров жетектейт.

Советтик ырасмий булактарда айтылгандай, бул армияга Колчактын Сибирь армиясынан ак гвардиячы офицерлер келип кошулат. Алар дыйкандарды совет өкмөтүнө каршы көтөрүлүшкө чыкканга үгүттөшөт.

Армия негизинен жергиликтүү көчөрмандардан, тактап айтканда "европалыктардан "түзүлгөн. Монстров большевиктердин Фергана өрөөнүндө жалпы элдик мобилизация жүргүзө албаганынан пайдаланат. Ырасмий жактан алганда, Дыйкандар армиясы Кызыл армиянын бир бөлүгү эле. Бирок армияда партиялык жана саясий топтор жок болчу. Кызыл армия өткөндүн саркындысы деп жок кылган пагондор жана нашивкалар Монстровдун буйругуна ылайык, Дыйкандар армиясы үчүн калтырылат. Жогоруда айтылган бөтөнчөлүктөрүнө карабай, Дыйкандар армиясы Кызыл армиядан курал жарак, ок дары жана айлык алып турат. Бирок 1919-жылы ортодо чыр чыгат.

Монстров акырындап басмачылардын башчысы Мадаминбек менен тил табышат жана алар большевиктерге каршы бирге салгылашабыз деп макулдашат жана 1919-жылдын жайынан тарта Кызыл армияга каршы чогуу согуша баштайт. Басмачылар менен Кызыл армия Өзгөн жанан Ош шаарын

ээлеп, Оруссиянын жогорку башкаруучусу деп адмирал Колчакты жарыялашат. Помещиктерге жана байларга большевиктер тартып алган жерлерин кайтарып бере баштайт (бирок, алар жаңы өкмөттүн бул белегин алганга үлгүрбөй калат), имараттар да өздөрүнүн чыныгы ээлерине кайтарылат.

Реввоенсоветтер жоюлат, Монстров менен Мадаминбекке Гүлчөдөгү чек ара отряды кошулат. Кызыл армиянын Ош-Анжиян бөлүгү жайгашкан Анжиян шаарына чабуул башталат.

Анжиянды камалоо 10-сентябрдан 24-сентябрга чейин уланат. Анан, В. Ф. Трунов жазгандай, окуя тескери жагына өнүгөт.

26-сентябрдагы көпкө созулбаган салгылашуудан кийин Кызыл армия Ошту бошотот. Дыйкандар армиясынын гарнизону Кызыл армия жакындап келгенде шаарды калтырып качып кетет. Түркстан генерал-губернаторунун мурдакы резиденциясынын төбөсүнө революциянын кызыл желеги орнотулат.

28-сентябрда Өзгөн эч кандай каршылыксыз бошотулат.

29-сентябрда узак салгылашуудан кийин Жалал-Абадды кызылдар алат.

Дыйкандар армиясынын чон бөлүгү үйлөрүнө качат, калган бөлүгү Монстров жана Мадаминбек менен кыргыз тоолоруна качып, 1919-жылдын 22-октябрында Убактылуу Фергана өкмөтү түзүлөт. Ошентсе дагы акыр аягында 1920-жылы 17-январда Монстров калган-каткан армиясын таратат. Ал өзү большевиктерге багынып берип, акысына аскерлерине жана үй-бүлөсүнө мунапыс берилет. Буга карабай Монстров соттолот жана 1920-жылы февралда атылат.

Мадаминбек совет өкмөтү тарабына өтүп, анын армиясы Кызыл армиянын курамына кирет. Ошон үчүн кээде "кызыл басмачы" деген сөздөр айтылып калат. [126]

[126] ШИШКАРЕВ, Э. *Как на Юге Киргизии утверждалась власть … Колчака.* [онлайн] POLIT.KG Информационно-аналитический портал, 29.11.2011 [цит. 29. 10. 2012] Дареги: <http://www.polit.kg/print/3/79>.

Бирок Мадаминбек кызыл басмачынын ролунда көп болбойт: 1920-жылы 14-майда башка басмачылар тобунун желдети Калкожо аны Исфайрам дарыясынын боюндагы Шыгай деген жерде чыккынчы деп мууздап, башын кесип алат. Ошол эле күнү Калкожо басмачылардын башка тобу тарабынан өлтүрүлөт. Эгер айтылгандын баарын жалпыласак, бир гана жыйынтыкка келебиз. Атап айтканда, ал кезде бир көз ирмемде союздаштар душманга айланып, душмандар, тескеринче, союздашка айланып калгандыктан, эч ким эч нерсеге толук ишенген эмес:

- Монстров Дыйкандар армиясын дыйкандар басмачылардан өздөрүн коргосун деген максат менен түзөт; ал Кызыл армиясынын союздашы.
- Ал бир аз убакыттан кийин басмачылардын кол башчысы Мадаминбек менен макулдашат жана алар Кызыл армияга каршы чыгуу чогуу салгылашат.
- Жеңилүүгө дуушар болгон басмачылардын кол башчысы Мадаминбек Кызыл армияга кошулат.
- Башка басмачылар Мадаминбекти чыккынчы деп санайт жана башын алат.
- Ошол эле күнү Калкожону башка басмачы өлтүрөт.



**35-илл. Мадаминбектин командачылыгы астындагы аскерлерди М. В. Фрунзе текшерүүдөн өткөрүүдө.**
Булагы: <http://turan.info/forum/showthread.php?p=105684>.



**36-илл. Ферганалык басмачылар дарга асылар алдында, 1924-жыл.**
Булагы:<http://www.ljplus.ru/img4/z/a/zaointeco/rasstrel_basmachej_24.jpg>.

1917-жылкы жана 1918-жылдын башындагы жагдай кайсы багытта өнүгөөрү түшүнүксүз болгонун Пишпек шаарындагы коммунистик топтун түзүүчүлөрүнөн болгон Н. Д. Голубанын жана Г. И. Швец-Базарныйдын эскерүүлөрү күбөлөйт.

**Н. Д. Голуб.**[127] Февраль революциясы жеңген учурда Пишпек уездиндеги абал абдан оор эле. Падышалык Орусиянын оторчулук саясатынын кесепетинен экономиканын негизги тармактары: дыйканчылык жана мал чарбачылыгы өнүкпөй калган. 1916-жылкы көтөрүлүш дыйканчылыкка катуу зыян келтирди. Элдин Кытайга жапырт көчүүсүнүн натыйжасында, кыргыз эли мал-мүлкүнүн көбүнөн айрылды. Орус көчөрмандары да ушундай абалда болчу: дыйкандар жана мадикерлердин көбүндө жер жок эле, көтөрүлүштөн кээ бир орус кыштактары да жабыркаган.

Майда товардык кол өнөрчүлүк шаарда жана бүтүндөй уезде кризиске кабылып, жумушчулар каатчылык жана кымбатчылыктан кыйналган.

1917-жылы март айынын башында Петроградда Февраль революциясы жеңгени белгилүү болду. 10–11-мартта

..............................................

[127] *Воспоминания участников революционных событий и гражданской войны в Киргизии*. Фрунзе: Кыргызское государственное издательство, 1957.

Пишпектин ортолук майданында жыйналыш болуп, Николай II нин тактыдан баш тартканы жана демократиялык эркиндик келгендиги жарыяланды.

Убактылуу өкмөткө каршы чыгуулар тез-тез болуп, элдин нааразылыгы күчөгөндөн улам, 1917-жылдын июль айында жергиликтүү Дума Коомдук коопсуздук комитетин түзүү жөнүндө токтом кабыл алды. Болжол менен 1917-жылы ноябрда Пишпек шаарында согуштан келген 300 дөй солдаттар чогулду. Алардын бир бөлүгү Пишпек, Пржевальск жана башка уездеринен эле. Ошол учурда Советтин ичинде тирешүүлөр башталды: аскерлердин өкүлдөрү жумушчулардын өкүлдөрү менен жакындашып алып, бардык бийликти Советтерге өткөрүп берүүнү жана Түркистан менен биригүүнү талап кылышты.

Пишпектик большевиктер эски революциенер-большевик А. И. Иваницындын (134-беттеги 143-эскертмени кара) тегерегине топтолду. Алардын элди үгүттөөсү жумушчу массалардын большевиктерди колдоосуна өбөлгө түздү.

1917-жылдын октябрь-ноябрь айларында большевиктер Убактылуу өкмөткө каршы ачыктан ачык күрөшүүгө өттү. Большевиктердин подполдук группасы коммунистердин чакан тобунун айланасына биригип (Иваницын, Меркун, Швец-Базарный, Бигель), бардык улуттагы элдердин массалык колдоосуна жетишет.



Г. И. Швец-Базарный, Пишпек советинин төрагасы

**Г. И. Швец-Базарный.** Мен июлдун аягында Пишпекке келгенде шаарда казак орустар толтура экен. Солдаттар көпөстөрдүн бардык чоң үйлөрүндө жана мамлекеттик имараттарда жашап жатышыптыр. 1917-жылдын октябрында бизде ишенимдүү жолдоштордун тобу түзүлүп калган. Ташкенттеги Октябрь төңкөрүшүнөн кийин биз алар менен бирге Пишпекте совет бийлигин куруу планын талкуулай баштадык.

Пишпек Верныйга (Алматы) баш ийгендиктен Убактылуу өкмөттүн Верныйдагы комиссарлары Шкапский менен Ивановдун директиваларын аткарчу.

Шаардык кулактар арасында эсерлер партиясынын[128] таасири күчтүү болчу.

**Н. Д. Голуб.**[129] Советтин 1918-жылы 1 (14)-январда болгон кеңешмесинде чоң талаш чыкты. Меньшевиктер менен эсерлер *Ак гвардиячылардын Сибирь өкмөтүнө*[130] кошулууну талап кылышты. Большевиктердин өкүлдөрү токтоосуз Ташкентке жана Петроградка кошулууну талап кылышты. Аталган эки шаарда Совет бийлиги орногон болчу. Бул сунушту жумушчулар колдошту. Жыйналышта Советтин жаңы курамы шайланды.

Убактылуу өкмөт кулагандан кийин эсерлер жана меньшевиктер партиясы бөлүнө баштады. Мурдакы эсерлердин бир жааты совет бийлиги жакка өттү, а башка бөлүгү контрреволюционерлерге кошулуп алып, түрдүү кутумдарды жана көтөрүлүштөрдү уюштура баштады. Меньшевиктер таасирин жоготуп, тез эле саясый сахнадан жоголду. Ал эми большевиктик партиянын катары күн сайын өсүп жатты. Анын жетекчиси А.И.Иваницин мурда социал-демократтардын түрдүү топторунда иштеген жана уруксатсыз марксисттик адабият менен тааныш болгон (…).

### 3.2.3. Большевиктердин бийликти алуусу

Пишпек уездинде совет бийлиги 1918-жылдын январь-февраль айларында, апрелде Нарында, май-июнь айларында Прежевальскиде (азыркы Каракол) орнотулат. Ошентип, 1918-жылдын ортосунда бүгүнкү Кыргызстандын бардык территориясында совет бийлиги курулат. 1918-жылы Пишпектин "Эдисон" кинотеатрында советтердин экинчи кеңешмеси болот жана большевиктер экиге бөлүнүүнү токтотуу керек дешип, башка партияларды жетектөөчү органдардан сүрүп чыкканга аракет жасашты. Максаты ишке ашып, алар бардык бийликти өз колуна алат.

………………………………………

[128] ЖАНТАУРОВ С. Б. *Гражданская война в Киргизии*. Фрунзе: Издательство Академии наук Киргизской ССР, 1963.

[129] Караңыз: *Воспоминания участников революционных событий*.

[130] Ак гвардиячылар – падышалык бийликти коргоо максатында 1917–23-жылдары граждандык согуштун жүрүшүндө большевиктерге каршы бириккен ири аскерий-саясый күч. Өзгүн регулярдуу орус армиясы түзгөн. Алардын бир бөлүгү Кытайга качат жана Кытайдагы (1914–1934-жылдар) граждандык согушка катышат.

**Н. Д. Голуб.** Эсерлер фракциясынын жүрүм-туруму алардын арабанын дөңгөлөгүнө таяк тыккысы келгенин көрсөтүүдө.(…)

Бул большевиктер кимдер? Алар жумушчулар, алар соко, буурсун, орок жана чалгы жасашат, мен жерди иштетем жана аларга бир кесим нан берем. Биздин жолубуз бирөө гана болгондон кийин бизге эки партиянын эмне кереги бар. Анан бир эсер сөз алды. Ал не биригүү, не эки партияны сактоо тууралуу ооз ачпады. Анын оюнча, баарын бөлөкчө кылып, машинаны кайра жасап, баарын жакшылап майлаш керек экен. Эсерлер совет бийлигин кулатууну көздөштү, ал эми даярдалып жаткан Беловодскидеги көтөрүлүш алар үчүн майлоочу май катары кызмат кылмак. (…)

Кийин эсерлер партиясы расмий түрдө таркатылды. (…) Бул жыйналыштардан соң советтик органдарда жалгыз эле большевиктер партиясынын мүчөлөрү калды.[131]

Большевиктер жөнүндө Г. Ятцендин пикири такыр бөлөк. Ал революциялык окуялардын картинасын өз көз карашына ылайык, дыйканчылык менен жашаган меннонит миссионери катары берет:

**Герман Янтцен.**[132] 1917-жылкы революциядан кийин анын акылга сыйбас кесепеттери башталды. Миссионерлердин ишмердигине тыюу салынып, мен үйдө отуруп калдым. Тынч турмуш тез эле бүттү. Келерки жылы июлда жаңы өкмөттүн бардык элдер жана уруулар мурдакы губерниялардын борборунда өз жамиятынын кызыкчылыгын коргой алчу өз делегаттарын шайласын деген токтому чыкты.

12 кыштакты бириктирген биздин жамият мени делегат кылып тандашты. Себеби мен орус тилинен бөлөк да килейген Түркистандын аймагындагы элдер сүйлөшкөн төрт мусулман тилин билчүмүн. Менин кызматкерим жана жардамчыларым ирети добуш берүү укугу менен дагы эки бир тууганды шайлашты. Ошол айда (июлда) Түркистандын бардык делегаттары губернатордун резиденциясында жолугушуусу керек болчу. Губернатор жана анын кол астындагылар камакка

[131] Воспоминания участников революционных событий и гражданской войны в Киргизии. Фрунзе: Кыргызское государственное издательство, 1957.

[132] Герман Янтцен, 25-шилтемени караңыз (30-бет).

алынып, кызматтарынан четтетилген эле. Биз төрагалыкка ал мезгилге чейинки бардык бийликтин душманы, коммунист Керенскийди шайладык. Бардык суроолор боюнча чечимдер кол көтөрүү аркылуу кабыл алынды. Бирок, Советте 5% европалыктар жана 95% мусулмандар болгондуктан, добуш берүүнүн жыйынтыгы ага жараша болду.

Москвадан үзбөй мыкты сүйлөгөн илимдүү адамдар келип жатты. Алар согушка каршы экен жана дайыма элди падышалык өкмөткө каршы үгүттөп жатышты. Кеңешме бир нече күнгө созулду. Биз, үч меннонит, эч сөз албадык. Күн сайын Москвадан улам жаңы токтомдор келип жаткандыктан, баш аламандык ого бетер күчөдү.

Биз үчөөбүз Янцен аганын "Библия" сактаган кампасында жашадык. Делегаттар менен жолукканда алгачкы мезгилде дин жөнүндө эч нерсе сүйлөшпөдүк, бирок маал-маалы менен "урматтуу" Москвалык ораторлордон кимдир бирөө узун чачтуу попторду жектеген орой сөздөрдү айтып турду. Поптор бардык жамандыктар үчүн күнөөлүдөй болуп жатты.

Биз Ташкенттен кайтып келер замат советтердин Олуя-Атадагы (Аулие-Ата) кеңешмесине да катышууга туура келди. Октябрда биз кайра Ташкентке жөнөдүк. Шаарда тополоң кайра башталды.

25–28-октябрда көчөлөрдө салгылашуу болуп, көптөгөн адамдар өлдү. Большевиктер солчул революционерлер менен согушуп жатты. Солчулдардан айырмаланып большевиктер аябай жакшы куралданган эле. Шаардын чебинде падыша армиясынын айрым солдаттары да калган. Алар биринчи көмүлдү. Андан кийин жеңүүчүлөр шаарды кыдырып жүрүп, жолдо жолуккандардын баарын: эркектерди, аялдарды жана балдарды аёосуз өлтүрүштү. Көп узабай эле көчөлөргө өлгөн адамдардын денелери толуп кетти. Большевиктер солчулдар фракциясынын төрагасын тирүү бойдон жүргөнү жаткан локомотивдин мешине салып, өрттөп жиберишти. Ал менин тааныштарымдын бири, мамлекеттик банктын мурдакы директору, өтө сылык адам Баронев эле. Артында аялы жана бир нече баласы жетим калды. Мына ушул коркунучтуу согуш күндөрү биз, үч меннонит, Янцен аганын үйүнүн жертөлөсүндө жашынып жаттык.

Баары тынчыгандан кийин жеңүүчү-большевиктер "бай бюрократтардын" үйлөрүнө жулунуп кирип барып, жаңы

бийлик үчүн эмне керек деп тапса, ошонун баарын реквизациялап[133] кетишти. "Талап-тоноо" большевиктер үчүн капиталисттик түшүнүк болгондуктан, ал терминди колдонушпады.

Биз коркуп, мүмкүнчүлүк болор менен үйүбүзгө аттандык. Бирок үйдө эмне болуп жатканынан эч кабарыбыз жок эле. Чымкентке келгенде жүрөгүбүз ордуна келди: шаарда баары тынч экен. Биз көптөгөн орус кыштактары аркылуу өттүк, бирок алар Ташкенттеги окуялардан кабарсыз экен. Үйдө баары тынч жашап жатышыптыр.

Бирок көп узабай биздин кыштактарда большевиктер жана алардын комиссарлары пайда болду. Алар дембе-дем көп эл топтоп жыйналыш өткөрдү. Жыйналышка он алты жаштан өйдө курактагы эркектер жана аялдар тегиз катышууга тийиш эле. Бул чогулуштарда бак-таалай жана жакшы жашоо жөнүндө аябай көп сөздөр айтылды, бирок баары алгач элдик партиянын мүчөсү болуш керек эле. Мунун баары бизге – меннониттерге көп жаккан жок.


...скресенье, 3 августа 1919 года.
Гор. Пишпек.
№ 39-й
Орган Советов Российской Социалистической Федеративной Республики.
ПИШПЕКСКИЙ ЛИСТОК
Выходит два раза в неделю по средам и воскресеньям.
Контора Редакции открыта с 8 час. утра до 2 час. пополудни ежедневно кроме праздников.
НЕ ВЕРЬТЕ СЛУХАМ ГОЛОСЛОВНЫМ.

[133] Реквизиция – мамлекет тарабынан менчик ээлеринин мүлкүн акысын төлөп туруп тартып алуу.



ВОЗЗВАНИЕ.

К вам, Пишпекская молодежь, обращаемся мы!

Прочитав в вашей газете „Пишпекский Листок" статью о вас сограждан ваших, мы увидели, что у вас до сих пор нет ни какой серьезной организации, ни какой полезной общественной работы. Нам больно и стыдно за вас.

### 3.2.4. Дунгандар Пишпекте

Пишпек шаарынын улуттук курамы ар түркүн болгон. Шаардагы таасирлүү улуттук азчылыктардын бири дунгандар эле. Дунгандардын совет бийлиги орногондон кийинки алгачкы жылдардагы абалы жана алардын Беловодск көтөрүлүшүнө катышуусу дунгандардын тарыхын изилдеген окмуштуу Али Алиевич Жон жыйнаган материалдарда кеңири сүрөттөлөт:




**Жон Али Алиевич.**[134] Мен архивдерден тапкан материалдардын негизинде 1918-жылы Пишпекте канча дунган жашаганынын, алардын мүлкүн жана байлыгын эсептеп чыктым. Дунгандар 1918-жылы Пишпектин калкынын үчтөн бирин түзгөн. Сегиз же тогуз дунган шаардык думанын мүчөсү болгон, старостанын орун басары да дунган болгон.

Логвиненко жетектеген аскерлердин бир жыйналышынын протоколунда дунгандар ишенимсиз элемент болгондуктан, алар шаардан башка жакка көчүрүлсүн деп талап кылынат. Кызыл армиянын патрулу демейде көчөдө бараткан дунганды токтотуп, акчасын алып, өзүн абакка жетелеп барган. Атүгүл

[134] Жон Али Алиевич, 61 жашта, тарых илимдеринин кандидаты. Кыргыз Илимдер Академиясынын улук илимий кызматкери.

1919-жылы Пишпек уездинин большевиктеринин курултайы учурунда дунган делегаттар шектүү саналып, камакка алынган. Ошол коогаландуу кезде дунгандардын үйлөрү талоонго алынып турган. Жыйган күрүчтөрү, идиш-аяктары да тонолгон. Ушундан улам дунгандар шаардан кете баштайт жана Дунган мааледе (слобода) эч ким калбайт. Менде дунгандардан тартып алынган жыгач бутту-протезди сурап жазган кимдир бирөөнүн арызынын көчүрмөсү бар. Демек кайсы бир майып адамдын жыгач буту айоосуз тартылып алынган. Ал документте канча кесе, канча чыны жана стакан конфискация болгону да көрсөтүлгөн. Бул кадимки эле каракчылык.

Дунгандар жайкысын шалы талаасынын четине камыштан же ылайдан убактылуу алачык же кепе куруп, күрүч өстүрүшкөн. Шаарда жаңы бийликтен качкан көпчүлүк дунгандар Чүй дарыясынын боюндагы мына ушундай жайларда жана камыштардын арасында жашынышкан. Кээ бирлери Дунган слободосуна кайтып келсе, үйлөрүндө орустар жашап жаткан болот. Алар бир нерсе деп айткандан коркуп, кайра кетишет.




Ошентип отуруп 1930-жылдардын башында шаарда дунгандар калбайт, дунгандар Казакстандагы Или дарыясынын боюнан 1882-жылы көчүп келгенде пайда болгон Дунган слободасы жок болот. Слобода ошол кездеги Пишпектиктин батыш бөлүгүндө жайгашып, бүгүнкү Тоголок Молдо, Свердлов (азыр Үметалиев),

Москва көчөлөрү жана Кыргыз ССРинин 50-жылдыгы проспекти (азыр Жибек жолу) менен чектелген.




**37-илл. Дунган слободасы, Пишпек шаары, 1899-жыл.**
Булагы: http://diesel.elcat.kg/index.php?showtopic=120090&st=2320


Маалыматтарга караганда, дунгандар (200дөн ашык үй-бүлө) көчүп келген учурда Пишпекте ондогон гана кожолуктун короо жайы болгон.

Атам мага пишпектик дунгандар кантип талкаланганы тууралуу айткан эмес. Ал атасы өлгөн кезде жаш болгонун айтып берген, бирок эмне себептен өлгөнү тууралуу эч качан ооз ачпады. Ал өмүр баяны жөнүндө китеп жаза баштап, тилекке каршы, бүтпөй калды. Анда 1918-жылкы Беловодск кыштагындагы көтөрүлүш жөнүндө да эскерет. Мен эр жеткенде ойлонуп отуруп, атамдын мага Дунган слободасы, пишпектик жана александровкалык (Сокулук районундагы Александровка кыштагы) дунгандар катышкан көтөрүлүш тууралуу айтып бербегени таң калтырды.

Мен өзүм этнографияны изилдейм, ошого 1918-жылкы тополоңдун менин илимий изилдөөлөрүмө көп тиешеси жок. Бирок Беловодскидеги көтөрүлүштү изилдеп, ал жөнүндө китеп жаздым. Бул көтөрүлүш чоң трагедия болгон. Биз ал окуяларды советтик идеологияга ылайык билгенбиз, Логвиненкону баатыр,

революционер, кызыл аскерлердин чыгаан командири деп жүргөнбүз.





**38-илл. Яков Логвиненко, 1-чи Пишпек полкунун командири.**
**39-илл. Пишпек, Совет көчөсү, 1933-ж. Машиненин үстүндө – Логвиненконун табыты.**
Булагы: http://diesel.elcat.kg/index.php?showtopic=120090&st=20


Мен архивдик материалдар менен таанышып отуруп, Логвиненко жөнүндөгү пикирим толук өзгөрдү. Ал жөнүндө Беловодск көтөрүлүшү маалында Пишкектин аскер комиссары болгон П. Г. Нагибин минтип эскерет:

*Кызыл аскерлер Ташкентке барып келатышып, жолдо кыргыздарды тоношот. Бул отрядда Логвиненко ротанын командири болот. Алар Пишпекке келип, элдин көзүнчө эле тоногон дүйнөсүн бөлүшө баштайт. Отряд карактаган дүйнөсүн шаарда калган аскерлер менен бөлүшкүсү келбегендиктен, ортодо чатак чыгып кетет. Ошол эскерүүдөн окуп берейин: "Арак ичүү башталды. Логвиненко өз штабындагы Кашлев жана Стариков менен кош атка чегилген фаэтонго отуруп алышып, эч бир бийликти тааныбай, Пишпектин көчөлөрүн кыдырып жүрүштү… Бир түнү Логвиненко Ревтрибуналдын төрагасы Григорий Шитундун карындашын атып салды. Шитун кан үчүн өч алам деп, өз отряды менен Логвиненкону шаарды кыдыра издеп жүрүп, аны акыр аягында гаупвахтан табат. Ал адамдардын арасында жер сүзүп уктап жаткан болот."*

*Кызыл аскерлер Логвиненкону куткаруу үчүн ортодон бир рублдан чогултуп, жыйналган 850 рублди күрөөгө төлөшөт дагы аны өздөрү менен кошо фронтко ротанын командири кылып алып кетишет. Бул 1918-жылкы окуялардын алдында болот. Кийин алар кайрадан жергиликтүү элди карактай баштагшат. Алардын командири жогор жактын буйругу менен чакыртып алынып, ордуна Логвиненко дайындалат.*

Бул тушта Беловодскиде көтөрүлүш башталып калат. Большевиктер бийликти найзанын жардамы менен Бишкек советинде көпчүлүктү түзгөн эсерлерден жана башкалардан тартып алышкан. Эсерлер бардык кызматтардан кетирилет. Бул жөнүндө большевиктердин эскерүүлөрүндө ачык эле айтылат. Садовое кыштагында (азыр Сокулук районундагы Шопоков шаарчасы) жана Беловодскиде эсерлердин таасири күчтүү болгон. Эсерлердин партиясында бир гана дунган болот. Пишпекте Монуза Молода деген дунган өтө таасирлүү адам болгон. Аны Пишпек уездинин аскер комиссары кылып дайындоону өтүнгөн документ бар архивде.

Бардык эсерлерди большевиктер кызматтан четтеткенден кийин мындай адилеттикке каршы Беловодск, Садовое жана Пишпекте тополоң чыгат.




**Бишкек – Беловодск жолунун картасы.**

Эки тараптын Советтеги өкүлдөрүнүн саны бирдей болсо, алар өз ара мунасага келмек. Тирешүү акырындап куралдуу эрегишке айланат. Беловодскиге бараткан Кызыл аскерлерди адегенде александровкалык дунгандар жакшы кабыл алышат. Майда элдердин тандоо мүмкүнчүлүгү болбойт эмеспи. Алар дайыма көпчүлүк менен бирге кадамдоо керек. Дайыма ушундай болгон.

Дунгандардын абалы өтө оор болгон. Эгер алар Ак-суулуктарды колдошсо, Кызыл аскерлер келип тоношот, ал эми кызылдарды колдочу болсо, Ак-суулуктар келип тоношот. Дунгандар адеп башында кызылдарды колдошот. Ал эми кызылдарды Ак-суулуктар кысымга ала баштаганда Ак-суулуктар тарапка өтүшөт. Мындан улам дунгандар менен кызылдардын мамилеси такыр бузулат. Жолдон Кызыл аскерлер өтүп баратканда дунгандар ак желекти көтөрүп алып, багынып берүү үчүн утурлап чыгышат. Бирок Кызыл аскерлер пулеметтон ок жаадырат. Ошондо канча адам өлгөнү жөнүндө маалымат жок.

Александровкалык дунгандардын Мухармэ Мацун башындагы отряды 13-декабрда Пишпектеги казарманы камоого алат. Казармага чабуул башталганда аларга шаардын Люлюз Матаню жетектеген дунгандары да кошулат.

Кырдаал 1-чи Пишпек полку келгенден кийин өзгөрөт. 23-декбарда большевиктер чабуулга өтөт. Ак-суулуктар жана дунгандар азыркы Ала-Арча көрүстөнүн көздөй чегинип, кызылдардын окту жамгырдай төккөн пулемотунан жана мылтыктарынан коргонушат.

Бул тушта Кызыл аскерлер көтөрүлүшчүлөр өтүүсү үчүн кууш жол ачат. Алар бул жолдон өтүп баратканда буктурмада турган кызылдар качкындарды пулемоттон чалгыдай кырат. Ошондо 500дөй адам өлгөнү жөнүндө архивдик документтерден окудум. Өлгөндөн калган дунгандар Александровкадагы досторуна качып барышат. Арттарынан большевиктер келип, эркектерди камакка алып, үйлөрдү тоноого киришет.

Атамдын айтып бергенине караганда, александровкалыктарды бир жакка, пишпектиктерди экинчи жакка бөлүшөт. Эч ким кайсы тараптагылар атыларын билбейт. Анан эле кызылдар пишпектиктерди пулемоттон ата башташат.




**40-илл. Беловодск көтөрүлүшүнүн курмандыктары. Январь, 1919-жыл.**
Булагы: Беловодскидеги край таануу музейи, http://museum.belovodsk.info

Кызыл аскерлер пишпектик дунгандарды пулеможтон мойсоп жатканда бир тестиер бала корkконунан эстен танып жыгылып, аман калган экен деп кийин совет заманында айтып жүрүштү. Ал бала өлүктөрдүн арасынан түндө чыгып, үйгө барса, аялдар эми эмне күн болот деп ыйлап отурган болушат. Кийин уксам ал бала Кыргыз эл акыны Ясыр Шиваза экен. 1957-жылы дунган гезити чыга баштаганда Ясыр Шиваза анын биринчи редактору болгон. Мен бирок бул окуяны анын өз оозунан укпадым.

Ошондо өтө көп адам өлөт. Коркпос үчүн апийим ичишет, кудукка секиришет. Кимдир бирөө кудукка секирейин деп жатса, ич жактан ансыз да биз өлө албай жатабыз, секирбе деп кыйкырышат. Бул жөнүндө атамдын жазганын окудум.

Кимдир бирөөнүн тамга басып жазчу машинеси болсо, аны милициянын жергиликтүү бөлүмүндө каттоодон өткөрүү керек экенин мен бала кезимден билчүмүн. Биздин үйдө жазма машине бар болчу. 1959–60-жылдары атам чыгарам деген китебинин текстин эжелериме айтып берип, алар машинкеде басышчу. Атам ал китепти жазып бүтпөй калды. Мен атамдын ордуна китепти бүткөрүп, басмадан чыгарам деп ойлойм.

### 3.2.5. Кытайлык качкын кыргыздар

1916-жылкы көтөрүлүштөн улам Кытайга качкан кыргыздардын көпчүлүгү кийин артка өз жерине кайтууну каалашты. Кытайдын бардык эле жеринде аларды кучак жайып тосуп алышкан эмес. Алардын кээ бирлери 1917-жылы кайтып келсе, экинчилери бир нече жылдан кийин кайтса, үчүнчүлөрү Кытайда биротоло калып калышат (Экинчи Дүйнөлүк согуштан соң Мао Цзедун бийликке олтургандан кийинки ондогон жылдарда кыргыздардын СССРге кайра келүүсү жана туугандары менен катташып туруусу мүмкүн болгон эмес). Ал мезгилдеги кыргыздардын жагдайы тууралуу азыр Кытайдын Или-Казак автоном облусунда жашаган эки кыргыздын аңгемеси:




Кыргыздар Кытайга үркүп келгенден кийин бийлик алардан саясатка кийлигишпөөнү өтүндү. Бийлик 1918-жылы кыргыздарга мурда аңчылык кылган куралдарын пайдаланууга тыюу салды. Кыргыздардын жашоосу кыйындады. Алар кытайлардын кулу болуп калды. Кытайлар кыргыздарды маскаралап кемсинтишти. Алар эски кепелерде ач жылаңач жашашты. Көпчүлүгү кышында ачкачылыктан жана суктан өлдү. Кытайлар аларды аябады, кытайлар "бир адамдын өлүгү бир эшектен арзан турат, эшек 9 юан турса, адамдын жасаты 3 юан, өлө берсин," – дейт.

Оболу бул жерлик кыргыздар мал кармачу эмес, анткени кармагандай малдары жок болчу. Ошондуктан алар негизинен аң уулап күн көрүшчү. Алар жашаган жер мал бакканга абдан ыңгайлуу болгондуктан акырындап сүт ичкенге саан уй, анан жылкы менен эшектерди бага башташат. Кыргыздар каатчылыктан улам буудай, жүгөрү эгишип, дыйканчылыкка үйрөнүп кетишти. Алар көчүп келгенден кийин исламга таат кылганды токтотушту. Жарымы бутпараздарга кошулушту (монголдор сыңары), шамандарга ишенишет, жыландарга сыйынышат же ар кандай материалдан жыландын кебетесин жасап алып, ошого табынышат…

Ал жерде монголдор да жашачу, ошондуктан алар монголчо сүйлөшчү. 1947-жылы мектеп ачылды, бирок сабактар кытай жана монгол тилдеринде гана өтүлөт эле.

1916-жылкы көтөрүлүштөн улам Кытайга үрккөн кээ бир кыргыздар Октябрь революциясынан кийин Ата журтуна кайтып келишти. Алардын кээ бирлери коомдогу таасирин жана ордун кайра келгенден кийин да жоготушпады.

**Сармамбет Кыдырбай уулу.**[135]



Айдарбек Сармамбетов

Кыдыр аке 1917-жылкы Октябрь революциясына чейинки падышалык заманда узак жылдар бою Ак-Суу уезддинин болуштук кылган. Ал картайганда чарчаганын айтып, өзүнүн ордуна башка бирөөнү болуш кылып шайлоону элден сурайт. Ошондон кийин чоң атам Сармамбет Кыдырбай уулу эки жолу болуш шайланат. Ал кездеги салтка ылайык болушту уездге караштуу айылдардан дайындалган өкүлдөр жергиликтүү манаптардын ичинен сунуш кылынган талапкерлердин арасынан татыктуусун шайлашкан. 1916-жылкы Үркүн маалында Сармамбет башка дагы туугандар сыяктуу эле Кашкарга качышат жана Көл боюнда Совет бийлиги орногондон кийин кайтып келишет. Кашкардан кайтып келген биздин айыл жана майда коңшу айылдар биригип, Сармамбет чоң атамды өздөрүнө болуш кылып шайлашат. Ушинтип чоң атам Совет бийлиги орногондон кийин 12 жыл болуштук кылат же жергиликтүү айылдарды башкарат. Колхоздоштуруу башталып, “эл душмандарын” издөө өнөктүгү күчөгөн 1932-жылы чоң атам камакка алынат. Сармамбеттин эмне себептен камалганын СССР кыйрагандан соң гана билүү мүмкүн болду. Архивдик материалдарды карап отуруп, чоң атам 1917-жылга чейинки болуштук шайлоодо утулуп калган тарап жазган чагым каттын негизинде камакка алынганын билдик. Биринчи ирет камалганда чоң атамды аны билген эл-

[135] Бул маалыматтар Сармамбет Кыдырбай уулунун небереси 59 жаштагы Айдарбек Сармамбетовдон алынды. Ал Бишкек шаарында жашайт, журналист, жазуучу. Туулган жери Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районундагы Жаңы-Арык кыштагы.

журт коргоп жатып, камактан чыгарылат. Бирок, 1937-жылы чоң атам экинчи жолу камакка алынып, кийинки жылы Каракол түрмөсүндө атылат. Бул жөнүндө өзүм изилдеп, сураштырып жүрүп, аны менен абакта бирге отурган адамдардан билдим. Мисалы, Туратбеков деген киши Кыргыз ССРынын Айыл чарба министри болгон. Ал чоң атамдын жазмачы-писары болгон экен. Академик Кусейн Карасаев да чоң атам жөнүндө көп айтып жүрчү. Сармамбеттин кантип атылганы жөнүндө аны менен түрмөдө бир камерада отурган адам айтып берди. Ал кишини Ысык-Ата районундагы Ивановка кыштагынан таптым. Анын сөзүнө караганда, чоң атамды манаптын тукумусуң, байдын тегисиң деп айыпташыптыр.

Ырас эле, анын атасы жана чоң аталары эл башкарып, болуш болушкан. Сармамбет айылдык кеңештин төрагасы болуп шайланганда өзүнүн тегин жашырып койот. Чоң атам атылгандан бир жылдан кийин чоң энем кайгы-азаптан өлөт. Себеби жаңы Совет өкмөтү алардын тамын жана малын тартып алып, өздөрүн көчөгө кууп салат. Ошол кезде атам 13 жашта, иниси 7 жашта, эң кенжелери 1,5 жашта экен. Ал башынан өткөн азаптуу турмушу жөнүндө кыйналып жатып эскерип калчу.

Кээ бир айылдаштары Сармамбеттин балдары көчөдө баратса "байдын тукуму", "эл душманы" дешип, иттерине талатканга чейин барышыптыр. Атам жети жаштагы иниси экөө Сармамбеттин улуу эжесиникине барып баш калкаламак болот. Ал эжеси азыркы Чолпон-Ата шаарынын жанындагы Кара-Ойдо жашачу экен. Кенже инисин айылдагы алыс туугандарынын биринин үйүнө калтырышат. Ач, буттарында эч нерсеси жок жылаңаяк ага-ини ээрчишип алып, бир жумада Кара-Ойго жетишет. Менин чоң атамды жана башкаларды "эл душманы" деп аткандарга эстелик тургузулган. Ал эми курман болгондор жөнүндө ооз ачышпайт. Чоң атам Сармамбет Кыдырбай уулу 1956-жылы акталган.


### 3.2.6. Мүлктү коомдук менчикке айлантуу

Большевиктер бийликти алгандан көп өтпөй бай адамдардын мал-мүлкүн тартып алуу (конфискациялоо) башталды. 1918-жылы толук бойдон большевиктердин башкаруусуна өткөн советтерде акча каражаты аябай тартыш болгондуктан, большевиктик советтер мүлктү тартып алууга киришет. Ошондой бир окуя тууралуу

Советтин мүчөсү, китептен сиздерге белгилүү Н. Д. Голубдун жазганы:

> Ал кезде ири байлар менен кулактардын чарбалары конфискация кылынбады, бирок кулактар менен бай-манаптардын ишмердиги биринчи күндөн тартып чектелди. Себеби Советтердин финансалык абалы абдан оор эле. Маал-маал, көбүнчө, буржуйлардын борбордо жана жер-жерлердеги нааразылыкка чыгууларына жооп кылып, Совет буржуйларга контрибуция салуу жөнүндө токтом чыгарды. Алардын тизмеси түзүлүп, ар бир фамилиянын тушуна алынчу алым-салыктын суммасы көрсөтүлдү. Демейде контрибуциянын суммасы түз эле Советтин кассасына төгүлчү.

1917–1922-жылдары рубль 190 эсе (1900%) девальвация болгон же кунун жоготкон. Валютанын девальвация болуусун көрсөткөн мына бул график финансы саясатындагы түркөйлүктүн бир мисалы:




| | 1883 | 1896 | 1897 | 1916 | 1917 | 1918 | 1919 | 1920 | 1921 | 1922 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| рубль бир долларга | 1,39 | 1,30 | 1,94 | 6,70 | 11,00 | 31,25 | 72,46 | 256,00 | 1389,00 | 2083,00 |

**1-график. Валютанын Орусиядагы наркы (рубль бир долларга).**
Булагы: *Курс доллара с 1792 по 2012 годы, Золотое содержание доллара* (Exchange Rate between the American Dollar and the Russian Ruble), http://www.opoccuu.com/kurs.htm.

Мүлктү конфискациялоо жөнөкөй дыйкандардын арасында да жүргүзүлдү. Советтердин мүчөлөрү алысты көрө билбеген жөнөкөй адамдар болгон. Дыйкандардын негизги эмгек куралдарын тартып алуу өлкөнү тез эле экономикалык коллапска жана массалык ачарчылыкка алып барды.

**Герман Янтцен.**[136] Жыйым-терим бүткөндөн кийин бардык ашыкча түшүмдү жана мамлекетке тиешелүү данды бийликке өткөргүлө деген өтө катаал буйрук келди. Биз анын баарын 35 километр алыстыктагы Александровкага жеткирип берүүбүз керек эле. Бул дыйкандар үчүн катуу сокку болду, бирок аны аткарбаганга аргасыз элек. Андан көп убакыт өтпөй бийликтин өкүлдөрү келип, биздин соко, буурсун, чалгыларыбызды жана дээрлик бардык арабаларыбызды алып кетишти.

Андан тышкары биздин округда ар үч айда шайлоо өткөрүлүп турду. Шайланган адамдардын бири да баш тартканга укуксуз эле. Себеби кийин аларды контрреволюционер, монархист деп келекелеп, ошого жараша мамиле жасашчу. Бир ирет каргыш уруп, мени да шайлашты. Мен шайлоочулар берген добуштардын негизинде башкы комиссардын союздашы болуп калдым. Фамилиясы Сорока деген башкы комиссар мурда Галич шаарында аскер туткуну болгон. Ал жаман адам эмес эле, Россияда сейрек кездешүүчү таза коммунист болчу. Бирок арак ичкенди аябай сүйчү. Мага аны менен райондук Советте иштешкенге туура келди, ошон үчүн мен дайыма айылдык советте болушум керек эле.

Мен кечкисин эски маалеге барып, мусулман досторум менен өлкө башына түшкөн мүшкүлдөн башка да олуттуу маселелер жөнүндө сүйлөшө алат элем. Райондук комиссариатта күн сайын кеңешме өтүп, ага бардык делегаттар катышууга милдеттүү болчу. Биз чечимди Москвадан Ташкент аркылуу келген көрсөтмөгө ылайык тез кабыл алчубуз. Мен мурда айткандай, делегаттардын 5% европалыктар, 95% мусулмандар эле.

Алар илгери падышалык бийлик тарабынан кысмакка алынгандыктан, бизге душманындай карашчу. Большевиктер аларга эркиндикти чоң берди, көбү партияга мүчө болуп өттү. Ошол үчүн алар башка жактарга барып, жетекчи кызматтарда иштей алышмак. Алар үчүн мурдагы кожоюндарынан өч алуу табигий иш катары көрүнчү.

Сорока көпчүлүк учурда акылсыз жана кереги жок чечимдерди чыгаргандыктан, бизди да өзүн да кыйын абалда көп калтырчу. Билимдүү мусулмандар өздөрүн обочо кармап, большевиктер партиясы менен эч кандай байланыш түзгөндү

[136] Герман Янтцен, 25-шилтемени караңыз (30-бет).

каалашчу эмес. Мусулмандар өздөрүнүн суроолорун фронттон келген солдаттардын күчтүү колдоосунан пайдаланып, көпчүлүк добуш менен өткөрүп кетишчү. Фронттон келген солдаттардын баары жагдайга наараазы болуп, кыжырлангандарын жашырбачу. Көпчүлүк солдаттар мусулмандар жетектеген мекемелерде жазмакчы-писарь болуп орноштү.

**Чоң Совет Энциклопедиясы, экспроприация деген макала.** Экспроприаторлорду экспроприациялоо, эзүүчү класстардын жеке менчигин менчик ээлеринин (эксплуататорлордун) өндүрүштүк каражаттарын мажбурлоо жолу менен тартып алып, эмгекчилердин менчигине берүү аркылуу жоюунун мыйзамдуу жарайаны. Экспроприаторлорду экспроприациялоо-социалисттик коомдук менчикке өтүүнүн баштапкы этабы. Экспроприаторлорду экспроприациялоонун объективдүү мүмкүндүгү жана зарылчылыгы өндүрүштү коомдук менчике айлантуунун жана ээлик кылуунун жеке капиталисттик формасы, аз сандагы узурпаторлор (менчик ээлери – эксплуататор классы) жана көпчүлүк эл (өндүрүштүк каражаттан айрылган эмгекчилер) ортосундагы антагонисттик карама-каршылыктын өсүшү менен шартталат.

Бул карама-каршылыктар монополисттик капитализмге чейинки жагдайда күчөйт жана империализм тушунда кескин курчуйт. Капитализм учурунда эмгектин коомдук менчикке айлануусу, капиталисттер ортосундагы атаандаштык күрөшүнүн жүрүшүндө капиталдын топтолуусу жана борборлошуусу менен коштолот.

“Капиталдын монополиясы, – деп жазган К. Маркс. – анын тушунда жана анын астында өскөн өндүрүштүк ыкманын кишени болуп калат. Өндүрүштүк каражаттардын борборлоштурулуусу жана эмгектин коомдук менчикке айлануусу ушундай чекке жетет, андан ары алар өздөрүнүн капиталисттик алкагына сыйбай калат. Ал чел кабык жарылат. Капиталисттик жеке менчиктин сааты бүтөт.

Экспроприаторлор экспроприацияланат. (К. Маркс и Энгельс, Соч., 2 изд., т. 23, стр. 772–773).

Экспроприаторлорду экспроприациялоонун тууралыгы эзүүчү таптын ири менчиги-эмгекчилер массасын тоноонун жана аёосуз эксплуатациялоонун натыйжасы менен аныкталат. Мына ошол үчүн эксплуататорлорду менчигинен ажыратуу эмгекчилерге чыныгы жаратмандар катары таандык, бирок алардан күч менен тартып алынган (экспроприацияланган) нерсени өздөрүнө укугуна ылайык кайтаруу болгондуктан мыйзамдуу, адилеттүү акт.

1917-жылкы Октябрь социалисттик революциясынын натыйжасында В. И. Ленин башындагы Коммунисттик партиянын жетекчилиги астында дүйнөдөгү биринчи социалисттик мамлекеттин жумушчу классы кедей дыйкандар менен бирге капиталисттер менен помещиктерди экспроприациялады жана негизги өндүрүштүк каражаттарды: жерди, өнөр жайды, темир жолду жана башкаларды коомдук менчикке айландырды.
К. Маркс жана В. И. Ленин капиталисттерди тынч баш ийдирип, социалисттик мамлекеттин контролу астындагы коомдук пайдалуу эмгекке тартуу максатында буржуазиядан өндүрүштүк каражаттарды сатып алууну-ордун толуктап берүүнүн компромисстик ыкмасы ирети боолгошкон жана мүмкүн көрүшкөн. Бирок Россияда пролетариаттын диктатурасы орнотулгандан кийин буржуазия жаңы түзүлүшкө катуу каршылык көрсөтүп, контрреволюция жолуна түштү. Пролетарлар курч таптык күрөштүн жагдайында эксплуататорлордун каршылыгын басты. Экспроприаторлорду экспроприациялоо ылдам темпте – капиталисттер жана помещиктердин менчигин конфискациялоо методу менен жүргүзүлдү.
Майда товар өндүрүүчүлөрдүн эмгектик менчиги акырындап ыктыярдуу кооперацияга бириктирүү аркылуу социалистик коллективдүү менчикке айлантылды.

Ыктыярдуу кызматташуу (кооперация) иш жүзүндө кандай турмушка ашырылганын бул жараяндын түздөн-түз катышуучулары такыр бөлөкчө сүрөттөшөт:

**Герман Янтцен.**[137] Күздө Москвадан Экспроприация жөнүндө мыйзам жана ар бир эл өкүлү бул мыйзамга кол койсун деген буйрук келди. Ошон үчүн бардык делегаттар кайра чогултулду жана мындан ары "меники" жана "сеники"деген болбосун деп алдын ала эскертишти. Делегаттардын жыйналышында мыйзамды кол койгонго беришти. Көпчүлүк кол койду. Мен каршы чыктым эле төрага менин түшүндүрмө беришимди талап кылды. Мен ордуман туруп: "Биздин кыштакта менин коңшум бар. Ал жыйырма жыл мурда Россиядан Түркистанга жаш аялы жана эки баласы менен келгенде кедей болчу. Келгенден бери ал тынбай иштеп, бир аз жер сатып алды. Мен эгер мыйзамга кол койсом, мен анын менчигин тартып алам. Ошон үчүн мен өзүмдөн: "Бул адам ушунча жыл эмнеге иштеди?" деп сурашым керек. Ал чыныгы революционер. Мындай адамдар өтө көп. Ленин бизге большевиктер пролетариат жөнүндө кам көрүшү жана аны колдошу керек деп айткан эмеспи. Ошон үчүн бул мыйзамга мен кол койбойм дедим.

Ошол замат бардык делегаттар мага: ”Жогол! Делегат Янтцен жоголсун! Ал – контрреволюционер, ал – монархист, ал – капиталист,” – деп кыйкырышты. "Ал миссионер биздин адамдарыбызды мечиттен өз динине азгырып кетти…" жана башка ушу сыяктуу сөздөрдү айткандар да болду.

Мен залдан чыгып кеттим. Убакыт кеч болгондуктан батирге жетер менен уктаганы жаттым. Бир убакта эшигим такылдаганынан ойгонуп кеттим. Керебеттен туруп: “Ким?” деп сурадым. Мага Мусулмандар коммунисттик партиясынын төрагасы, ошол эле учурда ГПУга (Главное политическое управление – Башкы саясый башкармалык) да төрагалык кылган жана өтө билимдүү Ибраимовдун тааныш үнү угулду. Ал татар менин жакшы досум эле. Ал мага айтты: "Урматтуу досум Янтцен, сиз бүгүн Экспроприация жөнүндөгү мыйзамга кол койбой коюп, билесизби, эмне болгонун? Жыйналыштан кийин мени Өзгөчө суроолор боюнча бөлүмгө чакырышты. Барсам сиз тууралуу сөз болуп жатыптыр. Сизди атууга өкүм кылып, тынчыталы деп чечишти. Сизди алып кетүү үчүн эртең

[137] Герман Янтцен, 25-шилтемени караңыз (30-бет).

саат 7 де солдаттар келет. Албетте, мен эч нерсе кыла албадым. Бирок сиздин үйүңүздөн көп жолу наныңызды жеп, тузуңузду таткан эски дос катары сизге эскертип койоюн дедим. Мен муну мусулмандардын меймандостук салтына ылайык жасап жатам. Сиздин каныңызга забын келтиргим келбейт. Мен сизге эскерттим. Мына сиздин атыңыз менен ээриңиз. Сизде качып кетүүгө убактыңыз бар. Токтобой жөнөңүз! Алла сиз менен, кудай өзү колдосун. Заман азыркыдан жакшы болсун!" Ал ушул сөздү айтып бүтүп, караңгыга житип кетти. Мен атты тез токуп миндим да өз шеригиме эмне болгонун айтып койгону бардым. Мага ким эскерткенин ага айтканым жок. Ага мөөрдү жана кеңсенин ачкычын тапшырдым. Ал мага ак тилегин каалап, жолго узатты.

Орловкага чейин 65 чакырым эле. Мени караңгы түн коргоду. Баары мен болжогондой чыкты. Мени издеп келген солдаттар үйдү тинтип, эч нерсе калтырбай тоноп кетишиптир. Бул биздин үй-бүлө үчүн оор мезгил болду. Мен күн бою тоонун кокту-колотунда жашырынып жүрүп, кечинде кайсы бир айылга түшүп келип, түнөп жүрдүм. Ал үчүн адегенде айылда бир да солдат жок экенине ишенүүм керек болчу. Кедей – кембагалга жүк болбош үчүн эң мыкты боз үйгө түнөчүмүн. Мени узак жылдардан бери таанышкандыктан аябай меймандос кабыл алышчу жана колунда бар тамак – ашынын эң жакшысын берип сыйлашчу. Мен ошентип жүрсөм да миссионердик ишимди улантып жаттым. Мага ар түркүн суроолорду беришчү жана мени укканы айылда эч ким калбай чогулчу.

Ошентип бир айылдан экинчи айылга көчүп-конуп жүрүп төрт айдан ашуун убакыт жашадым. Бир жолу сарт молдонун үйүндө конок болдум. Анын аялы кара кыргыздардан эле. Өзү кара кыргыздардын балдарын окутчу. Капилеттен эле көчө жактан мени сураган адамдын үнү угулду. Мен адегенде аябай коркуп кеттим, анан өзүмдүн жакын досум А. Янцен аганын доошун тааныдым. Бул укмуштуудай окуя болду!

Ал мени колдоп, тагдырымдын оорчулугун тең бөлүшүүнү каалап, мени көптөн бери издеп жүргөн экен. Биз бир нече күн чогуу жүрдүк. Анан мен ага экөөбүз чогуу жүрсөк, колго түшүп калуу коркунучу чоң экенин айтып түшүндүрдүм. Ал капа болду, бирок үйгө аргасыз кетти.

Күздө тоодо күн сууп, мени ревматизм кыйнай баштады. Мен дээрлик баса албай калдым. Ошон үчүн үйгө кайтып келдим жана шаарга ГПУга баргандан башка мүмкүнчүлүгүм жок деп

чечтим. ГПУда менин өз ыктыярым менен келгениме аябай таң калышты. Башка бөлмөдө кеңешип бүтүшүп, мени түрмөгө алып барышты. Генрих ага минип жүргөн атымды жана солдаттардын уруксаты менен жакындарыма жазган катымды үйгө алып кетти.

Түрмөдө муундарым аябай ооруду. Мен жаткан тар камерада керебет жок болгондуктан, муздак бетон полдо жатканга туура келди. Мен көргөндү айтып берүү мүмкүн эмес, аны жалгыз Кудай билет. Ушинтип он бир күн жашадым. Он экинчи күнү эки солдат келип, мени эптеп жатып камерадан көтөрүп чыгышты. Эми мени атып салышат экен деп ойлодум.

Бирок баары бөлөкчө бүттү. Мени комиссарга алып барышты. Ал менин аты-жөнүмдү жана башка маалыматтарды сурап жатып, чөнтөгүмдөгү китепти көрүп калды. Менин саатымды, капчыгымды тартып алышып, Библияны калтырып коюшканына ал таң калды. Менден сен дале Библияга кантип ишенип жүрөсүң деп сурады жана аябай күлүп, андан бир нерсе окуп бер деди. Көп ойлонбой Библияны ачтым да Иса пайгамбардын китебинин 3-бөлүмүн окуп бердим:

*Мына, Кудай, Саваоф Кудай, Иуданын асабасын жана таягын алып, Иерусалимди, адый жана эр жүрөк аскерди, сот жана пайгамбарды, олуя жана машаякты, элүү башыны, төрөнү жана кеңешчини, акылман художникти жана сөзгө маш чеченди ар кандай азык-түлүк жана суу менен камсыздоону токтоттум.*

*Жана аларга тестиер баланы башкаруучу кылып берем жана аларга балдар төбөл болушат.*

*Жана элде бирөөнү экинчиси жана ар бир адам жакын тууганы тарабынан эзилет; боз улан карыядан жана кара таман төрөдөн өйдө болот. Ошондо адам өз агасына, үй-бүлө мүчөлөрү атасына жалбарып: Сенин кийимиң бар, биздин адыйыбыз бол, мыны бул чалдыбар сенин кол астыңда болсун, деп айтышат. Ал ант берип жатып айтат: коомдун жарасын айыктыра албайм, менин үйүмдө нан да, кийим да жок, мени элдин көсөмү кылбагыла.*

*Ушинтип Иерусалим кыйрады жана Иуда өлдү, анткени алардын тили жана иши Кудайга каршы, аны даңктоочуларынын көз алдында маскаралоо эле. Алардын жүзүнүн көрүнүшү аларга каршы, жана алар өз күнөөсү жөнүндө содомдуктар сыяктуу жашырбай ачык айтышат: алардын жанына азап! Себеби алар өз башына өздөрү жамандыкты издешүүдө. Ыймандуу алкоого арзыганын айткыла, анткени ал өзү жасаган иштердин мөмөсүнөн даам татат; Мыйзамсызга – азап, ал анткени колу менен жасаган иштери үчүн жооп берет. Менин элимди эзип-куугунтуктагандарды балдар жана аялдар башкарып бийлейт. Элим Менин! Сени адыйларыңар жолдон адаштырууда жана сенин жолуңду бузуп салды.*

*Кудай сотко каршы чыкты жана өзү элдерди соттомок болууда.*

*Кудай Өз элинин аксакалдарын жана бектерин соттоодо: Силер жүзүмзарларды кыйраттыңар, кедейлерден уурдалгандар силердин үйүңөрдө, силер менин элимди*

*эзип жатасыңар жана кембагалдарды кыйноодосуңар, дейт Кудай, Саваоф Кудай.*

*Жана Кудай айтты: Сионун кыздары мойнун созуп жана көздөрүн кылыйтып, чайпала басып, бутундагы чынжырларын шарактатып текеберленет, Кудай Сиондун кыздарынын төбөсүн жылаңачтайт жана Кудай алардын уят жерлерин ачып салат; ал күнү Кудай буттарындагы кооз чынжырларды жана жылдызчаларды, айларды, шуруларды, желпүүрлөрдү, жоолуктарды, билериктерди жана белдемчилерин, атыр куюлган идиштерин жана кереметтүү сөйкө-сыргаларын, колу жана мурдундагы шакектерин, ички жана тышкы кийимдерин, оромолдорун жана капчыктарын, жука булуттай чепкендерин жана жуурkандарын алып коёт.*

*Жана аңкыган жыттын ордуна жаман жыт, белдемчинин ордуна чылбыр жип, өрүлгөн чачтын ордуна – коколой таз баш, кенен чепкендин ордуна тар таар көйнөк, сулуулуктун ордуна сөлөкөт калат. Сенин эркектериң кылычтан өлөт, жана баатырларың согушта кырылат. Жана борбор шаардын дарбазасы онтойт жана ыйлайт, аял жерде дүйнөсү куруп отурат.*

Ал мени токтотту да: "Муну ким жазды? Мунун баары азыр жалпы Россияда жүрүп жатпайбы," – деди. Комиссар бир топко ойлонуп калды жана бардык эле "Библияда" ушинтип жазылганбы деп сурады. Ал бир аз ойлонуп туруп, ага да "Библия" керек экенин айтты. Менин шаардагы бир таанышым ага китепти алып келип бере аларын айттым. Бир нече күндөн кийин ал мени кайра чакырып, аны "Библия" менен тааныштыруум үчүн мени өзүнө жазмачы кылып алам деди. Ошондон кийин мен кадимки төшөнчү-керебеттүү камерада жашаганга мүмкүндүк алдым жана өзүмдү бир кыйла жакшы сезип калдым. Библия сабагын түрмөнүн комиссары менен бир нече жума өттүм. Ал улам өзгөрүп баратканын көрдүм. Бир жолу ага келсем, анын ордунда башка бирөө-австриялык отуруптур. Ал да мурунку туткундардан экен. Ал мага мурдакы комиссар үйүмө кетким келүүдө деп жатып, кызматтан бошонуп кеткенин айтты.

Ал кезде Түркистандын мусулман элдери да биригип, өздөрүнүн коммунистик партиясын түздү. Алар да мусулман большевиктерден жакшылап коргонууну каалашты. Бул партиянын жаңы төрагасы менин жакшы таанышым болчу, ал мусулмандардын ГПУсуна башка дагы он жети адам кол койгон кайрылуу жолдоп, мени эркиндикке чыгарууну суранды. Мени 1919-жылы түрмөдөн чыгарышты. Ошентип, беш ай тоодо бекинип жүрдүм жана өлүм жазасына тартылган адам катары беш ай абакта отурдум.

Ошондон тартып бардык партиялык чогулуштарга катышканга туура келди. Биздин жамияттын жана орус

> дыйкандардын өкүлү катары, христиандык позициядан туруп, алардын таламын жактоо мен үчүн көпчүлүк учурда кыйын болду. Ал кезде кыштак жеринен дан, жылкы, чочко, койлорду көп жыйнашчу. Бул, албетте, дыйкандарга жакчу эмес. Кээ бирөөлөр кыжырданып: "Янтцен шаардагы башка адамдар өңдүү эле большевик. Андай болбосо бизди талап-тонобойт болчу," – деп айтышты.
>
> Алар реквизиция маалында мага жана беш уулумдун үй-бүлөсүнө башкаларга жасалгандай эле мамиле кылынганын көрүшкөн жок.

Асаналы Субановдун (же анын атасынын) тарыхы большевиктер адеп жүргүзгөн коллективдештирүү маалында жана кийин, 1930-жылдардагы колхоздоштурууда элдин мүлк-дүйнөсү кантип тартылып алынганын айкын көрсөтөт.

> **Субанов Асаналы**. Бул протокол 1932-жылы Субанов Асаналы камакка алынганда Кең-Суу кыштагында (азыр Ысык-Көл облусунун Түп району) НКВДнын[138] кызматкерлери тарабынан түзүлгөн. Протоколду СССР кыйрагандан кийин Шарше Кыдыралиевдин небереси Эрик Асаналиев КГБнын архивинен тапкан. Эрик Асаналиев ушу тапта Кыргызстандын Беларусь, Литва жана Латвиядагы элчиси. Субанов Асаналы тогуз тууганы менен чогуу камалган. Архивдик документте Субанов Асаналынын агасы менен чогуу РСФСРдин Кылмыш кодексинин 58-беренесинин 10-пункту[139] боюнча соттолгон Кыдыралиев Шарше деген күбөнүн көрсөтмөсү бар.

...............................................

[138] НКВД- Ички иштер боюнча эл комиссариаты, иш жүзүндө, ички иштер министирлиги.

[139] РСФСРдин Кылмыш кодексинин 1927-жылы 25-февралда күчүнө кирген 58-беренесинин 10- пункту "Совет бийлигин кулатууга, ичтен бузууга же алсыратууга чакырып, элди үгүттөө же агитациялоо же контрреволюциячыл кылмыш жасоо (58-2-58-9), ошондой эле ушундай мазмундагы адабиятты даярдоо же жайылтуу алты айдан кем эмес мөөнөткө эркининен ажыратылат". СССРдин башка да союздук республикаларында ушундай беренелери бар. 1921-жылдан 1958-жылга чейин бул берене боюнча жана союздук республикалардын тийиштүү беренелерине ылайык 3,78 млн. адам соттолгон. Булак: СССРдин Башкы прокурору Р. А. Руденко, СССРдин Ички иштер министри С. Н. Круглов жана СССРдин Юстиция министри К.П.Горшениндин контрреволюциячыл ишмердиги үчүн жоопко тартылгандардын ишин кайра кароо жөнүндө КПСС БКнын Биринчи секретары Н.С.Хрущевге жазган каты. 58-берене боюнча Совет өкмөтүнө куралдуу каршылык көрсөткөндөр жана элди совет өкмөтүнө каршы үгүттөп тукургандар күнөөлөнөт.

Алар мурда Кыдыралиев Шаршенин агасы соттолгону үчүн да күнөөлөнөт. Бул экөөнүн атасы Кубан Ысык-Көл жээгиндеги чоң соодагерлердин бири болгон. Анын дан жана башка товарларды сактоочу бир нече кампасы болуп, жүк ташыганга он төө кармаган. Большевиктер бийликке келер замат Кубандын кампа-төөлөрү өкмөттүн эсебине тартылып алынат. Коллективдештирүүгө жана ТОЗ[140] түзүлгөнгө байланыштуу ал малынын жана жабдуу-шаймандарынын бир бөлүгүн да коллективдүү пайдаланууга өткөрүп бергенин күбөлөрдүн сөздөрү тастыктайт. Кыдыралиев Шарше малды саткан жана союп жеген деп күнөөлөнгөн. СССР кыйраганга чейин кыргыз малчылары дал ушул айыптоодон абдан коркушкан. Эгер төл учурунда козу-улак, музоо-кулун өлүп, чыгым болсо же башка себептерден улам малдын башы азайса, кокус койчу карамагындагы малы эмне себептен өлгөнүн далилдей албаса, абакка отургузулушу мүмкүн эле. Малды сатып жиберди жана союп алды деген айыптоону ар кандайча чечмелөө мүмкүн, бул тергөөнү баштоо үчүн ыңгайлуу жүйө болгон.

Субанов Асанали, родом из области Джыргалан, 47 лет, из рода сарт.
статья 58—IO УК. (I885)

Допрос в деревне Сазановка, 22. 5. I932
Макалаев Иманали
Борубаев Иманали
Ормонов Рыскул
Ормонов Иманкул
Еркимбаев Касымали
Еркимбаев Асанали
Еркимбаев Султанали
Шалруков Акматжан
Бологонов Жакып
В тюрьме с марта I932 г.

............................................

[140] ТОЗ-жерди жарнакташып иштетүү шериктештиги (товарищество по совместной обработке земли).

Показания:
Токтоназаров Сапаркан — вступил в колхоз с 3 конями и 2 голов скота
Ормонов Рыскул — вступил в колхоз с 6 головами коней
Бугубаев Джакып, председатель колхоза: у него был деревянный дом, амбар (склад), 25 коней, I2 голов скота, старший брат Шалпык был осужден.
Кыдыралиев Шарше-Шубан умер в I9I4 г. У него было 60 коней, I8 голов скота, 300 овец, 3 верблюда.

Жена Мурсаим — 42 года (*I890)

Сын Акматбек — I5 лет (*I9I7)

Дочь Кукен — 8 лет (*I924)

Дочь Суйдун — 3 года (*I929)

Сын Койчубай (Акматбай) — I,5 года (*ноябрь I930 г.)

Брат Жумабек — 38 лет (*I894)

Дядя Ормонов Р.

Дядя Ормонов И.

Дядя Шалпык, грамотный

Допрашивал в деревне Сазановке, 3. 6. I932 г., помощник уполномоченного ГПУ[141] Киргизской СССРВ I93I году .. осужден за распродажу и убой скота, приговор № I52 от 28. 5. I932 г.

Он отдал в колхоз 5 коней, I0 овец, I корову. В семье 5 человек. 22. 6. I932 арестовано имущество (стр. II4, дело № I023, арх. № 2465. Следственное отделение 2465 МВД[142], мера приговора: пять лет исправительных работ, концентрационный лагерь, г. Караганда, 22. 6. I932.

..............................................

[141] ГПУ – Государственной политическое управление. НКВДнын алдындагы Мамлекеттик сасяый башкармалык(саясый атайын кызмат).

[142] МВД-Министерство внутренних дел же Ички иштер министрлиги.

Эрик Асаналиев Казакстандын Караганды жерине көчүрмө болгондордун тизмесинен чоң атасы Кыдыралиев Шаршени тапкан эмес. Бирок архивдик материалдардагы үзүл-тазыл маалыматтардын негизинде Кыдыралиев Шарше Токмок жана Бишкек ортосунда ачкадан өлгөн жана анын сөөгү жол боюна эки чепкенге оролуп коюлган. Ошондой эле Ормонов Иманкул менен Бөлөгөнов Жакып тергөө кезде жалган көрсөтмө берген деп тыянак жасоо мүмкүн.

XX кылымдын 30-жылдары Кең-Суу айылындагы кампалардын бири бузулуп, анын жыгачтары Сан-Таш айылындагы жергиликтүү Советтин имаратын курганга пайдаланылат. Эрик Асаналиевдин айтымында, чоң атасынын кампасынын материалдарынан курулган кеңсенин имаратынан азыркыга чейин эски устундарды көрүүгө болот.

Дагы бир кызыктуу фактыга токтоло кетүү зарыл: Эрик Асаналиевдин атасы Акматбай суроктын протоколунда Койчубай деп аталып, 1930-жылы ноябрда төрөлгөн деп көрсөтүлөт. Сот болгон кезде Акматбай 1,5 жашта болгон. Анын себебин мындай түшүндүрүү мүмкүн. Кыргызстанда ал кезде ата-энесинин кимдир бирөөсү камалса, бул үй-бүлө балдарын болочокто бийликтин мүмкүн болчу куугунтуктоосунан сактоо үчүн анын чыныгы ысымын жана жашын жашырганга аракет кылышкан. Акматбай мына бул архивдик материал табылганга чейин кайсыл айда туулганын так билбеген.

Октябрь революциясына чейинки окуяларга жигердүү катышкан жана коммунисттик идеяга өтө берилген большевиктер менен партиялык кызматкерлер 1930-жылдардын башына чейин эле куугунтукка алынып, айрымдары түрмөдө отурса, экинчилери атылып кетет. Бул кызыл террордун башталышы гана болчу. А чыныгы кандуу булоон 30-жылдардын экинчи жарымына туура келди.



**Солтонбеков Бирлик**. Менин атам Солтонбеков Ырысалы 1887-жылы туулган. Ал кыргыздардан чыккан биринчи революционерлердин бири. Октябрь

революциясынын алдында Иваницин[143] башындагы жашыруун уюмдун мүчөсү болот. 1917-жылы майда Кыргызстандын аймагында элди эзүүдөн бошотууну максат кылган Букаралар союзу түзүлөт. Атам бул уюмга 1917-жылы сентябрда кошулат.

Букаралар союзу башка уюмдардын катарында Пишпек шаардык советине кирген. Атамдын жаңы бийликте иштөөсү ошентип башталган. Бирок атам 1934-жылы эл душманы, Туран партиясын түзгөн деп айыпталат. Атамды 1934-жылы 24-майда Таластан командировкадан кайтып келатканда камакка алышат.

Аны жалгыз адамдык камерада кармашат. Ал эмне күнөө жасадым деп сурайт. "Сен Социалисттик Туран партиясын уюштургансың, сен анын жетекчисисиң. Сен анын бөлүмдөрүн жалпы Кыргызстанда түзүүнү каалагансың, өкмөттү кулатуу жана Совет өкмөтүнө каршы күрөштү баштоо максатында адамдарды чогулткансың. Сенин максатың Кыргызстанды мусулман жолуна буруп, анын башына туруу болгон," – деп айтышат.

Туран ойдон чыгарылган калп. Сурак маалында жалганчылар менен жалган күбөлөр көрсөтмө берген. Атамдын айтышынча, ал сурак берип жатканда тергөөчүлөр 90дон ашык адамды алып келишкен жана күбө өтчү дагы көп адамдар бар дешкен. Аны Фрунзеде (азыркы Бишкек) Ташкенттен келген тергөөчүлөр суракка алышкан. Атам камалган кезде Айыл чарбасы боюнча эл комиссариатында[144] сүт азыктарын өндүрүүчү фермалар бөлүмүнүн башчысы болгон. Сурак кезде күбө катары бийик кызматтагы адамдар, мисалы, Кыргыз АССРинин Компартиясынын БКсынын 2-чи катчысы Төрөкул Айтматов, Борбордук аткаруу комитетинин төрагасы Абдыкадыр Орозбеков жана башкалар көргөзмө беришкен.

Төрөкул Айтматовдун[145] партиялык чоң кызматта иштеп жатып, Солтонбеков Ырысалынын үстүнөн ойдон чыгарылган жалган иш боюнча күбө катары көргөзмө бергени кызыктуу. Мурдараак

[143] Алексей Илларионович Иваницын (1870–1925) азыркы Украина жеринде туулган; иш таштоолорго катышканы үчүн бир нече жолу түрөмөгө салынат, Ысык-Көл областында иштеген. Ташкентте большевиктик кызматта иштеп жүргөндө кол салуудан өлгөн. Бишкекте анын ысмындагы көчө бар.

[144] Иш жүзүндө Айыл чарба министрлиги.

[145] Төрөкул Айтматов, атактуу кыргыз совет жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун (1928–2008) атасы.

Айтматов Араван-Буура районун жетектеп турганда кулактар түгүл орто дыйкандар да кулакка тартылсын деп сунуш кылат (218-бетти караңыз). Андан төрт жыл өтпөй анын өзү ушундай жалган жалаа менен айыпталып, атылып кетет (259-бетти караңыз).

Жогорудагы аңгемеде эскерилген Абыкадыр Орозбеков 1927–1937-жылдары, Кыргыз АССР, Кыргыз ССР Борбордук аткаруу комитетинин төрагасы болгон. Ал 1937-жылы камакка алынып, 1938-жылы түрмөдө кыйноолордон улам өлөт.

Тартип боюнча бардык күбөлөр берген көргөзмөлөрүнүн этегине кол коюшу керек болгон. Менин атам тергөөчүлөргө: “Күбөлөрдүн бардык сөзү жалган. Акыл эси жайындагы бир да адам Социалисттик туран партиясы дегенди түшүнбөйт,” – деп айтат. Ошонон кийин тергөөчүлөр Туран деген сөздү контрреволюцияга алмаштырышат. Сурак учурунда атамды тынбай сабашат. Көптөгөн күнөөсүз адамдар ур-токмокко чыдабай жасабаган күнөөсүн мойнуна алышкан. Атам “күнөөсүн” мойнуна албайт. “Мен Социалисттик Туран партиясын билбейм. Контрреволюция дегенди түшүнбөйм. Силер эмне сүйлөп жатканыңарды түшүнбөйм. Күбөлөр жалганды шыпыртууда. Мен Большевикттер партиясынын мүчөсүмүн. Дайыма чын иштегенмин,” –деп кайталап, бир да кагазга кол койбой туруп алганда НКВДнын тергөөчүлөрү анын эки кабыргасын сындыра урушат. Кабыргалары өпкөсүнө залал келтирет. Ошон үчүн ал суу гана ичип калат. Тергөөчүлөр Солтонбеков ачкачылык жарыялаганы жатат деп ойлошуп, аны күчтөп жатып, оозуна суюк тамак куюп, тамактандыра башташат. Акыр аягында аны протоколго кол койдурушат. Бирок ал араб ариби менен эмес, латын тамагасы менен Солткалпбеков деп жазат, акыр аягында чындык жеңет деген ишенимде. Тройка аны атууга өкүм кылат. Атам тергөөчүлөргө: ”Силер мага каршы 200 киши көрсөтмө берди дедиңер. Жок дегенде анын бирөөсүн мага алып келгилечи. Мен анын жүзүн көргүм келүүдө,” – дейт. Бирөөнү алып келип:” Бул Солтонбеков Ырысалыбы?” – деп сурашса, тиги неме айтат: ”Жок, бул башка киши.” Тергөөчүлөр: ”Сен аны көрдүң беле?” “Ооба”. “Кайдан көрдүң эле?” “Кыш ортосунда Нарында көргөм. Үч адам үйдөн бозо ичип чыгып кетип бараткан. Көчөдө турган көп адамдын кимдир бирөөсү бараткандар кимдер деп сураса, кимдир бирөө “Ырысалы Солтонбеков” деп айткан. Мен анын айтканын уккам, өзүн артынан гана көргөм”, – деп жооп берет.

Кыргыз интеллигенциясынын каймактары жок кылынары өкмөттөгү жогорку чөйрөлөргө белгилүү болгон. Ошондуктан достор бири биринин үйүнө барып, ал жөнүндө талкуулашкан. Кеминдик Шаршеналы Абаев (1960-жылы өлгөн) деген революционер эки кой союп, конокко сурак жүргүзгөн тергөөчүлөрдү чакырып, жайында өлтүрмөк болот. Атамдын досу сурак учурунда тергөөчүнү темир отургуч менен чаап өлтүрөт. Атам да тергөөчүнү отургуч менен уруп өлтүрмөк болгондо, ал атамды чалып жерге жыгытат жана эки кабыргасын сындырат. Ошого атамды экинчи ирет суракка алып келгенде отургуч полго бекем бекитилген болот. Атам башка адамдар менен чогуу атууга өкүм болсо дагы тройканын чечимин Ташкенттеги Борбор Азия бюросу бекитпей, өкүмдү он жыл камак менен алмаштырат. Бул чечимдин астында Буров жана Петровдун колу коюлган. Бул матераилдар мурда КГБнын архивинде сакталчу. Азыр жалпы архивде ачык турат.

Кыргызстандан атам менен кошо СССРдин түндүк бөлүгүнө лагерге 20 адам айдалат. Алардын ичинде Кыргыз ССР Эл комиссарлар Советинин[146] пландаштыруу бөлүмүнүн малдарды өстүрүү секторунун башчысы Абдукерим Сыдыков[147] да бар. Алар поездде бараткандa жанындагы тамак-ашын эч ким уурдабасы үчүн күнү-түнү сак болуш керек болот. Алардын лагери Коми автономиялык республикасында Печора дарыясы менен Усть-Усь дарыясы кесилишкен жерде экен. Лагердеги бардык адамдар саясый жактан айыпталгандар болот. Алар темир жолдун курулушунда иштешет.

Сыдыковдун теги манап, атасынын Фрунзенин өзүндө жана анын тегерегинде жерлери болгон. Манаптар эч качан колуна кетмен алып, тер агызып иш кылышкан эмес. Ошон үчүн Абдукерим Сыдыков лагерде камактагыларга берилген планды 50 проценттен араң ашырган. Менин атам норманы 360 проценттен ашырып аткарган. Камактагылар норманы 100

[146] Эл комиссарлар Совети (Совнарком) – республиканын өкмөтү.

[147] Абдукерим Сыдыков, 1889-жылы Чүй өрөнүндөгү Баш- Кара-Суу деген жерде туулган. солто уруусунан. Ата-энеси байлардан болгондуктан уулун Верный (Аламты) шаарындагы мыкты мектепте окутат. Ал кийин Казанда окуйт. 1917-жылкы Февраль революциясынан кийин Алаш-Ордо партиясын түзүүгө катышат. Кийинчерээк большевиктер партиясына кирет. 1922–24-жылдары үч ирет “жат элемент” катары партиядан чыгарылат жана үч жолу партияга кайра алынат. 1933-жылы камакка алынып, 1938-жылы соттолот жана атылат. 1938-жылы акталган. (Булагы: Акаев, А. «История, прошедшая через мое сердце». Москва-Бишкек: 2003, 205–208-беттер.)

процентке аткарышса, бир бөлкө нан, кант жана чылым алышкан. Атам мунун баарын 3,5 эселеп алган жана чылымды кантка алмаштырчу экен. Саясый туткундар абакта кылмышкер-рецидивисттер менен чогуу бир лагерде кармалган. Атамдын иниси Нуралы да эл душманы деп айыпталып соттолгон. Аны менен эмне болгонун биз 1965-жылы атамдын ашын өткөргөндө гана билдик. Көрсө ал 1935-жылы атылыптыр. Атам эл душманы экенин мен мектепте окуп жүргөндө билгем. Мен 2-класста окуп жүргөндө сабак бүткөндөн кийин мугалимдер мени башка балдардан мурда үйгө жөнөтүп жиберчү. Сабактан кийин жыйналыш болчу экен.

Апама “Эмнеге башка балдар жыйналышта жүрсө, сен эрте келесиң?” деп менин сөзүмө ишенбей жүрдү. Бирок анын себебин билчү экен. Ошентип балдар мен эл душманынын баласы экенимди билип калышат. Биз балдар чүкө ойноп жатып мушташа кеткенде теңтуштарым мени эл душманынын баласысың деп шылдыңдашып, чогулуп алып урушчу. Менин классташым Салмоорбекти да “атаң эл душманы” дешип, көп урушчу эле. Ошон үчүн ал окуусун уланта албай калды. Мен Фрунзеге кетип, №5 мектеп-интернатта окудум. Атам эл душманы болгону үчүн комсомолго алышпай койду.

Институтта (кийин Кыргыз мамлекеттик университети болуп калбадыбы) биология факультетинде окуп жүргөндө бир ирет мени окуудан чыгарып да жиберишти. Ал мындай болду. Мен студенттер менен айыл чарба жумушунда жүрсөм парткомго чакырышты. Комитеттин катчысы Садин деген киши болчу. Мен жумуш кийимим менен парткомго келсем, Садин кебетемди көрүп таң калды. Анан кандай окуп жатканымды сураганда “жакшы” дедим. Ал бир топко ойлонуп туруп: ”Бар, окууңду уланта бер,” деди.

Садинге ушул мезгилге чейин ыраазымын. 1952-жылы бизди түштүккө Ленин районундагы “Кызыл Шарк” колхозуна пахта тергенге жиберишти. Ошондо бир жолу үч күн тынбай жамгыр жаап, биз иштей албадык. Мен жана төрт студент Эргешов деген курсташыбыздын лагерден 15 чакырым алыста жашаган ата-энесинин үйүнө кетип, жамгыр басылганда кайра келдик. Анан эле мени окуудан айдап, берки студенттерди калтырышты. Мен кайра Садинге бардым эле, ал мени институтта калтырды.

Институтту аяктагандан кийин профессор Турдаковдун демилгеси боюнча мени СССР Илимдер Академиясынын жаңы

гана түзүлгөн Кыргыз филиалына окумуштуу агаймыдын ассисенти кылып жумушка алышты. Бирок мени Билим берүү министрлигине чакырышып, алыскы Токтогул районуна барасың дешти.

Профессор Турдаковго барсам: "Сен өтө эле чынчыл экенсиң. Нукура большевик! Эмнеге сен анкетага атам камакта, байкем атылган деп жазасың?"-деп, мени ээрчитип министрликке алып барды. Министрдин кадрлар боюнча орун басары Курмашов деген татар эч нерсе жасай албаймын деди. Мен чара жоктон Токтогул районуна кеттим. Райондо жогорку билимдүү мугалимдер аябай аз болгондуктан мен тез эле мектептин директору болуп калдым.

Бир күнү райкомпартиянын 1-катчысы мага: "Баласы атасы үчүн жооп бербейт. Сени партияга кабыл алабыз, арыз жаз," – деди. Партиянын райондук комитетинин жыйналышы кечинде саат 8 же 9 ченде башталып, таң эртеге чейин созулду. Эшиктин үстүндө лампочка күйүп турду. Эгер бюро колхоздун башкармасын же бригадирди соттолсун деп чечсе, кызыл лампочка күйөт экен. Мени эң аягында чакырышты. Райкомпартиянын 1-катчысы мага: "Сенин атаң эл душманы катары соттолгондуктан сени партияга ала албайбыз," – деди.

Мен ага: "Мен эми мектепке эмне деп барам. Мугалимдерге эмне деп айтам? Алар мени шпион же ишенимден чыккан бирөө деп ойлошпойбу?!" – деп кыйыкырдым да эшикти шарт жаап чыгып кеттим. Түз эле Токтогул райондук аскер комиссарынын (военком) үйүнө бардым. Подполковник аракты жакшы көргөнүн уккам. Бул октябрь айында болгон. Мен ызамдан ыйлап, ал жашаган үйдүн терезесин каккылай баштадым. Бир убакта чачы сапсайып, ич кийимчен аял чыкты. Мен военком менен сүйлөшкүм келген. Аял кирип кетти.

Мен кайра көзүмдөн жашым тыйылбай эшикти муштап жаттым. Бир аздан кийин аял чыгып, мени ичкериге жүр деди. Ал кезде районго электр тартыла элек болгондуктан, таш чырак күйүп туруптур. Подполковник мени эмнеге ыйлап жатасың деп сураганда, мени аскерге алууну сурандым. Ал таң калып, кыргыздар уулдарын армияга жөнөтпөө үчүн пара беришет деди. Мен көз жашымды шорголотуп, мени аскерге жөнөт деп суранып жаттым. Ал ойлонуп туруп Кара деңиз флотунда кызмат кыла аласыңбы деди.

## 3.3. Совет бийлигинин бекемделиши

Контрреволюционерлер Ысык-Көл боюндагы, Сары Өзөн Чүйдөгү жана башка берекелүү жерлерде отурукташкан орус кулактарына таянышкат. Алардын Дыйкандар союзу (Союз крестьян) деген өз уюму да бар эле. Кыргыз жана казак бай-манаптары менен буржуазиялык интеллигенциясы контрреволюциячыл "Алаш" партиясына биригет. Шаарда жашаган мусулман соодагерлери да элге каршы "Шурои-Исламия" жана "Иттифоки" деп аталган союз түзүшөт.

Ысык-Көлдүн тегерегинде чарбасы бар кулактар тууралуу Юранын аңгемеси:

**Юра.**[148] Юранын атасы жана беш бир тууганы ал 10 жаш кезинде жетим калышат. Атасы байларга мардикерлик кылчу жана Кытайдан аткезчилик кылып апийим ташып жүрүп өлөт. Алардын үй-бүлөсү Липенка кыштагында жашап, Юранын атасы каракалпакка күйөөгө чыккан эжесине таандык булгаары заводуна барып иштейт.

Ал кезде терини эч кандай химиялык заттарды пайдаланбай айран, кебек менен иштетишкен. Бул заводдо атасы эки жыл жумуш кылат. Покровкада Юранын атасынын Ваня (Иван) деген таякеси жашайт. Таякеси Юра атасыз калгандан кийин аны багып алат жана жээнине жумушка пайдалан деп тай сатып берет.

Ал тайды сатып жиберип, акчасына баян сатып алат. Таякеси менен таяжеси Юранын мунусуна аябай нааразы болушат. Бирок ал баян тартканды үйрөнүп алгандан кийин тойлордо ойноп, бир аз да болсо акча таба баштайт.

Таякесинин 2 аты, 2 ую, 2 торопою, 5–6 кою, тооктору жана 2–3 гектардай жери болот. Ошондуктан күнү-түнү иштешип, кышында гана эс алганга убактылары болчу.

Юранын атасы уйлардын териси короонун ар жеринде жатканын көрүп, аларды иштетип, өтүкчүгө сатууга аракет

[148] Юра 1949-жылы туулган. Жети-Өгүз районудагы Тамга кыштагында жашайт. Анын атасы 1904-жылы, апасы 1910-жылы туулган. Алар 1931-жылы баш кошушат.

кылат. Бирок кийинчерээк өзү өтүк тиккенди үйрөнүп алат. Жанагы жарыбаган дүнүйөсү Ивандын кулакка тартылышына негиз болот.

Совет өкмөтүнүн жумурткадан кыр чыгарган кулакташтыруу саясаты көпчүлүк жерлерде көтөрүлүштүн чыгышына түрткү берет. Мисалы:

- Дмитриевка кыштагы, Талас өрөөнү (29. 8. 1918)
- Беловодск кыштагы, Чүй өрөөнү (6.–28. 12. 1918), караңыз: 116-бет.
- Түп кыштагы, Пржевальск уезди (26.–30. 6. 1919)
- Нарын кыштагы (5.–22. 11. 1920)

Большевиктик революция өлкөнүн көпчүлүк жарандары чыдамсыздык менен күткөн өзгөрүүнү алып келбеди деп айтса жаңылыштык болбойт. Көтөрүлүштөрдүн саны жаңы бийликти эл бардык эле жерлерде кучак жайып утурлап албаганын, ага эзүүчү “эксплуататорлук класстар” түгүл, элдин түрдүү катмарлары каршылык көрсөткөнүн күбөлөйт. Ошон үчүн Түркистандын коммунисттик партиясы өз армиясын түзүүгө киришет жана аскерде кызмат кылганга өз мүчөлөрүнүн 25 процентине жакынын жиберет.[149]

Көтөрүлүштөрдөн башка дагы бүгүнкү Кыргызстандын түштүгүндө совет өкмөтүнө куралдуу каршылык көрсөткөн басмачылык кыймылы пайда болот.

### 3.3.1. Басмачылар

Совет бийлигинин Орто Азиянын тоолуу аймактарына келүүсү “Алаш Ордо” же “Шураи-Ислам” сыяктуу улуттук жана коомдук саясый бирикмелердин карашылыгына катар, басмачылар кыймылынын пайда болушу менен коштолду.(түрк тилинде басмак – кол салуу, басып алууну; баскынчы – басып кирген тарапты билдирет).[150]

[149] ЖАНТУАРОВ С. Б. *Гражданская война в Киргизии*. Фрунзе: Издательство Академии наук Киргизской ССР, 1963.

[150] KOKAISL, P.; PARGAČ, J. *Pastevecká společnost v proměnách času: Kyrgyzstán a Kazachstán*. Praha: FF UK, 2006, 116–117-бет.

Басмачылар кыймылы Октябрь революциясынан кийинки большевиктердин жапырыгына жана совет бийлигин орнотууга каршы турган эң кубаттуу күчтөрдүн бири.

Басмачылыктын жаралышына Түркистандын аймагында большевиктик теорияны жана практиканы киргизүү себеп болду. Өзгөрүүгө саясый башкаруунун органдары гана эмес, мусулман коомунун бардык катмарлары мажбурланды. Ошондуктан кыймылдын башында жергиликтүү феодалдар, уруулардын башчылары же өкүлдөрү, ири жана майда жер ээлери, диниятчылар, соодагерлер, дыйкандар турду. Большевиктердин келиши менен жүздөгөн жылдардан бери келаткан каада-салттар жана баалуулуктар жок кылынды же бузулду; большевиктер революциясы саясый, экономикалык жана социалдык жашоону камтыды: коммунисттик идеология биринчи орунга “советтик адамды” тарбиялоону максат кылып кылып койду.

Басмачыларды мурда большевиктерди колдогон реформачылар: мусулман жадиддер, пантүркчүлдөр, түркстандык улутчулар колдошуп[151], таяныч болот.

Басмачылар менен согушкан большевиктердин абалы тууралуу В. Хрипченко менен К. Закировдун аңгемесинда баяндалат.

**В. Хрипченко.**[152] Октябрь революция учурунда армияда элем. Ак гвардиячыл офицерлер бизди Совет бийлигине каршы пайдалангысы келди, бирок алардын оюн түшүндүк жана солдаттардын көбү курал жарактары менен үйлөрүнө кетишти. Мен Кызыл-Кыяга кеттим. Өлкөдө болуп жаткан окуяларга Кызыл-кыялык кенчилер абдан активдүү катышып жаткан экен. Алар революциянын биринчи күнүнөн тартып большевиктерди колдоп чыгышты жана көмүр кендери жамияттын менчигине өткөрүлгөн.

Кенчилер революциянын душмандарына каршы турган негизги күч болду жана баскынчылыр менен ички контрреволюцияны жок кылууда Кызыл Армияны колдоду. 1918-жылы биздин кенчилердин куралдуу отряды Кокондун байларына каршы согушка катышты. Өзүн “Кокон

---

[151] OLCOTT, Martha B. The Basmachi or Freemen's Revolt in Turkestan 1918-24. *Soviet studies*, vol. XXXIII, No. 3, July 1981, pp. 352–369.

[152] В. Хрипченко, пенсионер, too атчандар отрядынын мурдакы командири, Советская Киргизия, 23. 2. 1958.

автономиясы" деген күчтөр талкалангандан кийин биздин отрядыбызга Совет өкмөтүнүн элдешкис жоосу – корбашы Мадаминбектин командачылыгы астындагы басмачылардын бандалары менен согушууга туура келди. Алардын максаты Фергана өрөөнүн жана кендерди басып алып, Түркистанга көмүр берүүнү токтотуу эле.

Кенчилер революциялык милдетин аткарышты: алар согушуп да, көмүр да казып жатышты. Шахта кенчилер курал дарядаган аскердик лагерге айланды. Биздин отрядыбыз Үч-Коргондо, Кароолдо, Кекликте, Көк-Жарда, Өлмас-Кыштакта басмачыларды талкалады. Биздин кенчилер 1923-жылга чейин басмачылар менен салгылашты. Кыргызстандын кенчилери жалпы совет эли менен бирге жумушчулар жана дыйкандардын дүйнөдөгү биринчи мамлекетин коргошту.

**К. Закиров.**[153] Колчактын армиясы талкалагандан кийин мени Түркистан фронтуна которушту: адегенде Жаркентте,[154] анан Кокондо кызмат кылдым. Ал жакта жүрүп үч кыргыз менен тааныштым. Алардын бири Осмонбеков мага айтты: "Биз, кыргыздар, тоодо жашайбыз. Элибиз абдан жоош, бирок басмачылар бизге тынчтык бербей жатат. Адамдарды өлтүрүп, малдарды айдап кетүүдө. Алардан коргонуу үчүн өз милициябызды түздүк. Мен ошол ыктыярдуу отряддын командири элем, бул эки жолдошум ротанынын командирлери болчу. Биз Коконго куралга келдик. Бирок биздин адамдарыбыз куралды кантип пайдаланганды билишпейт. Ошондуктан бизге келишиңизди суранабыз." "Эгер партия жиберсе, мен барам," – дедим мен.

1921-жылы күздө партиянын облустук комитетинин тапшырмасы менен ал жакка жөнөдүм, мени ротанын командири кылып дайындышты. Биз адегенде Касан-Сай районунда салгылашып, басмачылардын чакан бандаларын талкаладык. Анан Түркистан фронтунун жетекчилигинин буйругуна ылайык, Аман корбашынын бандасын кууй

[153] К. Закиров, пенсионер, Кыргыз атчандар дивизиясынын мурдакы рота командири. Советская Киргизия, 23. 2. 1958

[154] Бүгүнкү Казакстандын Кытай менен чек арасындагы шаар. 1942–1991-жылдары Панфилов, анан Жаркент.

баштадык. Аман палван мурда мираб башы болчу. ал кийин көптөгөн жерлерди ээлеп алып, байып кеткен. Анын кол алдында 300–400дөй адам бар эле. Алар куралды англиялык интервенттерден алышкан. Басмачылар түнкүсүн тоодон түшүп келип, кыргыздарды талап-тоношкон, малын тартып алган жана баш ийбеген адамдарды өлтүргөн. 1922-жылы биз Аман-палвандын бандасын Заркент, Напай, Үч-Коргон кыштактарында курчоого калып, бирин калтырбай жок кылдык. Кийинчерээк Курбагалия корбашы менен Якуб-бектин бандаларын талкаладык.

Азирет-Али тоолорунда (мурдакы Маргилан уездинде) Ашир паңсаттын бандасы жойлоп жүргөн. 1923-жылдын декбарында бул банданы да тыптыйпыл кылдык. Ушинтип Фергана өрөөнүнүн бир бөлүгү басмачылардан тазаланды. Жаш совет республикасы үчүн болгон согушта Кыргыз кавалериялык дивизиясынын жоокерлери жан аябай согушуп, түбөлүккө даңкталышты.

Келерки аңгеме жергиликтүү эл эки тараптан тең: күнөөсүз адамдарды аткандан кайтпаган "кызылдардан" жана тоногондон башка да аялдарды алып кеткен басмачылардан коркконун көрсөтөт.

**Жоробай Кадыров.**[155] Бул маалымат 66 жаштагы Коргонбай Анназаровдон алынды. Жоробайдын атасы Кадырдын беш уулу болот: Жоробай, Малабай, Кыргызбай, Кырбаш, Кожобай. Совет бийлигинин алгачкы жылдары басмачылар пайда болгондо Жоробай Ноокаттан чыккан атактуу басмачы Мойдунбектин колуна кошулууга аргасыз болот.

Себеби алар өз адамдары бар кыштактарга кол салышкан эмес. Анын отрядында ар бир кыштактан бирден же экиден адам болгон. Мойдунбек өз маалында Ош шаарынан Ферганага жана Кадамжайга чейинки аймакты контролдоп турган. Азырга чейин Чаувайда төрт уурук эл жашайт эмеспи. Кара козудан Мойдунбектин отрядында Мааматисак, сары башылдан Жусубали, байкеден Жоробай жана наймандардан Мурат кирген. Жоробай паңсат алардын башчысы болгон.

[155] Жоробай Кадыров (*1890–†1934.?), Чаувай кыштагында (азыр шаар тибиндеги поселок) туулган.




**41-илл. Кадамжай, Фергана, Ош.**

Басмачыга кошулган жигиттер өз айылдарынын өкүлү болгон.

- Мааматисак Чилтанда жашагандардын,
- Жоробай болсо Толубай менен Көк-Жалаң,
- Жусубали – Беш-Тал, Сөгөт жана Кош-Үңкүр,
- Мурат – Чаувайдын оозундагы Чеп-Таштагы элдин.

Бул төрт басмачы менин атам Анназар Калмурзаевдин эки аялын тартып алган. Мен атамдын үчүнчү аялынан төрөлгөнмүн. Анназардын биринчи аялын Тагай басмачынын жигиттери, экинчи аялын Мойдунбектин желдеттери уурдап кеткен. Басмачы жок кезде кыштактын элин Кызыл-Кыядагы орус Кызыл аскерлери талоонго алган. Басмачылар менен кызылдар элди кезектешип тоноп, акыркы улагын да калтырбай талаган.

Абдулазиз Төрөбековдун (Чаувайдын оозундагы Досановдордун апасы) чоң энесинин айтышынча, Мойдунбектин жигиттери жаш келиндин күйөөсүнө эшип берген жапжаңы жүн ычкырын тартып алышкан.

Орустар Совет бийлигинин өкүлү болгондуктан каалаганын жасашкан. Ысак Сыдыковдун чоң атасын Кушканада (редактор: жайлоонун аты) атып салып, корумдап салышкан. Анын күнөөсү эле орустарды көрүп, карагандын ичине жашынып

калат. Орустар аны таап алып, ошо жерден атып өлтүргөн. Кызыл-кыялык орустардын Кызыл отряды Тактекке (редактор: мурда жайыт жер) ашып кетчү белдеги жылгаада Топчубек Калмурзаевди өлтүрүп коюшкан. Ал 25 жашта экен. Кызыл-Кыядагы базарга он эчкисин сатканы айдап бараткан болот. Жолдо келаткан орустарды көрүп, жылгаанын ичине качат. Артынан жетип, кара кушка аткан экен, ок башын көзөп өтүптүр. Бир нече күндөн кийин эчкилери бечаранын үйүнө кайтып келет. Анын сөөгүн туугандары издеп жүрүп, кырк күндөн кийин Тактекке кеткен жолдогу сайдан табышат.

Кызылдар коркуп качкан адамдарды чил аткандай эле атышкан. Бир ирет Анназар Жантаймада (редактор: жайлоо) орус атчандарды кездештирип, аларга айран сунуш кылат. Алар ичпей койот. Башка жолу атам атчан орустарды көрүп, табылгы-шилбелердин арасына жашынып калат. Бирок атамды орустар таап алып, Митигенге (Чаувай кыштагындагы түзөң) айдап кетишет. Митигендин мечитинде Кызыл аскерлер шектүү деп кармалган адамдарды суракка алган. Аскерлердин бири Анназарды таанып, ал өткөн жолу аларга айран сунуш кылганын эстептир. Ошого атамдын ал жайын сурап койо беришет.

Биздин аксакалдардын айтышынча, басмачыларды тазалоо акыркы жолу 1935–1936-жылдары болуптур. Чаувайда ушу өзүбүздөн эле Камчыбек деген киши (Токтомат агайдын атасы) милиционер болот. Ал бир нече күндөн кийин мурдакы басмачылар камакка алынат деп Муратка эскертет. Ошонон кийин Мурат тоого чыгып, кемерге жашынат. Жусубали менен Мааматисак Алайга качышат. Жоробай (менин чоң кайынатам) аялына мен эч качан эч кимге жамандык кылган эмесмин деп, үйүндө калыптыр. Үйүнүн жанындагы жүзүмзарды башпааналап жатат жана эч ким жүзүмзарга келбейт деп ойлойт.

Ал кезде Чаувай өзүнчө колхоз болуп, анда Абдулаким Мырзакматов башкарма экен. Ал милиционерлерге Жоробайды таап берем дейт. Аларды ээрчитип жүзүмзардин четине келип, Жоробайды чакырат. Жоробай экинчи аялы Мээриниса менен болот.

Ал балдары менен коштошот. Ошондо уулу Эргеш 11 жашта, кызы Патилла 6–7 жашта болот. Анан Мырзакматовго: “Муну сен жасадың! Сенин балдарыңдын тагдыры да менин балдарымдыкындай болсун! Оомиин!” деп дуба кылат. Муну

мага Мээриниса-апа айтып берди. Жоробайды түз эле Үч-Коргонго алып кетип, бир нече күндөн кийин Ош шаарындагы түрмөгө айдашат. Ал абакта аз эле убакыт болот. Аялы менен болгон биринчи эле жолугушууда, Үч-Коргонго кетпе, Чаувайда эле балдар менен кал деп сурайт. Мээриниса Ошко экинчи жолу күйөөсүн көргөнү барса, Жоробайды басмачы деп атып салышкан экен.

Бул аңгемеге кошумча: Жоробай экинчи аялы Мээринисаны жортуулдан кайтып келе жатып, Үч-Коргон кыштагынан уурдап келет. Мээриниса байбиченин (теги Үч-Коргон тажиктеринен) Коңур Тешебай кызына (Усманова) айтып бергенине караганда, Жоробай аны алып кеткенден бир айдай мурда гана тоюю болуп, көшөгөсү али жыйыла элек экен.

1980-жылдардын аягында Жоробай акталат. “Эгерде улуу уулу (биринчи аялынан) Беккелди Москвага чейин кайрылып, атасы жазыксыз өлгөнүн жазып, арызданбаса Жоробай “эл душманы” катары кала бермек,” – дейт Коргонбай Анназаров.

Беккелди Жоробаев 1919-жылы туулган. Ал Ата мекендик (Экинчи Дүйнөлүк согуш) согушка катышат. Жоробайдын экинчи уулу Эргеш пенсияга чыкканча Чаувай поселогундагы Кен башкармалыгында профсоюздар уюмун жетектейт.

Жоробайды милицияга кармап берген Абдулаким Мырзакматовдун тагдыры трагедиялуу бүтөт. Согуш бүтөрдөн эки же үч жылдай мурда чарбада бир бука кокустук болуп өлүп калат. Ал кездеги тартип боюнча, колхоз чоң чыгым тартты деп эсептелет. Абдулаким камакта суракка алып, уруп-кыйнашат деп коркуп, ичине бычак уруп өлөт.



**Абдрай аке** Кадамжай районундагы Марказ кыштагында жашайт. Жашы токсондо. Карыянын жаштыгы Испайрам (реадктордон: Исфайрам) өрөөнүндөгү Майдан кыштагында өтөт. Анын айтышынча, Марказдын элинин эзелтен испайрамдык кыргыздар менен тууганчылык катнашы бар. Ошон үчүн 1960-жылдардын башында ээн жерлерди өздөштүрүү максатында Марказда “Октябрдын 50 жылдыгы” атындагы совхоз түзүлгөндө, Испайрам койнундагы Майдан, Кара-Жыгач,

Кара –Кыштак, Кароол, Аус-Там жана башка кыштактардын эли ысык жерге күчтөп көчүрүлөт.

Абдрай аксакал XX кылымдын башындагы каардуу күндөрдү ашпай-шашпай жайма-жай эскерип жатты:

1920-жылдардын аягында Үч-Коргондон Кызыл аскерлер келди. Алар мени, молдо Камарды жана молдо Ибраимди камакка алып, Үч-Коргонго айдап барышты. Ал жердеги түрмөдө бизди 11 күн суракка алышты. Анан мени жаш экен деп койо беришти. Мен 1912-жылы туулгам. Бирок сурак учурунда 1916-жылы туулгам деп айттым. Паспортумда жашым төрт жаш кичине жазылган. Берги экөөнү түрмөдөн чыгарышпады, алар эмне болуп жатканын да эч ким билбейт. Коркконунан алардын туугандары ар жакка качып жашынып кетти. Мени да кулактын баласы деп коркутушкандыктан, Тажикстанга Сталинабад[156] шаарына качтым. Ал жакта эки жыл бекинип жүрүп, кайтым келдим. Мени менен чогуу камалган молдо Камар менен молдо Ибраим жети жылдан кийин сүргүндөн кайтып келишти. Алар кийин мени "Жашыңды кантип кыскартып алып, сүргүндөн кутулуп кеттиң, кургур" дешип, тамаша кылып жүрүштү.

Атамды кулак деп каралашкан себеби 1917-жылкы революцияга чейин ал миң башы болгон. Атам 1913–1914-жылдары Кароолдо базар уюштуруп, өзөндө жашаган элге сатуу үчүн Кара-Тегинден буудай алып келген. Ал кээде бөз, кездеме, шайы, чыт, соко жана башка шаймандарды да алып келип саткан.

Кудайга шүгүр, Сталинабаддан келгенимден кийин мага тийишпеди. Айылдаштарыбыз бизди бай деп, мал-мүлкүбүздү өкмөт тартып алсын деп, канча сөз кылбады… Бирок жыйнаган түшүмүбүздү, малыбызды өкмөт жөн койду, конфискация кылбады.

Эсимде… Биз Майданда жашачубуз. 1920-жылдардын баш ченинде атамды кармап кеткени Каравандан (Кызыл-Кыя шаарына коңшу кыштак, бүгүн административдик жактан шаарга кошулган) Өмүрзак-дөөмө деген неме келди. Ал кезде Караванда Кызыл армиянын отряды турган. Түрмө да бар эле. Мен көчөдө жүргөм. Өмүрзак менден сурады:

[156] Сталинабад Сталиндин керт башына сыйынууну ашкерелеп сындаган КПССтин XXII-съездинен кийин Ленинабад деп аталат, а СССР кыйрагандан кийин шаарга эски аты – Хожент кайтарылат.

— Сен кимдин баласысың?

— Нурматтын.

— Атаң кайда?

— Үйдө. Уктап жатат.

— Атаңды чакыр. Коноктор келди деп айт.

Мен үйгө жүгүрүп кирип, атамды ойготуп, коноктор келди дедим. Өмүрзак атыны мечиттин жанындагы даракка байлап, үй жакка келбеди. Атам чепкенин алып, Өмүрзактын жанына барды. Экөө мечиттин бурчунда узакка чейин сүйлөшүп турушту. Анан атам конок экөө аттарына минип, Үч-Коргонду көздөй жорго жүрүшкө салып жөнөп кетишти. Алар Кара-Жантакка жеткен кезде атам атын теминте Өмүрзактан бөлүнүп, жылгааны көздөй чаап кетип көрүнбөй калды. Атам ошо качкан бойдон барып, Жармат корбашынын[157] отрядына кошулган экен.

Кийин 30-жылдары биздин үйгө Оштон НКВДнын начальниги келди, Колосовский деген орус. Ал колхоздун башкармасынын кеңсесинде отуруп, атам менен кантип жолукканын айтып бериптир. Көрсө, атамды Вуадилде (азыркы Фераган облусундагы Вуадил кыштагы, Кыргызстандын Кадамжай району менен чек арада жайгашкан) туткунга түшүрүшкөндө, Колосовский Кызыл армияга кызмат кылганга өтсөң, эч кандай жоопко тартылбайсың, сага эч ким тийбейт дейт. Атам: “Милициягабы? Төртүнчү[158] боломбу? Жок. Эй, жүн баш. Сен мени чыккынчылыкка түртпө,” – деп айтыптыр.

Атамды Вуадилден Коконгобу же башка жерге түрмөгө айдашат. Ал ошо боюнча кайта келбеди. Бул 1926 же 1927-жылы болгон иш. Ал кезде Марказда эл душманы деп каралаunion, молдо Камар, Алымбек палван жана Боз Торгойдон Касымбай кулакка тартылып, түрмөгө айдалган. Жолчубай деген кишинин бир короо коюн, 20 жылкысын, ондон көп уюн жана жерин колхозго тартып алышкан. Өзүнү кулак деп айыптап, түрмөгө салышты.

Совет өкмөтү бай адамдардын жылкыларын, арабаларын тартып алып, кедейлерге берди. Кедейлер пул кылабыз дешип,

[157] Корбашы – 500дөн ашуун куралдуу адамдын командири.

[158] Төртүнчү (“четвертые”) – басмачыларга каршы согушкан Кызыл армиянын отряды.

бекер келген дүйнөнү ошол замат сатып жиберип, ат-унаасыз отуруп калышты. Мен мектепке бардым, ликбез (ликвидация безграмотности-сабатсыздыкты жоюу) деп аталчу. Үчүнчү күнү ликбезге барсам, Шерматов деген Оштон келген агай мени чакырып, атаң Нурмат орустар менен согушкан экен, ошого сени окутпаймын деп айтты.

Ошол болду, мен экинчи мектепке барбадым. 1935-жылдан тарта колхоздо трактор миндим. 1942-жылы армияга чакырылганымда тракторист болуп иштеп жатканмын. Фронттон эки жылдан кийин кайттым. Урушта колума ок тийип, өмүр бою майып болуп калдым.

Совет доорундагы тарыхый китептерде басмачылар негизинен элди талап-тоногон каракчылар ирети көрсөтүлөт. Мунун чындыгы да бар, бирок аларды элди чапкан каракчылар деп гана айтуу чындыкты жашыруу болот. Көптөгөн басмачылар биринчи кезекте совет өкмөтүнө каршы согушкан жана аларды жергиликтүү эл колдогон.



**Тиллебай уулу Аскар** (1908–1931). Аимбеттин уулу Тиллебай райком партиянын секретарын жана төртүнчүлөрдүн 16 солдатын атып салган (148-беттеги 158-түшүндүрмөнү караңыз). Бийликтер Тиллебайды каралап жамандаганына карабай, адамдар аны сыйлашкан жана ага тамак-ашын, башка да керек нерселерин берип турган. Тиллебайды басмачы деп айтышса да эч ким анын бир нерсени уурдаганын же кимдир бирөөгө жамандык кылганын уккан эмес. Анын эң жек көргөн душманы совет бийлиги болгон.[159]


**Торгой Шакул уулу.** Менин чоң атам Торгой Шакул уулу бай, өзүнгө ток адам болуптур. Совет өкмөтүнүн алгачкы жылдары – жалпы элдик коллективдештирүү баштала электе – большевиктер чоң атамдын мүлкүн тартып алышып, өзүн Россияга, Оренбург жерине сүргүнгө айдашкан. Сүргүнгө аны менен кошо Талас өрөөнүнөн дагы төрт-беш бай да айдалат. Алар 1920-жылы Таласта совет бийлигине каршы болгон көтөрүлүшкө катышкан деп айыпталат. Атамдан укканыма

[159] АБДЫРАМАНОВ, Ш. *Тарыхтагы ак тактар*. Бишкек: Аят, 2007, 129-бет.

караганда, НКВДнин кызматкерлери чоң атамды поездде алып баратып, Жамбул менен Чимкенттин ортолугунда атып салышыптыр. Торгой чоң атамдын балдары Алчикен, Ажыкан, Тажикан, Адылкан, Жакымбет атасыз калышат. Ошондо менин атам Алчикен 16 жашта экен. Бул 1922-жылы болот. Атамдын кенже иниси Жакымбет чоң атамдын экинчи аялынан көргөн уулу болуптур.

Торгой чоң атамда 2 000 чамалуу кою, 400гө жакын жылкысы болот. Ал үй кармаганды каалабаптыр. Чоң атамдын мал жандыктарын биринчи жолу эсепке алып, конфискация кылмак болушканда, ал туугандарына берип, 60 уюн жашырып калат. Андан кийин жаңы бийлик чоң атамдын үй –жайын жана короолорун экинчи жолу тинтип, өзүн камакка алат да өлүмгө айдайт.

1920-жылы жалчыбаган курал жарагы бар 200дөй адам (арасында атчандары да бар) Таластагы түрмөнү басып алашат жана советтер камап койгон адамдардын баарын бошотушат. Анан кийин НКВД турган имаратты басып алганга аракет кылышат. Бирок алардын пулемоттору болгондуктан, көтөрүлүшчүлөргө окту аябай жаадырышат. Атамдын айтымында, тактика дегенди билбеген ар кошкон топ пулеметтун үнүн укканда жүрөктөрү түшүп, артка качышат. Үрмарал айылынын жанында атчан кыргыздар орус качкынды кармап алышып, өлтүрүп коюшат. Мен мектепте окуп жүргөн жылдары бир күнү азыркы Бакай-Ата районундагы Кызыл Октябрь айылынын жанында кой кайтарып жүрүп, дарыянын жээгинен адамдын скелетин таап алдым. Атама айтсам, бул баягы совет өкмөтүнө наарazы көтөрүлүңшчүлөр өлтүргөн бечара орус болсо керек деди.




**42-илл. Картада Талас шаары жана Бакай-Ата кыштагы (Кыргызстан); Наманган облусунун Үч-Коргон шаары (Өзбекстан).**

Атамдын айтканына караганда, Торгойдун балдарынын атасыз жашоосу оор болуптур. Менин атамды 16 жашта болгону менен көтөрүлүшкө катышканы үчүн түрмөгө отургузушат. Анын инилери Көл деген жер аркылуу Фергана өрөөнүнө качып кетишет. Намангандын Чартак деген жеринде өздөрүнүн тегин жашырып жан багышат.

Атам түрмөдөн чыгарылар замат инилеринин артынан Өзбекстанга барат. Атам ошол жактан биринчи аялына үйлөнөт. Ал апабыз Аксы жериндеги Үч-Коргондон экен. “Өз жер, өлөң төшөгүнөн” алыста бир туугандар аябай кыйналат. Ал жакта атам экинчи жолу совет өкмөтүнүн душмандарынын тукуму катары соттолуп, Москва-Волга каналынан курулушуна жөнөтүлөт. Каналдын курулушу бүткөндөн үч жылдан кийин атам башка адамдар менен кошо мунапыс алып, Наманганга кайтып келет. Бир иниси мал кайтарып, экинчиси кимдир бирөөнүн жумушун кылып жүргөн болот. Атамды эми кайтып келбейт дешип, аялын башка бирөөгө күйөөгө берип жиберишкен экен. Муну көргөн атам бир туугандарын ээрчитип алып, киндик каны тамган Таласка кайтып келет. Жакымбет деген иниси Аксыда калат. Үйүнө келсе, элдин баары алардан чочуркайт. Жаа бою качышат. Алтурсун жакын туугандары эле атамды колхозго жумушка алышпай коёт. Ошон үчүн атам Күмүштакка кетип, кенде иштейт. Ал шахтыда иштеп тапкан акчасы жашаганга жетет. Ошол кезде немистик фашисттерге каршы Ата Мекендик согуш башталат.


**Алчыкен Торгоев**

Төрт бир тууган тең партиянын буйругу боюнча фронтко жөнөйт. Атам Ленинград фронтунда согушат, бир иниси Сталинградда, экинчи иниси дагы бир жакта согушуп жүрөт. Үчүнчү иниси фронтто өлөт. Калган үч бир тууган согуштан тирүү кайтат. Менин атам 1987-жылы 80 жашында каза болду.

Согуш учурунда Талас өрөөнүндө Эркинбек, Чотон деген ага-ини басмачы чыгат. Алардын атасы Сүйөркул 1920-жылы Таластагы көтөрүлүшкө катышкан. Ал кийинчерээк облуста басмачылардын биринчи бандасын уюштурат. Атам согуштан кайтып келгенден кийин да

колхоздун башкармасы-атамды өзүнүн эле тууганы-жумушка алгысы келбептир: совет бийлигинин душманынын баласысың деген шылтоо менен. Ал кезде атам орусчаны жакшы сүйлөп калган экен, мушташып жатып колхозго жумушка кирет.

Атамдын эң кенже иниси Адылканды кайра эле совет өкмөтүнүн душманысың деп, мектепке алышпайт. Кийин ал окуйм деп ата тегин жашырат. Ошентип жатып бухалтерлерди даярдаган мектепти бүтүп, кийин бир чарбада башкы бухалтер болуп иштеди. Мына ошондон кийин гана, ал өзү айткандай, "коомдун тең укуктуу мүчөсү болуп, кадимки советтик адамдай" жашай баштайт.

### 3.3.2. 1920-жылы Түркистан АССРинин пайда болушу.

Совет бийлиги жеңип, ага удаа эле тутанган жарандык согуш кезде, 1920-жылы, Төбөлсүз Түркистан (1917-жылы пайда болгон) деп аталган аймакта Россиянын (РСФСРдин) курамына кирген Түркистан ССРи пайда болду. Расмий аталышы Түркистан крайы[160] деп аталган аймактын калган бөлүгүндө Совет бийлигине түздөн түз баш ийбеген Хорезм жана Бухара республикалары түзүлдү.

Бул үч республика мурдакы Түркистан губерниясынын, Бухара эмиратынын жана Хива хандыгынын административдик чек арасын камтыды. Ошол жаңы республикалардын чек арлары такталып жаткан учурда калктын улуттук ар түрдүүлүгү анча көңүлгө алынган эмес. Мындай административдик аймактык өзгүрүүлөр жүргөндөн кийин Орто Азиянын айрым калктары, бу жолу өзбектер менен түркмөндөр Ооганстанга көчө башташты.

Түркистан компартиясынын (большевиктик) Борбордук Комитети, кыскача БКнын мүчөлөрүнүн бир бөлүгү чөлкөмдө бир тектүү түрк эли жашагандыктан Орто Азияны бөлбөй кармаш керек деп эсептесе, калган бөлүгү "пантюркизм" күчөйт деп эскертип, Орто Азиянын аймагын жаңыдан бөлүштүрүүнү талап кылган.

[160] Негизинен түрк элдери жашаган Түркистандын тарыхый аймагы же түрктөрдүн жери 1868-жылы пайда болот. Аймакты XX кылымдын экинчи жарымында Кытай (Чыгыш Түркистан, бүгүн анын аймагына аянты 1 684 800 км$^2$ Шинжаң-Уйгур автономиялуу району кирет) жана Россия (Батыш Түркистан) бөлүп алат. Орустар акырындап аймактагы эрктүү хандыктарды (Бухара, Хива жана Коконд) өзүнө кошуп алды, 1868-жылдан тарта аймак Түркистан крайы деп аталып калды.

Колчак менен Дутов талкалангандан кийин Түркистан советтик республикасы кайрадан Советтик Россияга кошулду. Большевиктер партиясынын туура жүргүзүлгөн лениндик-сталиндик улуттук саясаты Орто Азия элдерине улуттук араздашууну жок кылууга жардам берип, Орто Азия советтик республикаларынын кубаттануусуна алып келди. Бул жагдай басмачылардын бандаларын талкалоого ыңгайлуу шарт түздү. Орто Азия калкы бейкут жашоого жетишти.[161]

**Герман Янтцен.**[162] 1920-жылы биздин кыштакка Москвадан 8 делегат келип калды. Булар бир кезде Россияда калып калган аскер туткундары: германиялык жана австриялык немис тилдүү ашынган коммунисттер экен. Алар БКдан жана өкмөттөн биздин айылдар менен мектептерди большевиктештирүү боюнча буйрук алышыптыр.

Булар бизге каршы адам чыдагыс террорду баштады. Маселен, каалаган учурунда күн болобу, түн болобу, мыкты аттарды талап кылып, аз эле убакыт ичинде өз ээлигине өткөрүп алчу. Болбосо он беш мүнөттүн ичинде отуз чакырымдагы Дмитровкага барып арак ичип келүүлөрү үчүн күлүк аттар чегилген арабаларды табыш керек эле. Мындай татаал жолдон кийин аттар кыйналып, өлөөрүн самап калчу. Андан сырткары күн сайын үгүттөө чогулуштары өтүп, добуш берүүгө жараган адамдардын баары ага катышууга милдеттүү болчу.

Андай учурларда күйүп жаткан талаа жумуштары токтоп калаар эле. Нааразылыктар көңүлгө да алынчу эмес, кежирленсең шаардан армия чакырылмак. Бир жолу алар биздин мугалимдерибиз жашаган сегиз мектепти өз ара бөлүп алышты. Мугалимдер үйлөрүнөн куулуп чыкты, аларга өзү менен эч нерсе алууга уруксат беришкен жок. Бир мугалимдин аялы каяша сүйлөдү эле большевик мугалимдердин бири балтасын ала коюп аны катуу жарадар кылды.

..............................................

[161] *История СССР*. Часть третья. Учебник для 10 класса средней школы. Москва: Учпедгиз, 1952.

[162] Герман Янтцен, 25-шилтемени караңыз (30-бет).


Биздин айылдардын комиссарлары мындай кордук жөнүндө протокол жазып мага билдирип жатышты. Мен болсо чогулуштарда мындай террорго нааразылык билдирип, ал тууралуу райондук комиссарларга кабарлап жаттым. Бирок анымдан майнап чыккан жок, колумда ар кандай арыздануулар бар 36 протокол турса да эч нерсе кыла албадым. Себеби бул сегиз комиссар өтө чоң укук менен Москвадан жиберилген эле. Ошол учурда бул «сегиздик» биздин мугалимдерди контрреволюционер катары Сибирге айдап жиберүү тууралуу Москвадан буйрук алышкан. Ушуга окшогон акыйкатсыз иштерден улам менин ындыным өчө баштады. Менин чоң чарбамдагы бардык айыл чарба машиналарымды тартып алышты. Аны менен эле токтоп калышкан жок. Менин чоң үйүмдү тартып алышып, эки уулумду үй-бүлөсү менен талаага кууп чыгышты. Алардын ордуна бир большевиктин үй-бүлөсү көчүп кирди. Ошентип алар мен тапкан оокат жайдын ээси болуп калышты.

Чиркөөдөгүлөр, айыл адамдары мага келишип, баарыбыздын укуктарыбызды коргоо үчүн Россияга баруумду суранышты. Мындай көрүнүш буга чейин эле далай кордукту башынан өткөргөн менин аялыма анча жаккан жок. Бирок аксакалдар кайра-кайра келе берип, акыры мени көндүрүп тынышты.

Бир күндөн кийин жолго камдана баштадым. Жолго нан бышырып, тамак камдап алышым керек. Кайда болбосун ачарчылык күчөп, бийлик болгон оокатыңдын баарын тартып алчу. Эл айыл айылы менен кырылып жаткан. Бирок акыры жыйналып, 10-декабрда жөнөп кеттим.

Поезддер аябай жай жылчу, көмүр жок болгондуктан локомотивдерге отун жагылчу. Биз түндүктү көздөй жылган сайын суук боло баштады. Оренбургда кар жатыптыр, суукка адам чыдабайт. Биз отун келгенче күнү бою күтүүгө аргасыз болдук. Перрондо да станцияда да ачкадан жана сууктан тоңуп өлгөн адамдар. Эгер адам өлгөнү жатса, ага эч ким жолобойт, жардам дагы бербейт.

Мындайды чыдап кароо мүмкүн эмес. Поезд батышты көздөй сапарын улады. Биз Самарага жетчү жолдун түйүнү Сорочинск станциясына жеткенде катуу бороон башталып, поезд калың кардан жыла албай токтоп калды. Узатуучулар биз мындан ары жыла албайбыз, ар бир жүргүнчү өзү кетиш керек, болбосо поездде тоңуп өлөт деп кыйкырып жатышты.




**12-карта. Олуя-Атадан Москвага поезд менен барган жол.**

Биз, менин сапарлашым, Александерталдык[163] меннонит экөөбүз бир ыркыйган арык адамды таап алдык, анын арык аты менен арабасы бар экен. Ал бу жерге келип, эптеп бирөөнү таап, бараар жерине жеткирип, азда болсо акча таап алууну көздөп жүрүптүр. Биз андан Александерталдагы немистерге жеткизүүнү сурандык. Ал адегенде атым 120 км жерди жүрө албайт деп баш тартты. Жол акысын сүйлөшө келгенде эч кандай акчанын кереги жок, нан гана бергиле деди. Биздин каптарыбызда толтура тамак – аш бар эле. Ошондуктан бат эле келиштик. Адегенде ал тамактанып алууну каалады, андан кийин биз жолго чыктык.

Биз жолду катар айылдарда милиция жайгашкан имараттарда түнөп жүрүп отурудук, себеби ар бир үйдө же ачкадан же тоңуп өлгөн адамдардын жерге бериле элек сөөктөрү бар эле. Биздин

[163] Александерталь – Самара (совет доорунда Куйбышев) облусунун Кокоинск районундагы немис колониясынын борбору. Кыштак Самарадан 120 км алыста, Түркистандын чек арасында жайгашкан. Негизги калкы Пруссиянын Верден шаарынан 1859-жылы көчүп келген меннониттер менен лютерандар. Жакынкы темир жол бекети Москва-Уфа трассасындагы Погрузная станциясы.

колубузда Олуя-Ата[164] райондук комиссарынын буйругу болгондуктан, милициядан жылуу турак жай, самоор жана атка чөп талап кыла алдык. Александерталга жетип дин кызматкери И. Клавердин үйүнө жайгаштык. Жолдо канча күн карытканыбыз эсимде жок. Бизди жеткирген адам да бир топ күн эс алып алды.

Меннониттердин айылында мыкты уюштурулган кооперативдер бар эле. Ал мезгилде алар реквизицияга кабыла элек болчу жана салыштырмалуу жакшы жашашчу. Биз жол ачылып, поезд жүрө баштаганча беш жума Александерталда туруп калдык. Бул учурда мен бир топ туугандарым, досторум менен жолугуп, жекшемби күндөрү чиркөөдөгү жана башка жактагы чогулуштарда сөз сүйлөп жаттым.

Акыры толтура түйүнчөктөрдү артынып алып, Москваны көздөй жөнөп калдым. Ал жерден мен бир туугандар Петр Фрезе менен Корнелий Классенди таптым жана Москвадан Олуя-Атага жөнөтүлгөн сегиз “диктатор” менен салгылашты баштадым. Бир туугандар мага улам бир мекемеге барууга жардам беришти, бирок жогорку даражалуу чиновниктердин бирөө да алардын партиясынын мүчөлөрү 36 кылмыш жасап, большевиктердин мыйзамын бузгандарына ишенишкен жок. Экинчи жагынан, ошончо кол коюлган кайрылууга кол шилтеп кое албайт эле. Мен мыйзам бузуучулардын жазаланышын жана бизди алардын террорунан куткаруусун каалadым. Биз андан сырткары өзүбүздүн мугалимдердин Сибирден кайтып келишин да каалaдык.

Акырында БК сегиз комиссарды тең Москвага кайра чакыртып алаарын жана мугалимдер үйлөрүнө кайтаарын убада кылды. Биз мына ушулардын баары кагаз жүзүндө болуусун каалaдык, мен мөөр басылган документи жок үйүмө кайта албайт элем. Бир туугандар Фрезе менен Классендер акыры андай кагазды алып келишти. Мен 5000 километр жол менен артка кайтууга мүмкүндүк алдым. Москвага келип, кайра кеткен убактым дээрлик алты айга созулду.

Мен үйүмө келген кезде «сегиздик» чогулуш чакырып, алардын төрагасы мени Москвага атайлап барып, аларды жалган жерден каралап, ишине тоскоол болуп жатканымды айтты. Эми аларды соттойт, балким атып да салышат. Аларда

[164] Олуя-Ата, Аулие-Ата. Азыр Тараз шаары, совет заманында Жамбул, Казакстан.

даяр түшүнүк кат бар болгондуктан, шаардын өкүлдөрү ага кол коюшу керек эле. Айрымдар кол коюга камданып калышты. Эртеси мага бир топ дин өкүлдөрү, «сегиздиктин» адамдары келип сурана баштады. Бирок бул адамдар «түшүнүк катка» кол коюп берсе, өздөрү да «жалган кепилдиги» үчүн жооп берип калышмак, себеби мурда алар «сегиздиктин» кылмыштары жөнүндө протоколго кол коюшкан болчу.

Мени дагы атууга өкүм чыгарышмак. Бирок эртеси эле бардык «жетекчилер» жок болуп кетти, алар эч кимдин көзүнө көрүнбөй калды. Ошентип маселе өзүнөн өзү чечилип кетти. Эң негизгиси, биздин мугалимдер бир нече жумадан кийин Сибирден кайтып келишти, мен болсо райондук аскер комиссаритатына (райвоенкомант) кайтып бардым.

## Динге каршы үгүттөө

*КПСС жаңы адамды тарбиялоону коммунистик курулуштун эң маанилүү бөлүгү деп эсептеген жана эсептей берет.*
М. Суслов

Советтик адам үчүн дин деп аталган нерсе коммунисттик коомдун идеалдарынан жогору турушуна жол берилген эмес. Дин менен болгон салгылаш жеке эле экономикалык багытта эмес (диний уюмдардын жерлери жана мүлктөрү аёосуз тартылып алынган, бул уюмдар өз ээлигиндеги мал-мүлктү өтө ишкердүү пайдаланышкан), эң негизгиси идеологиялык жагдайда жүргөн.

Коммунистик революциянын идеалдары адегенде абдан көп мусулмандарды өзүнө тарткан. Ал турсун 1918-жылы Казанда Россия мусулмандарынын коммунистик партиясы түзүлгөн, андан кечирээк мусулман коммунистеринин Борбордук Комитети да пайда болгон. Бирок тез арада эле курч идеалогиялык кагылыштар келип чыккан. 1918-жылы Россияда жана Түркистанда кабыл алынган диндин мамлекеттен ажыратылгандыгы жөнүндөгү мыйзамга мектептен да динди бөлүү жөнүндөгү жобо киргизилген.

Динге каршы үгүт иштерине 1922-жылы чыга баштаган «Безбожник» (Кудайсыз) деп аталган газета да чоң таасир эткен. Тез арада эле бул газетанын айланасында редакторлор менен окурмандардын ири тобу пайда болот.





БЕЗБОЖНИК

В ЭТОМ № 8 СТРАНИЦ.

№ 18 № 18

XII С'ЕЗДУ Р.К.П.—ПРИВЕТ.

ТИХОНОВСКАЯ КОНТР-РЕВОЛЮЦИЯ ПОД СУДОМ.

**43-илл. “Безбожник” журналынын бети (1922). “Безбожник” гезити (1923).**

1925-жылы «Безбожник» газетасынын кабарчыларынын съездинде «Кудайсыздардын уюму» түзүлгөн. 1929-жылдын июнь айынан тарта «Согушчул кудайсыздардын уюму» деп атала баштаган уюмдун саясий максаты бардык диндерге, анын ичинде христиандар менен мусулмандарга каршы согуш ачуу эле.

Большевиктер попторду да, молдолорду да эч ойлонбостон өлтүрүп, мечиттер менен чиркөөлөрдү талкалай баштаган. Православие динине каршы күрөштө эң натыйжалуу курал болуп «Жандуу чиркөө» (Живая церковь) деген жаңы түзүлгөн уюм кызмат кылды. Бул уюмдун тарапкерлерини большевиктер “жаңылангандар” (обновленцы) жана “Жандуу чиркөөнүн” жактоочулары деп аташкан. Православ чиркөөлөрү жана алардын чарбалары массалык түрдө жабылып, жок кылынгандан кийин калган анча-мынча чиркөөлөрдү башкаруу укугун дал ушул уюмдун мүчөлөрү алышкан.

Православ динин тутунган, чиркөөлөрдөн жана епископтор менен поптордон айрылган дыйкандар эмне кылыш керек эле? Көпчүлүгү жаңы уюмдун мүчөлөрү ээлеп алган чиркөөлөрдөн кетип калышты. Сыйынуунулар жана диний ибадаттар жеке менчик үйлөр менен батирлерде өткөрүлө баштады.

Ошол учурда жалпы Орто Азиядагы сыяктуу Кыргызстандын аймагында да орустардын старчество[165] деп аталган кечилдик

[165] Старчество – орус ортодок чиркөөсүндө бөлүнүп жашап, руханий жактан кеп-кеңеш берген насаатчы (старец). Ал кечилканада жашаган башка кечилдердин руханий насаатчысы катары чиркөөгө келген динзарларга да насаатын берет. Насаатчылык кылуу маектешүү жана кеңеш айтуу иретинде жүргүзүлөт. Старец демейде диниятчы – инок же карыя кечил болот.

жашоосунун үлгүлөрү пайда болду. Ысык-Көл аймагында “оптиндик карылар” (оптинские страцы)[166] деп аталган салттын улантуучусу архимандрит Борис жашырынып жүргөн эле. Ага православ христиандары да мусулмандар да кеңеш сураганы келишкен.

Православ чиркөөсүнүн өкүлдөрү менен жашыруун байланышуу динзарлардын өздөрүн толук кандуу сезип жашоосуна өбөлгө түздү. Бирок бул жагдай советтик мамлекеттик мекемелерге белгилүү болуп калганда, динзарлар контрреволюциялык уюмдарга кирди деп айыпталып, узак мөөнөткө түрмөгө кесилет. Куулуп кеткен диниятчылар менен байланышта болгондугу үчүн көпчүлүк адамдар камакка алынган.[167]

Совет мезгилиндеги провославия чиркөөсүнүн абалы тууралуу Талас шаарында жашаган дин кызматкери Димитрий минтип жазат:

> **Димитрий**. Православ динзарлары СССРдин учурунда дайыма куугунтукталчу. Бирок алардын жагдайы башка диндерди тутунгандарга караганда жакшыраак болчу. Өтө катаал репрессиялар өткөн кылымдын 20–30 жылдарына туура келет.
>
> Эң эле оору 1937-жыл болду. Бир поп православ үй-бүлөнүн аблисиндеги (жериндеги) үймөк чөпкө жашынып жашады: ага тамакты ошо жакка алып барып беришип, түрмөдөн жана өлүмдөн алып калышты. Көпчүлүк диниятчылар атылып кеткен.
>
> Экинчи Дүйнөлүк согуштан кийин абал оңолду. Чиркөөгө эл көп келе баштаган учур Брежневдин заманына – өткөн кылымдын алтымышынчы жылдарына туура келет. Поп болуу өтө татаал эле. Диний окуу жайларга кирүү абдан кыйын болчу (Орто Азияда Ташкентте гана окуу жай болгон). Катталуудан өтүү да оңой эмес эле: ар бир шаарда бийликке арыз менен кайрылуу керек. Атайын уруксаты жок чиркөөдө кызмат кылуу мүмкүн эмес болчу.

Орто Азияда көпчүлүк эл ислам динин тутушкан. Большевиктер адагенде динге ишенгендерди куугунтукка алган эмес, бирок бара-бара динзарларга каршы үгүт күчөгөн. Ислам дини көп таркаган, исламдын таасири күчтүү болгон чөлкөмдөрдө коомдун структурасы

[166] Оптиндик карылар – Калуга облусунун Козельск шаарына чукул жердеги Свя́то-Введе́нская О́птина пу́стынь кечилканасынын кечилдери.

[167] БОБОРОВНИКОВ, В. *Безбожники рисуют ислам.* [онлайн] © Polit.ru 1999–2011. [цит. 4. 12. 2012] <http://polit.ru/article/2009/05/07/bobrovnikov/>.

өзгөрө баштаган, өзгөчө аялзатын исламдык кысмактан куткарууга умтулуу күч алган.

Динге каршы үгүттүн чордону Москва эле. Пропаганданын мүмкүнчүлүгү жана ыкмалары да ар кыл болгон.

Ошо кездеги өлчөм боюча чоң 10 000 нуска менен 1921-жылы Москвада чыгарылган мына бул плакат жаңы эле Совет бийлиги орногон Түркистанга багытталган. Мусулман кыз – келиндерин комсомолго өтүүгө чакырган (266-бет. 253-түшүндүрмөнү караңыз). Плакат «Мен азыр азаттыкка чыктым» деп аталат. Паранжасын ыргытып салган кыз арап тамгасы менен өзбек тилинде «Хозер мен де азада» деген жазуусу бар кызыл тууну сыймыктануу менен кармап турат. Дин туткунунан сыягы мурдараак кутулган эки жигит кызды күтүп турган эшиктин үстүндө ошол эле графика жана ошол эле тилде «Жаштар союзу» б.а «комсомол» деп жазылып турат.



**44-илл. Динге каршы пропаганда 1921-жыл.**
Булагы: http://polit.ru/media/archive/idea/bobrovnikov_01.jpg

Жыйырманчы жылдардын баш жагында эле башталган аялдар кыймылынын максаты аялдардын эркектер менен тең укук алышын камсыз кылуу болгон жана ага эң негизги тоскоолдук катары мусулмандык каада – салт эсептелчү.

1921-жылдын 14-июнунда Түркистан социалисттик автоном республикасынын БКсы көп аял алууга жана келинге калың төлөөгө тыюу салган декрет жарыялаган. 1925-жылдын февраль айында Кара кыргыз автоном областык ревкому аялдарды аргасыз никеге турууга

мажбурлоого, келинге калың төлөөгө, көп аял алууга каршы кылмыш ишин козгоо тууралуу токтом кабыл алган; ошондой эле никеге туруута уруксат берилчү жаш курагы белгиленген. Токтомдо Кара кыргыз автоном областында дале болсо көп аял алуу, калың төлөө, жашы жете элек кыздарга үйлөнүү сыяктуу уят – сыйытсыз көрүнүштор орун алгандыгы белгиленген. Ар кандай жаза колдонууларга (5 жылга чейин эркинен ажыратуу) карабастан жогорудагы көрүнүштөр жок болбостон алиге деле кездешип калат.

> Ысык-көл областындагы Ак-Булуң айылынын тургуну Шаарбү 1936-жылы турмушка чыгат. Ал бир топ убакыт өткөндөн кийин наристелүү боло албасын билет. Бирок күйөөсү аны менен ажырашкысы келбеди жана туугандарынан экинчи аял (токол) таап берүүнү өтүндү. Туугандары да аксакалдар да ага макул болушуп, молдо экинчи аял менен нике кыйды. Бул аялы беш бала төрөп берди. Бардыгы бир үй-бүлө болуп жашап, мал-мүлктү чогуу күтүштү. Балдары атасынын улуу аялын абдан жакшы көрүп, эне деп чакырышчу. Шаарбү кайтыш болгондо, үй-бүлөсү аны терең урмат менен акыркы сапарга узатышты.[168]

Аялдардын укугу үчүн күрөшкөн уюмдардын эң белгилүүлөрүнүн бири “Хужум” (чабуул коюу) кыймылы. Бул кыймыл аймакта кылымдар бою орногон каада – салтты, жергиликтүү элдин жашоо өзгөчөлүгүн эсепке албай туруп, жалаң гана ревалюциялык жалын менен аракет кылуу теңирден-тескери жыйынтык алып келээринин эң сонун мисалы.

Коммунисттик партиянын мүчөлөрү «Хужум» уюмунун алдыңкы сабында жүрүшү керек эле. Күйөөлөрү паранжыларды эл алдында чечип ыргытып, өрттөй турган аянтка аялдарын өздөрүн алып келчү, ал эми эртеси күнү ошол эле эркектер аялдарына күч менен паранжа жаптырчу. Мындай көрүнүштөрдү жок кылуу үчүн ВКП(б)нын Орто Азия бюросу (1927-жыл, октябрь) берегидей аракеттери үчүн партиянын катарынан чыгарууга чейин жазалоо жөнүндө чечим кабыл алды.

Аялдарды азаттыка чыгаруу боюнча үгүт иштери аялдардын өздөрү тарабынан активдүү жүргүзүлгөн. Өзбек ССРи менен

[168] ABDRAMANOVA, Guldana. *Prvky zvykového práva v současném právním systému Kyrgyzské republiky.* Praha, 2012. Bakalářská práce (бакалавр үчүн дипломдук иш). Česká zemědělská univerzita v Praze. Vedoucí práce (жетекчиси) Petr Kokaisl.

Түркмөн ССРи өз ара кайсы республикада көп аял азаттыка чыгат деп атаандаша башташкан. Бул жерден баса белгилөөчү нерсе, тең укуктуулук үчүн кармаш 1927–1928-жылдары бүгүнкү Өзбекстандын аймагында 2500 дөн ашуун аялдын[169] өлүмүнө алып келди. Жаңы курмандыкка кеткен аялдардын арасында жеке эле үгүтчүлөр, китепкана же "Кызыл үй" (клуб) жетекчилери эмес, алардын жакын туугандары жана кошуналары дагы бар эле.

Диний коомдор жөнүндө 1929-жылы кабыл алынган токтом 1990-жылга чейин күчүн жоготкон эмес, анын негизинде диний коомдор динзарлардын ибадаттарын аткаруусун гана камсыз кылган же тейлей алган; ибадаттарды сыйынтканалардын ичинде (чиркөө, мечит, синагог, буткана) гана өткөөрүүгө уруксат берилген.

Адамадарды атайылап коюлган жасалма күнөөлөр боюнча соттогон саясий жараяндар жүрө баштаган кезде күнөөкөрдүн тигил же бул дин коомуна киргендиги тууралуу далил бар болсо, бул анын абалын ого бетер оордоткон. Мындай көрүнүш Жон Али Алиевичтин дунгандар (мусулман динин тутунат) жөнүндөгү аңгемесинен даана көрүнүп турат:

> **Жон Али Алиевич.** Дунган интеллигенциясынын бир бөлүгү репрессияга дуушар болушту. Менин бул оюмду бир тууган таякемдин Ферғананын Пап шаарына көчүп кетип калышы да бекемдеп турат. Демейде дунгандар туугандары менен мамилесин үзбөй, чогуу жашоого аракеттенишет.
>
> Таякем дунган азбукасын түзгөндөрдүн бири, «Элифбе» деп аталган латын азбукасынын биринчи автору болчу. Бул 1920-жылдары болгон. Анан бир күнү жумуштарынын бардыгын таштап салды. Менин оюмча, ал жөн гана куугунтуктан коркуп качып кетти. Ошол эле мезгилде дунган гезитинин алгачкы редакторлорунун бири Жума Абдулиндин да артынан түшүп алышты. Атылган адамдардын тизмеси жазылган "Азали китепти" (Кайгы китеби) барактап көрсөңүз, анын 1998-жылы Алма-Аты шаарында жарык көргөн экинчи бөлүмүндө Жамбул облусунан атылгандардын арасында 48 дунган бар. Мен Казакстандын калган бөлүктөрү менен тааныштыгым жок. Бирок ал мезгилде баары татаал блгондугу белгилүү. Китептин кайсы гана бетин ачпаңыз, дароо эле дунгандардын аты табылат. Машанло, Лир Тума, Свар, Люси Сарди, Хашанло,

[169] БАЗАРОВ, М. *Советская религиозная политика в Средней Азии. 1918–1930 гг.* [онлайн] [цит. 4. 12. 2012] Караңыз: <http://poli.vub.ac.be/publi/etni-1/mustafo_bazarov.htm>.

Харсан Лучин, Хонлир Ло, Чешанло, Якун жана башкалар. Менин үйүмдө Масанчиндин үстүнөн жүргөн сот иштеринин көчүрмөсү бар. Мен аны окуп жатканда күнөөнүн негиздери ушунчалык күлкү келээрлик экенин көрдүм. Ал, көрсө, өкмөттү кулатуу үчүн Москвада кытай студенттеринин кружокторун уюштурган имиш.

Мына, окуп көрөлү. Свер Доур, дунган, 1909-жылы Жамбул областынын Каракомуз айылында туулган. Ошол эле жерде жашаган, тракторлорду оңдоочу жайда мастер болуп иштеген. Ал 1937-жылы Алма-Аты областык НКВДсы тарабынан РСФСРдын Кылмыш кодексинин 58-берененин 10 жана 11-статьясынын негизинде кесилип, өлүм жазасына өкүм кылынган (58-статья бүтүн бойдон контрреволюциялык аракеттерге арналган). Ал областык прокуратура тарабынан көпчүлүк “эл душмандары” сыяктуу 1952-жылы эмес, 37 жыл кийин 1989-жылы акталган. 1957-жылы Казакстанда жазыксыз атылгандарды каттоо боюнча кыймыл түзүлгөн. Алардын аракетинин натыйжасында көпчүлүк казак интеллигенттери акталган. Кээ бир дунгандар: Лаба, Мусар Шиша, Сулей Чула, Ши Ваги жана башка көп адамдар ошол эле 1957-жылы атайын токтом менен акталган. Алардын көпчүлүгү колхозчулар эле.

Эмне үчүн дунгандар узак мөөнөткө соттолгон деген суроо пайда болот. Муну дунгандардын көпчүлүгү диний себептен улам куугунтукка алынгандыгы менен түшүндүрсө болот. Көпчүлүк мечиттер куугунтук учурунда жабылып калган. Мисалы, Жамбул областында бардык мечиттер жабылган.
Дунгандарда диндин эки багыты өкүм сүргөн. Ал мезгилде дунгандардын тутумдашкан уюмдары пайда болгон. Бул сопулардын (суфизм) уюмдары беле же башка агымбы так айтуу кыйын жана бу маселе эчкимди деле кызыктырган эмес. Бирок ушул эки багытка кирген дунгандар диний негизде соттолушкан. Маселен дунган Хашанло, молдо, 1937-жылы Кылмыш кодексинин 68-беренеси менен эң жогорку жазага – атууга өкүм болот.

**Султан**. 1920–30-жылдары Тамгада мектеп курушту. А дегенде ал жерде оорукана курулмак, бирок аны жакын эле жердеги Барскоонго курушту.

1926-жылы кыштакта мечит курулду. Согуш учурунда ал жерде мектеп жайгашты, анда төрт класс бала окуду. СССР

> кулагандан кийин мечитке аскерлер жайгашты. Азыр ал жерде араб тили окутулат, жанына болсо жаңы мечит курулду.

Динзарлардын абалы жана атеисттик үгүт тууралуу Абдыш Асановдун аңгемесинде баяндалат:[170]

> **Абдыш**. Мен жаш кезимде эмнеге ишенүү тууралуу эч кандай олку-солку болгон жокмун. Дин жөнүндө ата-энем эмнени айтып берсе ошону гана билчүмүн. Алар исламды гана билчү. Чоңоюп баштаганда мен дайыма динге өкмөт тыюу салган деп укчумун, бизди кудай жок деп окутушту. Мечиттер, дин мектептери, молдолор жок эле, динге иштегендерге өтө татаал болчу. Менин туугандарымдын бирөө да дин мектептерине барган жок. Себеби андай мектеп жок эле. Мен эгерде кудайга ишене тургандыгымды билдирсем, жумуштан бошотуп жиберет деп коркчумун дайыма. Ошондуктан эч качан тобокелдикке салып, ата-бабаларым сыяктуу диндин ырым-жырымдарын кылчу эмесмин. Ананан дагы коммунисттер айткандай орозону да белгилебей жашашым керек эле.
>
> Бирок, тээ жүрөгүмдүн түпкүрүндө дайыма кудайга ишенчүмүн. 1970-жылдан баштап абал аз-аздан оңолду, менин кудайга ишенимим күчөдү. СССР кулагандан кийин бардыгы калыбына келди. Азыр бизде кайсы динди кармангыӊ келсе, ал өз эркиӊ. Расмий түрдө ар ким эмнени каалаtotса ошого ишенет, бирок мен баары бир майдараак диний уюмдарга, өзгөчө, айыл жеринде кандайдыр бир кысым көрсөтүлөөрүн байкап жүрөм. Азыр болсо кудайга тереӊ ишенем, мусулманчылыктын бардык шартын кылам: намаз окуйм, жалгыз алла таалага ишенем, колунда жокторго садага берем, орозо кармайм. Ал турсун Меккеге ажыга барып келдим. Жакында бу жерде медресе да курулат.

Экономика кыйрай баштагандан кийинки ахывал, үй – мүлктөрү тартылып алынып, чарба бүлүнүп, ачарчылык каптаган учур дин өкүлдөрүн чындап эле акыр заман тууралуу көзү ачыктардын

.............................................

[170] Кыргыз, 1925-жылы Таластын жарым көчмөн Кемер деген айылында туулган. Аңгеме 2009-жылы жазылып алынган. In TULOBERDIEV, M. *Preserving Kyrgyzstan´s History*: Haji: Abdysh Asanovich Asanov (Kyrgyz, 1925) [онлайн]. 2010 [цит. 26. 11. 2012] Караңыз: <http://web.archive.org/web/20100810112516/http://www.centralasianhistory.org/index.php?option=com_content&view=article&id=77:the-haji-abdysh-asanovich-asanov-kyrgyz-1925&catid=34:interviews&Itemid=29>.

айтканы акыры ишке аша баштадыбы деген ойлорго түртпөй койгон жок.

**Герман Янтцен.**[171] 1922-жыл абдан оор болду. Бардык мүлктү ортолука алып койгондо, кыргыздар дээрлик болгон малынан айрылып, азабы катуу ачарчылык башталды. Тоо түздөрдө кайда барба ачкадан өлгөн адамдардын сөөктөрү жатты. Бардык жерде чирип, адам чыдагыс жыт чыгарган өлүк денелер, бирок аларга эч ким деле көңүл бурбай калды. Бир тобубуз: "Библияда" көрсөтүлгөн көзү ачыктык аткарыла баштадыбы деп өзүбүзгө суроо коюп жаттык.
Иеремия пайгамбар 25-баптын 32 жана 33-ырында мындай деп жазат:

Кудай Саваофго айтат: мына, азап элден элге өтөт жана жердин четинен чаң уюлгуп чоң куюн көтөрүлөт.

Кудайдын каарына калгандар жердин бир четинен экинчи четине чейин каптайт, аларга эч ким ыйлабайт, жасаттары жерге да берилбейт, жер бетиндеги жайнаган кыкка айланат.

Анан экинчи азап – келте оорусу каптады. Адамдар үй-бүлөсү менен кырылып жатты. Ошол учурда менин эң кичүү уулум Франц да келтеден кайтыш болду, ал болгону 15 жашта эле. Азаптанып жатып бир тууганым Абрам да каза тапты, ал элдин баарын бириктирген кадыр барктуу адам болчу.

Ошол ачарчылык учурунда биз өз айылыбызда чоң ашкана жасадык. Күндүз биз эки семиз букачарды союп, этин майдалап кесип, чоң казанга бышырып, ага картошка, кызылча, акшак кошчубуз. Анан күнүнө 400–500 кыргыз эки жолу бир табактан тамак жечү. Кыргыздар астына саман төшөгөн сарайларда жатчу. Убакыт боло калса биз аларга "Библиянын" үзүндүлөрүн окуп беребиз.

Биз ушунтип бир жыл бою машакаттандык. Андан кийин мунун баары бүттү. Себеби мындай ишке тыюу салган буйрук келди. Ансыз деле ошо мезгилде соопкерчилик ишибиз аяктамак: каражатыбыз түгөндү,

бардыгын реквизия кылып тартып алышкан. Ушундай жол менен Ленин пролетариатты түздү да.

Бизде эмне болсо ошонун баары тартылып алынды: эгин, картошка жана башкалар, алар көчөлөрдө үйүлүп жатты, анан

[171] Герман Янтцен, 25-шилтемени караңыз (30-бет).

жаандын, кардын алдында калып чирий баштады. Орус дыйкандар гана оңураак жашоочу. Бирок айланасындагылар, өзгөчө, тоодогу кара кыргыздар топ-тобу менен кырылып жатты.

Ачарчылык кыргыздардан тартылып алынган малдын: жылкы, уй, төө жана майда жандыктардын кырылышына алып келди.

Динге каршы үгүттөө эбегейсиз көп адамдар соту-тергөөсү жок атылган сталиндик тазалоо жүрүп жатканда өзгөчө күчөйт. Эгерде кимдир бирөөнүн кадрлар бөлүмүнө берген өмүр баянында динге ишенет деген жазуу болсо, андай адам динге ишенбегендерге караганда оор абалга туш болот дегенди билдирчү.

Ал кезде бардыгы мурдатан эле даярдалып койгон схема менен жүрүп жатты: артта калган район, төрага-молдонун баласы, демек – контрреволюционер, колхозчуларды тоногон ууру деп айыпталган. Дагы бир мүнөздүү нерсе бул «бузуку молдо» мурда мугалим болуп иштеген деп күнөөлөнгөн.


АТАЙ, 4 января. (КирТАГ). Далеко в горах, в 650 километрах от столицы Киргизии, отрезанный высокими перевалами, расположен Тогуз-Торовский район.


В районе до сих пор нет телеграфа; почта из Фрунзе сюда приходит на пятнадцатый день.

Пользуясь отдаленностью района, здесь немало навредили враги народа, контрреволюционные националисты. Они систематически срывали хозяйственное и культурное строительство в колхозах.

**Ибраимов жана анын колдоочулары.**

АТАЙ. 4-январь. (Кыр ТАГ). Алыскы тоо койнунда, бийик ашуулар менен башка дүйнөдөн бөлүнүп, борбор шаардан 650 километр аралыкта Тогуз-Тороо району жайгашкан.

Райондо азыркыга чейин телеграф жок. Фрунзеден чыккан почта бул жерге 15 күндө араң жетет. Райондун алыстыгынан пайдаланып, эл душмандары-улутчул контрреволюционерлер далайды бүлүндүрүштү. Алар колхоздордо жүрүп жаткан чарбалык, маданий курулуштарды системалуу түрдө үзгүлтүккө учуратып келишти. Тогуз-Тороо районундагы душмандарды уюгу азыркыга чейин талкалана элек. Райаткомдун төрагасы болуп, молдонун баласы Турсунбек Ибраимов иштейт. Беш жыл мурун ал мугалим, «Жаңы-Талап» колхозунун баштапкы партиялык уюмунун башчысы болуп иштеген. Учурда айыбы ачылган эл душманы Кулсахун Мергенбаев менен бирге колхоздун 300 коюн, 500 пуд эгинин талап-тоноп, 20 000 рубль акчаны жок кылган.


Вражеское охвостье в Тогуз-Торовском районе не выкорчевано до сих пор.

Председателем райисполкома работает сын муллы Турсунбек Ибраимов. Пять лет назад он работал учителем и секретарем первичной парторганизации в колхозе «Джанги-Талап». Вместе с разоблаченным сейчас врагом народа Мергенбаевым Кулсахуном он разбазарил в колхозе 300 баранов, 500 пудов хлеба, растратил 20.000 рублей.

# 4. 1924-жылы союздук республикалардын пайда болушу

Падышалык өкмөт административдик бөлүштүрүнү жүргүзүп жатканда улуттук өзгөчөлүктөрдү жана элдин аймактык жайгашуусун эске алган эмес. Ошондуктан губерния жана облустардын эски чек аралары түрдүү улуттагы калк жашаган административдик территорияга бириктирилген жана бир эле улуттагы калк экиге бөлүнүп калган.
Мындай кайчылап кесүүгө өзгөчө Орто Азиянын калкы туш болду. Айрым калктар өздөрүнүн административдик борбору, өз республикасы же облусу жок калды, бул алардын чарбалык жана маданий өнүгүшүнө бөгөт койду.

Турмуш чындыгы жаңы союздук республикаларды түзүп жатканда айтылган кооз сөздөрдөн алда канча алыс эле. Республикалардын расмий чек аралары (алар 20–30-жылдары пайда болгондорго окшош) бир калктуу мамлекет түзүүгө атайылап тоскоолдук жараткан, коңшу мемлекеттердин аймагында көптөгөн улуттук азчылыктар пайда болгон.

Айрым топтор үчүн мындай бөлүнүү пайда гана алып келген. Маселен, Өзбек ССРин түзүп жатканда сарттар менен эмес, өзбектер менен гана эсептешкен. Сарттар өздөрү жашаган аймактары боюнча (бухаралык, самаркандык) бөлүнгөн жок. Алар өмүр бою отурукташып жашагандыктан, өзбектер сыяктуу өзгөчө тарыхый аскердик ийгиликтери (маселен, Амир Темирдин (Темирлан) аскерине колдоо көрсөтүү) менен мактана алган эмес. Ал турсун шейбаниддердин эски династиясы менен байланышы болгон эмес (15 кылымдын ортосунда бийликке келген династия). Династиянын негиздөөчүсү Чыңгызхандын небереси Шейбани болгон. Алар өз урууулары менен бирге Жайык (Урал) дарыясынын түштүк чыгышында көчүп конуп жүрүшкөн жана болжол менен 1350-жылдын ар жак бер жагында өздөрүн өзбек деп атай баштаган (Өзбек хандын урматына). (15 кылымда Амир Темирдин империясы Индустандан Кичи Азияга, Осмон империясынын чек араларына чейин созулуп жаткан).

Анын негизги себеби XX кылымдын 20-жылдары жаңы улут үчүн саны көп болгон сарттар эмес, өзбектер көбүрөөк ылайыктуу келген өңдүү. Падышалык Орусия учурунда жүргүзүлгөн эл каттоо

боюча аймактагы эң көп калк сарттар болгон. Анан туруп эле 1920-жылдары бир жарым миллион сарттан бирөө да калбай калат. Сарттарды, ошондой эле башка этностук топторду (алардын ичинде курамалар сыяктуу этностук топторду) өзбек деп атай башташкан жана алар жаңыдан куралган өзбек калкынын бир бөлүгүнө айланган. XVII кылымда өзбек этностун гана аты болгон эмес. Маселен, Бухара хандыгында өзбек деген сөз социалдык макамады – адамдын жогорку феодалдык төбөлдөргө кире тургандыгын билдирген. Сарттар бүгүнкү күнү өзүнчө этносту түзбөйт, бирок Кыргызстандын түштүгүндө, Казакстандын айрым областарында сарт деген бирөөнү мазактай турган сөзгө айланган. Мисалы, эгерде кыргыз жигит өзбек кызга үйлөнсө, ал айланасындагылар үчүн сарт болот. Кыргызстандын түндүгүнүн эли аз ара сүйлөшүүдө түштүктүк кыргыздарды деле тамаша-чындап сарт деп коюшат.

Айрым Орто Азия мамлекеттеринде улуттук өзгөчөлүк эмнеге алып келээри тууралуу уйгур азчылыгынын өкүлү Анвар Исаков мындай дейт: эгер уйгурлар кызматтык жактан көтөрүлгүсү келсе, аларга өздөрүн өзбек деп атоого туура келген.



**Анвар Исаков.**[172] Мен да агам да биздин үйдөн кимдир бирөө саясий себеп менен камалганга байланыштуу куугунтук көргөн жокпуз. Бул жерде негизги ролду улуттук маселе ойноду: көпчүлүк уйгурлар өздөрүн расмий түрдө өзбек деп атаганын каалашты. Ошондо гана алардын партиялык жана чарбалык жактан карьера жасоосуна жол ачылмак. Эгер кимдир бирөөнүн паспортунда “уйгур” деп жазылса, аны башкача карап калышчу. Бирок мен баары бир улутумду саткан жокмун, эгер мен уйгур болсом, уйгур бойдон калышым керек. Бул менин өз элиме болгон ишенимим эле.

Мисалы, көпчүлүк уйгурлардын кыргыз болуп катталбоо же өз улутун өзбек деп каттоосунун себеби 1924-жылы Өзбек ССРинин түзүлүшү болгон. Бул калктарды баары чагатай диалектисинде сүйлөшөт.

……………………………………………

[172] 66 жашта, уйгур, Бишкекте жашайт.

Эми уйгурлар менен өзбектерге кайрылсак, 1924-жылы Өзбек республикасы түзүлгөндө, өзбек улутундагылар элдин басымдуу көпчүлүгүн түзүп калгандыгы: көптөгөн тажиктердин өзбек болуп катталып калышы менен түшүндүрүлөт.

Менин чоң атам Керимжан Исхаков 1900-жылы төрөлгөн. Мен андан эмне үчүн паспортунда уйгур деп жазылганын сурагам. Көптөгөн уйгурлар коомдук, партиялык жана экономикалык жактан жогорку ийгилиике жетүү, ошондой эле далай проблемалардан арылуу үчүн өзбек деп катталып алышты. Уйгурлар менен деле ошондой болду, анча-мынча кыргыздар да өзбек деп катталып калды деп түшүндүрдү чоң атам. Анын айтымында, ал кезде уйгурлар Өзбекстанда өтө көп эле, Кыргызстанда да көп болчу жана көпчүлүгү билимдүү, интеллигент адамдар болгон. Ушинтип отуруп, 1924-жылы Өзбек республикасы түзүлгөндө далай уйгурлар өзбек болуп катталышты: алардын тилдери да өңү-баштары да өзбектерге окшошуп кетет эмеспи. Чоң атам 1945-жылы бир жылга үйүнө келгенде уйгур деп катталган.

Чоң атам жогорку партиялык мектепти бүтүрүп, 1930-жылдары партиянын Кара-Суу райондук комитетине 1-катчы болуп дайындалган. Мен бул тууралуу анын сөөгү коюлуп жаткан учурда райком партиянын катчысысынын сүйлөгөн сөзүнөн улам билдим. Камака алынганга чейин чоң атам Ош областык «Ленин жолу» гезитинин башкы редактору болуп иштеген. Ага башкаларга коюлгандай эле күнөөлөр тагылды: партиялык принциптерден алыстоо, мекенин сатуу, Кытайдагы азыркы Жинжаң (Синцзян) автоном районунун аймагында Түркистан мамлекетин түзүүгө умтулуу.

Чоң атамдын үйүнөн чындап эле Түркистан уйгур мамлекетин түзүү жөнүндө китептерди табышты, ал уйгур активдери менен да кат жазышып турчу. Ал коммунистик партияга абдан берилгени, бирок ага уйгур элин жана уйгур мамлекетин кайрадан жандатып калыптандыруу идеясы жакын эле. Мен андан Сталин жөнүндө эмне ойлоорун сурачумун, себеби ал дал ошол Сталиндик мезгилде түрмөгө отурбадыбы! Анда чоң атам Сталинди аябай мактап, андан чоң адамды билбей турганын айтчу.

Каримжан чоң атам “Эл душманы” деп айыпталып, 1936-жылы соттолот. Биз болсо 1944-жылы анын атылгандыгы

тууралуу кабар алдык. Бирок ал 1945-жылы Сибирде пайда болуп, үйгө орус аялы менен кайтып келди.

Көрсө, чоң атамды Сибирге алып бара жатканда, жолго эле бир нече ай кетиптир. Ал убактын ичинде келтеден жана башка оорудан далай адам каза болуптур. Аларды жөн гана терезеден ыргытып жиберишчү экен, айрымдарын эшике алып чыгып атып салышчу экен. Бир улгайган адам чоң атама сен жашсың, дагы көп жашашың керек, болбосо сени бир станцияда поездден алып чыгып атып салышат, андан көрө биз сени ооруп өлүп калды десек оң болот деп айтат. Ошентип, чоң атам аман калат. 1945-жылы ал бардык саясий туткундарга мунапыс жариялагандан кийин үйүнө кайтып келген экен. Бирок ал кубанычы азга гана созулуп, 1946-жылы соттолгондорду кайрадан Сибирге айдашкан. Ал ошентип 1954-жылга чейин Иркутскидеби же Магадандабы жашаптыр.

Чоң атам Сибирде жүргөндө орус аялга үйлөнүп, эки балалуу болот. Сталин өлгөндөн кийин ал аялы, эки баласы менен үйүнө Кашкар-Кыштакка кетүүгө мүмкүндүк алат. Аялы менен балдары бул жерде эки жыл жашап, бирок мындай жашоо аларга жакпай тургандыгын айтып, кайра Сибирге кетип калышат.

Менин эсимде калганы, чоң атамды 1955 же 1956-жылыбы, айтор, Москвага башкалар менен кошо чыкырышып, күнөөсүн алып, укугун калыбына келтирип, партбилетин кайра беришкен, мурдакы кызмат ордунда ишти улантууну сунуш кылышкан.

Бирок чоң атам партия менен байланышкан эч кандай кызматты каалаган эмес. Ал өткөндөгү окуялар кайталанып, жаңы репрессиялар болот деп корккон. Ошондуктан өзүнүн алгачкы кесибин – мугалимдигин уланткан. Чоң атам Кашкар-Кыштактагы орто мектепте иштеп, ошол мектептин директоруна үйлөнгөн. Ал жерде өлөөр өлгүчө тарыхтан сабак берди. Ошол айылда сөөгү коюду.

## 4.1. Кара-Кыргыз автоном областы

Орто Азия чөлкөмүн жаңы административдик – территориялык бирдикке бөлүп, жаңы союздук республикалардын пайда болушуна берилген расмий баада Орто Азия элдери өз ара түшүнүү жана макулдашуу менен бир чечимге келгендери айтылган:

1924-жылы Орто Азиянын бардык калктары ар бир элдин экономикалык жана саясий кызыкчылыктарын эске алып, өз ыктыярлары менен Орто Азиянын жаңы саясий административдик бөлүнүшүн ишке ашырышты.

Мындай келишимдер чындыгында кандай ишке ашрылгандыгын Орто Азия калкынын айткан сөздөрүнөн баамдаса болот. Абибилла Пазылов айткандай, калктын басымдуу көпчүлүгү сабатсыз болгондуктан, аларда улуттук өз алдынчалык жөнүндө так, айкын түшүнүк да болгон эмес:

*Көпчүлүк кыгыздар эмгек майданынан кайтпай калган. Алар сабатсыз эле, орус тилин да билчү эмес. 1924-жылы Кыргызстан эгемендик алганы менен көпчүлүк элдин бирдиктүү совет өлкөсү, социалисттик мекен тууралуу кымындай да түшүнүгү жок эле.*[173]

1924-жылдын октябрь айында Орто Азиянын жаңы саясий картасы пайда болот. Түркистан АССРи, Бухара жана Хорезм элдик республикалары жоюлуп, ордуна жаңы эки республика түзүлүп, аларга союздук республиканын макамы берилет. Өзбек жана Түркмөн Советтик Социалистик Республикаларынын пайда болгон учуру: 1924-жылдын 27-октябры. Өзбек ССРинин курамына Тажик автоном ССРи кирет. 14-октябрда Орусиянын курамында Кара-Кыргыз автоном областы түзүлөт.

~~Түркистан автоном ССРи~~
~~Бухара элдик республикасы~~ →
~~Хорезм элдик республикасы~~

Өзбек ССРи
Тажик АССРи
Түркменистан ССРи

*Орто Азиянын бир аймагы:* Кара-Кыргыз автоном областы
РСФСРдын *бөлүгү катары калат*.

Кыргыз автономиясын түзүүнүн алгачкы кадамдары 1924-жылдын 12-июнунда эле жасалган, ошол кезде (большевиктердин) Россия комунисттик партиясы-РКП(б)нын Борбордук комитети Орто Азияны улуттук саясий кайра түзүү тууралуу чечим кабыл алган.

[173] Абибилла Пазылов.

Дагы бир «Кара-Кыргыз элине РСФСРдын курамындагы Кара-Кыргыз областын түзүүгө мүнкүндүк берүү жана аны Түркистан АССРинин курамынан чыгаруу» жөнүндөгү чечим өтө олуттуу окуя эле. Бир эле мезгилде Кара-Кыргыз областын уюштуруу максатында башында Юсуп Абдырахманов турган комитет түзүлгөн.

1924-жылдын 4-октябрында РСФСРдын алкагында 1926-жылдын 25-майынын тарта Кыргыз автоном областы катары белгилүү болгон Кара-Кыргыз автоном областы пайда болот. Адегенде бардык жаңы түзүлгөн Борбордук Азия республикалары менен областарында чукул түзүлгөн өкмөттөр иштеген, алар башкарууну Москвадагы борбордук союздук өкмөт дайындаган революциялык комитеттер-ревкомдор тарабынан ишке ашырган. 1924-жылдын 21-октябрында Бүткүл союздук борбордук аткаруу комитети (ВЦИК) он жети адамдан турган Кара-Кыргыз автоном областынын ревкомунун курамын бекиткен. Бул ревкомдун төрагасы Иманалы Айдарбеков болгон.

1-февралда Пишкек шаары Кара-Кыргыз АОнун борбору болуп калат. 1926-жылдын 12-майында анын аты Фрунзе болуп өзгөрүлөт,[174] бул ат 1991-жылы аны Бишкек деп өзгөрткөнгө чейин сакталган.

**Анвар Искаков.**[175] Кыргыздар Кара-Кыргыз автоном областынын пайда болгондугу үчүн Сталинге ыраазы болуусу керек. Бул жолу жаңы республиканын түзүлүшү үчүн калктын саны негизги шарт болгон: анын эли бир миллиондон аз болбоосу керек эле. Өз алдынча болуу жөнүндө автономияны түзүү боюнча уюштуруу бюросунун төрагасы Ю. Абдрахманов адегенде Жогорку Советке, анан Сталиндин өзүнө кайрылган. Сталин силерде канча адам жашайт деп сураганда, 700 000 деген. Анан Сталин кыргыздардын үй-бүлөсүндө канча адам болот деп сураганда, 8–10 деп жооп берген. Сталин анда эртең эле кыргыздардын саны 1 миллион болот экен, макул, силерга автономия беребиз деп, өз макулдугун айтат.

Кыргыз областынын эгемендиги советтик автономиянын бир формасы катары бир топ чектелүү болчу. Кыргыз АССРи 1926-жылдын 1-февралында пайда болгондон баштап, 1936-жылдын 5-

---

[174] ПЕТРОВ, В. Г. *Пишпек исчезающий. 1825–1926*. Бишкек: Литературный Кыргызстан, 2005.

[175] Караңыз: 164-беттеги түшүндүрмөнү.

декабрына чейинки аралыкта экономикалык, социалдык жактан кыйла жогору өскөн.

Ошол мезгилде Кыргыз АССРинин Советтеринин II-съезди республиканын биринчи уставын кабыл алган (1929-жылы 3-январда кабыл алынып, 1929-жылы 30-апрелде иштей баштаган) Автономиянын андан ары күчөшү 1936-жылдын 5-декабрында, советтердин VIII-съездинде Кыргыз ССРи жарыяланган учурда ишке ашты. Ошентип Кыргызстан союздук республикалардын бирине айланып, СССРдин учурунда мүмкүн болгон эң жогорку автономияны алат.

## 4.1.1. Чехословакиялыктардын «Интергельпо» өнөр жай жана айыл чарба кооперативи[176]

“Интергельпо“ кооперативи Чехословакиянын аймагында советтик режимге суктануу жана ага эл аралык социалистик жардам көрсөтүүгө умтулуу атмосферасында пайда болгон. Кооперативдин мүчөлөрү СССРге социализмди курууга жардам берүү үчүн көчүп келишет.

“Интергельпонун” мүчөлөрү көп тармак боюнча Кыргызстанга жаңылык алып келген пионерлерден болушту. Казакстандын тарыхында биринчи жолу өлкө аймагында машиналар менен тракторлордун күрүлдөгөн үндөрү угулду: аларды чехиялык жердештерибиз биринчи эшелон менен алып келди. Шайтан араба – ошо кезде унаасы ат менен эшек гана болгон бардык казактар үчүн – күтүлбөгөн укмуштуудай окуя болду. Кыргыз талаасындагы алгачкы кудук (тегереги бетондонгон, тереңдиги 20 м) ушунчалык белгилүү болуп, жергиликтүү мекемелер жалпы аймакка ушундай кудук салууну “Интергельпо” кооперативине сунуш кылышты.




Бул сыяктуу жаңылыктарды чехиялык жердештер көп алып келишти: биринчи электр жарыгы, биринчи кант кызылчасы жана ушу сыяктуу нерселер. Бүгүнгө чейин «Интергельпо» кооперетиви Кыргызстандагы жергиликтүү өнөр жайдын негиздөөчүсү болуп саналат.

[176] Бул баптын чоң бөлүгүн Гана Прокопова даярдады.

«Интергельпо» кооперативинин демилгечиси жана уюштуруучусу Рудольф Маречек[177] болгон. Ал өткөн кылымдын 20-жылдарынын башында интернационализм, коммунизм идеяларынын жактоочусу (*идо*[178] тилинин бир нече эл аралык клубдарынын мүчөсү жана түзүүчүсү), мыкты үгүттөөчү жана тоого чыгууну жанындай сүйгөн альпинист катары таанылган. Маречек «орустардын» ревалюциялык идеялары менен граждандык согуш учурунда Орто Азияда таанышкан. Австриялык армияда кызмат кылгысы келбей, Чыгышка качып кеткен. Ошо мезгилде чех эмиграниттары менен кошо Бессарабияга келип, биринчи жолу коммунанын жашоосун көргөн. Ал 1916-жылы Чкавада большевиктер партиясына өткөн, бирок революциядан кийин чет өлкөлүк жаран катары Россияга, Харьков лагерине айдалат.

Ошол жерден ал Ташкент жана Верный (азыркы Алма-Ата) аркылуу Орто Азияга келип, Совет бийлигинин орношуна көмөк көрсөткөн. Маречек Верный шаардык советинин биринчи төрагасы да болгон, революциялык «Заря Свободы» газетасынын редакциясын жетектеген жана бир айдын ичинде коммуна уюштурган. Кийин аны Кыргызстанга Ысык-Көлдүн жээгине көчүрүп кеткен (ошол коммунадан Карл Маркс колхозу өсүп чыккан). Маречек ошондой эле Советтик Кыргызстандын (ал кезде Түркистан АССРи) коңшулаш Кытай мамлекети менен 1916-жылкы көтөрүлүштөн кийин Шинжаң провинциясына качкандарды кайтаруу тууралуу сүйлөшүүлөргө катышкан. Алардын көбү түндүктүк кыргыздар болгон. Рудольф Маречек качкындарга мунапыс жарыялангандыгын билдирген комиссиянын мүчөсү болот жана качкындардын Тянь-Шань тоолору аркылуу ашып келүүсүн уюштурган. Катаал жолдо көпчүлүк качкындар набыт болгон.

1921-жылы Рудольф Маречек жакында эле эгемендик алган Чехословакияга кайтып келип, СССР жана коммунизм үчүн үгүттөө иштерин жүргүзгөн. 1923-жылдын 1-майында бир нече коммунист менен бирге “Жети-Суу облусунун чийки заттарын колдонуп, эл керектөөчү буюмдарды чыгара” турган «Интергельпо»[179] кооперативинин уюштуруу протоколун иштеп чыгышкан. Кооператив Алма-Ата жана Каракол шаарларынжа жайгашууга

[177] Р. Маречек тууралуу биографиялык маалыматтар азыр Бишкек шаарында жашаган небереси Эльвира Б. Маречековадан алынган.

[178] Идо – түрдүү элдердин өкүлдөрүнүн өз ара сүйлөшүүсүн жеңилдетүү үчүн 1907-жылы кабыл алынган жасалма тил. Идо тилинин негизинде эсперанто тили жатат.

[179] Бул аталыштын автору Р. Маречек, «ido» тилинде «өз ара жардам».

тийиш эле. Маречек мурда Каракол шаарында бир нече жыл жашаган. Жөнөп кетүү үчүн керектүү болгон документерди даярдоо иштери да кайрадан Р. Маречекке жүктөлгөн. Уюштуруу чогулушунун протоколунда кооперативдик мүчөлөрүнө: «ден-соолугу чың, мыкты иштей алган, атайын кесиби бар, партиялык уюмдан сунуш кат алган партия мүчөлөрү,[180] эч кандай динге кирбеген адам болсун» деген талап коюлган. Кооперативге кириш үчүн 3 000 крон[181] төгүш керек болгон. Ошол учурда Чехословакияда 50 000 крон бир үй сатып алууга жетмек.

Андан ары Советтик тарап менен сүйлөшүлөргө, чехиялык жана словакиялык шаарлардан мүчөлөрдү тандап алууга эки жыл кетти. Тандоо көпчүлүк учурда жашыруун өткөн чогулуштарда жүрдү. Бул жыйындарда Маречек СССРдин чарбалык мыкты мүмкүнчүлүктөрүн баяндап берчү, ийгиликтин бир кепилдиги катары Ысык-Көлдүн ажайып жаратылышы эсептелчү. 1924-жылы эки тарап кол койгон келишимде «Интергельпо» темир жолдун акыркы станциясында-Пишпек шаарынын четинде жер тилкесин алаары көрсөтүлгөн. Ошондой эле ар бир адамга жете турган чыгым 2000 кронго барабар деп көрсөтүлгөн. Бул акчаны эрте дегенде кооперативде үч жыл иштегенден кийин гана кайтарып алса болмок.

1925-жылдын март айында «Интернационалдын”[182] музыкасынын коштоосунда Жилин шаарынан “Интергельпонун” биринчи эшелону жөнөп калды. Поездде станок жүктөлгөн 24 вагон жана 303 жүргүнчүсү бар 13 жылуулатылган вагон бар эле. Жол жүрүү бир айга созулду: март айында Россияны жана Казакстанды басып өтүү оңой болгон жок, таза суу жана тамак – аш аз эле, ал эми гигиена жөнүндө айтып да кереги жок. Пишпекке жеткенде кооперативдин мүчөлөрү маданий да, климаттык да жактан катуу шок болушту.

Көңүл калууда чек болбоду. 1925-жылдын 24-апрелинде поезд Пишпектеги акыркы станцияга жеткенде (бул жерде темир жол бүтчү), эл вагондун терезелеринен баш аягы жок талааны гана көрүштү. Кар аралашкан жамгыр жаап, абдан суук эле. Кээ бирөөлөр: «Жердеги бейиш кайда?” деп кыйкырса, калгандары: «Бул жерде жок дегенде иче турган суу барбы?» деп сурап жатышты. Баарынын

.............................................

[180] Мындай талапты советтик тарап койгон.

[181] *У истоков дружбы*. Сборник документов. Фрунзе, 1982, с. 33.

[182] Пролетариаттын эл аралык гимни. РСФСРдин гимни (1918—1944), СССРдин гимни (1922—1944), Украина ССРинин гимни (1918—1949), Беларусь ССРинин гимни (1919—1952).

кызыкканы «Пишпек кайда?» деген суроо болду. Жергиликтүү темир жолчулар кайдадыр бир жакты колу менен көргөзүштү. Айрым эркектер ошол тарапты көздөй жөнөп, кайра келгенде эмне айтарын билбей, тили жоктой жалдырап турушту. Алардын жолунан бир нече өтө жарды кепе, чаң, уюлгуган чымындар, бозоргон базар аянтчасы гана көрүнүптүр.



**45-илл. Интергельпочулардын Пишпек шаарына келиши, 1925-жыл.**
Булагы: http://frunze-bishkek.kg/ru/node/156.

Пишпек чындап эле чоң шаар болгон эмес. Төмөндө Пишпектин 1914-жылкы (“Интергельпо” шаарга келгенден он жыл мурдакы) көрүнүшүнүн сүрөттөмөсүнү сунуш кылабыз. Аны Пишпектеги биринчи комсомол Б. Августовский жазган.

> Биз Пишпекке 1914-жылдын күзүндө келдик. Москвадан кийин чаң баскан көчөлөрүндө музоолор жайылып жүргөн, көлчүктөрүндө каздар менен чочколор жаткан бул уезддик шаар таң каларлыктай эле көрүндү. Адамдардын бир эле маалда арыктардан суу ичип, кир чайкап, казанды да жууп тазалаганы, орус жыгач усталары карагайдан кынаптап курган же кашкарлыктар ылайдан салган бир кабат үйлөр жапайы жашоодой эле көрүндү. Талаага чыгып кеткен тегиз сызылган көчөлөр. Базары да, өңдөрү да, кийимдери да, сүйлөгөндөрү да,

товарлары да ар түркүн. Чыгыштын даамы өзгөчө, жыты аңкыган коондору – бардыгы таң калтырат.[183]



**46-илл. Базар аянтындагы Акчуриндин дүкөнү. XX к. башталышы.**
Булагы: http://frunze-bishkek.kg/sites/default/files/Пишпек исчезающий.pdf

Айрымдар жүктөрүн чечпей туруп (кимде артка кайтканга акчасы болсо), дароо үйлөрүнө кетип калышты. Чехословиядагы үйүн, мүлкүн сатып жиберип, 5 000 крон жыйнап келгендерге (эки миңи поездге, үч миңи жалпы тамак ашка) калууга туура келген. Алар адегенде вагондордо жашашты, андан кийин 1905-жылы япондуктар тарабынан курулган согуш туткундарырынын лагеринен баш паанек табышкан.

Бул барак үйдүн төбөсү жыртык, алдына кык калың төшөлгөн, дубалдары ылай топурактан жасалган, эптеп жашаганга араң жарайт. Адегенде кыш куючу ишкана куруу керек эле, андан кийин гана устаканалар жана жашаганга үй салынмак. Аңгыча май айы да кирип келди. Көчүп келгендердин көңүлүнө көк таштай тийген суук эми кырк градустук ысык менен алмашты. Июндун аягында биринчи наристе кайтыш болду, өлүм – житим уланып, жыл аягына чейин 30 бала жашоо менен кош айтышты. Жергиликтүү шартты 3 жашка чейинки бир да бала көтөрө алган жок. Эмне үчүн 303 адамдын арасында бир да доктур болгон эмес деп кайгырганга чама келбеди.

Келгендердин ачуусу, албетте, Р. Маречекке каршы багытталды, бирок ал биринчи топ менен келген эмес. Чехословакиянын органдары анын паспортун кечеңдетип бергендиктен, ал жолго чыга албай калды деп айтышты. Андан сырткары жөнөөрүнө бир күн калганда кооперативдин мүчөлөрү аны өз катарынан чыгарып

.............................................

[183] АВГУСТОВСКИЙ, Б. Выстрелы над Пишпеком. *Литературный Кыргызстан*, 1967. № 12, с. 11–27.

салышкан. Ошол эле жылдын октябрь айында Пишпекке 61 адамдан турган экинчи топ келди. Ал учурда алгачкы келгендер лагерден өздөрү курган үйлөргө көчүп киришкен эле; айрымдары Пишпектин Дунганка деген маалесиндеги (кийин И. Сталин атындагы көчө) үй-бүлөлөр менен жашап калышты. Ал мезгилде кооперативде кыш куючу жана тери иштетүүчү чаканыраак заводдор, машина оңдоочу, жыгач буюмдарын жасоочу устаканалар, ошондой эле биринчи электростанция жана тактай тилүүчү жай иштеп жаткан.

Ал эми Чехословакияда «Интергельпо» кооперативинин текстилчи адистеринен турган экинчи эшелону жөнөп кеткенге даярданып жаткан. Бу жолу эл кайда, кандай шартка бараарын жакшы билип, баарына даяр турушкан. Булар келгендердин эң чоң тобу эле жана анда 606 адам бар болчу, алар 1926-жылдын августтунда Фрунзеге келишти. Алар курган текстиль заводу бардык ишканалардан пайданы көп алып келди. Дал ушул ишкана кооперативде жыл бою жыйналган далай татаал акча-каражат маселесин чече алды.



**47-илл. «Интергельпо» кооперативинин мүчөлөрү, 1927-жыл.**
Булагы: http://img.radio.cz/pictures/krajani/interhelpo1.jpg

Отузунчу жылдары Фрунзеге “Интергельпонун” анча көп эмес эки тобу келди. Алар машина куруу боюнча адистер эле жана өздөрү менен жаңы жабдууларды ала келген.

**3-таблица. «Интергельпо» кооперативине келген көчөрмандардын группалары.**

| | Келген учуру | Адамдардын саны | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Бардыгы | Кооператив мүчөлөрү | Үй-бүлөсү |
| 1-топ | 24.4.1925 | 303 | 117 | 186 |
| аралыктагысы | 15.11.1925 | 60 | 24 | 36 |
| 2-топ | 7.8.1926 | 606 | 222 | 384 |
| 3-топ | 2.4.1928 | 24 | 8 | 16 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 4-топ | 12.4.1932 | 85 | 36 | 49 |
| **Бардыгы** | | **1078** | **407** | **671** |
| «Рефлектор» коммунасынан | 5.1.1930 | 25 | 8 | 17 |
| Балхаш курулуштан | 1936 | 5 | 4 | 1 |

Булагы: POLLÁK, P. *Internacionálna pomoc československého proletariátu národom SSSR.* Bratislava, 1961.

## Кооперативден чыгып кетүүлөр

Кооперативдин көпчүлүк мүчөлөрү Пишпекке үй-бүлөлөрү жана болгон оокаттары менен көчүп келишкен. Алар Кыргызстанда (ал кездеги СССР) калууну көздөшкөн. Бирок алгачкы жылдын өтө оор кыйынчылыктары келгендердин басымдуу бөлүгү, үчтөн экиси СССРдин ушундай коммуналары бар башка аймактарына же кайра Чехословакияга көчүп кетишкен. Алар көбүнчө Ростов, Оренбург, Новороссийск, Бакуга кетишти; жаштар болсо Ташкент, Алма-Ата же Москванын ЖОЖдоруна жөнөшкөн. Экинчи топ менен келген шахтерлор адегенде түштүктөгү Кызыл-Кыяга, андан ары Тюмень областындагы Кемерово шаарынын шахталарына кетип калышкан. Отузунчу жылдары алар Чехословакияга кайтып келишти.

Фрунзедеги кооперативдин мүчөлөрүнүн кетүүсүнүн экинчи чоң толкуну Экинчи Дүйнөлүк согуш учуруна туш келди. Генерал Свободанын полкунда кооперативдин 45 мүчөсү, башка ондогон адамдар Кызыл Армиянын катарында согушка катышты. Алардын көпчүлүгү боштондук үчүн салгылашта курман болушуп, Кыргызстанда аялдары, бала – чакасы калды.

Адабий булактарда социализмди куруунун эмгек майданында курман болгондор тууралуу маалыматтар бар. Анда сталиндик репрессиянын курмандыктары жөнүндө сөз болуусу мүмкүн, бирок азыр урпактар «Интергельпого» карата болгон репрессиялар тууралуу сөз кылышпайт. Мындай репрессиянын мүмкүн экени тууралуу маалыматты братиславалык[184] Ф. Шволиктин окуясы далилдеп турат.

Ал «Интергельпо» кооперативинин төрагасы болуп турган жана 1930-жылдан токой чарба башкармасынын төрагасы, кийин Аламүдүн асыл тукум совхозунун директору болуп да иштеген. Шволик 1935-жылы Фрунзе шаарында көз жумган. Башка

[184] Братислава – бүгүн Словакиянын борбору.

репрессиялар тууралуу Бишкектеги чехтердин «Наздар» кружогунун жетекчиси Александр Кирал төмөнкүлөрдү баяндайт:

> Иш кагаздары жана окутуу 1935-жылга чейин чех тилинде болгондугун белгилей кетүү керек. 1935-жылдан кийин жолдош Сталиндин жетекчилиги астында «Бирдиктүү орус тили жөнүндө» резолюция кабыл алынып, мунун бардыгына тыюу салынды.
>
> 1939-жылдан 1940-жылга чейин репрессия жүрүп жаткан кезде, “Интергельпо” кооперативинин көпчүлүк мүчөлөрү улуту чех болгондугу үчүн лагерлерге айдалып, айрымдары атылып кетти. Бир тобу эмгек армиясына жөнөтүлдү. Ал эми Советтик Армиянын катарына чакырылгандар Людвик Свободанын жетекчилиги астында, б.а. Чехословакиялык корпустун курамында согушка катышты. Көпчүлүгү Дукла ашуусундагы салгылашта курман болду, аман калгандары кайтып келишти. Ошентип биз өткөн кылымдын башында алгачкылардан болуп келгендердин тукумдары болобуз.”[185]

**4-таблица. “Интергельпого” мүчөлүктөн чыгуулар. 1940-жыл.**[186]

| | 1-топ (106 дам) | Орто аралыктагы топ (24 адам) | 2-топ (220 дам) | 3-топ (адам) | 4-топ (36 дам) |
|---|---|---|---|---|---|
| 1925 | 15 | | | | |
| 1926 | 37 | 11 | 71 | | |
| 1927 | 10 | 3 | 49 | | |
| 1928 | 1 | 2 | 15 | 1 | |
| 1929 | | | 2 | | |
| 1930 | | | 5 | | |
| 1931 | 2 | 1 | 3 | | |
| 1932 | | | 5 | | 6 |
| 1933 | 4 | 1 | 1 | | 11 |
| 1934 | 2 | | | | 3 |
| 1935–1940 | 2 | | 2 | 1 | |
| **Бардыгы** | **73** | **18** | **153** | **2** | **20** |

Булагы: Pollák, *c. d.*

[185] ВАГНЕР, А. *В Кыргызстан чехи привезли первые технологии.* [онлайн] © 1996–2012 Český rozhlas (Чех радиосу), 20. 11. 2006 [цит. 20. 11. 2012] Караңыз: <http://www.radio.cz/ru/rubrika/radiogazeta/v-kirgizstan-chexi-privezli-pervye-texnologii>.

[186] Кооперативдин мүчөлөрү катталып, үй-бүлөсү катталган эмес.

## Советтик Кыргызстандагы «Интергельпо»




«Интергельпо» кооперативинин мүчөлөрү жеке эле Кыргызстандын түндүк областарын индустриялаштырууга гана эмес, инфраструктураны жана шаарлардын негизги имараттарын куруугa да чоң салым кошту. Бирок бул аракет зор проблемалалар менен коштолду. Эң эле чоң кыйынчылыктар биринчи келген топто болгон. Эл жаңы жагдайларга даяр эмес экендиги жолдо келатканда эле билинген. Келгенден кийин жашоонун ар бир жагдайы үчүн катуу күрөш жүрдү, өзгөчө, жаш балдарга оор болду. Анын үстүнө чийки зат сатып ала турган акча каражатты кооператив өзү табыш керек эле.

Кыргыз банктары менен сүйлөшүүлөрдөн кийин алар өндүрүштү баштоо үчүн 20 000 рубль кредит алууга жетишти, 1926-жылы жазында жыгач устаканасы өрттөнүп кеткенде дагы 10 000 рубль кредит алышты. Ушул тажрыйбадан улам советтик тарап экинчи келчү топко негизги капиталы жок дегенде 40 000 рубль болуусу керек деп талап койду. Экинчи топ келгенден кийин 1927-жылы кооператив СССРден дагы 200 000 рублдик кредит алды, бул иштин илгерилешине чоң көмөк көрсөттү. Эгерде 1927-жылдын башында кооперативдин карызы 455 112 рубль болсо, жыл аягында текстиль өндүрүшүнөн пайда көргөндөн кийин анын суммасы 216 890 рублге түштү.

Чехословакия да баш жагында жакшы жардам берди, бирок кийинчерээк идеологиялык себептер менен жардам аябай кыскарды. Биринчи топ келээрдин алдында Социалдык коргоо министрлиги кооперативдин бардык мүчөлөрүнө Россиядагы эмгек мигранттарынын чыныгы абалын баяндаган эскертүү кат жөнөткөн.[187] Бирок бул кат кооперативдин мүчөлөрү тарабынан антисоветтик, антикоммунистик үгүттөө каттары кабыл алынды. Алгачкы көчүп баргандардын поблемаларынан кийин, Чехословакия өкмөтү өбөлгө кридиттик жардам программасынын алкагында, XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында (падышалык мезгил)

[187] Биз силерге СССРге көчүп кетүү коопсуз эмес экенини эскертебиз. Россияда жумушсуздук күч алган. Кыштактык советтин саясаты таптык түшүнүккө негизделген, бул көчүп келүүдө жеке жана коллективдүү кайрылуулар каралып жатканда коммунага артыкчылык берилет деген: Көчөрмандар жамиятына эл аз жашаган, климаты оор, транспорт байланышы начар жактан жер берилет. (А. Голиандын катынан). Pollák 1961:37.

колония түзүп жашагандарга арналган акчадан СССРдеги чехословакиялык коммунистерге (“Интергельпого”) 60 аттын күчү бар автоматтык тегирмен сатып алууга 500 000 крондун тегерегинде каражат бөлүп берген. Жабдуу эки ортодо келген топ менен Пишпекке жеткирилген. Бирок кооперативде тегирменди иштетүү үчүн акча жок болгондуктан, аны совет бийлигине сатып жиберүүгө туура келген.

Советтик өнөр жайдын тез өсө башташы жана кооперативдин финансылык кыйынчылыктары кооперативдин мындан ары жашап кетишине күмөн жаратты. 1928-жылы Соода жана өнөр жай элдик комитетинин комиссиясы «Интергельпону» каржылоону токтотту, кооперативге текстиль фабрикасын гана калтырып, калган жабдууларды Фрунзедеги башка кооперативдерге өткөрүп берүү жөнүндө чечим кабыл алды. Бирок, мындай чечимге карабастан, Кыргызстан компартиясынын областык комитети жана Кыргыз АССРинин кооперативдер союзу кооперативге жардам көрсөтүштү. Ошондуктан акыр аягында банктар менен мындан аркы кредиттер тууралуу сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү, чийки заттар менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу, кооперативге жаңы мүчөлөрдү алып, Чехословакиядан дагы адистерди чакыруу, советтик мыйзамдарга дал келген бухгалтердик эсеп жана пландоону киргизүү, «Интергельпо» кооперативинин советтик пландоого дал келген системага түшүшү үчүн жаңы устав кабыл алуу, ошондой эле кооперативдин ишмердүүлүгүн азайтып, текстиль, тери иштетүү, машина куруу, жыгач устачылык тармактарын гана калтыруу жөнүндө көрсөтмө келди. Калган ишканалар (өтүкчүлүк, кийим тигүү, ээр-токум жасоочу устакана, нан жана эт заводдору) жана айыл чарба өндүрүшү жабылсын, алардын жер тилкеси Ленин атындагы коммунага өткөрүлүп берилсин деген көрсөтмө келди.[188] Мындай өзгөрүүлөрдөн кийин «Интергельпо» 1928-жылы өнөр жай кооперативдеринин Борбордук союзуна кирди жана жыл аягында биринчи жолу киреше тапты (текстиль өндүрүшүнөн жана 1928-жылы курулган маталл эритүү заводунан). Биринчи жолу ай сайын эмгек акы бериле баштады. Буга чейин эмгек акы эмгек китебине гана жазылып, акча колго элдин керектөөсүнө жана кооперативдин мүмкүнчүлүктөрүнө карата гана берилчү. Андан ары буйрук менен жабылган айыл чарба өндүрүшү абдан зарыл экени билинди: буйрук

188 «Интергельпо» кооперативи Чүй суусун көздөй кеткен жолдогу 18 чакырымдан «Мурзубаевский» деп аталган жер тилкесин алган. Ал участкада бир нече үй-бүлө иштеп, кооперативди азык- түлүк менен камсыз кылып турган.

менен 1928-жылы жаап салынган бул тармакты 1929-жылы кайра жандандырууга туура келди. Бул жолу жер тилкесин мурдагыдай алыстан эмес жакын эле тегеректен алышты. Андан соң кайрадан өтүкчүлүк жана кийим тигүү өндүрүшү ачылды.

«Интергельпо» шаарчасы дээрлик курулуп бүтүп калган. Кооператив баары болуп 176 квартира курду. Тактап айтсак, 184 квартиралуу үй, 24 бөлмөлүү эки жатакана, эки кабат там: биринде 34, экинчисинде 35 квартира бар эле. Турак үйдөн анча алыс эмес жерде мектеп, клуб, жалпы тамактануучу ашкана курулду.

Керектүү чийки заттын аздыгынан, өзгөчө текстиль үчүн пайдаланчу чийки зат менен камсыздоо өтө оор маселеге айланды (керектөөнүн 30 гана проценти камсыз болчу, калганы Россияга чыгарылып кетчү). Ошого карабастан «Интергельпо» биринчи беш жылдыктын аягында Кыргыз ССРинин эң күчтүү өнөр жай ишканасынын бирине айланды.

1932-жылы жүргүзүлгөн кайра уюштуруудан кийин (мүчөлөрү 534 адам эле) «Интергельпо» кооперативи 7 өз алдынча кооперативге бөлүндү (пландоо жана кзөмөлдөө гана жалпы бойдон калды):

- «Роза Люсембург» атындагы текстиль ишканасы
- «Ф. Дзержинский» атындагы булгары кооперативи.
- «Серп и молот» механикалык оңдоо кооперативи.
- «Красный мебельщик» эмерек жасоочу кооперативи.
- «Бела Кун» атындагы курулуш копеартиви.
- «Впереди» транспорт кооперативи.
- Азык-түлүк чыгарчу «Интернационал» кооперативи.

Биз төмөндө «Интергельпо» кооперативинин өзгөчөлүгүн аныктап турган Нинанын аңгемесин бермекчибиз. Отузунчу жылдары Нинага жана анын үй-бүлөсүнө кооператив абдан жардам берген:

**Нина.**[189] Мен Пишпек шаарында төрөлгөм. Шаарда менин ата-энемдин кичирээк жери, авлиси жана алма багы бар эле. Атам

[189] Нина Талас шаарында жашайт, улуту орус. Ал беш жыл мурда католик динине өттү. Ата-энеси такыба орус православдары болгону менен аны чокундурушкан эмес.

бир жолу кайсы бир бандитти атып салып, эки жыл түрмөгө кесилди. Анан ал Таласка кетип калып, үй-бүлөсү артынан бардык. СССРде курулуш иштери күчөй баштаганда, биз жакшы жумуш табыла турган Магнитогорскиге көчүп кеттик.

Сталиндик репрессиялар башталганда биз кайрадан Бишкеке кайтып келдик. Ал жакта болуп көрбөгөндөй жакырчылык экен, согуш башталарына да аз калган анда. «Интергельпонун» эли бизге абдан эле жардам берди. Мен аларга күнүнө эки жолу уй кайтарып иштей баштадым. Эмгегиме тамак беришчү. Жекшемби-эс алуу күнү болчу. Мен тапкан тамак-ашты көтөрүп алып үйгө жөнөчүмүн: үйүбүз 10 километр алыста эле жана автобус жүрбөгөндктөн жөө барчумун. “Интергельпонун” жашоо жагдайы мага абдан жакчу: баары ойлонулуп жакшы курулган, жашоого ыңгайлуу төрт квартиралуу үйлөр, ар бир квартиранын кире турган эшиги ар башка. Ар бир үйдүн авлиси жана бак-шагы бар болчу.



**48-илл. «Интергельпо» кооперативинин поселогу.**
Булагы: http://img.radio.cz/pictures/krajani/interhelpox.jpg

Кооперативдердин мүчөлөрү орустардан айырмаланып башкача тамактанчу. Маселен орустар борщ жасап алып, ал түгөнгүчө иче беришчү: эртең менен, түштө, кечинде, кайрадан эртеси ошондой болчу жана бир нече күндө түгөнчү. Чехтерде болсо тамак бат-бат алмашып турчу. Эртең менен чай же кофе, түштө үч катар тамак: сорпо, экинчи тамак жана десерт (маселен компот). Алардын сармысак аралашкан сорпосу алигече эсимде.

Ошондой эле чехтер буурчак көп өстүрүшчү. Абдан берилип, ар бир көчөтүнө кылдаттык менен кам көрүшчү. Алар мунусу менен орустардан айырмаланып турчу.

Атам 1940-жылы гана колхоздо иштей баштады. Согуш аяктаганда жашоо абдан оор болду. Бирок Маречек эмне керек болсо, баарын таап келчү: өкмөттө дайыма жардам бере алган адамдары бар эле. Элүүнчү жылдары “Интергельпо” кооперативинин адамдары акырындап мекенине кайта баштады.




Экинчи беш жылдыктын учурунда (1933–1938) Кыргызстанда индустрия-лаштыруу өтө тез темп менен уланып, кооператив мамлекеттик ишканалардын атаан-дашы болуп калды. 1937–1938-жылдары чийки зат менен камсыздоодо кооперативде кайрадан проблема чыкты.

Ошондуктан, алгачкы келишимде көрсөтүлгүндөй, кооперативди мамлекеттик системага кошуу жөнүндө чечим кабыл алынат. 1939-жылдын октябрь айында текстиль ишканасы Кыргыз ССРинин текстиль өнөр жай министирлигине, ал эми булгары заводу Кыргыз ССРинин жеңил өнөр жай министирлигинин карамагына берилген. «Интергельподо» болсо эки өндүрүштүк ишкана (эмерек жасоо жана машина куруу металл эритүү заводу менен бирге) жана башка сегиз чарба (курулуш жана унаа кооперативи, өтүк ултаруу жана тигүү устаканалары, тактай тилүү, клуб жана ашкана) калат.

1940-жылы “Интергельподон” текстиль өндүрүшүнүн бир бөлүгү (адегенде ал эмерек жасоо өндүрүшүнүн бир бөлүгү болчу) жана кийим тигүү өндүрүшү бөлүнүп чыгып, жаңы «Текстиль» кооперативи пайда болду. 1952-жылы ал кооператив Кыргыз СССРинин жеңил өнөр жай министирлигине карап калды. 1941-жылы «Интергельпо» эки жаңы эки кооперативге: «Металлозавод-Интергельпо» (металл эритүү заводу бар машина куруу өндүрүшү) жана «Мебельщик – Интергельпо» (эмерек жасоо өндүрүшү) болуп бөлүндү. Транспорттук жана курулуш бөлүмдөрүн бул жаңы эки кооператив бөлүп алды, ал эми айыл чарба жана маданият объекттери жалпы бардыгына кызмат кылып калды.

СССРдин Экинчи Дүйнөлүк согушка кириши «Интергельпого» төмөнкүдөй өзгөрүлөрдү алып келди. «Металлозавод» жана «Мебельщиктин» кооперативдеринин өндүрүштүк цехтерине Фрунзе

атындагы механикалык завод көчүп келди. (Ворошиловград шаарынан келген өндүрүшкө орун берилди). «Метоллозавод» «Красный пимокат» (металл эритүүчү завод) кооперативинин жана “Артметалл” (металл өндүрүү) кооперативинин имараттарында жайгашты. «Мебельщик» болсо жыгач иштетүүчү «Бондарка» кооперативинин аймагынан орун алды. Ошол эле мезгилде «Мебельщик» Кыргыз ССРинин Жергиликтүү өнөр жай министрлигинин кол алдына өттү. «Интергельпо» клубу Фрунзе атындагы заводго өткөрүлүп берилди, ал эми бала бакча менен ясли Кыргыз ССРинин өнөр жай кооперативдери союзунун кол алдында калды. Айыл чарба жерлери «Пищевик» кооперативине өттү.

«Интергельпонун» эң акыркы ишканасы “Металлозавод-Интергельпо” жумушчулардын ашканасын, тактай тилүү өндүрүшүн, транспорт бөлүмүн жана кооперативдин мүчөлөрү жашаган үйлөрдү башкарып калды. Кыргыз ССРинин Эл комиссарлар советинин чечими менен 1944-жылы 1-январда металлозаводдун аймагында мотор ремонттоо заводу курулуп, аны Кыргыз ССРинин Айыл чарба министирлиги жетектей баштады. Ошентип Фрунзе шаарындагы «Интергельпо» кооперативи өз ишмердүүлүгүн аяктады.

«Интергельпо» согуштан кийинки Советтик-Чехословакиялык кызматташтыктын, коммунистик өз ара жардамдашуу жана көмөк көрсөтүүнүн өзгөчө бир символу болуп калды. Мындай символдоштуруу 1930-жылдары Юлиус Фучик “Интергельпого” бир нече жолу келип кеткенде башталып, кооператив иштебей калгандан кийин деле улана берди. 1957-жылы Кыргызстан Компартиясынын Борбордук комитети, “Интергельпонун” имараттарына эстелик белгилерин орнотуу, Роза Люксембург атындагы текстиль фабрикасынын атын Клемент Готвальд деп котоpуу жөнүндө чечим кабыл алды; кооператив жайгашкан поселоктогу көчөнүн бири “Интергельпо”, экинчиси Ю. Фучик деп аталды, ошондой эле парк да «Интергельпо» деп аталып калды. «Интергельпо» кооперативинин мурдагы он мүчөсү жана кызматкери социалисттик Кыргызстанды куруудагы жетишкендиктери үчүн Громата менен сыйланса, дагы он сегизи Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Громаталарына татыктуу болушту. Коммунизм идеологиясы жана анын актерлору да колдоого алынды.

«Интергельпо» Чехословакияда да ардакталып урматталды: анын мисалы катары кооперативдин мүчөлөрүнөн турган далегацияны[190] президент Запотоцкий кабыл алганын жана

………………………………………

[190] Делегациянын курамында Р. Маречек кызы менен бар эле.

«Интергельпонун» тарыхы Чехословакиянын тарых сабагында окутула баштаганы эсептелет.

Советтик Кыргызстан менен социалисттик Чехословакиянын өз ара тыкыс кызматташтыгынын көрүнүктүү белгиси деп Тянь-Шань тоолорунун айрым чокуларынын чехословакиянын коммунист президенттери Готвальд менен Запотоцкийдин, журналист Ю. Фучиктин ысымы менен аталышын айтса болот.

Убакыт өтө берди. “Интергельпонун” мүчөлөрү да жарык дүйнө менен кош айтыша баштады, анын натыйжасында алдыга интернационалдык пролетардык коомдун коммунисттик идеалдарынын виртуалдык (ойлон табылган) образдары чыкты. «Интергельпо» жөнүндө көп айтыла баштады, бирок алардын эч кимиси чындык кандай болгондугун билчү да эмес.

**«Интергельпо» кооперативиндеги этностук бөлүнүү маселеси**

Адегенде кооператив түзүлө баштаганда эле коомдун усавына ылайык, анын келечектеги мүчөлөрүнө коюлган талаптар (компартияга мүчө болуу, атеизм) коммунаны түзгөндөрдүн максаттары бир ойду көздөгөн мүчөлөрдү катарына тартууга багытталганын күбөлөйт. Ошентип алардын максаты коммунисттик партия бүткүл Советтер Союзунун эли үчүн пландаштырылган максат менен дал келген (“homo sovieticus”). «Интергельпо» кандайдыр бир денгээлде бул максатына жетише алган. Биринчи топтун мүчөлөрү экинчи топтогуларга «Биз Советтер Союзунда эски мамлекетте бизди бөлүп турган нерселерден тазаланган жаңы жашоо куруп жатабыз. Биз Россиянын коммунистик партиясынын мүчөсү болууну каалайбыз» деп жазышкан.[191] Негизги нерсе, кимдин кайсы жерде төрөлүп, кандай тилде сүйлөгөнү эмес, пролетариат табына кирип (жок дегенде эң алгачкы эки топто), коммунизмдин идеясын колдогондугу маанилүү болгон. Кооперативдин мүчөлүгүнө кабыл алынган адам «Интергельпочу» болуп калган.

Мындай жалпы окшоштук поездде бир ай чогуу баратканда ого бетер бекемделген: бир жагынан, жолдо көптөгөн символикалуу иш-чаралар өткөрүлгөн (поезддер кызыл желек менен коолдолгон, “Интернационал” ыры дайыма жаңырып турган, бири калбай чехословакиялык жана польшалык кызматкерлерди буржуазиянын өкүлдөрү катары өздөрүнөн бөлүп турган); экинчи жагынан, алрдын

[191] POLLÁK, P. *Internacionálna pomoc československého proletariátu národom SSSR*. Bratislava 1961, s. 114 n.

башына түшкөн кыйынчылыктар: жашоо шартынын жана тамак-аштын начардыгы, балдарын жана жакындарын жоготуу бардыгын бириктирип турган.

«Интергельпо» кооперативинин мүчөлөрү (эң кичинеси биринчи топ, анча-мынча экинчи топ) топко кабыл алуунун өзүнчө бир каадаларынан өтүштү. Адегенде мурдагы жашоодон иш жүзүндө (көпчүлүгү кирүү акысын жана жол кирени төлөө үчүн болгон үй – мүлкүн сатып жиберишкен, алар кайра кайтып барчу жери жок калган) жана символикалуу түрдө (ал кездеги «буржуазиялык” Чехословакия душмандардын катарына кошулган) алысташкан. Бирок кооперативдин мүчөлөрүнүн жалпы окшоштугу акырындык менен кооперативдин устаканаларын, заводдорун жана үйлөрүн куруп жатканда, жумуш учурунда калыптанган. Коллективизм сезими кооперативдин мүчөлөрү чогуу кошуна болуп жашагандыктан да бекемдей берген. Алар көп убактысын ашканада, клубда, ар кандай коомдук иш-чараларда бирге өткөрүшкөн.

«Интергельпочунун» образы айрым бир моралдык мүнөздөмөлөр менен бекемделип турган: ак көңүлдүк, дайыма чын пейилден жардамга келүү, чынчылдык, мыкты эмгек кыла билүү.[192] Алгачкы жылдары Кыргызстандагы оор шартка чыдай албай, кооперативден чыгып кеткендерге жана Пишкекетеги оор ахывалды билип алышып, кооперативден Чехословакияда эле чыгып кеткендерге кандайдыр бир деңгээлде чыккынчы катары карап калышты.

Алгачкы жылдары кооперативдин жумушчу тили чех (словак) тили болгон. Кооперативдин өз китепканасы бар эле. Келгенде эле балдарды өз эне тилинде окутуу башталды (мугалим кайсы тилде сүйлөгөнүнө жараша балдарды чех же словак тилинде окутушкан). Кооперативдин ардагерлери, кийин алардын балдары өздөрүнүн «Интергельпочу»[193] тилин түзүшкөн: алар көп учурда өз ара чех, словак жана венгр тилдерин аралаштырып сүйлөшкөн. Кээде словак менен венгр өз ара өз тилдеринде сүйлөшсө да бири-бирин түшүнүшкөн.

1927-жылдан кооперативде өтө күчтүү орусташуу башталды (муну советтешүү десе туурараак болот). Күзүндө жаңы курулган мектепте орус тили окутула баштады, мугалимдер да орустар эле,

[192] Эгерде биз «Интергельпо» кооперативинин кошуна колхоздор менен кооперативдерге берген жардамы тууралуу маалыматты карап көрсөк, анын эмне үчүн татаал финансылык ахывалга түшкөндүгүн баамдайбыз.

[193] HOLÁ, V., VICHEREK, E. *Interhelpo*. ÚV SČSP, Praha 1975.

кооперативдин ичиндеги жумушчу тил да орус тили болуп калды. Эне тил болсо үй – бүлөнү көздөй жылды жана театр спекталдеринде, майрамдык концерттерде колдонулган фольклордун тилине айланды.

**5-таблица. "Интергельпо" кооперативиндеги көчөрмандардын улуттук курамы.**

| | чехтер | словактар | венгрлер | немистер | Закарпателик украиндер | баары |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1-топ (1925) | 163 | 101 | 18 | 13 | 8 | 303 |
| Аралыктагы топ (1925) | 31 | 27 | 2 | - | - | 60 |
| 2-топ (1926) | 160 | 219 | 25 | 143 | 59 | 606 |
| 3-топ (1928) | 18 | 6 | - | - | - | 24 |
| 4-топ (1932) | 33 | 27 | 24 | - | 1 | 85 |
| **Баардыгы** | **405** | **380** | **69** | **156** | **68** | **1078** |

Булагы: Pollák *c. d.*, с. 157

Тилдик жана (негизинен) маданий орусташтыруу кооперативдин алгачкы мүчөлөрүнүн саны азайып, улуттук курамы жана жашаган жери өзгөрүлгөн сайын күчөдү. Жергиликтүү калк менен ар түрдүү мамиле тыкыс боло баштап, улуту аралаш үй-бүлө көбөйдү. Күйөөлөрү чех жана словак аялдарын таштап, орус же украиндерге үйлөнүп, үй – бүлөсүнөн кетип калган учурлар да болду. Азыркы мезгилде «интергельпочулардын» тукумдарынын арасында бир улуттан гана турган бир да үй – бүлө жок.

**6-таблица. «Интергельпо» кооперативинин улуттук курамы, Фрунзе (XX кылымдын 40-жылдарына чейин).**

| | **1932** | **1937** | **1939** |
|---|---|---|---|
| чехтер | 92 | 44 | 20 |
| словактар | 43 | 23 | 24 |
| венгрлер | 22 | 21 | 15 |
| немистер | 26 | 21 | 22 |
| орустар | 223 | 463 | 440 |
| украиндер | 66 | 136 | 180 |
| белорустар | - | 11 | - |
| кыргыздар | 37 | 30 | 27 |
| казактар | 9 | 17 | башкалар 31 |
| өзбектер | 2 | 1 | |
| кашкарлыктар | 3 | 1 | |
| мордвиндер | 2 | - | |
| еврейлер | 1 | 1 | |
| русиндер | 1 | - | |
| армяндар | 1 | - | |
| татарлар | 2 | 4 | |
| поляктар | - | 4 | |
| литвалыктар | - | 2 | |
| сербдер | - | 1 | |
| **Бардыгы** | | **780** | **771** |

Булагы: *У истоков дружбы.* с. d.

«Интергельпо» кооперативин түзүүнүн негизи улуттук курам эмес, бүт эле советтик коом сыяктуу кайсы тапка жана кандай идеологияга киргендигине жараша болгон. «Интергельпочулардын» алгачкы учурдагы улуттук идентивдүүлүгү (чех, словак, венгр) солгундап, «интергельпочулардын» жалпылашкан идентификациясы пайда болгон. Акыркы жалпылык, чындыгында, советтик жалпылыкка көбүрөөк окшошуп кеткен (орус тили, советтик маданият).

Мындай жагдайлардын натыйжасында бүгүнкү жердештер Сцилла менен Харибданын ортосунда калышты. “Интергельполук” жана этностук жалпылык тең солгундады. Алар өздөрүн «Интергельпо» менен идентификациялай албайт: себеби, кооперативдин жок болгонуна 60 жылдан ашты, ал эми кооперативдин негизин түзгөн идеология бүгүн (өзгөчө, кооператив мүчөлөрүнүн түпкү мекенинде) таптакыр кабыл алынбай, кылмыш катары эсептелет; алгачкы учурдагы жалпылык узак убакыт бою үстөкө-босток орусташууга дуушар болду (эне тилди, чех каада – салтын билбей, орустардын каадаларын колдонуу). Алардын алдында чех тилин үйрөнүп, чех маданияты менен таанышуудан бөлөк да башка чех коомдорунда жок чоң маселе турат: өздөрүнүн түпкү мекенине катар жашаган өлкөсүндө расмий түрдө таанылуу.



**49-илл. Интергельпочулардын ар жекешмби күнкү кездешүүсү, 29-май 2005.**

## 4.2. Араб жазмасынан латын тамгасына өтүү

Араб жазмасынан баш тартуу жөн гана бир проблема эмес эле. Ал бири-бирине байланышы жок, өз ара бөлүнгөн түрк элдерин жана тилдерин түзүүнү көздөгөн кеңири пландын бир бөлүгү эле. Бул план СССР үчүн коркунучтуу болгон пантюркизм агымына чекит коюшу керек болчу.

Латын тамгасын киргизээрдин алдында эмне окуялар болуп өткөндүгү Заки Валидинин эскерүүлөрүндө сүрөттөлөт:

> Мен 1922-жылдын 22-июлунда жазган катымды кайра бир жылдан кийин Парижде жолуккан учурда Мустафа Чокоевдин колунан алдым. Ал катка мен ошол кезде Самаркандда болуп жаткан окуяларга токтолуп, андан сырткары Москвадан алынган маалыматтарды баяндагам.
>
> Эгерде советтер Польша менен согушта утса, анда мусулмандарга карата маданият тармагында жаңы саясат жүргүзө баштайт. Москвага казактардан Алихан Букейхан, Ахмед Байтурсун, Назир Туракулов, башкырлардан Абдулла Гисмати, Салах Азнагулов, Шариф Манатов, азербайжандардан Мухаммед-ага Шахтинский, Али-Гейдар Сайт Заде, Желал Мамедкулизаде, түркиялык коммунистер Ахмед Жавад, Назым Хикмет, татарлар Мирсаит Султангалиев, Науширван Яушев чакырылды. Алардын ар бирине өз элдеринин маданияты, коммунизмди куруунун жолдору тууралуу кеңири эмгектерди жазуу жана коммунизм тууралуу маанилүү эмгектерди түрк тилдерине которуу тапшырмалары берилди.
>
> Москвада Чыгыш университети уюштурулуп, жетекчилигине Сванидзе менен Бройдо коюлду. Бройдо азыр Сталиндин жардамчысы. Азыр сиздерге бул адамды өзүңүздүн досуңуз катары 1917-жылдын апрель-июль айларында Хивага вали (жетекчи) кылып жөнөтүп, кандай чоң ката кетиргендигиңиз түшүнүктүү болот.
>
> Дал ошол Бройдо жана профессор Поливанов орус тили боюча жашы улгайган азербейжандык адис Шахтинский жана түрк Ахмед Шавад менен бирге түрк элдерин бири-биринен бөлүп салуу, ошондой эле ар түрдүү латын жана кириллица алфавиттерин киргизүү менен бизди өзүбүздүн түпкү тамырыбыздан ажыратуу саясатын жүргүзүп жатышат.
>
> Назир Туракулов жана анын жубайы Ханифа эгерде латын алфавити киргизиле турган болсо, анда ал бардык түрк элдери

үчүн бирдей болушу керек деп сунуш кылды. Бирок Бройдо менен Поливанов ар бир эл үчүн сөздөрүнүн өзгөчөлүгүнө жараша өзүнчө адабий тил түзүлүшү керек деген саясат жүргүзүүдө.

Латын алфавитине өтүү кириллицага өтүүнүн тепкичи гана болуп калары шексиз. Дагестанда осетин жана черкес тилдерин кириллицага өткөрүү башталды. Ошондой эле алтай татарларын, финдерди, якуттарды латын алфавитине өткөрүү жөнүндө сөз жүрүүдө.

Бул пландын баарын Бройдо менен Поливанов түзгөн. «Кобланды»[194] жана башка чыгармалар азырынча латын тамгасында басылууда, анан, албетте, кириллицага өтөт. Азыр Чыгыш Университетинде окутуу үчүн Хива, Бухара, Ашхабад, Кокон, Ташкенттен жаштарды чогултуп, Москвага алып келишти. Сен Совет бийлигинин маданият багытындагы мына ушул жаңы саясаты тууралуу макала жазып, бул маселеге дүйнөлүк коомчулуктун көңүлүн бурсаң жакшы болмок эле.[195]

Ар кайсы түрк элдеринин жазма тилинин киргизилишине кайрылсак, Мустафа Чокай менен Заки Валидинин ойлору көзү ачыктык эле болуптур, Кыргызстанда араб тамгасы 1928-жылы эле латын алфавитине алмашылды. Бирок ал 12 жыл гана өмүр сүрдү, 1940-жылы азбука киргизилди. Орус азбукасына салыштырсак, кыргызчада башка дагы Ң ң, Өө, Үү [Ň ň, Ö ö, Ü ü] тамгалары бар.



**50-илл. Арба жазмасынын негизиндеги кыргыз алфавити.**

I. араб жазмасы; II. латын графикасы (1928); III. латын графикасы (1929); IV. Орус графикасынын негизиндеги кыргыз алфавити (1940).

………………………………………

[194] Кобланды баатыр – Казак элинин баатырдык эпосу.

[195] ЗАКИ ВАЛИДИ, Т. *Воспоминания*. Уфа: Китап, 1998, с. 110–111.



Пролетарии всех стран, соединяйтесь!

№ 13 (19) 17-го СЕНТЯБРЯ 1935 года

# Пост РЕВОЛЮЦИИ

Орган Политотдела Управления РК Милиции Киргизской АССР

*„Капитализм делал из газет капиталистические предприятия, орудия наживы для массы богачей, информации и ЗАБАВЫ их, орудия ОБМАНА и одурачивания для массы трудящихся. Мы начали делать из газет орудия просвещения масс и обучения их жить и строить свое хозяйство без помещиков и капиталистов".* (ЛЕНИН)

## РЕШЕНИЕ—ПРЕВРАТИТЬ В ДЕЙСТВИЕ

## ЕЩЕ О НАШЕЙ ПЕЧАТИ

## Самобахвальство или — педагогические способности?

КОРОТКО



Bytyn dyjnө proletarlarь, birikkile!

# Revolytsijanьn POSTU

Qьrqьzstan ÇD Militsijasьnьn sajasь bөlymynyn gazeti

№ 13 (19) 17 sintjabr 1935 çьl

*„Kapitalizm gazetti— kapitalisterdin iş orduna, bajlar ycyn bajuu quralьna, alardьn ojuncuquna, emgekciler kөpcylygyn aldoo çana aqmaq qьluu quralьna ajlantqan. Bizdin gazetteribiz — kөpcylykty aqartuu çana alardь turmuşqa çana өzdөrynyn carbalarьn nomeşcik menen kapitalisterdin çardamьnan tьşqarь quruuqa yjrөtyy quralь bolup olturat".* (Lenin)

## Cecin turmuşqa aşьrьlsьn

## BUL MAQTANUUCULUQQA ÇATAT

## Qarasuuluqtar--sөz sizdiki

Frunze 2-şaardьq өlymdyn ьmaratьnьn çalpь kөrynyşy

Zөekyrlyk—ata enelerdin çana carbasьlardьn kөzөmөldyk ...

**51-илл. 1935-жылкы кыргыз гезити: бир бети орус тилинде (азбука), экинчи бети кыргыз тилинде (кыргызчага ылайыкташтырылган латын графикасы).**

**Жон Али Алиевич.** Советтер Союзунда дээрлик бардык элдердин жазмасын азбукага которгондон кийин кезек дунгандарга да келди. Дунган тилиндеги газеталар жана басмаканалар жабылып, дунган тилин окутуу токтотулду. Ошол учурда Ясир Шиваза элден мурда кыргыз тилинде жазчу. Мунун баары отузунчу жылдын аягында болгон окуя. Дунгандар Кытайдан келгенде араб жазмасын тамга катары колдонушту. Бул тамга диний сабактарда да колдонулчу. Анан калктын баары латынга өтө баштады. Мурдатан эле дунган тилинде окутулган сабактын баары эми латын тамгасын колдонуу менен окутула баштады. Анан баарын жаап салышты, окутуу токтотулду. 1954-жылы гана азбука киргизилди. Албетте, мындай боштук дунган элинин маданиятына терс таасирин тийгизди. Себеби ал мезгилде дунган тилинде бир да окуу китеби чыгарылган эмес.

Кыштактардын аттары да өзгөртүлдү: 1937-жылы биздин кыштак Эмпа деп аталчу, бул дунганчадан которгондо “көчүп келгендердин лагери” дегенди билдирет. Бул мурда Кытайдагы көтөрүлүшкө катышып келгендендин убактылуу лагери эле. Кийин бул кыштакты Кара-Коңуз деп атап коюшту. Бирок дунгандар аны баары бир Эмпа деп атай беришти.

# 5. 30-жылдардагы кулакка тартуу, коллективдештирүү жана репрессиялар

Сталиндик саясаттын трагедиялуу натыйжалары коомдук турмуштун бардык жактарына тескери таасир этсе да көп кесепет баш аламан жүргөн коллективдештирүүнүн айынан айыл чарбасына тийди. Мунун негизги себеби Советтер Союзунун шарты таптакыр бирине бири окшобогон түрдүү аймактарында окшош пландар менен схемалардын колдонулушунда болду.

Сталиндик идеология кайсы гана коом болбосун, ал сөзсүз карама-каршы, душмандашкан тараптарга бөлүнөт деген негизге таянган. Сталин бул ойлорун 1906-жылдары эле пролетардык журналдарга басылып чыккан теориялык эмгектеринде жазган. (Ал эмгектеринде Карл Маркска шилтеме жасаган: «Буржуазиянын биримдиги пролетараттын биримдиги менен гана солкулдатып тербетилет»).

*Азыркы жашоо өтө таатал! Ал бүт бойдон ар түрдүү таптарга жана топторго бөлүнгөн: ири, орто жана майда буржуазия; ири, орто жана майда феодалдар; усталардын жардамчылары, кара жумушчулар жана завод – фабрикалардын квалификациялуу жумушчулары; жогорку, ортоңку жана төмөнкү деңгээлдеги диниятчылар; жогорку, ортоңку жана майда бюрократия; ар түрдүү интеллигенция жана башка ушуга окшогон топтор-биздин жашоо мына ушундай түркүн түстөгү картинадан турат!*

*Бирок жашоо алдыга жылган сайын, бул таатал жашоодогу ачык-айкын эки багыт көрүнө баштайт жана бул жашоо эки карама каршы лагерге – капиталисттердин лагерие жана пролетариаттын лагерине бөлүнөт. (…)*



*Таптык күрөш мындан да катуу тутанаарынан шек жок. Пролетариаттын милдети-өзүнүн күрөшүн системага салуу жана уюшкандыктын рухун жаратуу.*[196]

…………………………………………

[196] СТАЛИН, И. В. Классова борьба, *Ахали Дроеба* (ახალი დროება), “Жаңы убакыт”, 1906–1907-жылдары Тифлисте грузин тилинде чыккан гезит), № 1, 14-ноябрь 1906. О. э. караңыз: СТАЛИН И. В. *Сочинение в 16 томах,* Библиотека Хроноса. [онлайн] Хронос – Всемирная история в интернете 2000-2010 [цит. 2. 9. 2010] Булагы:

Сталин таптык күрөш жөнүндөгү тезисине эч калтырбай бардык жерди алып, аны ким иштетсе, ошолорго бөлүп берүү талабын кошкон (муну Ленин да колдогон).

Мындай жерди тартып алуу жөнүндөгү талап 1903-жылы өткөн коммунистик партиянын съездинде колдоого ээ болгон, ал эми 1905-жылкы съездде бул маселе боюнча большевиктер жана меньшевиктер фракциясы[197] бир бүтүмгө келишкен.

Бийликти басып алгандан кийин Совет өкмөтү капиталисттик кыштакты социалисттик кыштакка айландыруу үчүн эки ыкма колдонууну болжолдогон, бул башка бирөөлөрдүн эмгегин колдонуудан арылуу үчүн жеке ишкердикти жок кылуу керек дегенди билдирет: жалдап иштетүүгө, жерди ижарага алууга тыюу салуу, бай жер ээлөөчүлөрдүн жерин жана мал-мүлкүн тартып алуу. Бул эки ыкма колхоздор жана совхоздор сыяктуу коллективдүү чарба жүргүзүүгө негизделген жаңы экономикалык бирдиктин пайда болушуна шарт түзмөк.

Колхоздор 1917-жылдан кийин эле пайда боло баштаган, бирок НЭП программасы (НЭП-новая экономическая политика же жаңы экономикалык саясат 1921-жылы ишке киргизилип, граждандык согуш учурундагы аскер коммунизми саясатын алмаштырган) мурда токтоп калган жеке ишкердикке жол берди. 1917-жылдан кийин кооперативдер төмөнкү тармактарда иштей баштаган:

- Эмгек шаймандары кооперативдин мүчөлөрүнүн колунда болгон жерди чогулуп иштетүү кооперативдери;
- Айдоо жерлерди, жумушчу малдарды жана айыл чарба шаймандары коомдук менчикке айландырылып, жеке менчик укугу турак жайга, там арка жерлерге, бодо жана майда малга, үй канаттууларына гана жайылган.
- Жогорку деңгээлде коомдошкон коммуналарда жалпы мүлккө канаттууга чейин же бардык мал-мүлк кошулат. Пайда "бирдиктерге" жараша бөлүнөт.[198]

←………………………………………

<http://www.hrono.ru/libris/stalin/vol-1.php>, <http://stalinism.ru/Tom-I/Klassovaya-borba.html>.

[197] СТАЛИН, И. В. Аграрный вопрос. *Jelva* (Molnija/Blesk) 5, 9, 10, 17, 22, 23- март 1906-ж. [онлайн] © 2010 Сталин: время, люди, империя [цит. 2. 9. 2010] Караңыз: <http://stalinism.ru/Tom-I/Agrarnyiy-vopros.html>.

[198] АЛИЕВА, Ш. А. *Развитие колхозного права в Узбекистане*. Ташкент, 1973, с. 35.

Революциядан кийинки алгачкы жылдары көбүнчө экинчи жана үчүнчү типтеги кооперативдер иштеди. Алардын саны 18 000ге жетти, бирок НЭПтин ишке кириши менен мындай кооперативдер тарап кетти.

XX кылымдын 20-жылдарында жүргөн коллективдештирүү коммуналарды түзүү урааны астында жүрдү, аларга адегенде мамлекеттик жардам убада кылынып, анан чындап эле жардам берилди. Жарыша эле коммуналарды түзүү жана кеңейиши үчүн үгүттөө өнөктүгү жүргүзүлдү. Ошол эле учурда кыштак жеринде чогулуп жашоо кандай пайдалуу экендигине басым жасалды, ал маселен бала-чаканы багууда, жерди иштетүүдө, тамак-аш азыктарын кайра иштетип сатууда көрүнүшү керек эле. Ошо кездеги үгүттөө материалдары айтып тургандай, коммуналар бүт эмгекчи элге пайда алып келип, андан жалданма жумушчуларды колдонгондор коркушу керек болчу.[199]

| | |
|---|---|
| *Наш паровоз, вперед лети!* | *Биздин паровоз, алдыга уч.* |
| *В Коммуне остановка.* | *Токтоор жериң Коммунада.* |
| *Иного нет у нас пути,* | *Бизде башка жолубуз жок –* |
| *В руках у нас винтовка.* | *Колубузда курал барда.* |

(1920-жж. комсомолдордун ыры)

Коммуналар менен колхоздор, эң ириде мыйзамдык негизде жана күндөлүк чарба жүргүзүүнүн тартиби боюнча да айырмаланып турчу. Жалпылап айтканда, коммуналарда эмгекти бөлүштүрүү абдан катуу өнүккөн, бул маселе жеке өндүрүштө эмес, жеке үй-бүлөгө чейин тараган: тамакты чогуу даярдоо, балдарды бирге багуу ж. б. Коммуналар мүчөлөрүнүн билимине да көңүл буруп, тракторчулардын курсун ж.б.у.с.нерселерди уюштурган. Бирок мунун баары баш аламан ишке ашкан. Кээде тракторчулардын курсу бир да трактор жок туруп уюштурулган учурлар болгон.

Жыйырманчы жылдардын жарымына чейин мыйзам колхоздорго да, коммуналарга да өз ара атаандашпай жашоого мүмкүнчүлүк берген. Бирок кийинчерээк жер иштетүү мамлекеттик жерлерде же мурдагы падышалык бийликке жана байларга караштуу жерлерде түзүлгөн мамлекеттик ишканалар-совхоздор менен колхоздордун энчисине өттү.

............................................

[199] КИСЛЯНСКИЙ, С. С. Кому выгодна коммуна и кто ее боится. Москва, 1921.

Кооперативдердин ишмердүүлүгүнө байланыштуу кулакка тартуу деген түшүнүк дагы кеңири колдонула баштады. Бирок бул сөздүн артында кулактарды жоюу, үй-мүлкүн тартып алуу, көпчүлүк учурда – аларды жок кылуу түшүнүгү жатат. Бул большевиктик бийликтин алгачкы жылдары үчүн мүнөздүү көрүнүш. Деген менен кулакка тартуу айрым жерлерде 1918-жылда эле башталган. Теске салып жана күч колдонуп коллективдештирүү өтө жогорку деңгээлде 1928-жылдан баштап күчүнө кирди.

Кулакка тартуу иш жүзүндө кандай болгондугун бүгүнкү Кыргызстан менен Казакстандын аймагында болуп өткөн төмөнкү окуя даана көрсөтүп турат.

Анча-мынча жалданма жумушчуларды колдонгондордун баары кулактар деп аталган (большевиктердин көз карашында алар экплуататорлор эле). 30-жылдарда кулактардын жалчыбаган эле дүнүйөлөрү калган себеби коллективдештирүүнүн алгачкы толкуну учурунда эле алар жайнаган мал-мүлк жоготушкан. Ошол эле учурда бул аңгеме Түркистанда кулакка тартуу улутуна карап да жүргүзүлүшү ыктымал экенин көрсөтүп турат:

**Герман Янтцен.**[200] Бактысыз 1922-жылдын күзүндө Чымкентте москвалык еврей, жаш коммунист-фанатик пайда болду. Анын колунда ГПУнун тизмесине кирген Түркистандагы бардык кулактарды атып "атып" жок кылууга уруксат берген Борбордук Комитеттин буйругу бар эле. Бардык колунда бар адамдарда жумушун аткара турган бирин экин болсо да кызматчылары бар болчу. Чымкенттеги ГПУ эч ойлонбой туруп, бардык орус дыйкандарды кулак деп жазып салган. Ошол эле учурда ошондой эле чарбасы, жалданма адамдары бар өзбектер тизмеге киргизилен эмес. Москвадан келген адам кулак деп аталгандарды бир катар кылып тизүүгө буйрук берди (алардын саны 300 чамасында эле) жана аларды өз тапанчасы менен атып салды. Эч ким эч нерсе кыла алган жок. Себеби бүт гарнизонду ал өзү башкарчу.

Анан ал Олуя-Атада пайда болду. Мен шаарда жок элем, ага ГПУ мурда оокаттуу делген орус дыйкандардын жана биздин 18 адамдын тизмесин берет. Ал тизмеде мен да бар элем. Тизмеде абдан көп адам болгондуктан, ГПУ аларды жыйып келүү үчүн

[200] Герман Янтцен, 25-шилтемени караңыз (30-бет).

бардык айылдарга солдаттарды жөнөттү. Анан аларды түрмөгө камашты.

Мени жана мурда чоң дүкөнү болгон кошунам Карнелий Валлды шаарга алып келишти. Биз түрмөдө өзүбүзгө окшогон 400дөй шордуу отурганын көрдүк. Түрмө элге жык толгон. Биз, 18 менонит, бир нече лютеран жана башкалар менен чогуу – бардыгы 50 адам бир бөлмөдө жаттык. Ал жерде орустар, армяндар, грузиндер жана немецтер бар эле. Орун аз болгондуктан тыгылып жаттык. Аба да жетишпейт. Дубалда жана текчелерде бит кыжыйт. Анысы аз келгенсип, түн ичинде бурчка көчмө дааратканa коюлган, андан адам чыдагыс сасык жыт келет.

Ар күнү кечинде саат тогузда москвалык кан ичкич өзүнүн катчысы жана солдаттар менен коридордо басып, постторго солдаттарды койчу. Ал өзү камераларга кирип, атып салчу адамдарын тандап алчу. Демейде 20–25 адамды тандап алып, коридорго топтой турган. Анан аларды жакын арадагы токойго алып барып атып салышчу. Дайыма алар менен биздин түрмөчүлөр да жүрчү жана 15 мүнөткө камераларды желдеткенде бизге эмне болгондугун айтып беришчү.

Бир жолу кечинде биздин тогузунчу номердеги камеранын да кезеги келди. Кан ичкич кирип келгенде бардыгыбыз ордубуздан атып туруп, 27 жаш чамасындагы жаш адамды көрдүк. Куруна оор револьверлерден бөлөк Кавказ канжарды да асып алыптыр. Жанында чоң китепти колтугуна кысып алган улуту орус катчысы бар. Ал бизге сөгүнүп да, кыйкырып да жатты: "Кулактар, менен силерди көптөн бери издеп жүргөм, акыры таптым. Мына көрүп алгыла, бул бардыгыңарды сотсуз эле мына береки револьвер менен атып жок кылуу жөнүндө Борбордук комитеттин буйругу!" Катчысы китебин ачып, бир нече адамдын атын атады. Алар алдыга чыгып, кан ичкичтин алдына барганда ал тигилерди каргап-шилеп, аябай сөгүнүп, үчөөнө коридорго чыгууга буйрук берди. Ал дагы үч камерага кирип, дагы бир топ адамдарды бөлүп алды. Биз дарбаза ачылганын, атылган октордун үнүн уктук. Алардын эч кимиси кайтып келген жок. Бир жолу, кечки саат беште, менин эски таанышым, мээнеткеч дыйкан казак орусту алып кетишти. Кечки саат ондо ал өлтүрүлгөн эле. Эртеси эртең менен түрмө кайтаргандар жанагы казак орустун эмне болоорун билгиси келип, балдарын арабага салып алып, аялы келгендигин айтып беришти. Түрмө кайтарган солдаттар анын күйөөсү тууралуу

билбестигин, ар күнү кечинде кимдир бирөөлөрдү атып салышаарын айтышат. Казак-орустун аялы арабасына кайтып баратып, түрмөдөн күйөөсүн алып чыгып келаткандарын көрөт. Ал киши желмогузга чуркап барып, мээрмандык кылууну өтүнөт. Тиги аны кууп жибербестен, балдарыңды да алып кел деп айтат. Анан ал аялга күйөөсү үчүн жай казууга буйрук берет. Күйөөсүнүн сөөгүн аялы алып кетпеши үчүн мүрзөнүн жанына кароол коёт.

Биздин жамиятыбыз күн сайын дарбазаларга чабармандарды жөнөтүп турду. Алар тууганДарынын өлүү же тирүү экендигин билүү үчүн кароолчуларга ар кандай белектерди беришчү. Чабармандар кароолдордун жоопторун угуп алып, үйлөрүнө кайтып кетишчү, а солдаттар эмне болгонун бизге толук айтып беришер эле. Бир жолу кечинде биздин кыштактын эли чогулуп, 35 саат бою биздин эркиндикке чыгышыбызды тилеп сыйынышат жана Кудай алардын үнүн укту.

Бир аз убакыт өткөн соң байкуш дыйкандарды атууга алып чыкканда тиги желмогуз үчүн телеграмма алып, чабарман келип калды. Тиги телеграмманы ача салып алдастай түштү жана аны солдаттарга угуза окуп берди. Телеграммада анын бардык укуктары жокко чыгарылат, ал токтоосуз түрдө Москвага келиши керек деп жазылыптыр. Желмогуз баарыбызга аз убакытка Москвага барып келээрин жана келген соң түрмөдөгүлөрдүн баарын жок кылаарын айтты. Анан ал ГПУнун адамдарына бир да кулак бошотулбасын, болбосо алардын өзүн атып саларын эскертти. Ал кеткен бойдон жок болду. Биз мунун баары качан бүтөөрүн дагы бир топ күн күттүк. Акыры ГПУдагылар желмогуздун келбей тургандыгын жана тууганДарыбыз тамак-аш алып келип, бизди кун төлөп куткарып кетсе болорун билишти. Бирок, биздин айылда эч нерсе калбагандыктан, аны аткаруу татаал болду. Элде эмне болсо, анын баарын тартып алышкан эле. Кудай жалгап, башка айылдар жардамга келди: ошентип биз он сегиз адам үйгө кайтып келдик. Кээ бирөөлөр түрмөдө тогуз ай отурушту, мен өзүм жети ай отуруп чыктым. Мен үйгө келгениме карабастан, ГПУ такай артыман түшүп алды жана мени коркутуп жүрдү. Бир ирет досум, Мусулман компартиясынын төрагасы Ибрагимов мага келип, сак болуумду эскертти. Ал ГПУ мени жок кыла турган адамды тандап алганын айтты. Мен эмне кылаарымды билбей калдым. Башыма качуу керек деген бир гана ой келди. Бирок менин аялым оорукчан эле, жол да татаал

болчу. Мен Германиядагы таанышымдан чакыруу алып, колумда немис визасы турса да, Берлинге жана Виденестага чейин жетүү үчүн 9000 километр жол жүрүү керек эле да.

Бизге чет өлкөгө чыкчу паспорт керек эле, аны ГПУ гана берчү, мен ал жерде кара тизмеде болчумун. Эгер мен андай паспорт берүү өтүнүчү менен кайрылсам, мени алар жөн эле контрреволюционер катары атып салышмак. Анын үстүнө, менде андай паспорт болгон күндө да мен поездге билет ала алмак эмесмин, себеби ал кездеги мыйзам боюнча, Түркистанда билетти партиялык функционерлер уруксат берген адамдар гана сатып ала алчу.

Мен кудайга сыйындым да, чет өлкөгө чыгуу паспортун алуу үчүн ГПУга арыз берейин деп чечтим. Кечке маал шаарга келдим да дароо эле ГПУга бардым. А жерде мен таптакыр таанылбаган адамдар олтуруптур. Мени таң калтырганы төрагасы орус экен, ал ордунан элпек туруп, мени менен сылык учурашты да, эмнеге келгенимди сурады. Мен аялым экөөбүз Германияда жана Нидерландияда туугандарыбыз жана тааныштарыбыз көп, алар менен далайдан бери көрүшө элекпиз, барып келсек дедим эле деп жооп бердим. Мен ага өкмөткө тапшырчу бардык милдеттенмелерди аткаргандыгым жана эч нерсе карыз эмес экендигим жүнүндө справканы да көрсөттүм.

Төрага бардыгы жайында экенин, бирок мени анча билбей тургандыгын, ГПУдагылардын бардыгы он күнгө Ташкентке бир маанилүү чогулушка кетишкенин, ал ошондуктан алардын милдетин убактылуу гана аткарып жатканын айтты. Ошондуктан ал менин кара тизмеде бар же жок экенимди билиш үчүн жазуучуларды карап көрүшү керек эле. Ал китепти алып, фамилиялардын узун тизмесин карай баштады. Менин үрөйүм учту, ал китептин өткөн жылдын февраль айынын маалыматтары жазылган жериге жеткенде эмне болоорун сезип турдум. Бирок төрага бат эле издегенден тажап кетти да: “Акыркы барактардан деле сиздин фамилия чыкпайт” – деди. Анын жардамчысы чет өлкө паспортун толтурду, төрага кагазды мага карматты: “Сизге ак жол каалайм! Мен сизге окшош капиталист болсом, сүйүнгөн бойдон чет өлкөгө барып, ал жакта эл кандай жашаарын көрүп келмекмин”.

Эми мен кантип кете турганымды чечишим керек эле, себеби поездге билеттер партиянын макулдугу жок сатылчу эмес. Ошону ойлоп алып көчөдө келе жатсам, капысынан жеңимден

менин эски темир жолчу таанышым тартып калды. Ал менден уулуңдун сени Германияга кеткиси келип жатат деп айтканы чынбы деп сурады. Мен туура деп жооп бердим. Ал өзү Москвалык экенин, ал жердеги токсонго чыккан энесине баргысы келгенин айтты. Алар бул жердеги мал-мүлкүн сатып, Москвага көчүп кетүүнү чечишкен экен. Москвада болсо ачарчылык өкүм сүрүп тургандыктан, алар бир далай тамак аш сатып алышыптыр. Ага темир жолчу катары бүтүн бойдон бир вагон берилип, бирок алган тамак – ашы анын теңи гана болуптур, ошого калган жарымын сен албайсыңбы деп сунуш кылды.

Үйгө кайтып келсем, элдин баары таң калганын жашырышкан жок. Акырындап биз тамак – аш жана эки уй сатып алдык. Алардын баарын кичине-кичинеден вокзалга жеткирип, темир жолчу досумдун көз салуусу астында вагонго жыйып койдук. Үйүмө айрым диниятчылар келип, мени ишенимиң тайыз экен деп күнөөлөштү. Алар большевиктердин бийлиги көпкө кармалбайт деп да айтышты.

Бир жуманын ичинде баары даяр болду жана 1923-жылдын 28-мартында биз Орловкодон жөнөп кеттик. Биздин кожоюн вагонду жашоого абдан ылайыктуу кылды: анын бир жагына уйлар байланып, алардын үстүнө тооктор салынган капастар жайгашты. Андан аркы азыраак жерди чакан меш ээледи, анда биз тамак жасаганга мүмкүндүк болду. Калган боштук ак бөз менен экиге бөлүндү. Ар тарапта жатканга сөөрү болуп, анын астында биздин буюм-тайымдар салынган каптар, кутулар тизилип турду. Кожоюн ар бир станцияга жеткенде кийинкисине уйлар үчүн жем жана суу камдап коюларын өтүнүп, телеграмма жөнөтүп турду. Биз 18 күндөн кийин Москвага жеттик, андан ыры немис консулунун жардамы менен адегенде Петроградга, ары карай кеме менен Шецинге жеттик.[201]

Кооперативдердин жаңы толкуну ВКП(б)нын 1927-жылы декабрда болгон XV съезддинен кийин башталды. Съезд коллективдештирүүнү айыл-кыштактарды социалисттик кайра куруунун негизи максаты деп жарыялап, өндүрүштүк

[201] Шецин – Польшанын түндүк батышындагы шаар. 1945-жылга чейин Германияга караган.

коопертивдерди түзүүнү тездетүү жөнүндө талап койду. Айыл-кыштактарда жүргүзүлүп жаткан иштер боюнча жарыш сөзгө чыккан бардык делегаттар коллективдештирүүнү кылдат жана акырындап жүргүзүү керек экенине көңүл бурушту. Молотов өз сөзүндө: "Жеке чарбачылыктан коллективдүү чарба жүргүзүүгө өтүүгө узак жылдар керек… НЭПтин жети жылдык тажрыйбасы Ленин 1919-жылы айткан: дыйкандарга карата бир да партиялык органдар же совет бийлиги тарабынан эч кандай ойлонулбаган кадамдар, эч кандай шашылыш акциялар жасалбасын деген сөздүн маанисин түшүнгөнгө жетерлик үйрөткөнүн мойнубузга алышыбыз керек," – деп белгилейт.

СССРде жыйырманчы жылдары кооперативдик кыймыл өтө жай өнүгөт: 1927-жылы Советтер Союзунда бардык типтеги 17 267 колхозго 400 миң айыл чарба кооперативи мүчө болчу. Бул кооперативдердин жалпы санынын 1,5 процентин гана түзгөн.[202]


Сталин 1928-жылы жеке менчик чарба дагы узак мезгил айыл чарбасынын негизи болот деп ишендирген. 1928-жылы колхоздорго бардык дыйкан чарбалардын 2% жакыны, бардык айдоо жерлердин 2% жана дан өсүмдүктөрү себилчү аянттардын 2,1% кирген. Бирок Сталиндин көз карашы бир жыл ичинде катуу өзгөрөт жана ал коллективдештирүүнү ылдам темпте жүргүзүлсүн деп чечет. Көп убакыт өтпөй коллективдештирүүнү тез жүргүзүүнүн кесепеттери айкын болду: сталиндик биринчи беш жылдыкта[203] жалпы Советтер Союзунун аймагында айыл чарба өндүрүшү кыскарды.

1928–1929-жылдары адегенде массалык коллективизация майда жана жерсиз дыйкан чарбаларын камтыды. Үгүт-насаат иштерин жүргүзүү үчүн шаарлардан айыл – кыштактарга 25 000 пропагандист жана коммунист жөнөтүлдү. Алар элге коллективдүү чарба жүргүзүүнүн артыкчылыгын түшүндүрүштү. Кыштак элинин турмушун жана жерди иштетүүнү билбеген шаардыктардын ата-бабалары муундан муунга өмүрү жерге байланган тажрыйбалуу дыйкандарга кантип чарба жүргүзгөндү үйрөткөнүнүн өзү парадокс эле.

……………………………………………

[202] ДАНИЛОВ, В. *Трагедия советской деревни. Коллективизация и раскулачивание 1927–1939.* Том I. Москва: Российская политическая энциклопедия (РОССПЭН), 1999– 2006, с. 53.

[203] 1928-жылдын 1-октябрынан 1933-жылдын 1-октябрына чейин мерчемделген план ырасмий түрдө бир жыл эрте аткарылган.




Итоги второй пятилетки. Рост промышленности СССР в сравнении с капиталистическим миром (1929 год—100%).

**2-график. СССРдин өнөр жай өндүрүшүнүн темпин капиталисттик дүйнө менен салыштырганда, 30-жж.**

Фактыларга таянган аргументтер жок болгондуктан бардык үгүттөө иштери жөнөкөй ураанга такалган: “Ким колхозго киргиси келбесе, ал совет бийлигинин душманы.” Мындан жеке эле коллективдештирүүнүн каршыларын эмес, анын артыкчылыгына көп ишенбей, анысын ачык айткандарды да массалык куугунтукка алууга чейин бир эле кадам калган. Андан кийин “күмөн санагандар менен илең-салаң болуп тургандарга” каршы коркутуу жана күчкө салуу, кулакка тартуу, мал-мүлкүнү күчкө салып тартып алып, өздөрүн сүргүнө айдоо усулу кеңири колдонула баштады.

Бирок колхозго киргендер деле бүт балаадан кутула алган эмес. Ысык-Көлдүн түштүк жээгинде жайгашкан Тамга кыштагында болгон окуя – отузунчу жылдары колхозчу атасы “бай” болгондугу үчүн эле түрмөгө түшүүсү мүмкүн экенин төмөнкү аңгемеде баяндалат. Султан Сулаймановдун атасы сыяктуулар отузунчу жылдардын экинчи жарымында жүргүзүлгөн саясий репрессиялардын экинчи толкунуна байланыштуу түрмөгө камалышы ыктымал болчу.

**Султан Сулейманов**. 1930-жылы Тамгада колхоз түзүлгөндө Султандын атасы ага мүчө болуп кирет. Адегенде үч колхоз болуп, анан баары бир чарбага биригет. Султандын атасын 1933-жылы сотсуз эле бир жыл бою Каракол түрмөсүндө кармашат. Себеби ал бир ую бар “бай” эле. Султандын апасын балдары (Султан жана эжеси) менен кошо өз үйлөрүнөн айдап чыгышат. Кийин алардын үйү турган жерге почтакана курулат. Апасы эки баласы менен туугандарыныкында, тааныш-билиштериникинде жашап жүрөт. Ошол эле жылы орустар Тамгада санаторий кура башташат. Атасы абактан чыгып келгенде аны кайра колхозго киргенге чакырышат. Ал аябай ыза болгондуктан, экинчи эч кандай колхозго кирбесин айтып, санаторияга ишке орношот. Атасы колхоздо иштебей калгандыктан, 1930-жылдардагы репрессия анын үй-бүлөсүн кыйгап кетет. Бирок бай татарлардын айрымдары Ташкентке, башкарлары Кытайга качууга мажбур болгон. Ошого Тамгада жарды татарлар гана калат.

1940-жылы Султандын атасы бир үйдүн бир бөлмөсүн сатып алып, алты баласы менен ушул бөлмөдө согуштун аягына чейин жашашат. Анын жетинчи баласы 1947-жылы туулат. Бир туугандардын эң улуусу (1931-ж. туулган), анан Султан (1933-ж.), а калгандары 1938, 1942, 1944 жана 1947-жылы төрөлөт.

Согуш кезде санаторияга аскердик госпиталь жайгашат. Султандын атасын жашоодон кыйналбады десе болот, себеби ал күнүнө карточка менен чоңдор үчүн 400 грамм нан, балдары үчүн 200 грамм нан алган же күнүнө анын үй-бүлөсү 2 кг нан алган.



**Алым Токтомушев.**[204] Бизге атамдын өлгөнү тууралуу кагаз 1957-жылы келди. Ал кезде Жумгал районундагы Ленин колхозунда жашачубуз. Атам курган кичинекей колхоз “Кызыл Кыргызстан” деп аталчу. Кара-Кечеден туугандарды көчүрүп келип, биздин айылды биринчи колхоз кылып уюштурушуптур. Кийин төрт майда

[204] 65 жашта, журналист, акын.

колхозду бириктирип, Ленин колхозу кылып коюшту. Ошол келген каттан атам 1937-жылы 9-сентябрда атылганын билдик. Мен 1947-жылы 1-сентябрда төрөлгөм: атам атылган күндөн сегиз күн мурда. Ошентип атамдын атылганы тууралуу кабар он жылдан кийин күздө келди. Менимче, сентябрь айы болчу. Колхоз атамды эскерип биздин үйгө кадимкидей боз үй тигилип аш берди, адамдар өкүрүп келип жатышты, мен да өкүрүп тургам, аялдар кошок кошушту. Кохозго атамдын атын берүү тууралуу сунуш да киргизилди. Бирок колхоз Ленин атында болгондуктан, аны өзгөртүү мүмкүн эмес эле. Ошондон кийин колхоздун башкы чоң көчөсүнө атамдын атын беришти: Токтомуш Дабатов атындагы көчө азыр да бар.

Коллективдештирүү башталар алдында биздин үйүбүз айылдык советтин бет маңдайында болгонун апам айтып берген. Менин агаларым көчөгө ойногону чыгышса, көрүнгөндүн баары «контрреволюционердин баласы» дешип, чаап өтөт, мазакташат. Ошон үчүн алар көчөгө чыкпай, ойноп жаткан балдарды дарбазанын жылчыктарынан шыкаалап көрүп турушчу экен.

Апам айткан: атамдын жалы узун кара келишимдүү жоргосу жана Доске деген тайганы болуптур. Атам камалар менен Доске жоголуп кетет, жоргону колхоздун башкармасы Шакан тартып алат. Ал атты айылдык советтин жанына байлап койгондо, жаныбар биздин дарбаза жакты карап кишенеп, туягы менен жер чапчып турчу дешет. Агаларым жана апам атты дарбазанын жылчыгынан карашып, жоргону аяп ыйлашчу экен. Апам: «Ат да адам сыңары. Ошого боорубуз ооруп жатты. Анын кыйналып жатканын көрүп, андай азаптан көрө тез, кыйналбай өлүп калышын тиледик,»-деп айткан. Аттын жалы түшүп, суюла баштайт. Жакында өлөрү айкын болот. Анан атты союп, этин колхозчуларга тамакка беришет. Ат колхоздун гаражында союлганын уккан апам башкармага барып, жалынын бир эшимин алып сактап коеоюн дейт. Башкарма ат минип турган экен, апамды чачынан алып, сүйрөй баштайт. Апам жыгылып, башы жарылат. Ошентип үйгө куру кол кайттык деп айтып калар эле апам.

Шакан кийин карып калды. Апам аябай тың болчу. Бир ирет апам мени атка учкаштырып кетип баратса, Шакан дарбазасынын астында отурган экен. Ал сурап калды:

— Кандай Батыш апа?

Апам жооп бергендин ордуна аны демитип калар эле:

— Ии, күнөстөп отурасыңбы? Сени да баягыда мени чачымдан сүйрөгөнүңдөй атка сүйрөтөйүнбү?!

Шакан алдастап:

— Батыш апа, кой, анын баарын унутуп койчу. Биз бала экенбиз, акылсыз экенмин. Мен чыныгы коммунист «эл душманынын» аялына ушундай мамиле жасаш керек деп ойлочумун, – деп калчу актанып.

**“Эл душманынын” образын түзүү советтик коллективдештирүүнүн негизги түркүгү.** 1929-жылдын декабрында Сталин кулактарды тап катары жоюу жөнүндө ураан таштап, кулактарды жок кылуу кооперативдерди түзүүнүн жана жалпы коллективдештирүүнүн ажырагыс бөлүгү болуусу керек экендигин баса белгиледи.

Совет бийлиги 1929-жылга чейин кулактарды чектөө жана сүрүп чыгаруу саясатын жүргүзөт. Аларга ири өлчөмдө салык салынып, данды мамлекеттик “бекем” баада сатуу талап кылынат, кулак чарбалар пайдаланган жер аянттары белгилүү өлчөмгө чейин айзайтылып, кулактардын чарбалары кысылып кичирейтилет, жерди ижарага алуусу жана жалданма эмгекти пайдалануусу чектелет. Бирок бул саясат кулактардын чарбасынын негизин жок кыла албады.

Кулактардын мал-мүлкү мурда капиталисттердин өндүрүшү тартылып алынгандай экспроприацияланды, бирок кулактардын өндүрүштүк каражаттары мамлекеттин эмес, колхоздордун колуна тийди. Бул өтө чоң революциялык төңкөрүш эле. Бул революциянын өзгөчөлүгү: ал жогору жактан мамлекеттин бийликтин демилгеси менен жана төмөн жактан кулактардын ээзүүсүнө каршы чыгып, эркин колхоз жашоосу үчүн күрөшкөн миллиондогон дыйкандардын колдоосу аркылуу жасалды.[205]

Советтик Союзунун бүт аймагында жүргүзүлгөн коллективдештирүү өзүнө ажырагыс эки жараянды камтыган:

............................................

[205] *История СССР*. Часть третья. Учебник для 10 класса средней школы. Москва: Учпедгиз, 1952.

колхоздорду түзүү жана ири жер ээлерин жок кылуу. Жер ээлөөчүлөр мал-мүлкүнүн өлчөмүнө жараша үч категорияга бөлүнгөн. Орус терминологиясы боюнча алар: кедейлер, орто байлар жана эң байлар – кулактар.

1917-жылга чейин Россияда жердин көпчүлүк бөлүгү помещиктерге (айыл чарба жерлеринин 41,7%) тиешелүү болгон, бирок ал жерлерде бардык буудайдын 12% өндүрүлгөн; кулактардын чарбаларында жерлердин 21,8% иштетилип, дандын 38% өндүрүлгөн; кедейлер менен орто чарбалардын ээлигиндеги 36,5% жерге жалпы киршенин 50% туура келген (1913-жылдын статистикалык маалыматы).[206]

**7-таблица. Россиядагы түрдүү чарбалар: кирешеси жана иштеткен жери боюнча (1913).**

| | Жер аянты-бардыгы | Кирешесинин үлүшү | Орточо эффектив-дүүгү |
|---|---|---|---|
| помещиктердин чарбалары | 42% | 12% | 29% |
| кулактардын чарбалары | 22% | 38% | 174% |
| орто дыйкандардын жана кедейлердин чарбалары | 37% | 50% | 137% |
| **Бардыгы** | **100%** | **100%** | **100%** |

Бул таблицадан помещиктик чарбалардын эффективдүүлүгү төмөн болуп, аларга салыштырмалуу кулактардын чарбаларында эффективдүүлүк өтө жогору экени даана көрүнүп турат. Ошондуктан «Мындай кулак чарбаларын жоюу керек беле?» деген суроо туулат.

Кулак чарбаларын жок кылуу үчүн кулакка тартуу деген атайын термин киргизилген. Бул бир жагынан кулактардын каршылыгын жок кылууга багытталса, экинчи жактан кулактардын мал-мүлкү жаңы түзүлчү колхоздор менен кооперативдерге материалдык база катары кызмат кылыш керек эле.[207] Советтер Союзун территориясында кулакка тартылган чарбалардын саны болжол менен жалпы чарбалардын 10–15% жакын болгон.[208]

Кулактарды жок кылуу учурунда кулактардын чарбалары үч категорияга бөлүндү:

[206] КАМЕНЩИК, А. Цифры – хорошая вещь. *Газета Дуэль*. № 13 (301), 1. 4. 2003.

[207] KOKAISL, Petr, PARGAČ, Jan a kol. *Lidé z hor a lidé z pouští: Tádžikistán a Turkmenistán. Střípky kulturních proměn Střední Asie.* 1. vyd. Praha: Filozofická fakulta Univerzity Karlovy, 2007.

[208] ИВАНИЦКИЙ, Н. А. *Судьба раскулаченных в СССР.* Москва, 2003, с. 14.

1. Контрреволюциялык көтөрүлүштөрдүн катышуучулары жана террордук акциялардын уюштуруучулары. Бул квалификацияга кирген адамдар коомдон бөлүнүп, зарыл учурда атылууга тийиш эле. Алардын үй-бүлөлөрүнүн мүчөлөрү борбордон алыскы райондорго жөнөтүлүш керек болчу.
2. Эң бай кулактар үй-бүлөсү менен чогуу алыскы региондорго жөнөтүлүүгө тийиш болгон.
3. Чоң эмес чарбалардын ээлерине мурда жашаган районунда калууга уруксат берилген, бирок алар коллективдештирүүгө туура келген кыштактардан чыгып кетиши керек эле.

**Сапарбек Тынаев.**[209] Чоң атам миңден ашуун жылкысы, бир нече миң кой-эчкиси, ондогон төөлөрү, жүздөгөн уйлары жана топоздору бар бай адам болгон. Кохоз түзүлө баштаган кезде малынын көбүн «өз ыктыяры» менен коомдук пайдаланууга берүүгө туура келет. Совет заманында Тоң районундагы Чоңгочар айылында Ленин атындагы колхоз түзүлөт. Бул колхоз түзүлгөндө анын бардык малын, жылкылары менен төөлөрүн менин чоң атам берген. Чоң атам жагдайды жакшы түшүнүп, малын мамлекетке өз ыкласы менен бергенин дагы бир жолу белгилеп айтам. 1930-жылдардын башында Шамей деген неменин чагымынын негизинде чоң атамды кулакка тартканы келишкенде анын колунда ондон ашык топозу бар экен.

Чоң атамды жана чоң энемди, алардын туугандарын жана ондогон кулактарды Рыбачьеден (азыр Балыкчи шаары, Кыргызстан) поездге салып, Украинанын Херсон областына алып кетишет. Жолдо баратып, эми балдарымды такыр көрбөйт экенмин деп каңырыгы түртөп жатып, чоң атам Херсон жерине жетпей көз жумат. Чоң атамды көмүү үчүн жолдо поезд эки саатка токтогонун энем айтып берген. Ал бирок чоң атам көмүлгөн жерди эстебей калыптыр.

[209] Сапарбек Тынаев эки жолу Кыргызстандын айыл чарба министри, узак жылдар министрдин биринчи орун басары болгон. Ага чейин бир нече районду жетектеген. 27 жашында партиянын райондук комитетинин 1-катчысы (секретары) болуп дайындалат. Совет заманы үчүн мындай куракта 1-катчы болуу өтө сейрек көрүнүш саналат. 65 жашта.

Жергиликтүү жетекчилер Кыргызстандан келген кулактарды темир жол вокзыланын күтүп алат. Менин түшүнүгүмдө, ал кезде Украинада катуу ачарчылык болуп, өтө көп адам өлөт. Бул жана кулакка тартуулардын натыйжасында чарбалар жумушчу күчү жетпей, кыйын абалга кабылат.

Сүргүнгө айдалгандар үчүн үйлөр даяр болот, аларга жумуш жана нан берилет: ар күнү эки бөлкө нан жана кант алышат. Чоң энем айтканга караганда, аларды Кыргызстандагыдай эч ким кулак деп шылдыңдабаптыр.

Сайкал чоң энем пенсия курагында да демдүү-күчтүү, жаны тынбаган адам эле. Сүргүндө он жыл жүргөндөн кийин Украинадан качып үйгө келет. Аларды Украинага алып кетип жатканда чоң энем бешмантынын этек жагына алтын тыйындарды тигип алат. Ошого акчадан кыйналышпайт. Кыргызстанга келатканда чоң энем жана жанындагы эки аял адегенде поезд менен Ташкентке жетишет. Ошо тушта согуш башталып калат. Андан улам алар Пишпекке (Бишкек) кыйналып жатып жетишет.

Эжелеримдин бири Бүбү Украинадан согуш бүткөн соң 1945 же 1946-жылы келди. Ал Украинада немистер орустарды гана тоноп, кыргызгарга тийбеди деп айтып берди. Немистер Чалбасы кыштагына киргенден кийин тоокторду, чочколорду алып кете баштаганда адамдар: «Киргиз! Киргиз!» деп айтса, аларга тийбептир.

Канышай эжем да Украинадан согуш бүткөндөн кийин келди. Сайкал чоң энем жүзгө кирип өлдү. Уулдарынын бири 97 жашка чейин жашады. Анын кызы али тирүү, 99 жашта. Менин атам гана ооруп, эрте көз жумду.

Чоң атамды жана үй-бүлөсүн чагым жазып, Украинага айдатып жиберген Шамей чоң атамдын балдарын да кулакка тарттырууга аракет кылат. Тынай чоң атамдын алты баласы болот: улуусу кыз, анан Абдукерим, Мамбет, Илиас, Махмуд…

Бир туугандын бирөөсүнөн башкасы куугунтуктоодон коркуп, үйлөрүн таштап, Ысык-Көлдүн чыгышындагы Түп районуна көчүп кетишет. Бирөөсү Казакстандын Кеген деген жерине из жашырып кетип, кийин ал жакта колхоздун башкармасы болот. Менин атам Мамбет Жети-Өгүздө Оргочор токоюнда жашынып жүрөт. 1931-жылы Оргочор совхозу түзүлгөндө чабан болуп жумушка орношот. Кийинчерээк зоотехникалык техникумду бүтүп, ошол эле совхоздо он жыл зоотехник болуп иштейт.

Улуу Ата Мекендик согуш маалында, 1942-жылы атам зоотехник болуп иштегендиктен, ага адис катары брон берилип, согушка барган эмес. Апам ошол эле совхоздо чабан болуп эмгектенет. Апам 1950-жылдары Кыргыз ССР Жогорку Советине эки жолу депутат болгон. Кийинчерээк атам зоотехниктин ишин таштап, кайра чабандык кылат. Ал Оргочордо кыргыз уяң жүндүү коюн чыгарууга катышкан. Ага өлгөндөн кийин СССРдин Мамлекеттик сыйлыгы ыйгарылды. Анын улуу уулу Жамаке СССР кезде Социалисттик эмгектин баатыры наамын алды. Жергиликтүү мектепке менин атамдын ысмы коюлган.

Атам дайыма өкүнүп айтып калчу: «Бизди кулаксыңар, байсыңар деп айтышат. Бирок биз баарына өз мээнетибиз менен, күнү-түнү тынбай эмгектенип жеттик. Малың он миңден көп болсо, күндүз да, түндө да, жамгырда да, карда да иштейсиң.

Жумушчулар тер агызып иштөөнү каалашчу эмес, алар малдын камын көрүшчү эмес жана малды калтырып коюп, басып кетип калышчу. Мен агаларым менен дайыма жумушчуларды артынан текшерчүбүз. Бизде короо-короо коюбуз болгону менен биз эч качан чардап жашабадык. Ырас, дайыма кардыбыз ток, кийимибиз бүтүн жашадык. Оргочордо чабан болуп иштеп жүргөнүмдө ишимдин үзүрүн көрдүк. Азыр жашоо жеңил болуп калды. Аны совет бийлиги келгенге чейинки жашоо менен салыштырып болбойт.»

Атам айткандай, алардын жашоосу согуштан кийин, тагыраак айтканда, Сталин өлгөн соң, аларды эч ким кулак деп бассмырлабай жана шылдыңдабай калгандан кийин оңолот.

1930-жылдары жана согуш кезде атамды эл душманынын баласысың дешип, оторду бир нече жолу алып коюшат. Атам жана апам оор жашоодо майтарылбай жашап, турмуш менен күрөшүп үйрөнүшкөн. Кийин жанагы чабандардын малы өлө баштаганда жетекчилер малды сактоо үчүн атамды кайра чакырышкан.

Сапарбек Тынаевдин аялы да Тоң районунан. Анын чоң атасынын иниси да кулак деп айыпталып, Украинага сүргүнгө айдалган. Бирок чоң атасы ортого тааныш салып жатып, поезд Рыбачьеден жөнөр кетер алдында инисин куткарып калган.

**Халык Халмуратов.** Халык Халмуратовдун тагдыры тууралуу небереси Бүбүсара Калыкова айтып берди.

Халмуратов деген фамилиянын өзүнөн чиновниктердин өкүмзордугун көрүүгө болорун сөз башында эскерте кетүү керек. Кыргыз тилинде Х тамгасы жок, ал чет тилдерден кирген гана сөздөрдө пайдаланылат. Совет өкмөтү жылдары көптөгөн кыргыздардын фамилиялары орус чиновник уккандай жазыла баштайт. Ошон үчүн азыр кыргыздарда Халмуратов (Калмуртов дегендин ордуна), Халилов (Калиловдун ордуна), Усманов (Осмонов же Ысмановдун ордуна), Усманалиева (Осмоналиеванын ордуна), Ахмедов (Акматовдун ордуна), Халык (Калыктын ордуна) ж.б.у.с. фамилиялар жана аттар бар. Мына ошон үчүн Халмуратов Халыктын небересинин аты кыргызча нукка Калыкова деп өзгөртүлгөн.

Халмуратов Халык азыркы Баткен облусунун Сумбула кыштагында туулуп өскөн. Чоң атам кыштактагы эң бай адам болот. Ошон үчүн коллективизация башталып, «бай» дегендердин мал-жандыгы конфискация болуп, тартылып ала баштаганда Халык чоң атам совет бийлигине каршылык көрсөтөт. Ал совет бийлигин сындайт жана колундагы малын түгөлү менен колхозго бергиси келбейт. Буга наразы болгон жергиликтүү бийликтер чоң атамдын малын, жерин, кампадагы буудайын жана мүлкүн тартып алат. Өзүн райондун борборунда абакта кармап, кийин Ошко түрмөгө айдашат. Ошондо чоң атам 50 жашка чыгайын деп калган экен.

Аялы Канымай ошол эле 1930-жылы өлөт. Артындагы 9 жашар кенже уулу Тойчуну тун уулу Мар (1903-жылы туулган) багып алат. Түрмөдө катаал шарттан улам Халык чоң атамдын ден соолугу начарлап кетет да үчпү же төрт жылдан кийин абакта жатып өлөт.

Мар ошол боюнча атасын көрбөйт. Атасын көргөнү Ошко түрмөгө барса, атаң бир нече күн мурда өлдү, сөөгү Сулайман тоонун бооруна коюлган деп айтышат. Ата Мекендик согуш башталган кезде Мар райондо жалгыз комбайнчы болгондуктан, фронтко алынбайт.

Атам «эл душманы» деп камакка алынган учурда кичүү уулу Тойчу он жашта болот. «Эл душмандарынын» балдарынын мектепте окуусуна уруксат жок болгондуктан, Тойчу кат жазып, китеп окуганды аракет кылып жатып, өз алдынча үйрөнүп алат. Ал 1940-жылы армияга чакырылып, 1943-жылга чейин кызмат кылат. Согушта бутунан жарадар болуп, госпиталда дарыланган соң үйгө жиберилет. Халык Сталинграддын жанында маршал Паулюстун армиясына каршы согушкан. Өмүр бою анысын

айтып, сыймыктанып жүрдү. Кийинчерээк атасы акталгандан кийин Халык өз жериндеги колхоздо бригадир, анан сельсоветтин (айылдык советтин) секретары болуп иштеди.

Кызынын айтымында, Халык Халмуратов типтүү айыл активдеринен, тагыраак айтканда, совет доорунун нукура интеллигенти болгон. Ал үзбөй райондук, облустук жана республикалык гезиттерге жана кыргыз тилиндеги журналдарга жазылган. Андан тышкары жалпы союздук «Огонёк», «Вокруг света», «Наука и жизнь», «Здоровье», «Работница», «Крестьянка» журналдарын; өзбек тилинде чыкчу «Саодат» (аялдар журналы, Москвада чыкчу «Работница» журналынын республикалык варианты), «Фан ва турмуш» (Илим жана турмуш) жана ай сайын чыкчу коомдук-адабий «Юлдуз» (Жылдыз) журналдарын үйүнө алып турган.

Тойчу Калыков Сталинди аябай сүйүп урматтаган. Бирок атасы эл душманы болгону үчүн жакшы билим ала албай калганына өмүр бою өкүнүп жүргөн.

Эки сыйыры же эки аты же башкаларга караганда жакшы үйү бар дыйкан да кулактардын тизмесине кирип калышы мүмкүн болгон. Дыйканды кайсы категорияга кошуу партиялык аппаратын эркине жана каалоосуна багыңкы болгон. Ал кездеги тартипке ылайык, айылдык советтин, партиялык уюмдун жана милициянын өкүлдөрүнөн турган тройка (үчилтик) жаранды кулак деп аныктап, тизмеге кошкон. Борбордон жалпы көргөзмө (жобо) келип турган, аны ушул үчилтик өз түшүнүгүнө жараша чечмелеп колдонгон. Кулак чарбасы төмөндөгүндөй негизги сыпаттар менен аныкталган:

- Кол өнөрчүлүктө же айыл чарба жумуштарында жалданма эмгекти такай пайдалануу.
- Тегирмен, мөмө жемиштерди кургатуучу, жер айдоочу ж.б.у.с. шаймандарга ээ болуу.
- Шайман-жабдууларды же турак үйдү ижарага берүү.
- Айыл чарба мшинелерин такай ижарага берүү.
- Айдоо же жайыт жерлерин кардарга ыңгайсыз шартта берүү.
- Үй-бүлөдө жумушка жарамдуу эркектери бар туруп жерин ижарага берүү.
- Чарбаны (бактарды, бакчаларды, жүзүмзарларды, көлмөлөрдү ж.у.с.) соода жана өнөр жай өндүрүшү үчүн ижарага алуу.

- Базар үчүн товар өндүргөн чарбалар же анын мүчөлөрүндө башка да киреше булагы болсо (мисалы, дин кызматкерлери).

Мүлк-дүйнөнү тартып алууга катар кулактарды жана алардын үй-бүлөлөрүн атайын чегерилген аймактарга айдоо «кулакка тартуунун» ажырагыс бөлүгү болгон. Көчүрүп жиберүү (сүргүнгө айдоо) же, тагыраак айтканда, мажбур миграция –депортация саясаты СССРде 20-жылдардын (анын башаты падышалык бийлик кезде негизделген) башында кеңири колдонула баштап, 30-жылдары чоң масштабда жүргүзүлөт. Сүргүнгө айдоого негиз катары «мамлекеттик кызыкчылык» жана жумушчу классынын кызыкчылыгы» деген фраза туу болуп берген.[210]



**Султангазиева Мария.**[211] 1931–1932-жылдары чоң атамды бай деп күнөөлөшүп, Украинага сүргүнгө айдашты. Аны менен кошо төрт уулун аялдары менен кошо айдашты. Чоң атам болуш[212] болгон. Чоң атам Сулайман картайгандыктан өзүнүн ордуна менин атамды болуш кылгысы келет. Ошон үчүн келиндери Сулайман чоң атамды “Кара жолтой аке” деп тергешчү. Чоң атам биз эми жат жерден кайра келбей калабыз жана биздин тукумубуз уланбайт деп зарлайт. Ошон үчүн менин атамды Казакстанга качырышат, себеби чоң энем казак эле. Анын төркүндөрү Курдай районундагы Чарбакты деген айылдан болушкан. Чоң энем Ногойбай деген атактуу бийдин кызы. Ногойбай таятабызга былтыр күмбөз тургузушту. Ошентип атам Казакстанга качып кетти. Атам мени кантип алдына өңөрүп баратканы азыр да эсимде. Апам атама учкашып алган. Агаларым Кадыр менен Садыр аттын куйругун кармап алып, артыбыздан калбай таскактап жүрүштү. Таякелерибиз бизди абдан жакшы тосуп алышты. Бизге бир үйдү бошотуп беришти.

…………………………………………

[210] ЗЕМСКОВ, В. Н. *Спецпоселенцы в СССР*. 1930–1960. Москва: 2003.

[211] 85 жашта. Чүйдүн Ысык-Ата районундагы Сын-Таш айылында туулган.

[212] Болуш (волость) – падышалык Россияда жана совет өкмөтүнүн алгачкы жылдарында административдик бирдик(район).


**Сулайман Корчу уулу.** Украина, 1930-жылдар.

Биз Казакстанда сегиз жыл жашадык. Кайра барсак түрмөгө отургузуп салат деп коркуп, сегиз жыл бою бир да жолу Кыргызстанга келген жокпуз. Качан гана бизге эми эч ким эч нерсе кылбайт деп ишенгенден кийин келдик. Анда мен үчүнчү классты бүткөм. Агаларым төртүнчү классты бүтүшкөн болчу. Биз казак тилинде гана сүйлөчүбүз. Кайтып келгенден кийин Карагай-Булакта (азыркы Ысык-Ата районундагы айыл) жашадык. Бизди ГУЛАГдын [220] балдары дешип, Карагай-Булактын мектебинде окутпай кууп чыгышты. Башка балдар да бир нерсе талашка кеткенде же чырлаша кеткенде бизди ГУЛАГдын балдары деп шылдыңдашар эле. Мындай тынчы жок жашоодон тажап, Сын-Ташка аргасыздан кеттим. Сын-Ташта туугандарабыз көп эле. Алардын баары мени кыз кылып алгылары келди. Мен ар кайсы туугандарымдын үйүндө жашап жүрүп, коңшулаш Киров кыштагындагы мектептен 10-классты бүттүм. Агаларымды мектепте окутпай коюшкандыктан, ошол бойдон алар окубай калышты. Күйөөмдүн улуу агасы Абдрахман Украинадан Кубат Карабеков (баскетболчу, кийин Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген машыктыруучусу) менен чогуу келишти. Асанкан Жумакматов (болочокто СССРдин эл артиси) болсо агасы Муратхан менен бирге кайтып келишти. Үч агамдын аялдары балдары менен бирге андан бир жылдан кийин келишти. Ал кезде Абдрахман менен Кубат Украинада 10-классты бүтүшкөн экен. Абдрахман мектептин директору болду. Мен жакшы адамга күйөөгө чыктым. Экөөбүз өмүр бою чогуу жашадык. Сегиз балабыз бар. Баары жогорку билимдүү. Бирөөсү илимий даражалуу да болду, профессор. Эл душманын баласы деп өгөйлөнүп жүрүп, бир да агам мектепти бүтпөй калды.

НКВДнын мурдакы кызматкеринен 50 жылдан кийин алынган мына бул документ коллективдештирүү жараянанын терс табиятын жана мыйзамсыздыгын даана көрсөткөн бир мисал. Райондук советтер борбордон баланча душманды табуу (окуңуз: ойдон чыгарып), алардын баланчасын атуу же узак мөөнөткө эркинен ажыратуу боюнча тапшырма жазылган телеграмма алып турган.

*Тарыхта биринчи жолу эл чарбасын пландоо СССРде пайда болгон.*
Малая советская энциклопедия, 1930

**И. Серков.** Ал жылдарды туура түшүнүү үчүн арихивден биз ал кезде алган мына буга окшогон телеграммаларды карап көрсөк артыкбаш болбойт:[213]

**Правительственная, в три адреса**[214]
**Секретарю ЦК-такому-то...**[215]
**Предсовнаркома-такому-то...**[216]
**Наркому внутренних дел-такому-то...**[217]

**Вам, на первый квартал 1938 г., согласно ранее выпущенного плана, по первой категории — 35, по второй категории — 1250, по третьей категории — 3740.**[218]

Биринчи категория атылсын, экинчи – 25 жыл түрмө, үчүнчү – 10 жыл түрмө дегенди билдирген. Бул калкы 1,5 миллион адамга жетип-жетпеген автономдук республикага берилген тапшырма. Биз мындай телеграмманы алгандан кийин “түшүмдү жыйнай” баштачубуз. “Планды” толтуруу боюнча өнөктүктү өз ара ушундай деп атачу элек. Сиздер көрүп жаткандай, баары планга жараша иштелчү. Канча зарыл десе, ошончо адам атылчу жана бул оңой эле. Ырас, план ашыкча аткарылса, катуу жазалачу. Ал эми экинчи жана үчүнчү

.............................................

[213] И. Серков. Из письма бывшего сотрудника НКВД в редакцию журнала «Родник» (Сотрудник органов. Родник. 1989, № 7, с. 7–9.) Караңыз: ШТРАУС, А., ПАНКРАТЦ, С. *Свидетельства преступлений*. Бишкек: Илим, 1997.

[214] Өкмөттүк телеграмма, үч дарекке

[215] БКнын секретары – баланчага…

[216] Эл комиссарлар Советинин төрагасы- баланчага…

[217] Ички иштер Эл комиссары-баланчага…

[218] Сиздерге, 1938-жылдын биринчи чейрегинде, мурда жөнөтүлгөн планга ылайык, биринчи категория боюнча – 35, экинчи категория боюнча – 1250, үчүнчү категория боюнча – 3740.

категория боюнча планды аткарбай коюу-өлүмгө тете болчу: планды аткарбадыңбы, анда (өлүмгө) өзүң бар.

Эли саналуу республика үчүн эмгекке жарамдуу беш миң адамынан айрылуу анын эл чараба планын аткарууну олуттуу оорлоткон. А цифра өсүп отуруп, бир жылда 100 миңге чейин жеткен.

Биздин да жашообуз оор болчу. Бизди дагы бир нерсе болсо эле дубалга такап, эч кандай сурак-протоколу жок көк желкеге атчу. Он жылга башка жакка айдап жибермей деген сыяктуу жаза биз үчүн жок эле. НКВДнын 50 миңден ашуун кызматкери чоңдордун планын ашыкча аткарып коюп, же тескерисинче, аны аткарууга жетерлик далалат кылбай, өмүрүнөн айрылды. Аны азыр териштиргенден эмне пайда. Биз баарыбыз партиянын мүчөсү элек. Партияда жоктор биздин арабызда болгон эмес!

**Жолдош Бөкөнөев.**[219] Көчмөн чарбаларды коллектив-дештирүү башталганда адгенден эле бай жана малдуу-жандуу үй-бүлөлөрдүн мүлкү, малы, жери жаңы түзүлүп жаткан артелдер, колхоз-совхоздор үчүн тартып алына баштаган. Албетте, кыргыздардын манаптары, бийлери, байлары жана молдолору (10-беттеги түшүндүрмөнү караңыз) бийликке ачыктан ачык же тымызын кар-шылык көрсөткөн. Ошондо аларды совет бийлиги менен күрөшкөн зыяндуу элемент жана мамлекеттик саясаттын душмандары катары кулакка тартышкан. “Кулак” деп айыпталган адамдар Кыргызстандан сырт жактарга: Украинага, Казакстанга, Россия Федерациясына, анын ичинде Түндүк Кавказга сүргүнгө айдалган. Республиканын ичинде болсо түштүк аймагынын кулактары түндүккө жана, тескерисинче, түндүк аймактагы кулак деп табылган адамдар түштүк жакка, же коңшулаш райондорго, же облустарга айдалат.

Кулакка тартуу пландуу жана ойлонулуп жүргүзүлгөн. 1928-жылы Москвадан орто чарбалардын 10 проценти кулакка тартылсын деген план келген. Кантондун “тройкасы” (кантондун, облустун) партиялык комитетинин башчысы, НКВД жана прокурор) планды ашыкча аткар-ганга жан талашкан. Мисалы, эгер бай чарбалардын гана мүчөлөрүн

[219] Жолдош Бөкөнөев тарых илимдеринин кандидаттыгын кулакка тартуу боюнча коргогон. Ош мамлекеттик университетинде эмгектенет.

кулакка тартуу керек болсо, алар орто чарба-лардын адамдарын да байларга кошуп жиберишкен. Менин колумда андай архивдик материалдар бар. Азыр аты дүйнөгө белгилүү жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун атасы Төрөкул Айтматов 1930-жылы Араван-Буура районунун башчысы болгон. Бул районго Ош шаарынын тегерегиндеги аймактар кирген.

Төрөкул Айтматов Москвага жөнөткөн докладында "*Райондо алиге чейин кулакка тартуу өнөктүгү аягына чыга элек. Эгер зарыл болсо, орто чарбалардын мүчөлөрүн да кулакка тартуу керек*" деп жазган.

1928-жылдын февралында Ош кантонундагы 12 бай чарба кулактын чарбасы деп аныкталып, алардын мал-мүлкү конфискация болот дагы ээлери Россия Феде-рациясынын Оренбург шаарына сүргүнгө жөнөтүлөт. Сүргүнгө айдалгандардын көпчүлүгү ошо жакта өлөт, тирүү калгандары, алардын бала-чакалары кийин өз жерине кайтып келишет.

Коллективдештирүүнүн тегирменине түшкөн кулак чарбалардын айрымдары жөнүндөгү төмөнкү маалыматтарды карап көрөлү:

Кадырканов Бекташ, теги манап, Өзгөн районунун Алайкуу айылдык советинде жашайт. Андан мамлекеттин пайдасына алынды:

- төө 2 (эки) баш,
- өгүз 2 (эки) баш,
- уй 4 (төрт) баш,
- ат I2 (он эки) баш,
- жер 4(төрт) гектар,
- чөп 700 (жети жүз) боо.

Жанболотов Төлөшпай, теги манап, Алай-Гүлчө районундагы Алайкуу Ойтал айылында жашайт. Алынды:

- бир үй (баасы көрсөтүлгөн),
- бир килем,
- эки бээ,
- үч төө,
- эки уй,
- төрт бука,
- ат кырк бир (41) баш.

Совет мамлекети дыйкандардын өз ыктыяры боюнча өндүрүштүк бирикмеге кошулуу принцибин бекем сактоо менен колхоздорго материалдык жардам көрсөткөн, са-лык боюнча жеңилдик берген, аларга квалификациялуу кадрларды жиберген, машина менен камсыздаган.

Кыргызстанда коллективдештирүү кандай жүргөнүнө Яков Мартенстин тагдыры сонун мисал боло алат. Ал азыркы Талас районунда 1882-жылы түптөлгөн немис кыштагында туулган.

Яков Мартенс райондук аткаруу комитетине ишим кайра каралып, адилет чечилет деген үмүттө арыз менен кайрылат. Алган жообу өтө кыска…


Талас райаткомунун төрагасына Владимировка селосунун граждани Мартенс Яков Генриховичтен

Арыз

Мен мурда кулакка тартылганмын, с/советтин[220] мындай чечимин түп тамырынан бери мыйзамсыз деп

[220] Сельсовет, селолук совет – макамы РСФСРдын 1918-жылкы уставы менен аныкталган баштапкы деңгээлдеги жергиликтүү башкаруу мекемеси. Кура-мына эң аз дегенде 100 тургундан бир өкүл жана максималдуу болгондо 50 адам кирген.

эсептейм, бул иште мыйзам чегинде териштирүүнүздөрдү жана менин граждандык укугумду толук калыбына келти-рүүнүздөрдү өтүнүп сизге кайрылайын деп чечтим, андыктан сизге төмөндөгүлөрдү билдирем.
Мен І925-жылы Владимировка кыштагында жер үлүшү жок 0,75 га участок алдым, ал жерде өз алдымча чарба-чылык кыла баштадым. І93І-жылдын күзүнө чейин, бул алты жыл жалданма эмгек пайдаланбастан дегенди бил-дирет, менин мал-мүлкүм көбөйдү, анын далили мына бу - лар: кара мал - 2 баш, І торпок, ат- бир кары жана бир жаш, 3 кой, 2 чочко. Чарбалык инвентарга киргизилген: бир араба, бир чана, бир чөп чапкыч - мунун баары бар эле. Мал-мөлкүм мындай жупуну болгонуна карабай, сельсовет мени өз токтому менен орто дыйкан деп жазып, байлардын тизмесине кошуп салды.
Эч качан жер үлүшүм болбогонуна карабастан, мен жалпы негизде айыл чарба салыгын төлөөгө милдеттендирилдим, І925-ж. 4 рубль, І926-ж. 4 р. 60 копеек, І927-ж. 8 р. 60 к., І928-ж. 36 р. 67 к., І929-ж. 22 р. 34 к., І930-ж. 42 р. 50 к., І93І-ж. 50 р. 50 к., І932-ж. 92 рубль 70 копеек төлөдүм жана ошол жылы менин чарбам жоюлду.




**3-график. Яков Мартенс 0,75 га жер аянтынан 1925–1927-жылдары төлөгөн айыл чарба салыгы.**
Талас району, Кыргызстан.

I93I-жылы 20-ноябрда мага эт даярдоо боюнча разнарядка жазылган биринчи кагаз келди (тапшырманы тиркедим) жана бардык болгон малымды даярдоо пунк-туна (заготпункт) өткөрүүгө мажбур болдум. Өзүмө жал-гыз ат калды.
Мен малсыз калдым, бирок сельсовет[224] сүт жана май өткөрүү боюнча катаал тапшырма берүүнү улантты. Катаал тапшырманы аткарганга менин күчүм жетпеди жана мени сот жоопкерчилигине тартышты. Мен I932-жылы I8-июлда элдик сот тарабынан 6I-берененин 2 пунктуна ылайык бир жылга эркимден ажыратылдым жана мага I500 рубль айып салынды. Мен сот болгондон кийин да сельсовет менин аялыма разнарядка жазылган расмий кагазды бере берди. Зайыбым эт тапшыруу планын аткарууга чарк-чамасы жетпей калганда ага 200 рублден көп айып салышып, эмректерди, кийим-кечени жана жууракан-төшөктөрдү алып кетишти. Аларды саткандан канча акча түшкөнүн билбейм.
I93I-жылы күздө зайыбыма дан тапшыруу боюнча катаал тапшырма берилди. Биздин буудайыбыздын бир бөлүгү орулуп, аялым кызылын кырманга жана "Ударник" колхозуна өткөрүп берген. Эгиндин басылбай калган бөлүгүн колхоздун мүчөсү Янцен Генрих Андреевичке берилди жана аялымды сот жообуна тартып, 4000 рубл-дан көп акчага жазана салышты. Ошондой эле Кылмыш кодексинин 6I-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык бир жылга "шарттуу" кесишти жана мүлктүн бир бөлүгү конфискациялансын деген өкүм чыкты, бирок сот аны өндүрбөдү.
Аялым соттолгондон кийин сельсовет калган бардык мүлкүмдү сатып жиберди, бирок андан канча акча түш-көнүн мен так көрсөтө албайм, 300 рублден көбүрөөк болсо керек.
I933-жылы 8-январда мени камактан мөөнөтүнөн эрте бошотушту, жакшы жүрүм-турумум жөнүндө мүнөздө-мөм бар. I933-жылдын I0-январында сельсоветке келип каттоого турдум, сот көчүрүлсүн деген өкүм

чыгарбаса да сельсовет I4-январда мага 24 сааттын ичинде с/совет-тин аймагын таштап кет деп буйруду (документ тиркелди).
Мен ошондон кийин Водное кыштагына көчүп келип, «Миң-Булак» колхозуна эмгек күнү[221] (трудодни) боюнча иштейм деп жумушка орноштум. Биздин с/совет мен шайлоо укугунан ажыратылгандардын тизмесинде жок болсом дагы «Миң-Булак» колхозуна мени шайлоо укугунан ажыратылган деп кат жазат. Анын негизинде «Миң-Булак» колхозу мага эмгек күнү боюнча тапкан акчамды төлөбөй койду. Мына ушундан кийин I933-жылы Ленинполь[222] с/совети мени мурда диниятчы бол-гонсуң деген жүйөө менен шайлоо укугунан ажыратты. Бул жалган жалаа экенин биздин көпчүлүк колхозчулар жана колхоз жамиятынын мүчөлөрү ырастай алышат.
Сизди ушул жазгандарымдын негизинде менин ишимди оң чечип, мурдакы граждандык укумду калы-бына келтирип, мыйзамсыз тартып алынган мүлкүмдү кайтартып берүүнүздү суранам.
Эскертме: Үйүмдүн короо-сарайлары жана багы бар. Бир ат (бээ), ошондой эле чана, атка кошулчу араба жана башка шай-мандар «Ударник» колхозуна өткөрүлгөн.
Бак-сарайлуу үй сатылган эмес, азыр с/советтин карама-гында жана ижарага берилген.
Жети расмий кат жана башка документтер тиркелди.

Урматтап (кол тамга – **Мартенс**)

I934-жыл I2-март.[223]

---

[221] Эмгек күнү –жумуш күнүнүн бирдиги. Колхоз тапкан киреше жыл соңунда анын мүчөлөрү ортосунда чарбачылыктын натыйжасына жараша бөлүнгөн. Бул аралыкта колхозчуларга эмгек акы берилген эмес.

[222] Ленинполь – азыр Бакай-Ата айылы.

[223] КРнын Борбордук Мамлекеттик архиви, ф. 2319, оп. 1, д. 4, л. 400, 401, 402 In: ШТРАУС, А., ПАНКРАТЦ, С. *Свидетельства преступлений*. Бишкек: Илим, 1997.

Архивде Талас районунун дыйкандары жазган бир нече ушундай арыз бар. Алардын баарын Талас райаткомунун президиуму карап, бирдей окшош чечим чыгарган: арызы кабыл кылынбасын.

Талас райаткомунун президиумунун № I42-протоколунан үзүндү, I934-жылдын I3-октябры. Дмитриевка кыштагы.

**Угулду:** Мартенс Яков Генриховичтин арызы, Ленин-Поль кыштагынан, эки жолу эт, сүт, жүн ж.б.тапшыруудан катаал тапшырма берилген, аткарылбаганы үчүн жазана салынган жана соттолуп мүлкү конфискация кылынган, кулакка тартылган, диниятчы катары добуш берүү укугунан ажыратылган, малы тартып алынган жана бак-сарайы сатылган, мүлк-дүйнөсүн кайтарып берүүнү сурайт.

**Чечилди:** Арызы кабыл алынбасын, мүлкүн жазананы төлөө үчүн тапртып алып, сатуу туура деп эсептелсин.

Талас райаткомунун төрагасы: **Булатов**
Секретарь: **Мамохоров**

Арызда айтылган *эмгек күнү* – бул жумушчу иштеген күндөр, анын негизинде эмгек акы төлөнгөн. Эмгек акы төлөөнүн бул ыкмасы социалисттик коом үчүн өтө принципиалдуу эсеп-телген, эгер колхоздун эмгек натыйжасы начар болуп, мамлекеттик план аткарылбай калса, колхозчулар жылдык эмгеги үчүн сары чака да алчу эмес. Ошон үчүн кээ бир колхоздордо колхозчуларга эмгек акы анын үй-бүлөсүндөгү адамдардын санына ылайык төлөнгөн. Бирок бул кулактык ыкма деп жектелген.


> Нанды кулактарча бөлүштү
>
> Беловодск. «Красный Колос» колхозунда (Покровка кыштагы) жасалган иш-эмгек күнү менен эсептелген, бирок кирешелер кулактык жол менен бөлүнгөн. Балдарга жан башына 15 пуддан, ал эми чоңдорго 20 пуддан берилген. Колхоздо тамыр жайган жат элементтер башкармалыкты жолдон чыгарган жана кирешелерди кулактык жол менен бөлүштүрүүнү уюштурган. **Свояков**



Хлеб разделили по-кулацки

БЕЛОВОДСК. В колхозе „Красный Колос" (село Покровка) учет труда велся в трудоднях, но доходы распределяются по кулацкому принципу. На детей выдали по 15 пудов, а на взрослых—по 20 пудов на едока. В колхозе имеется засоренность чуждым элементом, который сбивает с пути правление и организует кулацкое распределение доходов. Свояков

Мамлекетке төгүлчү малдан жана башка заттардын көлөмүн каалагандай манипуляциялоо колхоз түзүлүшүнө каршы чыккандар: кулактар, мурдакы байлар жана колхозго кирүүнү каалабагандар менен күрөшүүнүн эффективдүү инструментине айланган. Аларды аткарууга мүмкүн болбогон тапшырмаларды (мисалы, дыйкан мүлк-шайманы тартып алынгандан кийин сүт жана май тапшырууга милдет-тендирилген) аткарууга мажбурлап, бийлик түздөн-түз адилетсиздикке барган. Отчеттуулук кулак чарбалары такыр эле чыгалашуу жана эффективдүү эмес деген пикир жаратышы керек эле жана мамлекеттик сатып алууларга атайылап саботаж жасап, аткарбады деп күнөөлөгөнгө негиз берген:



Проанализируем такой вопрос. Таласс выполнил хлебозаготовительный план на 73,6 проц. Единоличники сдали 52,5 проц. Кулаки 27,9 проц. Между тем не только пшеница, но и мука идет на базар в Аулиэ-Ата, попадает в руки спекулянтов. Откуда?

> …Мындай суроону талдап көрөлү: Талас дан даярдоо боюнча планды 73,6% аткарды. Жеке менчик ээлери аны 52,5%, кулактар 27,9% аткарышты. Ошол эле учурда буудай жана ун Аулиэ-Атадагы базарга кетүүдө, чайкоочулардын колуна тийүүдө. Кайдан?[224]

.............................................

[224] Советская Киргизия, 22. 1. 1933.

Жогорку гезит макаласынан көрүнүп тургандай, мамлекет милдеттенме тапшырмаларды бергенде дандын сатып алынчу баасыны атайылап өтө төмөн кылып, алып сатарлар үчүн ылайыктуу кылган сыяктуу.

Үнөмдөлгөн же пландан ашыкча жыйналган дан тартыл-басы үчүн тегирмендер катуу көзөмөл астында болгон.



Пролетарии всех стран соединяйтесь!

СОВЕТСКАЯ КИРГИЗИЯ

ЦЕНА 5 коп

1933 г.
21
ЯНВАРЯ
Суббота
№ 18 (1193)

Орган Киробкома ВКП(б), КирЦИК и Совпрофа Кир. АССР



БОРЬБА ЗА ХЛЕБ—БОРЬБА ЗА СО...

ТАЙНЫЙ ПОМОЛ- ОРУЖИЕ В РУКАХ КУЛАКА И БАЯ

...ЕЛЬНИЦЫ—ПОД КОНТРОЛЬ СЕЛЬСКОГО АКТИВА

Жашыруун тегирмен тартуу – кулактын жана байдын колундагы куралы.
Тегирмендер айылдык активисттердин көзөмөлү астында болсун.

Албетте, мамлекеттик планды аткарууда социалисттик мелдеш уюш-турулган, гезиттердин биринчи бетинде «кызыл» жана «кара» доска (такта) болуп, планды аткарган райондор «кызыл тактага», аткарбагандар «кара тактага» жазылган. План аткарылбаса, жоопкерчилик эң алды менен райкомдун секретарына жүктөлгөн жана ал эл душмандарынын тизмесине киргизилген.

Кызыл доска

Беловодск, Фрунзе, Чүй, Калинин, Аламүдин, Лейлек, Нарын райондору. Базар-Коргон району жалпы планды аткарганы менен буудай боюнча план аткарылбагандыктан кызыл тактага жазылбады.

Кара доска

Рыков району – ВКП(б)нын райондук комитетинин жооптуу секретары, жолдош Жамансараев
Ысык-Көл району – ВКП(б)нын райондук комитетинин жооптуу секретары, жолдош Калкаев.
Жети-Өгүз району – ВКП(б)нын райондук комитетинин жооптуу секретары, жолдош Сайтгазин.
Каракол, Ноокат, Өзгөн жана Талас райондору.[225]



КРАСНАЯ ДОСКА

БЕЛОВОДСКИЙ, ФРУНЗЕНСКИЙ, ЧУЙСКИЙ, КАЛИНИНСКИЙ, АЛАМЕДИНСКИЙ, ЛЯЙЛЯКСКИЙ, НАРЫНСКИЙ РАЙОНЫ.

Базар-Курганский район не занесен на красную доску, так как, хотя район и выполнил план в целом, но не выполнено задание по пшенице.

Черная доска

Рыковский район— отв. секр. райкома ВКП(б) т. ДЖАМАНСАРИЕВ
Иссык-Кульский район— отв. секр. райкома ВКП(б) т. КАЛКАЕВ
Дж.-Огузовский район—отв. секр. райкома ВКП(б) т. САЙТГАЗИН

Каракольский, Наукатский, Узгенский и Таласский районы.

„Хлеба нет“,—говорит классовый враг

„Хлеба нет“,—повторяют его агенты в районном центре

[228] *Советская Киргизия*, 22. 1. 1933.



**52-илл. Айылдык жыйын, Түркистан, 1929-жыл.**

Кимде ким эл душмандарынын тизмесине илинип калса, андай адам оңой менен жумшка алынган эмес. Алар башка облустарга качып барса, жергиликтүү чоңдор алар мурда жашаган жерге маалымат-дарегин сурап кат жөнөтүшкөн. 1933-жылкы гезиттеги мына бул макала жалган справка берүү мамлекетке чыккынчылык кылууга тете иш деп каралганын күбөлөйт:

**Башкарма байга справка берди**
Бегобод. “Ленин” колхозунун башкармасы Бекмуратов (колхоздон мурда айдалган) Каландар Б. деген байга аны жумушчу, колхоздун мүчөсү жана ударник деп көрсөткөн справка берген. Бекмуратов кимге справка берип жатканын абдан жакшы билген. Бул жаңылыштык эмес, а билип туруп жасалган чыккынчылык, тап душманын коргоо… Бегабад сельсоветинин колхоздору планды араң 66% аткарат.[226]

……………………………………………

[226] Советская Киргизия, 29. 1. 1933. Председатель выдал справку баю. Бегобат. Председатель колхоза «Ленин», Бекмуратов, выдал справку баю Каландру Б. (его выгнали из колхоза «Ленин»), где указывалось, что он – рабочий, член колхоза и ударник. Бекмуратов очень хорошо знал, кому дает справку. Это – не ошибка, и

Кулакка тартуу жолу менен кимдир бирөөгө жакпаган адамдардан өч алганга мүмкүндүк болгон. Эмки аңгеме кызын ага үйлөнөм деп, көзү түшкөн айылдагы коммунисттердин бирине эмес, кызынын көңүлүнө толгон жигитке күйөөгө чыкканга уруксат берген адамдын кулакка тартуу мүмкүн экенин айгенелейт. Үй-бүлөдөн кимдир бирөө кулакка тартылса, анын бала-чакалары да анын азабын тартканын көрсөтөт.

**Исак Бекбоев.**[227] Мен 1930-жылы 10-январда ал кездеги Тянь-Шань облусунун Ата-Башы районундагы Кара-Суу айылында төрөлгөнмүн. Мен жарык дүйнөгө келген Кара-Ссуда азыр да Кошой-Коргондун дубалдары жана биздин үйдүн түбү дале бар.




**13-карта. Ата-Башы.**

Атам Бекбоо орто дыйкан болгон. Анын Бакирдин, Касийдин деген эки уулу жана Жумагүл деген кызы болгон. Бакирдин менин атам, Касийдин иниси, Жумагүл карындашы. Элдин айтуусу боюнча Жумагүл абдан сулуу кыз экен, ошол жердеги

←..........................................

сознательное предательство, защита классового врага… Колхозы бегобатского сельсовета выполняют план только на 66%.

[227] Исак Бекбоев, математика илимдеринин доктору, професор. 1984- 1992-жылдары Кыргыз педагогикалык илим-изилдөө институтунун директору, 1992-2003-жж. Кыргыз билим берүү институтунун директору, 2003-жылдан Педагогикалык академиянын мектепке чейинки жана мектептик билим берүү борборунун башчысы.

жергиликтүү чиновниктер мен алам деп талашышыптыр. Бирок өзүнүн сүйлөшүп жүргөн жери бар болгондуктан чоң атам Бекбоо тосколдук кылбаптыр. Кызыңды көндүрө албай койдуң деп, чоң атамды болбогон жерден кулакка тартып айдап жиберишет. Кайда кеткени белгисиз. Бала-чака менен кемпир калат. Чоң энемдин Чүйдүн Атаке деген айылында (азыркы Жаңы-Алыш) алыскы туугандары бар экен. Ошого чоң энем үйдөгү мал-салды сатып, 1934-жылы Кеминге көчүп келгенбиз. Мен анда 4 жаштамын. Айтикеде "Дыйкан", "Өрнөк", "Кызыл-Туу" деп үч колхоз бар болчу. Бүт эр азаматтардын баары согушка кеткендиктен, "Дыйкан" колхозунун жумушун көтөргөн Абдрасул, Акмат, Кожомкул деген мыкты чалдар болгон. Башында Бекбоо турган. Калгандары катын-калач, балдар. Башкага жомок, мага чындык: мен жаз алдында кар кеткенден кыш түшкөнгө чейин жылаң аяк жүргөм, кылган жумушубуз – колхоздун жумушу. Анда комбайн деген жок, атка минип мала таш бастыруу, соку айдоо, чөп жыйноо биздин мойнубузда болчу. Эч нерсени ойлобостон тапкан-ташыгандын баары согушка жөнөтүлчү, кемпирлер мээлей тигип үйдө отурган.

Төрөлгөн жерим Ат-Башынын Кара-Суусу болгону менен окуп билим алган жерим Кемин районунун Жаңы-Алыш айылы. 10 жылдык мектепти 1948-жылы күмүш медаль менен бүттүм. Ал жылдары Чүй өрөөнү боюнча эки оозго кирген мектеп болсо, чыгыш жагындагы мыктысы биздин Жаңы-Алыш мектеби эле. Анткени мугалимдер өз учурунда сүрүлүп келген Крым татарлары кабинеттердин жабдыктарын ала келиптир. Химия, физика сабактарын приборлор менен өтчүбүз. Мугалимдер да мыкты болчу. Таянов деген өкмөттөн келген адам балдарды чогултуп алып Москвага жөнөтчү. Ал мени медаль менен бүттүң, Москвага барасың деди.. Чоң атам Москвадан жоголуп кетесиң деп жибербей койду. Бул жерде айыл чарба, педогогикалык жана медицина институттары бар болчу. Мамлекеттик techинституттун физика-математика факультетине кирдим. Ал жерде мектепте алган билимимдин сапатын көрсөттүм. Бир да төрт албай бүт 5 алып окудум. Экинчи курстун акырында Сталиндик стипендияга көрсөтүшүп, аны ала баштадым. Стипендия укмуштуудай баалуу болчу анда. Институтта 7–8 факультет болгон. Физмат факультетинен Сталиндик стипендияны мен алдым: айына 780 рубль, ал эми катардагы стипендия 240 рубль эле. Мен 240 сомду алып калып,

калган акчаны чоң атама колхозго ай сайын жөнөтүп турчумун. Кийин мени “студент кезинде үй-бүлөсүн баккан келчектеги окумуштуу” деп жазып жүрүшпөйбү.

Techинститутту 1952-жылы бүттүм. Бүтөрдүн алдында алдын ала бөлүштүрүү болгондо, мени techинститутта калтырабыз, аспирантурада окуйт, сабак берсин дешти. Ошону менен бирге факультетте комсомол комитетинин секретары болчумун. Муну партияга мүчө кылып алыш керек, сен арыз жаз партияга алабыз деп айтышты. Арызга баарын жаз деди, болгонун болгондой жаздым. Чоң атам туралуу да жаздым. Көрө албагандар көп да! Биз кулактын баласына Сталиндик стипендия берип жүрүптүрбүз да деп институт дуу боло түштү. Ошондо мамлекеттик экзаменден кулатууга аракет кылышты, бирок болгон жок. Айла жоктон институтта калбайсың, сени Фрунзе облусуна (азыр Чүй) эмес башка алыскы районго жибериш керек, Тогуз-Торо, Чаткал, Ат-Башы үчөөнүн бирин тандагын дешти.

Ат-Башы кулагыма шак дей түштү, Ат-Башыга барам дедим. Ал жакка барып иштеп, кадыр-барктуу болдум. Иштеген кишинин ишинин баасын туура баалай турган жетекчилер бар экен. Ошол кезде Тянь-Шань облусунда облОНО болуп Акмолоев Бородой деген көлдүк жигит иштечү, мектептерди кыдырып жүрүп менин ишимди көрүп, бул жигиттин орду бул жер эмес, шаарга барып иштесин, келечеги кең экен деп айтты. Үч жыл иштешим керек эле, окуу жылы бүткөндөн кийин 1953-жылы кудай жалгап уруксат берди, анан шаарга келип №5 – мектепте иш баштадым.

Ал кезде шаарда А. С. Пушкин атындагы №5-мектеп жалгыз кыргыз орто мектеби болчу. Барсам педпрактикага келгенде мыкты студент болчусуң билебиз, бирок саат жок дешет. Бирок мурда практикада жүргөнүңдү эске алып жарым ставка беришти. Бир жума жарым ставка менен иштедим, анан көрүштү окшойт, экинчи жумадан баштап бир жарым ставка кылышты. Ал дагы жетпейт. Батирде турчумун, ага чейин үйлөнгөм Ат-Башыдан, үй-бүлөнү багыш керек да. Азыркы Жибек-Жолу көчөсүндө (Ленин көчөсү деп аталчу анда) финансы-экономикалык техникум бар болчу, анын директору Дембировский кыргыз группага математика сабагын берүүгө чакыртты. Ошондо иштедим. Андан тышкары кечки өзбек мектебинде (№ 24-мектеп) жарым ставка иштедим. Ошентип эртең менен саат 7ден кечки 8ге чейин иштечүмүн. Ишке

чарчаганды билчү эмесмин. Ишиңдиң үзүрүн көрүп турсаң, окуткан балдарың жактырып турса, адистериң сыйлап турса ошол жардам берсе керек. №5-мектепте иштеп жүргөн күндөрдүн биринде 1951-жылы Кыргыз илим изилдөө педагогикалык институту ачылды. Анын директору Бакир Кулдашев, республикага атагы чыккан киши болчу, өзү психолог. Бир ирет мени көрө коюп ушундай институт бар, келип иште деп айтты. Мен мугалимдикти таштабайм десем, илимий иш менен айкалыштырып бул жерде да иштей бер деп, ошол кишинин чакыруусу боюнча эки жерде тең иштедим. Карасам, өзгөчө математикага окутуунун методикасын иштеп чыгуу кызык тармак экен. Ушул боюнча иштеп, адегенде кенже илимий кызматчы, анан улуу илимий кызматы, анан сектор башчысы болдум.

Ошол институтта илим иштери боюнча директордун орун басары болдум. 1966-жылы иштеп жүрүп кандидаттык дисертациямды Ташкенде жактадым. Бирок мен аспирантурада жана докторантурада окуганда күндүз же сырттан бир да күндү пайдаланган жокмун. Иштеп жүрүп илим изилдөө иштерин кошо жүргүзүп жүрүп, өз алдынча кандидаттык, анан доктордук дис-сертациямды жактадым. Институттун директорунун орун басары катары Кыргызстандын аймагында мен барбаган мектеп калган жок.

— Сөз башында ата энеңиз орто дыйкан деп айттыңыз. Орто дыйкан деген бул ким?

— Орто дыйкан деген башкадан эч нерсе сурабаган, өзүнүн бала-чакасын багууга кудурети бар, мал-жаны бар, бирок короо-короо кою, үйүлүү жылкысы жок адам. 5–6 ую, 20 чакты кою болсо керек.

— Сиздин чоң атаңыз кийин акталдыбы?

— Кулака тартылып кесилген жылын өтөп келди.

— Ал киши түрмөдөн чыгып келгенде канча жашта эле?

— Чоң атам 42–43 жашта болсо керек.

— Сен кулаксың деген болгон жокпу?

— Жок, согуш болду да. Муну жок жеринен кулакка тартып, мындай кылды деп артынан түшкөн эч ким болгон жок, унутта калган.

— Кийин кулакка тартылгандарды өкмөт актаган жокпу?

— Жок, ал маселени көтөргөн киши болгон жок да.

Менин атам Бакирдин гушка биринчилерден болуп согушка кеткен. 1944-жылы кайтыш болгон согушта. Кара кагаз келген.

Ал киши жомокту таң атканча айтчу. Абийирдүү киши болчу. Мисалы, активдер бир үйдө арак ичип атат десе, бир квартал айланып өтчү, арак иччү эмес, насвай тартчу, намаз окучу, анан сүрөткө түшчү эмес. Элеси калыш керек да, бирок анын эч сүрөтү жок. Таң калам: ошо кезде колхоздун жылкыларынын паспорту бар, ал эми балдардын паспорту жок экенине.

Эмки окуя бийлик адамдары эски душмандарынан кантип өч алганын көрсөтөт: айылдын падышалык заманда ат ууруларды кармаган старостасы совет доорунда ушул уурулар тарабынан абакка салынып, кийин атылган.

**Юра.**[228] Николай чоң таятам беш үй курган, бирок совет заманында анын баарынан куру калат: үйлөрдү кышкысын Көл боюна жайлоодон кайткан кыргыздарга бергенге мажбур болгон. Николай бийлик тарабынан башка жакка көчүрүлгөн.

Апамдын атасы Семен таятам Покровкада жашачу жана кыштактын старостасы эле. Семендун үй-бүлөсү бай жашачу, себеби таятам жибек жана апийим менен соода кылчу.

Бир ирет кышкысын кимдир бирөө бирөөнүн коюн уурдап кетет. Семен староста катары ууруну издей баштайт жана из кууп отуруп, кыштактагы бир үйгө келсе, уурулар уурдаган кою менен чогуу жертөлөгө жашынып жаткан болот. Семен бөлмөдө күтүп отуруп, полдун астынан кимдир бирөөнүн: «Ал кеттиби?» деген үнүн угат.

Уурулар кармалып, кыштак эли чогултулуп: «Ууруларды кантип жазалайлы?» деп сурашат. Тиги немелер буга чейин да уурулук кылгандыктан, алардын денесине этти байлап, кыштакты аралай чуркасын деп чечишет. Ошондон кийин уурулар кыштакты таштап кетишет.

Бирок совет бийлиги орногондон кийин баякы уурулар кыштакка эл комиссарлары катары келишет. Алар элдин биринчи душманы деп Семенду камакка алып, түрмөгө салышат жана соттоо үчүн башка комиссарга өткөрүп беришет. Ал адам Семендун таанышы болгондуктан, аны куткарып калууну ойлойт. Бирок ал береги комиссарларга каршы эч нерсе жасай албайт дагы Семенго коюлган күнөө негизсиз деген

[228] 1949-жылы туулган. Атасы 1904-ж., апасы 1910-ж.туулган (139-беттеги шилтемени караңыз).

расмий тил кат (справка) алуу үчүн Светлый Полянага чаптырып кетет. Ошо тушта жанагы эл комиссарлары Семенду атканы келишет. Семен үйдөн чыгып баратып чокунат. Муну көргөн комиссарлардын бири кылычын кынынан сууруп чыгып, анын бир колун үзө чабат. Анан Семенду атып салышат. Бир аз убакыттан соң Светлая Поляна кеткен комиссар расмий тил кат алып келет, бирок иш бүткөн эле.

1918-жылдан тарта Совет өкмөтү салыктын өлчөмүн көбөйтөт: тооктор үчүн, аттар үчүн, үй үчүн да мурдакыдан чоң салык төлөө керек болчу…

Падыша заманында *червонец* акча колдонулчу, червонецтер Октябрь революциясынан кийин дагы бир нече жыл пайдаланылды. Бир адамда акча жасачу устаканасы болот жана ал жасалма червонец чыгарат. Салык төртүнчү жолу жогорулатылганда ал салыкчыларга бир капты алып барып таштайт да андан кийин үй-бүлөсү менен дайынсыз жоголот. Ал капта жасалма акча жасачу атайын станок болот.




**53-илл. Бир червонец, 1922-жыл.**
Булагы: http://catalog.bonistika.ru/imagelib/item_10007_3_10007.jpg

Кыргыздар мурдагы замандардай эле коркунуч пайда болгондо тууганДары эзелтен көчүп – конуп жүргөн Кытайга кире качканга аракет кылышчу. Эл байырлаган ата-журтунан 1916-жылкы көтөрүлүштөн кийин гана эмес, кулакка тартуу учурунда да

качышкан. Төмөнкү аңгеме совет бийлигине моюн сунбаган адамдардын башкаларга кошулуп качпай койгон туугандары кандай ахвалда калганын айкын көрсөтөт.



**Пазилет апа.**[229] Милиционерлер апамдын башын жарышты. Тегирмечте кыш чилдеде апамдын башына кырк челек суу куюп урушту. Бул биздин эмес башка бирөөнүн үйүнүн жанында болду. Апамды белине чейин жылаңачтап, ыштанчан гана эки колун айвандын карысына байлап коюшту. Апам боздоп ыйлап, күйөөсү (менин атам) кайда бекинип жүргөнүн билбейм деп кайталап жатты. Мен пахта теримден үйгө келген эдем (элем). Апам боздоп ыйлап жатты. Мен аны аядым. Апам ошо боюнча төшөктөн турбай жатып, жазга жетпей өлдү. Атамды камап коюп жок кылышкан. Биздин Тегирмечтеги үйүбүздөн эч нерсе калбады. Апамды да, атамды да жоготуп, томолой жетим калдым.

Ал кезде Пазилет 17 жашта болчу. Неберелеринин айтышынча, азыр да байбиче кээ күндөрү апасынын аза-бын эстеп, өзүнчө күбүрөнө берет.

Бул окуяны биринчи жолу Тешебай кызы (Усманова) Коңур айтып берди. 80ге чукулдап калган Коңур апанын угушунча, Апиза эжени Кайматов деген милиционер көйнөгүн чечип, жалаң дамбалчан калтырат дагы эки колун үйдүн айбанындагы торсунуга илип алып, күйөөңдүн жашырынган жайын айт деп аёосуз кыйнайт.

Тегирмечте күн тийбеген кыштоо бар. Ошол жерде кыш чилдеде ыштанчан кылып, төбөдөн ылдый 40 челек суу куят. “Күйөөңдү тап!” деп кыйнаган. Күйөөсү кайниси менен качып кетип, аялына бир мертебе түндө келип эле башка келбей койгон экен. Аялы “Билбейм. Келбейт” десе да болбой, Кайматов аябай кыйнаптыр. Аябай чыркырап ыйлап, жалынса да милиция ынабайт. Апиза ден соолугу таптаза аял экен. Бирок

[229] Пазилет апанын (89 жашта) кулагы катуу болгондуктан небересинин жардамы менен суроо берип, сүйлөшкөнгө туура келди.

саратанга жетпей, өлүп калат. Анын ата-энесиз калган алган балдарын менин катта (чоң) энем баккан, – деди жашы эки кем сексендеги Тешебай кызы Коңур. Окуя Тегирмеч капчыгайындагы Чылан деген кыштоонун оозунда дарыянын боюнда болот.

Бул окуянын үчүнчү булагы сексендин кырындагы Аман Анарбаев. Ал бир туугандар Бегалы, Жолдош жана Колдоштун алыс тууганы. Аман аксакалдын айтымында, Пазилеттин атасы Бегаалы Калматов, кайын инилери Катанов Колдош жана Катанов Жолдош менен чогуу аскерден качып жүргөн. Алар Кашкарды көздөй качмак болуп жатышканда, билген бирөө сатып коюп, колго түшүшөт. Милиционерлер аларды аябай тепкилеп урушат.

Үч-Коргонго айдап баратканда аларга суу да ичирбейт. Кимдир ичсин деп бир кесе айран сунат бечараларга. Ат үстүндөгү милиционер кесени айраны менен оодара тебет. Ур-тепкиден кийимдери тытылып, бети-башы көк ала болуп шишип кетет. Үчөөнүн эң жашы Колдош Магаданга 25 жылга айдалып, 1967-жылы үйүнө кайтып келет. Бегалы түрмөгө айдалып баратып, Ноокатта көз жумат. Милициянын катуу токмогун жеген Жолдош Маргылан шаарында вагонго түшкөндө ур-тепкинин кесепетинен өлөт.

Аман Анарбаев ошондой эле Алай районуна Исфайрам өрөөнү аркылуу акча алып бараткан орус почтачыга кол салуу жөнүндө да айтып берди.

Окуя 1940-жылдардын баш ченинде болот. Почтальондун бактысына ошо туушта жолдо бир короо кой айдалып бараткан экен. Ал койдун арасына бекинип тирүү калат. Акча жоголот. Каракчылар: Нурмат, анын аялы жана энеси бир нече айдан соң кармалат. Милиционерлер Нурматтын башын кесип алып, Кароол кыштагында мамынын учуна илип коюшат. Аялы түрмөгө айдалат.

Cооронбай Жусуев баяндап берген кийинки окуя ал кездеги жашоонун эки тарабын: эзүүчү тапка киргендер, башкача айтканда, тап душмандары кантип жазалангандыгын жана ошол курмандыкка кабылгандардын туугандары мындай (сталиндик) саясаттын туура экендигинен шек санабаган-дыгын (ушул убакка чейин шек санашпайт) көрсөтүп турат.

*Бул чыныгы жол башчы …бир эле убакта бардыгын чындап кучагына имерген кожоюн да, жолдош да, бир тууган да.*
Анри Барбюс, *Сталин.*

Сооронбай Жусуев советтик түшүнүк боюнча ишенимсиз үй-бүлөөдөн чыккан. Атасы бир кезде Сталиндин тап күрөшү жөнүндөгү теориясынын запкысын жесе да, бир тууган агасы диниятчынын баласы болгону үчүн Сибирге айдалып, ошол жакта каза болсо да, С. Жусуев өзү айткандай, азыркыга чейин сталинист бойдон калган.



**Сооронбай Жусуев.**[230] Мен адигине уруусунан болом. Бул урууга бөрү, жору, баргы, сарттар, кара багыштар кирет. Мен жору уруусунан болом. Менин атамдын аты Жусу, ага Жусу казы деп кайрылышкан.

Атам, чоң атам, чоң атамдын атасы Алайкуу өрөөнүндө белгилүү адамдардан. Алар казы жана бий болушкан. Менин атам мен сегиз жашта экенимде өлдү. Ал бий кезде Кашкардан жана Оштон усталарды чакырытып, мечит курдурган. Ал мечит ушу күнгө чейин Алайкуу районундагы Кызыл-Жар деген жерде турат. Жер-гиликтүү эл мечитти сактайбыз дешип, анын чатырын кайра оңдошту. Совет бийлиги учурунда аны адегенде кампа, анын магазин кылышты. Мечит саздак жерде турат. Бирок кары, түркүктөрү арчадан жасалгандыктан алиге чейин чирибей сакталууда.

Совет бийлиги келгенден кийин кээ бир адамдарды куугунтукташты, кээ бирөөлөрдү ГУЛАГга айдашты. Менин атам салык төлөбөдү деген жалган жалаа менен камакка алынып, түрмөгө отургузулат. 1937-жылга чейин биздин район Алай-Гүлчө району деп аталып, Алайкуу өрөөнү да ушу районго баш ийет. Ошондуктан менин атамды адегенде райондун борбору Гүлчөдө кармашат, анан кийин Ош шаарындагы түрмөдө отурат. Аны 1932 же 1933-жылга чейин түрмөдөн чыгарышпайт. Ал Ошто эч кимди билбегендиктен

[230] Сооронбай Жусуев, 87 жашта, Экинчи Дүйнөлүк согуштун катышуучусу. Кыргыз Эл акыны. Кыргыз адабиятына кошкон салымы үчүн Кыргызстандын Баатыры наамы берилген.

түрмөдөн бошонор менен шаарды таштап, Алайкууга жөө жөнөйт.

Биздин өрөөндө Кара кыз деген жер бар, андан алыс эмес Түшөнөк деген айылда атамдын Таши деген таанышы жашайт. Сыягы алар бир бирин жакшы таанып, дос болушкан. Атам Ташинин үйүнө келгенде эки буту шишип кеткен болот. Таши жайлоодо экен, атам анын үйүндө жатып калат. Жолоочулар аркылуу апамды келсин деп айттырып жиберишет.

Атамдын кичүү иниси Мырзакерим жана апам экөө аттарын минип атама жөнөшөт. Мен Мырзакерим акеме учкашып алгам. Биз жолго таң эртең менен чыгып, Ташинин үйүнө караңгы түшкөндө жеттик. Биз келсек үйдөгү адамдар өкүрүп, ыйлай баштады: атам биз келгенден бир күн мурда каза болгон экен. Үйдө шам күйүп туруптур, али дагы эсимде. Атамды кийинки күнү Түшөнөктөгү мазарга көмүштү. Атам жайга берилип, Куран окулгандан кийин биз атка минип алып, үйгө кайттык. Мен азырга чейин атамды эмне үчүн түрмөдөн чыгарышканын билбейм. Балким анын күнөөсү далилденбегендир.

Мени атам үчүн куугунтукташпады. Атамдын беш же алты аялы болгонун айта кетмекчимин. Атамдын улуу аялынан бир туугандарым бар эле. Алардын бири Аман Сибирге он жылга сүргүнгө айдалды. Көрсө, байлардын жана бийлердин балдары куугунтукталсын деген өкмөттүн токтому бар экен. Кийинчерээк бул токтомдун тексти «*Комсомольская правда*» газетасына басылды.

Аман түрмөндөн чыгып келгенден кийин биз менен бирге жашады. Ал Ата Мекендик согушта япондорго каршы согушту. Ал согуштан кийин кандайдыр бир мыйзам бузуп, 7-августтагы мыйзам[231] боюнча соттолду. Бул атайын мыйзамдын негизинде Аман агам Сүлүктү түрмөсүнө камалды. Анан көмүр кенге жумушка жөнөтүлүп, ошо жерде өлдү. Ал атасы үчүн көп азап чекти. Эгер ал кезде менин да жашым жыйырмадан өйдө болсо, мен да көп кыйынчылык тартмакмын. Мен бирок сегиз жашта болгонум үчүн мени түрмөгө сала алышпады. Мага жүзүмө

[231] “Үч дан буудай” деп аталган бул мыйзам мамлекеттик, колхоздук жана кооперативдик менчикти коргоо максатында 1931-жылы 7-августта кабыл алынган. Анын негизинде мыйзамды чоң эмес бузган адамды (“үч дан буудайды” уурдаганы үчүн) өлүм жазасына тартуу мүмкүн болгон. Мыйзамды совет бийлигинин чыныгы да, душман деп эсептелген да адамдарына каршы колдонуу мүмкүн эле.

карап эч ким: «Сен кулактын баласысың» деп айткан жок, бирок артымдан айтышты. Бул чындык.

Россиянын ички бөлүгүнөн кулактарды Сибирге же Түндүккө, көпчүлүгүн Орто Азия менен Казакстанга көчүрүп жаткан учурда, коллективдештирүүнүн душмандары бул жактардан, тескерисинче, Түндүк Кавказга жана Украинага ошондой эле башка региондорго көчүрүлгөн. 1930–1931-жылдары жалаң гана Орто Азиядан (Казакстанды кошпогондо) 6944 үй-бүлө (33 278 айылдык)[232] көчүрүлгөн.


Украинага жөнөтүлгөн кыргыздардын ордуна «кулак» украиндар Кыргызстанга айдалган. Алардын көпчүлүгү тоолуу аймактарга жайгаштырылган. Биздеги маалымат боюнча алардын көбү Нарын областында жашаган. Аларга үйүнө кайтып кетүүгө адегенде согуштан кийин 1945-жылы, анан 1953-жылы Иосиф Сталин өлгөн соң уруксат берилген. Ошонун натыйжасында Кыргызстанда жашаган украиндердин саны кескин азайган.[233]



**54-илл. Нарын областы, 2000-жыл.**

[232] АЛИМОВА, Д. А. *Трагедия среднеазиатского кишлака: коллективизация, раскулачивание, ссылка*. II том, Ташкент, 2006, 6-бет.

[233] Профессор Шайыркул Батырбаева, тарых илимдеринин доктору, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде кафедра башчы.



**Мелис Чормонов**.[234] Мен укканымды айтам, 1929–1930-жылдары коллективизация мезгилиндеги чоң аталарым Семеновка айылынын өйдө жагындагы Кырчын деген жайлоодо (азыр Семеновское ущелье деп коет) жайла-нышкан.

Коллективдештирүү учурунда ал кишинин малы көбүрөөк го… Ошонун кесепетинен алардын баарын кулакка тартып, Украинага жиберишкен. Ошондо менин атам 7–8 жашта го… Чоң атам ал кишини, эжемди чогуу алып кетет. Кичүүлөрүнө башка Мусаев деген фамилия берип, билгизбей таштап кетет. Бай чарба деп эсептелген адамдардын мүл-мүлкүн мамлекет тартып алып, жаңыдан түзүлүп жаткан артелдер менен колхоздорго өткөрүп берген. Анткени социализмдин негизги принциби – коомдо бай жана кедей деген болбош керек, баары тегиз болуш керек. Буларды совет бийлигин колдобойт, адамдарды эзип пайдаланат дешип, коомчулукка жаман атты кылып көрсөтүп, ошол кездеги элитаны аянычтуу абалга жеткирген.

Кулакка айдалгандар Херсон облусундагы Соколовский районундагы (редатор: азыр Цюрипинск) Чалбасов айылы деген бар, ошондо жайланышат. Биздин чоң атабыз тиги жакта 1–2 жылдан кийин каза болот. Менин чоң энем балдар менен калат. Менин атам ошондо украинче мектепке окуйт, мектепти бүткөндөн кийин Одессага педагогикалык институтка кирип, ошону бүтөт.

Менин атам 1939-жылы Кыргызстанды көрөйүн деп келет.Колунда институтту бүттү деген диплому бар. Өз айылына келсе, аны эч ким тааныбайт. “Баланчанын баласымын” десе, коркушуп эч ким кабыл албайт. Биздин чоң атабыздын асырап алган баласы бар экен, аты Муса. Эжелеримди, агаларымды Мусаев деп калтырып койгон да, ошол киши үйүнө кабыл алат. Атам мектепте мугалим болуп иштей баштайт. Кадр жок деп мектеп директору кылат. Бир аздан кийин министрликтеги жыйналышка жөнөтүлүп, ал сүйлөгөндө министрлик: “Кайдан болосуң?” деп сурайт. Ал

[234] Мелис Чоромонов, физика-математика илимдеринин доктору. Туризм академиясынын ректору. Ысык-Көл районундагы Темир айылында туулган.

Украинада жүргөнүн жашырат, айтпайт. Анкетасына жалаң “кедей” деп жазылчу да, андан жогору болсо жоопко тартылчу. Ошон үчүн “компромистүү орто дыйкан» (средняк) деп жазылып алган. «Средняк” дегенде эле шекшийт, бул кайдан деп. Ошого карабастан, кадрлар жетишпегендиктен, райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы – (заврайОНО) кылып коет.

Ошентип заврайОНО болуп иштеп жүргөндө мен туулуп калам, менин атымды жума күнү төрөлгөн дешип Жумабек деп коюшат. Райком партиянын жамааты бар да, атама сен жентек бер деп айтышат. Жентек той бергенде райкомдун секретары орус киши экен, атын койдуңбу десе уялып айтпай коюптур, анда биз ат коебуз деп чогулушта добуш беришип, Ленинграддан барган Никольский деген илимдин кандидаты “Мелис” дейт. Мелисиң эмне десе, биринчи тамгасы Маркс десе, баары тура калат, экинчи тамагасы Энгельс, үчүнчүсү – Ленин, төртүнчүсү – Сталин дегенде, мындан өтөөр ат жок экен дешип, менин атым Мелис болуп калат.

1946-жылы болсо керек, министрлер советинин төрагасы Исхак Раззаков, республикалык партиялык комитеттин башчысы Боголюбов деген жетекчилери катышкан чоң партактив болот. Бул чогулушта Ысык-Көл облусунан атама сөз берилет. Бул кайдагы орусча сүйлөгөн кыргыз чыгып калган дешип, атамды Жалал-Абад облустук эл агартуу бөлүмүнө (облОНО) жетекчи кылып дайындашат. Атам ошол жерде 6 жыл иштейт.

1952-жылы атамды түн ичинде алып кетет. Мен кичинекеймин. Атама: “Сен «средняк» эмес турбай-сыңбы. Мына сенин чоң атаңды билген кишинин каты. Атаң бай турбайбы?! Сени жоопко тартыш керек”, – дейт. Ары-бери чакыргандан кийин, менин атам далили жок болсо, кантип бирөөнү күнөөлөйсүңөр десе, ошого баш ийген окшойт. “Болуптур. Эл билип калды. Сени көтөрө берсек партиянын саясаты туура эмес болуп калабы”, – деп жумуштан түшүрүп коет.

Андан кийин атам Фрунзеге (бүгүнкү Бишкек) келип университетке өтөт. Биз 4 бала. Стипендия анда 20 рубль болчу. Атам университетти жалаң беш деген баа менен бүтөт. Ал университетте мугалим болуп калтырып, парткомдун секретары кылып дайындалат. Ал кезде парткомдун секретары Борбордук комитет тарабынан бекитилчү. Ошентип парторг болуп иштеп калды. Ошол бойдон биз ГУЛАГдын балдары деп белгилүү

болуп калдык. Бизге да таасири тийген болуш керек, аны мен билбейм.

1941-жылы согуш башталганда, менин чоң энем балдары менен Украинада калат. Атам санаасы тынбай картаны, флажокторду коюп, Кызыл армия Чалбасовага келгенде барып энемди көрөйүн дейт.

Атам 1943-жылы Кызыл Армия немистерди Херсондон сүрүп чыкканда кайра барат. Карындашы менен инисин ала барат. Атам ошондо 22 жашта экен. Энеси аларды он чакты жыл көргөн эмес. Ал кезде сүргүндөгү кыргыздарга кайра келсе болот деген уруксат берилиптир. Ал үчүн тизме керек экен. Атам Кыргыз ССР Жогорку Кеңешинин президиумунун төрагасы Төрөбай Кулатовго барып, Украинада жүргөн туугандарым бар деп айтат. Ал кезде телефон аябай татаал, сүйлөшүү үчүн бир жума күтүш керек. Башка уккандар да "мени да жаз" деп жатып, 100дөн ашык киши болот. Кулатов Украинанын чоңуна челефон чалып, ушундай болуп атат, баарын жибербейсиңерби дейт.

Алар мөөр басылган тизме болуш керек деп айтат. Кулатов: "Мен башын жазайын да 5–6 баракты актай калтырып, артына кол коюп берейин. Калгандарын тиги жактан тизмеге киргизип бекитип алгыла, ошол кагазды алып, поезд менен келесиңер," – дейт. 1943-жыл. Согуш кези. Поезд алыш кыйын, орун жок. Өлкөнүн темир жолдорунун министри Лазарь Каганович менен сүйлөшүп атып, орун алат. Кыргыздар көчөт. Эки жума жол жүрүп, Москвага келгенде да поездге түшүү кыйын болот. Коганович өзү киришип, эшелонду Кыргызстанга алып келет.

Чоң атамда Украинага кулак катары сүргүнгө айдалган деген документи жок болгон себептүү акталбады. Бүгүнгө чейин кулакка тартылган кыргыздар Украинага айдалганын эч ким деле билбейт. Украинадан Жангарачев[235], Аксамаев, Жумахматов[236], Малиев[237] кайтып келишкенден кийин маал маал чогулуп турушту. Ошондо украин кийимдерин кийинип

[235] Сатаркул Жангарачевдин кызы Мира Жангарачева, президент Акаев кезинде социалдык маселелер боюнча вице-премьер-министр болгон.

[236] Асанкан Жумахаматов, СССР Эл артисти, П. И. Чайковский атындагы Москва консерваториясын Кызыл диплом менен бүткөн. 2009-жылга чейин Кыргыз мамлекеттик симфониялык оркестрин жетектеген.

[237] Малиевдин уулу Арстан Малиев Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болгон.

> алып, украинче сүйлөп, башынан өткөргөндөрүн эскеришчү. Алардын аңгемелери мага жомоктой көрүнчү. Чоң энем алардын кыштагын неместер басып алганын айтып берген. «Эмне үчүн силерди неместер атып салышпады?» деп сурасам, чоң энем: «Биздин үйдө немес офицери жашады» деди. Айтмакчы, атам 1941-жылы жайындаа Херсонго баратса, уруш башталып кетип, поездди немистер бомбалап, орто жолдон кайра тартат.

ГУЛАГдын (Главное управление лагерей и мест заключения, кыргызча Эмгек түзөө лагерлери жана абак жайлар боюнча бакы башкармалык) жана ОГПУнун (Объединённое государственное политическое управление, кыргызча: СССР Эл комиссарлар Совети алдындагы Биргелешкен мамлекеттик саясый башкармалык) маалыматы боюнча, 1930–1931-жылдары Казакстандан башка жактарга 6 765 кулак сүргүнгө айдалган. Башка булактарда мындан да көп сан айтылат. 1930-жылдын январь-март айларында чет өлкөлөргө 5 563 адам айдалган жана 1930-жылы дагы 5 500 адам чыгарылган.[238] Сүргүнгө айдалгандар Кольск жарым аралы, Колыма жана Сибирдеги лагерлерде кармалган. Казакстанга «эл душмандары» Россиянын региондорунан жөнөтүлгөн.

Төмөндө Орто Азия республикаларынан айдалган кулактардын саны көрсөтүлөт[239]:

| | |
|---|---|
| Өзбек ССРи 3 500 | Кыргыз ССРи 700 |
| Түркмөн ССРи 1 000 | Кара-Калпак АО 100 |
| Тажик ССРи 700 | Казак ССРи 6 765 |

Сакталып калган маалыматтарга караганда, үй-бүлөлөр түгөл бойдон жана орток чарба жүргүзсө (усадьбанын же чарбанын кожоюну, зайыбы, алардын үйлөнгөн балдары, айрым мез-гилде кожоюндун үй-бүлөлүү ага-инилери), бир нече үй-бүлө чогуу айдалган.

1930-жылы бүт Советтер Союзунун аймагында коллективдештирүүнү тездетүү жөнүндө чечим кабыл алынат. Ал чечимге ВКП(б) БКнын «Коллективдештирүүнүн темптери жана

.............................................

[238] АБИЛХОЖИН, Ж. Б. *Очерки социально-экономической истории Казахстана: XX век.* Алматы: Университет Туран, 1997, 202–214- беттер.

[239] АЛИМОВА, Д. А. *Трагедия среднеазиатского кишлака: коллективизация, раскулачивание, ссылка*. II том, Ташкент, 2006, 20-бет.

колхоздук курулушка мамлекеттик жардамдын чаралары» тууралуу документи негиз болгон.

1920-жылдардын аягында Орто Азиянын аймагындагы колхоздордо жер абдан аз болгон, алардын орточо аянты 50 гектардан ашкан эмес.

**8-таблица. Орто Азиядагы колхоздорго караштуу жерлердфн орточо аянты (1928–1929).**

| | Колхоздорго таандык жерлердин аянты (га) | |
|---|---|---|
| | 1928 | 1929 |
| Түркмөн ССРи | 14 | 43 |
| Өзбек ССРи | 28 | 47 |
| Тажик ССРи | | 32 |
| Кыргыз ССРи | 44 | 44 |

Булагы: *Коллективизация и классовое расслоение кишлака и аула Средней Азии.* Ташкент: Среднеазиатское бюро ЦК ВКП(б), 1930.

Коллективдештирүүнүн темпи аймактардын мүнөзүнө жараша орнотулган: Украинанын территориясы, Россиянын кара топурактуу областары жана бүгүнкү Казакстан үчүн эки жыл, калган региондорго үч жыл мөөнөт берилген.

Сталин 1931-жылы февралда Социалистик өнөр жай кызматкерлеринин бүткүл союздук конференциясында биринчи беш жылдыктын жыйынтыктарына баа берип жатып, майда жана өнүкпөгөн дыйкан чарбаларынан турган советтик өнөр жайдын мурдагы чабалдыгы жөнүндө мындай деген:

*Мунун баары артта калды, азыр бардыгы башкача. Эртең, балким бир жылдан кийин, биз дүйнөдөгү айыл чарбасы эң өнүккөн өлкөгө айланабыз. Сөзсүз түрдө ири чарба ишканаларына кирген колхоздор менен совхоздор быйылкы жылы эле бардык жыйылган эгиндин тең жарымын берди. Демек, биздин система, советтин система, эч кандай буржуазиянын түшүнө да кирбеген алдыга озуп чыгуунун мүмкүнчүлкүтөрүн берет.*[240]

Бирок биринчи беш жылдык жөн гана массалык коллективдештирүү менен эмес, 1921-жылдагыдан да катаал жана миллиондогон адамдардын өмүрүн жалмаган ачарчылык менен аяктады. Мал чарба продукциясынын көлөмү 1913-жылга

[240] СТАЛИН, И. В. О задачах хозяйственников. Речь на первой Всесоюзной конференции работников социалистической промышленности 4-февраля 1934 г. *Правда,* № 35, 5 февраля 1931 г.

салмаштырганда 65% гана түздү, жылкы, кой, эчки жана бакма канаттуулардын саны эки эседен көпкө кыскарды.



**Абибилла Пазылов.**[241] Отузунчу жылдардын башында бай, колунда бар адамдардын мал-мүлкүн конфискациялоо совет өкмөтү тарабынан жүргүзүлгөн тап күрөшүнүн чоң бир багыты болгон. Адамдар эзүүчүлөр жана эзилгендер болуп бөлүнгөн. Бул көптөгөн адамдардын тагдырына таасир эткен.
Кыргызстанда кулакка бай, оокаттуу кыргыздар, дунгандар, казактар, өзбектер, татарлар, бийлер, манаптар жана алардын балдары тартылган.

Саясий куугунтуктоонун бутасы элдин ортоңку катмарын жазалоо болгонун Сталин өзү да мойнуна алган. Албетте, ал өз доорунун талаптарына шайкеш келген болуш керек… Ошол революционерлер ойлогон идеалдарга туура болгондур… Бирок, элдин тагдыры кыйрап калган. Себеби колхоздоштуруу маалында мал-дүйнөсүн берүү, болбосо тартып алуу бир башка; ал эми мал-дүйнөсүн тартып алгандан кийин дагы камап, өз жеринен чоочун жакка элдин душманы катары сүрүү, коомго жат элемент катары көрсөтүү өнөктүгү аябай элди белге тээп кеткен. Менимче, согуштун алдында элден чыккан далай мыкты жана ойлонгон адамдар, мал-мүлккө өз күчү менен ээ болуп, өндүрүш түзүп, элге жумуш берген адамдардын катмарын жок кылуу, колунан бир иш келген адамдарды жок кылуу, ошолордун укум-тукумуна жабыр келтирүү, азыр ойлоп көрсөк, элге каршы жасалган чоң душмандык болуптур.

Ошо окуялардын капшабында биздин үй-бүлө дагы четке сүрүлүп, эл көргөн кордуктарды башынан өткөргөн. Биринчиден, менин чоң атамдын атасы Эркебай, анын бойго жетип калган балдары: менин чоң атам Сатыбалды менен Токтор кулак иретинде элден сүрүлөт. Ал кезде чоң чоң атам Эркебай жашы бир топко келип, улгайып калган болуш керек. Ошол кишини биринчи кулак дешип, камай турган болот.

…………………………………………

[241] Абибилла Пазылов, жазуучу, адабиятчы, журналист. Өзгөн районунун Шоро-Башат айылынан.

Жашы өйдөлөп турган кишини камоонун ордуна ушул балдарыңыздын бирин камакка бересиз дешет. Аргасы жок ыйлап отуруп, үч уулунун ортончусу Токторду камакка берет. Себеби Токтор үйлөнө элек болгондуктан, камактын азабынан чыдап, кайтып келет деп ойлогон окшойт. Менин угушумча, Токтор Кызыл-Кыя түрмөсүнө камалат. Кызыл-Кыя түрмөсүндөгүлөр азыркы Ош-Эркеч-Там жолунун курулушуна пайдаланылат. Ал ошол жолдун курулушунда иштеп жүрүп курман болуп калат. Ал жерде шарт адам чыдагыс болгон.

Нан жетпей, тамак жетпей өлгөн деген кабар келген. Менимче, ал чын болуш керек. Себеби, азыр деле Отуз-Адырда жашаган адамдар менен сүйлөшүп калсаң, түрмөдөгүлөрдүн шарты абдан оор болгон, өлгөндөрүн мазарга койбостон ошол эле курулуп жаткан жолдун астына көөмп кете беришкенин айтышат. Ошондуктан, бул жол көптөгөн адамдардын сөөгү аркылуу өтөт деп айтсак туура болот. Чынбы, жалганбы, мен ушундай сөздөрдү уккам. Ошол жолдон өткөн сайын батаа кылам. Анткени, биздин тукумдарыбыздын да тагдыры ал жер менен байланышып калган да.

Экинчиден, өз чоң атам Сатыбалдыны айылдан чыгып кеткин, себеби сен эми кулаксың дейт бийликтегилер (Ал киши 1990-жылы 88 жашында көз жумду). Ушундай дегенден кийин өзүнүн кайын журтуна – чоң энемдин жери Канабадга өтүп кетишке аргасыз болот. Бул жер азыр да, мурда да Өзбекстанга караган. Бул жөнүндө мен да анча-мынча чыгармаларымда жазгам. Менин угушум боюнча, чоң атам жети жыл айылга келбейт.



**55-илл. Эркеч-Тамга кеткен жол (16. 5. 2006).**

Ал жердин шарты башка, климаты башка. Канабадда негизинен пахтачылык менен тиричилик кылышат. Ал жердин шарты, аба-ырайы ден соолугуна таасир эттип, чоң атам катуу ооруга чалдыгат. Сагыныч – кусалыктан катуу кыйналат. Менин эсебимде, чоң атам 1938-жыл ченде Өзбекстандан Шоро-Башатка кайра келет. Себеби, ал тушта мына элдин баарын колхоз-совхоздоштуруп бүттүк, айыл-кыштактар «зыяндуу элементтерден» тазаланып бүттү деген жараян башталып калат. Андан бир аз мурда Сталиндин «Ийгиликтен баш айлануу»[242] деген эмгеги жарыяланат. Ал макалада коллективдештирүүнүн жүрүшүндө орто дыйкан чарбалар жаңылыш кулакка тартылганын жазат. Ойлоп көрсөм, мына ошондон кийин сүргүнгө айдалган адамдар үйлөрүнө кайтышка мүмкүнчүлүк алат.

Кулакка тартууга байланыштуу дагы бир айтып койчу илдет бар. Бул нерсе көркөм чыгармаларда да жазылган. Бийлик бир эле уруунун, бир айылдын адамдарын, бир атанын балдарын бир бирине каршы коюп, сен тигини сат, сен муну сат деп тукуруусу, өз жанын сактап калуу үчүн адамдардын «жок, мен бай эмесмин, тиги бай» деп, башка бирөөлөрдү жамандоосу, чыккынчылык кылуу-мунун баары элдин адеп-ахлагын, ар намысын тебелеген. Мына ошол саткынчылык, бир бирибизди жамандап жибермей, сатып жибермейибиз, бирөөнүн үстүнөн тоголок кат жазуу, байып кеткен адамдарды көрө албастык, ийгиликке жетишкен адамдарды көрө албастык сыяктуу биздин элибиздеги жаман нерселер ошол кезде айрыкча өнүккөн болуш керек…

Советтик коллективдештирүү калктын жалпы колдоосуна ээ болгон эмес. 1930-жылы эле Совет бийлигине карышы 14 миң көтөрүлүш, демонстрация, куралдуу каршылык катталып, аларга 2,5 миллионго жакын адам катышкан. Эң ири толкун-доолор СССРдин чет жактарында: Орто Азияда басмачы-лардын козголоңу чыкса, Алтай, Чеченстан, Таймыр жана Казакстанда көтөрүлүштөр болгон.

Негизи коллективдештирүү Советтер Союзунда ар кандай жүргүзүлгөн. Анын ыкмалары бир эле республиканын ар кайсы аймактарыда өтө күчтүү айрымаланып турган.

……………………………………………

[242] Головокружение от успехов. К вопросам колхозного движения. Правда № 60. 2. 3. 1930.

БКыны токтому кабыл алынгандан кийин, борбордук бийликтин кысымы күчөгөн, советтик жана партиялык басма сөз коллективдештирүүнүн темпин тездетүүгө талыкпай чакырып турган, дыйкан чарбаларын коллективдештирүүнү тездик менен бүткөрүү үчүн милдеш башталган. 1930-жылы 3-февралда «Правда» газетасы баш макаласында мындай деп жазган: «1930–31-жылдары кедей жана орто дыйкандардын чарбасынын 75 процентин коллективдештирүү деген чек эң жогорку милдет эмес». Бир жумадан кийин Сталин «Правда» газетасында «Свердловдук жолдошторго жооп» деген макала-сын жарыялап, «жалпы коллективдештирүүгө дуушар болбо-гон аймактарда коллективдештирүү ишин күчөтүүгө» кеңеш берген.

Жогор жактын көрсөтмөлөрүн аткарып, Борбордук Кара топурактуу областын Курск жана Россошан (редактордон: азыр Воронеж облусундагы аймак) окуругдарынын секре-тарлары партиялык советтик кызматкерлерге:”Эң негизгиси-аша чабам деп коркпогула, эгерде орто дыйканды жыга чап-саңар эч нерсе эмес, негизи кулактар калбашы керек”; “жеткирбей ийгенден көрө, ашыра ийген жакшы” деп кеңеш берет. Түндүк (Северная) областынын Вологда округуна жөнөтүлгөн ВКП(б)нын уюштуруу табунун жетекчиси көзөмөл коммисиянын чогулушунда ”Орто дыйкандарга карата аша чабуудан коркпош керек, ошондо калгандары колхозго тезирээк кирет жана колхоздон чыгып кеткенден коркот» деп көрсөтмө берген. Коллективдештирүүнү жүргүзүүдөгү милдештин эпкини жана өтө мыкты натыйжа үчүн күрөш жасалма түзүлгөн колхоздорду пайда кылып, ал тургай ойго келбечү тири-шумдук 100% коллективтештирүүгө жетишти деген билдирүүлөргө чейин жетет.

К. Е. Воршилов бир мертебе И. В. Сталинге ленинграддык жумушчу Захариндин (1918-жылдан бери партиянын мүчөсү) Белорусиядан жазган катын жөнөткөн: “Городкидеги (Витебск округу) райкомдун секретары артта калам деген коркунуч коколоп жана «кууп жетип өтүп кетүүгө» далалат кылып, округга өтө тез жетчү телеграмма жөнөтүп, ал коллек-тивдештирүүнү 100,6% аткаргандыгын билдирген, эч өзгөр-түүсүз ошентип жазылган 100,6%. Кыйын болсоң аны кууп жетип көр!”[243]

…………………………………………

[243] ИВАНИЦКИЙ, Н. А. «*Великий перелом»: трагедия крестьянства. Коллективизация и раскулачивание в начале 30-х годов. По материалам Политбюро ЦК ВКП(б) и ОГПУ. Судьбы российского крестьянства.* Москва: РГГУ, 1995. Кошумча булак: <http://you1917-91.narod.ru/ivnickiy.html>.

И. М. Варейкис[244] Сталинге көпчүлүк колхоздор кагаз жүзүндө гана бар, алардын болгон жумушу чечим кабыл алуу менен гана чектелет деп жазган. Борборго жөнөтүлгөн маалыматтар көпчүлүк учурда апыртылган жана чыныгы ахвалды жөн гана чүмбөттөп салган.

Сталин коллективдештирүү өтө жаман жүрүп жатканын жакшы билген: ал өзү жана анын кызматкерлери кат жүзүндөгү арызданууларды аябай көп алышып турган, бирок аларга жөн гана көңүл бурбай койгону аз келгенсип, коллективдештирүүнү ылдамдатууга буйрук чыгарып, чинов-никтерди ого бетер теминтип турган.

1930-жылдын кышында коллективдештирүүнүн темпи кескин күчөйт, мунун себеби репрессиялардын кайталанышынан өтө өрчүп кеткен коркуу сезими болду. Аны төмөнкү таблица да далилдеп турат:

**9-таблица. 1930-жылдын кышындагы СССРдеги коллективдештирүүнүн динамикасы.**

| Республика, край, область | Маалыматтар: | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 20. 1. 1930 | 1. 2. 1930 | 20. 2. 1930 | 1. 3. 1930 |
| СССР | 21,6 | 32,5 | 52,7 | 56 |
| РСФСР | 23,5 | 34,7 | 54,4 | 57,6 |
| Түндүк Кавказ | 46,5 | 60,7 | 75,5 | 76,8 |
| Төмөнкү Волга | 56,0 | 58,7 | 66,1 | 67,8 |
| Орто Волга | 39 | 48,4 | 54,3 | 56,4 |
| Борбордук Кара топурактуу область | 40 | 50 | 79,4 | 51,8 |
| Урал | 35,4 | 47,4 | 65,9 | 68,8 |
| Казакстан | 20,5 | 24 | 35,3 | 42,1 |
| Кыргызстан | Жок | Жок | 25,4 | 49,8 |
| Башкуртстан | 24 | 49,5 | 76,5 | 81,2 |
| Ыраакы Чыгыш | 12,5 | 19,1 | 28,1 | 36,2 |
| Татарстан | 3,6 | 42,2 | 73,9 | 77,3 |
| Москова областы | 14,1 | 36,5 | 73,6 | 73 |
| Нижнегород областы | 7,1 | 18,9 | 45,3 | 48,7 |
| Түндүк (Северная) областы | 9,2 | 12,2 | 42,1 | 45,1 |
| Ленинград областы | Жок | 6,6 | 20 | 23,1 |
| Батыш (Западная) областы | 6,3 | 11,8 | 35,2 | 38,8 |
| Иваново өнөр жай областы | 5,4 | 11,2 | 32,8 | 33,8 |
| Украина ССРи | 15,4 | 29,2 | 54,1 | 62,8 |
| Полесье | Жок | 3,2 | 22 | 26,8 |

............................................

[244] Варейкис, Иосиф Михайлович (1894–1938), «Коммунарка» полигонунда атылган). Советтик партиялык жана мамлекеттик ишмер. 1924-жылдын февраль айынан тартып Түркистан Компартиясынын БКсынын секретары, ЦК РКП(б)нын Орто Азия комитетинин мүчөсү, кийинчерээк Россияда партиялык кызматта иштейт.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Оң жээк (Правобережье) | Жок | 30,8 | 52 | 71,1 |
| Сол жээк (Левобережье) | Жок | 24,4 | 48,6 | 57,5 |
| Талаа (Степь) | 25,7 | 42,6 | 67,3 | 70,6 |
| Белорус ССРи | 27 | 38,2 | 58,4 | 57,9 |
| Закавказ ССРи | Жок | 8,3 | Жок | Жок |
| Өзбек ССРи | Жок | Жок | 26,7 | 45,5 |
| Түркмөн ССРи | 16,8 | 23,6 | 38 | 36,7 |

Булагы: *Иваницкий, Н. А. Классовая борьба в деревне и ликвидация кулачества как класса (1929–1932 гг.)*. Москва, 1972, 189-бет. Кошумча булак: <http://you1917-91.narod.ru/ivnickiy.html>.

1930-жылы Кыргыз АССРинде коллективдештирилген чарба-лардын саны башка Орто азиялык республикаларга салыш-тырганда бир топ эле жогору болгон: жалпы Өзбек ССРи боюнча коллективдештирилген чарбалардын үлүшү 27,7% гана түзгөн, Тажик ССРинде 12,3%, Түркмөн ССРинде бол-гону 5,7% (бул маалыматтар таблицадан айырмаланып турат).


Кыргыз АССРинин түштүк аймагында (Ош району) коллективдештирүүнүн үлүшү бир топ аз болгон, ал эми республиканын түндүгүндө коллективдештирүү жети эседен жогору болгон.

**10-таблица. Кыргызстанда коллективдештирүүнүн жүрүшү. 1930-жыл.**

| | колхозов | Колхоздордогу чарбалардын саны | Коллективдештирүү % менен |
|---|---|---|---|
| Калинин району | 54 | 4812 | 86,0 |
| Чүй району | 26 | 5390 | 83,6 |
| Кара-Суу району | 16 | 1878 | 78,0 |
| Приозерный району | 11 | 1272 | 56,5 |
| Түп-Күрмөнтү району | 25 | 1937 | 55,3 |
| Аламүдүн району | 82 | 4072 | 42,8 |
| Каракол округу | 124 | 9055 | 40,3 |
| Талас округу | 79 | 6497 | 40,0 |
| Фрунзе округу | 126 | 6000 | 35,5 |
| Ош округу | 111 | 4527 | 11,7 |

Булагы: Коллективизация и классовое расслоение кишлака и аула Средней Азии. Ташкент: Среднеазиатское бюро ЦК ВКП(б), 1930.

**Орто Азиядагы колхоздордун саны, 1927–1930-жылдар гг.**




| | 1927 | 1928 | 1929 | 1930 |
|---|---|---|---|---|
| Таж. | | 300 | 2 775 | 28 355 |
| Түрк. | | 1 151 | 4 950 | 37 720 |
| Кырг. | 2 878 | 5 730 | 12 592 | 66 214 |
| Өзб. | 10 749 | 20 745 | 29 222 | 228 956 |
| Бор. Азия | | 27 916 | 49 529 | 361 245 |

**4-график. Орто Азиядагы колхоздордун са ны, 1927–1930-жылдар.**
Булагы: *Коллективизация и классовое расслоение кишлака и аула Средней Азии.* Ташкент: Средне-Азиатское бюро ЦК ВКП(б), 1930.

## 5.1. Советтик коллективдештирүүнү баалоо

Советтик коллективдештирүү миллиондогон адамдардын тамырын кыркты, коллективдештирүүдөгү аша чапкандыктын айынан кийин да миллиондогон өмүрлөр кыйылды.

Коллективдештирүүнүн алгачкы жылдары айыл чарба өндүрүшү өтө төмөнкү ахывалга жетти, калк өзүн азык-түлүк менен камсыз кылганга жарабай калды. Коллективдештирүү учурунда колдонулган тап күрөшү жөнүндө ураандар бир эле мезгилде советтик түзүлүштүн душмандарынан, ошондой эле компартиянын жетекчи кызматындагы саясий каршы-лыктарынан да өч алууга мүмкүнчүлүк берген. Мисал катары Орто Азия республикаларынын компартиясынын Борбордук комитетинин секратарларынын тагдырын караса болот: 30-жылдарын башына чейин жетекчи кызматты ээлеп турган-дардын бири калбай атылган. Таблицаны караңыз.

| ВКП (б)нын Кыргыз областтык комитетинин секретарлары | | Биографиялык маалыматтар | Кызматта болгон мезгили |
|---|---|---|---|
|  | Юсуп Абдурахманович Абдурахманов (расмий түрдө дайындалган) | * 28. 12. 1901<br>† 5. (6). 11. 1938<br>(атылган) | 11. 11. 1924<br>8. 1925 |

| | | |
|---|---|---|
| Михаил Давидович Каменский (Эйдис) (иш жүзүндө секретардын кызматын аткарган) | * 1889<br>† ? | 11. 11. 1924<br>8. 1925 |
| Лазарь Иудович Невлер (секретардын милдетин убактынча аткарган) (теги Украинадан, еврей) | * 1899<br>өкүм чыккан 5. 10. 1937, атылган | 8. 1925 |
| Жайнак Садаевич Садаев (секретардын милдетин убактынча аткарган) | * 6. 1893<br>† 1937 (атылган) | 8. 1925 |
| Дүйшөнали Бабаханов | * 1898<br>† 1938 (атылган) | 8. 1925<br>9. 1925 |
| Лазарь Иудович Невлер (секретардын милдетин убактынча аткарган) | * 1899<br>өкүм чыккан 5. 10. 1937, атылган | 9. 1925 |
| Николай Анисимович Узюков | * 12. 1896<br>† 19. 3. 1937 | 15. 9. 1925<br>6. 6. 1927 |
| Глеб Бех-Иванов (секретардын милдетин убактынча аткарган) | * 1894<br>? | 10. 1925<br>11. 1925 |
| Владимир Петрович Шурбиков | * 1895<br>† 30. 10. 1937 (атылган) | 1927<br>1929 |
| Михаил Максимович Кулков | * 1891<br>† 1938 (атылган) | 1929<br>1930 |
|  Александр Осипович Шахрай | * 1898<br>† 13. 6. 1949 | 1930<br>1934 |
| Морис Львович Белоцкий | * 1895<br>† 1944<br>(эмгек түзөтүү лагеринде өлгөн, 1937-жалдан тартып абакта отурган) | 1934<br>22. 3. 1937 |
|  Максим Кирович Аммосов | * 10. (22). 12. 1897<br>† 28. 07. 1938 (атылган) | 22. 3. 1937<br>16. 6. 1937 |

| **Кыргызстан компартиясынын Борбордук комитетинин секретарлары** | Биографиялык маалыматтар | Кызматта болгон мезгили |
|---|---|---|
| Максим Кирович Аммосов | * 10. (22). 12. 1897<br>† 28. 7. 1938 (атылган) | 16. 6. 1937<br>7. 11. 1937 |
| Керим Кенебаев (секретардын милдетин убактынча аткарган) | * 5. 1907<br>† 1938 ? атылган | 7. 11. 1937<br>20. 2. 1938 |
|  Алексей Власович Вагов | * 1905<br>† 1971 | 20. 2. 1938<br>7. 1945 |
| Николай Семенович Боголюбов | * 24. 11. 1905<br>† 4. 6. 1975 | 26. 7. 1945<br>7. 7. 1950 |

| | | | |
|---|---|---|---|
|  | Исхак Раззакович Раззаков | * 25. 10. 1910<br>† 3. 1979 | 7. 7. 1950<br>9. 5. 1961 |
|  | Турдакун Усубалиевич Усубалиев | * 6. 11. 1919 | 9. 5. 1961<br>2. 11. 1985 |
|  | Абсамат Масалиевич Масалиев | * 10. 4. 1933<br>† 31. 7. 2004 | 2. 11. 1985<br>6. 4. 1991 |
|  | Жумгалбек Бексултанович Аманбаев | * 2. 2. 1946<br>† 11. 2. 2005 | 6. 4. 1991<br>10. 1991 |

**11-таблица. Советтик Кыргызстандын жогорку жетекчилери.**
Булагы:: http://easttime.ru, www.kg-ordo.net, www.kyrgyz.ru, stalin.memo.ru, whp057.narod.ru/kirgiz.htm, www.history.krsu.edu.kg, www.memo.ru, peoples.ru.

Түркмөнстанда деле ахывал Кыргызстандагыга абдан окшош болгон:

1924–1928-жылдары кызматта турган Х. Сахатмурадов (1898–1938) атылган; 1925–1926-жылдары кызматта турган И. И. Межлаук (1891–1938) атылган; 1928–1930-жылдары кызматта турган Г. Н. Аронштам (1993–1938) атылган; 1929–1935-жылдары кызматта турган Ч. Велле-ков/Великов (1902–1938) атылган; 1930–1937-жылдары кызматта турган Й. А. Попок (1894–1938) атылган; 1936–1937-жылдары кызматта турган А. Мухаммедов (1900–?) 1937-жылы камакка алынган. Калган Орто Азия республикаларында да ушундай абал болгон.[245]

Советтик коллективдештирүүнүн оң жактары жөнүндө да көп айтылган. Алардын катарына феодалдык түзүлүштүн жоюлушун жана эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жогорулашын кошсо болот. Бирок бул жерде коллективдештирүүнү баалоо жана анын башкы максатын аныктоо ыкмасы абдан маанилүү. Эгерде максат катары экономикалык аракеттин эффек-тивдүүлүгүн карасак, анда оң көрүнүш катары механи-зациялоону киргизүү аркылуу кол эмгегинин азайышын көрсөтсөк болот. (Чоң советтик

............................................

[245] KOKAISL, P., PARGAČ, J. a kol. *Lidé z hor a lidé z pouští…* c. d.

энциклопедиянын маалыматы боюнча, 1928-жылы 96% айыл чарба жумуштарын аткарууда мал күчү пайдаланылса, 1932-жылы бул көрсөткүч 77% түзгөн).

**12-таблица. Россия жана СССРдеги түшүмдүүлүк жана жалпы жыйым, 1900–1937-жылдар.**

| Мезгили | 1900–1904 | 1905–1909 | 1910–1914 | 1928–1932 | 1933–1937 |
|---|---|---|---|---|---|
| түшүмдүүлүк ц/га | 7,0 | 6,6 | 7,3 | 7,5 | 9,1 |
| жыйналган бардык дан (миллин центнер) | 563,8 | 566,8 | 675,6 | 735,9 | 944,7 |

Булагы: КАМЕНЩИК, А. Цифры – хорошая вещь. *Газета Дуэль.* № 13 (301), 1. 4. 2003.

Чоң советтик энциклопедиядан алынган маалыматтарды көрсөткөн жогорку таблица, сандык көрсөткүчтөрдү колдонуп, коллективдештирүүнүн ийгиликтүү болгонун бир кыйла ишенимдүү тастыктап турат. Бирок бул маалымат-тарда 1923–1928-жылдардын көрсөткүчтөрү жок экенин (атайын түшүрүп коюлганын) белгилесек, ал жылдары өндү-рүлгөн продукция алда канча жогору болгондуктан ийги-ликтүү өткөрүлгөн коллективдештирүүнүн сүрөтүн бузуп коймок.[246]

Эгерде биз башкы критерий катары дыйкандардын жашоо-турмушунун оңолушун алсак, анда ийгиликтер тууралуу айтуу мүмкүн эмес. Анткени коллективдештирүү учурунда дыйкандардын абалы өтө начарлап кеткен. Бирок, коллек-тивдештирүүнүн башкы максаты адам, анын жашоо шартын жакшыртуу болгон эмес, – таптык күрөш жөнүндө Сталиндик теориянын тууралыгын далилдөө далалаты болгон. Адам курмандыктары бул жерде эч кандай роль ойнобогон.

Колхоздор кийинчерээк алда канча маанилүү ийгиликтерге жете алышты. Себеби көпчүлүк райондордо, өзгөчө алыс аймактарда аларга калкты социалдык жана маданий жактан тейлөөнү моюндарына алууга туура келген: мектептер, китепканалар курулуп, эл керектүү товарлар менен камсыздала баштаган.

СССР социализмге өтүп жатканда, дыйкандар адегенде жер үлүштөрүн алышып, бирок коллективдештирүү башталганда кайра жоготушкан. Көпчүлүк кедей дыйкандар, өзгөчө моралдык принциптери өтө төмөндөр, айылдардын келечегин тандоого катышуу мүмкүнчүлүгүн колдон чыгарышпады. Азыр көрүнүп тургандай, алардын көпчүлүгү айылдарда болуп жаткан

[246] КАМЕНЩИК, А. *с. d.*

өзгөрүүлөрдүн мазмуну тууралуу ойлонгон эмес, түшүнүүгө дарамети да жок болчу, эң негизгиси – коммунисттердин чыныгы максатын түшүнүшө алган жок. Баарынан дагы юристтер бир нерсени бааларда дайыма сурачу «cui bonum» же бул кимге пайда апкелет деген суроо жоопсуз калды.

Жетектөөчү партиянын саясий программасынын бир бөлүгү болгон курч тап күрөшү айыл жергесинде коллективдештирүүнү күч менен жүргүзүп, саясий оппозицияны (айрым учурларда потенциалдууларын) жок кылды. Айыл жергесинде бул максаттарды ишке ашыруу үчүн жери жок кедей дыйкандар же жери абдан аз болуп, үй-бүлөсүн бага албаган майда чарба ээлери колдонулду. Андан сырткары бай жер ээлеринин айылдык кедейлерге болгон текебер мамилеси кедейлердин байларга карата жек көрүүсүн ого бетер курчутту. Мында күнүмдүк жакырчылыктан келип чыккан көрө албастык да чоң роль ойноп кетти.

Советтик коллективдештирүүнүн дагы бир мүнөздөмөсү – кооперативдерди түзүүдө анын маанисине терең баа бербөө жана шашкалактык, ошондой эле (тап күрөшү ураанына жамынып) башкаруучу топтун бийлигине коркунуч келтирчү жана келтире алчу бийик даражалуу партиялык жана мамлекеттик жетекчилер жок кылынган.

Эң негизги проблема жаңы пайда болгон ири чарбаларды жетектеп жана өнүктүрүп кете алган билимдүү кадрлардын дээрлик жоктугу эле. Коллективдештирүүгө жооп берчү адамдар өздөрүнө чечкенге дарамети жетпеген жоопкер-чиликти алганы талашсыз чындык. Коллективдештирүүнүн бул этабы эң кедей жана кесиптик деңгээли өтө төмөн социал-дык группалар үчүн гана ийгиликтүү жана жеңил желпи өттү.[247]

**13-таблица. Орто Азия колхоздорундагы большевиктердин жана сабатсыздардын үлүшү, 1930-ж.**

| | ВКП (б)нын мүчөлөрү, % менен | колхоз жетекчилигиндеги сабатсыздар, % менен |
|---|---|---|
| Түп-Күрмөнтү району | 5,6 | |
| Талас округу | 2,4 | 16,8 |
| Приозерный району | 2,9 | |
| Ош округу | 2,9 | 30,2 |
| Каракол округу | 4,8 | |

……………………………………………

[247] Коллективизация и классовое расслоение кишлака и аула Средней Азии. Ташкент: Средне-Азиатское бюро ЦК ВКП(б), 1930, 22–23-беттер.

| | | |
|---|---|---|
| Кара-Суу району | 2,7 | |
| Калинин району | 2,8 | |
| Фрунзе району | 2,6 | |
| Чүй району | 2,3 | |
| Аламүдүн району | 3,1 | |
| *Түркмөн ССРи* | 5,1 | 38,6 |
| *Өзбек ССР и* | 2,3 | 55,2 |
| *Тажик ССРи* | 1,1 | 64,3 |

Булагы: *Коллективизация и классовое расслоение кишлака и аула Средней Азии.* Ташкент: Средне-Азиатское бюро ЦК ВКП(б), 1930. 22–23-беттер.

Мал мүлкүнөн күч менен ажыратылган калктын катмарынын көпчүлүгү өзгөрүү (трансформация) жараянына катышууга кызыгуусун жоготту, анысы аз келгенсип идеологиялык себептерден улам жетекчи боло турган адамдарын колхоздордун курамынан да чыгарылып салынды. Мындай жагдайда мурдагы эзүүчү таптын бир дагы өкүлү колхоздорду башкара алмак эмес, башкарууга эң башынан эле жаңы тартипке берилгендигин далилдей алгандар гана кирди.

Советтер союзунда коллективдүү чарба жүргүзүүнүн тажрыйбасы өтө аз эле, коллективдештирүү башталар алдында мамлекеттин аймагынын көпчүлүк бөлүгүндө феодалдык түзүлүш доорон сүрүп турган.

Акыйкаттуулуктун калыбына келиши Сталин өлгөндөн кийин гана башталды. Андан кийинки үч жылдын ичинде СССРде он миңдеген саясий камактагылар эркиндикке чыкты, КПССтин XX съездинен кийин калган миллиондогон адамдар үчүн түрмөлөрдүн эшиги ачылды. Буга карабастан айрым соттолгондор боштондукка чыгууну 20-кылымдын 80–90-жылдарына чейин күтүп калышты.

Кооперативдердин толук кесипкөй адамдар башкаруусу астында пайда тапкан ишканага айлануусу үчүн ондогон жылдар өтүүсү керек болду. Убакыт өткөн соң, ири айыл чарба өндүрүшү анча чоң эмес майда чарбаларга салыштырганда атаандаштыкка туруштук бере алаарын белгилей кетсе болот. Бул фактыны коллективдештирүү мезгилинде зулумчулуктан кордук көргөндөр да мойнуна алат.

Эгерде кооперативтерди түзүү дыйкандардын чыныгы муктаждыгын эске алып, ыктыярдуу түрдө жүргүзүлсө, анда аны түзүү ийгиликтүү болду деп эсептесек жарайт.

Кооперативтерди түзүүнүн метод жана ыкмаларынын баасы эбегейсиз зор болду: өндүрүштүн кескин төмөндөөсү, көптөгөн үй-бүлөлөрдүн жок кылынып, тукум курут кылынышы. Өнөктүктүн башынан эле адамгерчиликтүү ыкмаларды колдонуу менен ушуга окшогон терс көрүнүштөргө жол бербесе болмок. Бул зордук-

зомбулук менен баш аламан жана иретсиз жүргүзүлгөн реформа чоң зыян гана алып келээринин бир үлгүсү. Мындай аракеттердин кесепетин жоюу узак убакытта да ишке ашпайт: ал бири нече муундун милдети болуп калышы толук мүмкүн.

## 5.2. 1936–1938-жылдардагы саясий тазалоолор

Массалык репрессиялар XX кылымдын 30-жылдарына гана мүнөздүү болгон эмес, алар Совет бийлиги орногондон баштап, өлкөнү башкаруу ыкмасынын ажырыгыс бөлүгү болгон. Орто Азиянын бардык аймактарында үстөмдүк кылган феодалдык мамилелер дале идеалдуу болбогондугун да эстен чыгарбоо зарыл.

Ар бир мезгил жарандардын жаңы топторун бута катары алдыга чыгарган: адегенде алар чыныгы жана ойлоп табылган байлар болгон, жыйырманчы жылдары-мурдатан келаткан саясий партиялардын, антикоммунисттик кыймылдардын өкүлдөрү; андан кийин партиянын катарын душмандардан тазалоо, анан кайрадан кулактарга кезек жетти-аларды кулакка тартып, тап катары жоюнун жаңы толкуну келди, андан ары троцкийчилерге, бухаринчилерге, Ежовдун жолун жолдоочуларга каршы жараяндар башталды-булардын баары бир кезде партиянын өтө жогорку жетекчилигине кирип, анан куугунтук жеген адамдар эле, алардын аттарын атоо бирөөнү өтө катуу сөккөндөй эле угулчу.

Таптык күрөш жана партиянын душмандарына каршы күрөш үзгүлтүксүз жүргүзүлүш керек эле: эгерде душман түгөнсө, аларды ойлоп табуу жана түзүү керек болчу.

Алардын бардыгы эле Советтик жарандар эмес болчу –чет өлкөлүк коммунисттер да сталиндик террордун жана сот репрессияларынын курмандыктары болуп калды: югославиялык коммунист Милан Горкич, венгр Бела Кун, корей коммунисти Пан Дин Шун, поляк Юлиан Лещинский…

**Троцкийчи-бухаринчи шпиондордун, саботажчылардын жана ата журттун чыккынчыларын жок кылуу.**
Империалисттик күчтөр СССРге каршы согушка даярданган кезде, алар элди саткандарды: троцкийчилерди жана бухаринчилерди колдонушту. 1935–1938-жылдардагы сот жараяндары бухаринчилер менен троцкийчилер эчак эле эл душмандарынын жалпы тобун-оңчул троцкийчил блокту түзүп алгандыгын ачык көрсөттү.

Жогорку даражалуу партиялык кызматкерлердин арасын тазалоо (ал жерде гана эмес) эң ириде революциянын идеалдарына берилген адамдарды жок кылуу менен жүргөндүгү мүнөздүү. Репрессиянын курмандыктары өздөрүнө каршы сот иштерин түшүнүксүз ката катары кабыл алышты. Алар көпчүлүк учурда өлүм алдында, атууга бир мүнөт калганда жолдош Сталинди даңктап кыйкырып калышчу.

Камоону, кыйноону, ойго келбеген күнөө тагууларды, өкүм чыгарып атып салууну баштоо үчүн газетага чыккан бир «жалындуу» макала жетиштүү болгон. Төмөндө мисал катары Кыргызстандагы ахывалды сындаган москвалык «Правда» газетасына чыккан макаланы карап көрөлү:

**Кыргызстан компартиясынын БКсынын чириген саясаты.**[248]
Кыргызстан компартиясынын БКсына «Правда» газетасында басылган «Буржуазиялык улутчулдар» деген макала боюнча өз позициясын ойлонууга дээрлик сегиз күн коротушту. Ушундай узак убакыт үн катпай отургандан кийин Кыргызстан компартиясынын БКсы Кыргызстан Эл комиссарлар Советинин төрагасы Исакеев жана айыл чарба министри Эсенамановду Кыргыз БКсынын секретариатынан чыгаруу жөнүндө кенедей гана токтом кабыл алды. «Правда» газетасындагы буржуазиялык улутчулдардын кылмыштарынын бетин ачкан макалага Кыргызстан компартиясынын БКсы тарабынан татыктуу большевиктик мамиле жасалбады. Республикалык «Советский Кыргызстан» газетасында жаңы жетекчилик контрреволюциячыл улутчулдар менен күрөштө ийгиликтерге жетишти деген эч кандай фактыларга таянбаган баш макала басылды. Макаланын редактору жана концепциянын автору биринчи секретарь Аммосов болгон. Бул баштан аяк жалган макаланын жарыяланышынын демилгечиси газетанын редактору А. Целинский болгон, ал көрүнүп тургандай улутчулдардын тарабында турат. (...) колдойт. Ашыкча батыл улутчулдар бири-бирин колдошкон. Душмандар жөнөкөй "психологиялык" методду ойлоп

[248] Гнилая политика ЦК КП(Б) Киргизии. *Правда* 13. 9. 1937.


табышкан: алар бул адамдар өтө чынчыл болгондуктан мурдагы жетекчиликке жаккан эмес, азыр болсо партиянын съездинде алар кызматынан көтөрүлүшүн бекиткенге татыктуу деп ырасташкан. Ошентип буржуазиянын улутчулдар өз адамдарын Кыргызстан компартиясынын БКсына киргизүүгө аракеттенишкен. Алар бул максатын бир топ деңгээлде аткарууга да жетишкен. Съезде улутчул Айтматовдун талапкерлиги көрсөтүлгөн. Кыргызстанда аны абдан жакшы билишет: Ал Ош районунун секратары болуп турганда айрым улутчулдарды кызматка алган, калгандарын активдүү коргогон съезде Аммосов Айтматовду колдоп сүйлөгөн. (…) Ош райкомунун секратары Булатов съездде Айтматовду, Малебаевди жана башкаларды колдоп сөз сүйлөдү. Далилдерди жок кылуу үчүн ал стенограммадан өз сөзүнүн керектүү жерлерин чыгарып салууну буйруган. Булатов деген өзү ким? Ашынган контрреволюционер Абдрахмановдун тарапкери, ошол уятсыз шпиондун колдоосун жана коргоосун пайдаланган адам. Кыргызстан компартиясынын БКсы Эсенамановдун ордуна БКнын экинчи секретары Жиенбаевди айыл чарба министри кылып дайындаган. Жиенбаевди Кыргызстанда ким билбейт. Ал эң начар контрреволюционер Абдрахмановдун, бети ачылган троцкийчи Белоцкийдин эң жакын жактоочусу. Жиенбаев террорчу Стомблерди активдүү коргогон. Ал өзү аны коргоп Москвага кат жөнөткөн. Ал айдалып жиберилген эл душмандарынын үй-бүлөлөрү менен да тыгыз байланышта болгон. Жиенбаев жакында сүргүнгө айдалган Тойчиновду өзүнүн дачасында калтырган. Жиенбаевдин аялы колунан келишинче Алаш ордо кыймылынын талапкерлерине жардам берип турган, Ташкентте жашырынып жүргөн Кудербековго төрт айдын ичинде отуз посылка жөнөткөн. Ушундай иштерди жасаган Жиенбаевди эч камырабай айыл чарба министрлигине иштөөгө жөнөтүп коюшкан.

Москванын «Правда» газетасына жарыяланган бир макала көп иштердин башталышына түрткү болду. Макалада бир нече адамдын аты аталган (биз төмөндө аларды алфавиттик тартипте көрсөтөбүз). «Правданын» редактору макалада аттарын атагандар кыска

убакыттын ичинде эле камалган жана атылган, же болбосо түрмөдө өлүшкөн (бир гана башкы редактор Целинский жөнүндө ал кызматтан алынгандан кийин таптакыр маалымат жок):

- Абдрахманов Юсуп Абдахманович, атылган 5. (6). 11. 1938 (туулган мезгили 28. 12. 1901)




Начальник 8 отдела ГУГБ НКВД
Ст.Майор Государствен.Безопасности
(Цесарский)

**56-илл. Атууга буйруган кол тамга.**
Булагы: http://stalin.memo.ru/regions/regi16.htm



- АЙТМАТОВ Төрөкул – 19. 4. 1938-жылы атууга өкүм болгон (Ю. А. Абдрахманов менен чогуу), качан жана кайсы жерде атылганы белгисиз (1903-жылы туулган). Ал Күркүрөө болуштугундагы номур 5-айылда (Шекер) (Аулие Ата уезди, Жети Суу областы) туулган. Өз өмүр баянында кедей дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлдүм деп жазат, атасы 1919-жылы өлгөн, чоң атасы Кимбилди «бай адам болгон». 1921-жылдан комсомолдун, 1925-жылдан партиянын мүчөсү.



- АММОСОВ Максим Кирович – 28. 7. 1938-жылы атылган (10. (22.) 12. 1897-жылы туулган, кызмат милдетин аткарган учурлары 16. 6. 1937–7. 11. 1937). Якут окуругунда бугу багуучулардын үй-бүлөсүнөн чыккан. 1916-жылдагы революциялык кыймылдын катышуусу. Якутскиде, анан азыркы Казакстандын аймагында, кийин Кыргызстанда партиялык кызматкер болгон. Ошо жерде аны камакка алып, кийин Москвага алып кетишет жана кыйнашып, атууга өкүм чыгарышты. 1955-жылы укуктары калыбына келтирилген.
- БЕЛОЦКИЙ Морис Львович *1895 (1944-жылы советтик эмгек лагеринде өлгөн, 1937-жылы камакка алынган).
- БУЛАТОВ Юсуп Исхакович – 12. 9. 1938-жылы атууга өкүм болгон (1900-жылы туулган).
- ЦЕЛИНСКИЙ А. П. – 15. 9. 1937-жылы Кыргызстан компартиясынын Бксы тарабынан «антиреволюциячыл

улутчулдук менен большевиктик күрөштүн жетишсиздиги» деген негизде башкы редактордун кызматынан алынган.

- ЖИЕНБАЕВ Хасан – 19. 4. 1938-жылы атууга өкүм чыккан.
- ЭСЕНМАНОВ Эркимбек – 19. 4. 1938-жылы атууга өкүм болгон. Аулие-Ата уездининин Күркүрөө болуштугунда 1904-жылы туулган, анын өмүр баянында ата-энеси оокат жайлуу бай адамдар болгон деп айтылат, алар мал күтүп айыл чарбасы менен алектенген. 1920-жылы ал жергиликтүү орус мектебин бүтүрүп, үч ай медреседе окуйт, анан бир аз мезгил советтик эмгек мектебине да барган, андан кийин Чыгыш жумушчуларынын Сталиндик коммунистик университетин бүтүргөн (1922–25-жылдар). 1925-жылдан коммунистик партиянын мүчөсү. 1934–37-жылдары Кыргызстандын айыл чарба министри болгон.[249]
- ИСАКЕЕВ Баялы Дикамбаевич – 12. 9. 1938-жылы атылган.

Ошол эле күнү «Правдага» башка макала да чыккан:

**Кечээ Кызыл Аянтта**

Ар ким окуп, алдыга жыла алат. Ар ким инженер, врач, учкуч боло алат. Ата журттун жыргалчылыгы үчүн жакшы иштесең сыйлашат, кадырлуу адам болосуң жана сен үчүн бардык эшиктер ачык болот. Бул бактылуу жашоону бизге ким берди? Аны бизге улуу большевиктик партия, ошондой элеа Ленин менен Сталин берди. Азыр жаштардын мына ушул трибунасынан бардык уландар менен кыздар, бардык комсомолдор сүйүктүү Сталинге рахмат айтабыз!

Биз үчүн сталиндик жаштар, сталиндик тукум деген бийик наамдан алып жүрүүдөн өткөн чоң кубаныч жана бакыт жок. Биз, ушундай наам үчүн, жолдош Сталин жашайбыз. Советтик жаштар өздөрүнүн социалисттик мекенин жалындуу сүйөт. Бул жөнүндө биздин душмандарыбыз билип коюшсун, бул тууралуу фашисттер жана алардын жек көрүндү агенттери: чыккынчы троцкистчи –бухаринчи коркок иттер билип коюшсун, советтик жаштар өз энесинин, коммунисттик партиянын жана сүйүктүү адамыбыз, биздин

…………………………………………

[249] *Эсенаманов Эркимбек* [онлайн] ЦентрАзия [цит. 28. 10. 2012] Караңыз: <http://www.centrasia.ru/person2.php?&st=1083678435>.

бардык элдердин кымбаттуу атасы, жолдош Сталиндин айланасына тыкыс бирикти!

1938-жылы январда чыккан кыргыз газеталары эл душмандарына карата сот жараяндары (алар үчүн фашистердин куйруктары, буржуазиялык улутчул – контрреволюционерлер деген сыяктуу абдан көп каймана аттар бар эле…) мүмкүн болушунча көп сандагы эмгекчилерди катышууга мажбурлаган өзүнчө бир чоң театр болгонун көрсөтөт…



ПРОЦЕСС КОНТРРЕВОЛЮЦИОННЫХ БУРЖУАЗНЫХ НАЦИОНАЛИСТОВ

РЫБАЧЬЕ, 10 января. (КирТАГ). Вечером 9 января в Рыбачьем начался судебный процесс над контрреволюционными буржуазными националистами, в течение ряда лет орудовавшими в Тонском и Балыкчинском районах.

Дело слушается выездной сессией специальной коллегии Верховного суда Киргизской ССР под председательством тов. Боровикова, в составе членов специальной коллегии товарищей Мамункулова и Аимбетова.

Обвинение поддерживает помощник прокурора республики тов. Сурков; защищают обвиняемых члены коллегии защитников Замесов и Шебалин.

По делу привлекаются десять злейших врагов киргизского народа, гнусных фашистских наймитов, контрреволюционных буржуазных националистов: Тикеев, Кулумбаев, Сульпиев, Ширдаков, Бугубаев, Сарыев, Сейтбеков, Турткулов, Туйбаев и Нарынбаев.

Клуб водников, где идет процесс, не может вместить всех желающих присутствовать на суде. Здесь собрались не только рабочие, специалисты и служащие, живущие в поселке Рыбачьем, но и приехавшие из далеких горных аилов колхозники и колхозницы.

Первым допрашивается обвиняемый Тикеев.

**КОНТРРЕВОЛЮЦИЯЧЫЛ БУРЖУАЗИЯЛЫК УЛУТЧУЛДАРДЫН СОТУ**

Рыбачье, 10-январь (КырТАГ). 9-январда кечинде Рыбачьеде бир топ жылдан бери Тоң жана Балыкчы райондорунда аракеттенип жүргөн контрреволюцичыл буржуазиялык улутчулдардын үстүнөн сот жараяны аяктады. Сот иши жол. Боровиков төрөгалыгы астындагы курамына атайын коллегиянын мүчөлөрү Момункулов менен Аимбетов жолдоштор кирген Кыргыз ССРинин Жогорку сотунун атайын коллегиясынын көчмө жыйынында угулду.

Күнөөнү республиканын прокрорунун жардамчысы жолдош Сурков колдоодо; айыпталуучуларды коргоочулар коллегиясынын мүчөлөрү Земсков менен Шебалин коргошууда. Бул иө боюнча кыргыз элинин элдешкис душмандары, фашисттердин жалаңкыч жалданчылары контрреволюциячыл буржуазиялык улутчулдар: Тикеев,

Кулумбаев, Сулпиев, Ширдаков, Бугубаев, Сарыев, Сейтбеков, Турткулов, Туйбаев жана Нарынбаев жазага тартылууда. Сот өтүп жаткан суу чарба кызматкерлеринин клубу ага катышууну каалагандардын бардыгын батыра албай жатат. Бул жерде жеке эле Рыбачьеде жашаган жумушчулар, адистер, кызматкерлер гана эмес, тоо койнундагы алыскы айылдардан келген колхозчулар жана колхозчу аялдар чогулушту. Биринчи болуп, айыпталуучу Тикеев суракка алынды.

Советтик режим отузунчу жылдардын экинчи жарымында жалгыз эле кулактарды, чыныгы жана ойлоп табылган байлардын туугандардын гана эмес, жалган жалаа менен соттолуп кеткендердин да туугандарын куугунтукка алган. Албетте, үгүт-пропаганда мыкты иштегендиги көрүнүп турат, ал мектеп окуучуларынын башын ушунчалык айланткандыктан эч ким эл душмандарынын жана чыккынчылардын балдары менен ойногусу келген эмес. Сталин өлгөндөн кийин репрессиянын курмандыктарын актоо башталганына карабастан, алардын туугандары өкүмдү жокко чыгарган документтери колдоруна бар туруп да жумуш таба алган эмес, аларды окуу жайлардан да чыгарып жиберишкен: силер эл душмандарынын балдарысыңар, небересисиңер же тууганысыңар деген жүйө бетке тутулган.

Албетте, репрессияларга чалынбоонун жашаган жерин, фамилиясын алмаштыруу өңдүү түрдүү жолдору болгон, бирок кээде бул да жардам берген эмес.

Төмөндө Талып Исаков баяндаган окуя Кыргызстанда жана жалпы СССРдин аймагында көп кездешкен. Жогорку даражалуу саясий кызматкер, мамлекеттик сыйлыктардын ээси капысынан камакка алынып, соттолгон жана атылган.

**Абдыкадыр Орозбеков.**[250] Кара Кыргыз автоном облусунун аткомунун төрагасы болгон (7. 3. 1925–16. 8. 1937-жж.), СССР БКсынын мүчөсү жана президиумунун мүчөлүгүгө кандитат. Фергана өрөөнүндө совет бийлигин орнотууга жигердүү катышканы үчүн 1924-жылы Түркистан республикасынын

[250] Бул аңгеме мурдакы география мугалими, Эл агартуунун отличниги Талип Исаковдон жазып алынды. 82 жаштагы карыя Кадамжай районундагы Охна кыштагында жашайт.

алтын медалы менен, Талип Исаков ал эми 1932-жылы Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланган. 1937-жылы эл душманы катары атылган.



**Талип Исаков**

Ал бүгүнкү Баткен облусунун кадамжай районундагы Охна айылында жарды дыйкандын үй-бүлөсүндө туулаган. А. Орозбеков атылып, мүлкү конфискация болгондон кийин анын бала-чакасы Фрунзеден (азыркы Бишкек) атасынын киндик каны тамган Охнага келишет.

Ошондо аялы Адалат апа үч баласы менен көчөдө калат, уулу Кемел ал кезде алты жашта болот. Фрунзеге кызын алып кеткени апасы Гүлсүн эже барат. Алар эми келгенде Охнада Гүлсүн эженин үйүндө жашынып жүрүштү, анан Кызыл-Булакта Бакты эженикинде баш калкалашты. Абдыкадыр Орозбековдун өзбек аялынан көргөн балдары Эркингүл менен Өзгөрүш Охнада Өмүрзак акенин үйүндө жашашты. Буларды куугунтукка алышкан. Адалат апанын Кадырдан төрөгөн Омурзак деген дагы баласы болгон. Омурзак дагы Охнада жашаган. Эркингүлү зор, Өзгөрүш кичине эле. Экөө эрчишип келатса, мектепте окуучулар эл душманынын балдары келатат деп качат элек. Алар менен сүйлөшүү жок. Бизге аларды келекелеп качкыла деп бирөө үйрөтүп койгон жок, ошол убакта ушунчалык агитация болгон экен…

Орозбековдун балдары эч ким менен байланышы жок, ушундай кыйынчылыкта жүрүшкөн. Атасы 1956-жылы акталганга чейин булардын паспорт алышы да тозок болгон, кечээ жакынга чейин алар паспорт алалган жок. Бир жерге барып иштей алган жок. Мен мунун баарын жакшы билген себебим Адалат апа биздин жакын туганыбыз эле. Согуш кезде Адалат апа Азиз Токтобаевге[251] күйөөгө чыкты. Атылып кеткен

[251] Азиз Токтобаев (Токбаев) узак жылдар Өзбекстан компартиясынын Ташкент облустук комитетинин 1-секретары болгон. Социалисттик Эмгектин эки жолку баатыры. Өзбекстан Компартиясынын БКсынын мүчөсү. Эл душманы деп атылып кеткен А. Орозбековдун жардамчысы болуп иштеген. Жанын сактоо үчүн изин жашырып Өзбекстанга Орозбековдун досу, Өзбекстан КПсынын 1-секретары болуп турган Усман Юсуповго барат. Анын аялы кыргыз болгон. Азиз Токтобаев кийинчерээк экономика боюнча докторлук диссертация жактап, Ташкенттеги жогорку окуу жайлардын биринде эмгектенет. Кадамжайлыктардын айтымында Турдакун Усубалиев Кыргызстан

Абдыкадыр Орозбековдун уулу Кемел өзүнүн тегин жашыруу үчүн Токтобаевдин фамилиясын алды. Ал кимдин баласы экенин элдин баарынан жашырып жүрдү. Кемел 1956-жылы Охнага келди. Ал институтта окубаса да абдан акылдуу адам болчу. Эркингүл азыр жок, көзү өтүп кетти. Өзгөрүш Бишкекте мамлекеттен алган квартирасында жашайт.

НКВДнын кызматкери Райимберди Сатыевдин тагдыры өзгөчө трагедиялуу. Анын атасы Сатыны 1921-жылы Кызыл армиянын аскерлери басмачылар менен кызматташкан деп шектенип, атып салышкан. Анын баласы мектеп-интернатка жөнөтүлөт жана ошол жерде окуйт. Райымберди партиянын солдаты болду, НКВДыда иштеп жүрүп, сталиндик репрессия учурунда Ежовду[252] колдоду деген күнөө коюлуп атылган.

Атасы Райимберди Сатыевдин тагдыры жөнүндө анын кызы Зина Райимбериева (78 жашта) уулу Эркин Сатыев (75 жашта) баяндап беришти. Азыр алар Ош шаарынын четиндеги Төлөйкөн айылында жашашат. Төлөйкөн кыштагы мурда Ош областынын Кара-Суу районуна карачу.

Жыйырманчы кылымдын отузунчу жылдарында Зина деген ат кыргыздардын кадимки аттарына окшошчу эмес. Зина деген ысым анын атасы заманына ылайык билимдүү адам болгонунан кабар берет. Берки баласынын аты Эркин кыргызча эркиндик, азаттык дегенди билдирет. Райимберди Сатыев өз заманынын агымында большевиктик духта тарбия алган деп айтсак жаңылыштык болбойт. Ал өз мууну сыяктуу эле кыргыз эли совет өкмөтүнүн аркасында гана эркиндикке жетти деп терең ишенишкен.

**Райимберди Сатыев.**
**Зина**: Атам ойнотуп келем деп, бизди Москвага алып барган. Атам мурда барганда токтоп жүргөн бир уйгур чалдын үйүнүн короосунда жүргөнүбүздө үч милиционер келди. Алар “ойнотуп келебиз” дешип, атамды алып чыгып кетишти. Мен артынан чуркап барсам ”Отуруп тур, кызым. Атаңды кайра алып келип коёбуз. Папаңды ойнотуп келебиз”, – дешти.

---

КПсынын 1-секретары болуп турган кезде А. Токбаев ага келип, Кыргыз ССРинде кызмат берүүнү сурайт. Усубалиев ошондо алыскы райондордун биринде партиянын 1-секретары болуп иштөөнү сунуш кылат.

[252] Николай Иванович Ежов, 1939-38-жылдары СССРдин ички иштер Эл комиссары.


Райимберди Сатыев

Мен ал кезде орус тилин жакшы билчүмүн. Эркин экөөбүз тең ата-энебизди «мама», «папа» дечүбүз Ошо боюнча атам кайра келбеди. Кийин уйгур чалга телефон чалып ”Камакка түштү. Одеял, жылуу кийим алып келип бергиле”, – деп айтышыптыр. Ал келип, апама айтты. Экөө орусча сүйлөштү. Анан экөө бир ак жаздык, бир одеял алып, чыгып кетишкен. Мен атамды ошол кеткен боюнча көргөн жокмун. Анын кайда көмүлгөнүн билбейбиз.

Апам (Зебикан) менен уйгур чал дагы бир нече күн атамдын дарегин биебиз деп, ар кайсы мекемелерге барып жүрүп, эч нерсе билише алышкан жок. Үч-төрт күндөн соң эч майнап чыкпагандан кийин Бишкекке (ал кезде Фрунзе) жүрө бергенбиз. Келсек Бишкектеги үйүбүздүн эшигине мөөр басып коюптур. Эшиктен кире албадык. Апам милицияга барып айтам деп, мени коңшубуздун үйүнө калтырып кетти. Келген төрт милиционер мөөрдү алып, биз үйгө кирдик. Мен кошо чуркап жүрөм да. Алар үйдү раса тинтишти. Баарын аңтар-теңтер кылышты. Гезит, китеп калган жок. Апамды сөгүп, урушуп жатышты. Мажбурлап кагазга кол койдурушту да “Эртең саат тогузда кайдан болсо да таап, бизге алып барасың” дешти.

Апамдан сурадым:

— Мама, булар эмнеге сени урушту? Эмне болду?

— Тапанча издешти. Тапанчаны таппагандан кийин эртең саат тогузда таап кел деп, мени милдеттендиришти.


Зебикан

Эртеси апам милицияга кеткен. Тапанчаны таап бардыбы же жокпу? Эмне болгонун билбейм. Ошо боюнча тынчыды.

Бишкекте 15–20 күндөй турдук. Апамдын агасы бар эле. Ошол абам бизди Төлөйкөнгө көчүрүп келди. Ошол боюнча мен атамдын өңүн көрбөдүм. Кайда экенин да билбейм. Чоң атабыз үйүнүн эки бөлмөсүн бизге берген. Бир бөлмөдө өздөрү жашады. Абамдын аты Сатыев Ражабали эле.

Атамдын агаларынын бирин да жыйырманчы жылдардын башында Кызыл аскерлер атып салышкан. Ал колунда

жалданып иштеген бай киши бир күнү аны атты минип, басмачыларга тамак-аш алып барып бер деп буйруйт. Ак-Бура дарыясынын бою менен тоо карап барганда Даңги деген жер бар. Ал жерде атамдын бир тууганы аскерлерге кез келет. Анын куржунун текшеришип, азык түлүктөн башка да ок жана рк жасаганга даары таап алышат.

**Эркин (75 жашта)** эжесинин аңгемесин толуктады.



**Эркин (2012)**

— Чоң атам кембагал адам болгондуктан, бирөөнүкүндө малай экен. Кожоюну куржунга тамак-аш салып, Тапандагы басмачыга алып бар деп буйруйт. Аны Даңги деген жерде солдаттар кармап алып, атып салышат. Куржунда тамак-аш эмес ок-дары бар экен. Аскерлер чоң атамдын үйүнө келип текшерсе, кембагал чыгат. Бир уул жана эки кызын көрүшүп, аны билбей өлтүрүп коюптурбуз деп, менин атамды (анда 11 жашта экен) өздөрү менен кошо ала кетишип, мектеп-интернатта окутушат. Атам окууну бүтүп келгенден кийин адегенде Аравандагы шопурларды окутчу «автошколдо» эмгектенет. Анан Бишкекке НКВДга жумушка которулуп, тергөөчү болуп иштейт. После учебы отец сначала работал в Араванской автошколе. Араванда эжем Зина төрөлүптүр. Мен өзүм Бишкекте туулгам.

Атамды 1939-жылы жанагы «ежовщина» деп аталган өнөктүк маалда Ежовдун куйругу деп камакка алышат. Атам 1941-жылы 22-июнда атылыптыр. Аны 1957-жылы акташты. Атам апамды акыркы жолу көргөндө:»Мени жети жыл, жети күн күт. Эгер ушул аралыкта кайтып келбесем, күйөөгө чыгып ал,» деп айтыптыр. Бирок канча эркектер мага күйөөгө чык деп кедишсе да эч кимге барган жок. Тул өттү. Атамды кармак кетишкенде кенже иним Инаш беш айлык болчу.

Эркин он жылдык орто мектепти бүтөт, ВЛКСМдин[253] мүчөсү болот. Ал колхоздо механизатор болуп иштейт. Айылдаштары аны мыкты адистиги, мээнеткечтиги үчүн сыйлап урматташкан жана атасыз өскөнү үчүн боор ооруп

[253] ВЛКСМ – Комсомол (Всесоюзный ленинский коммунистический союз молодёжи), Жаштардын бүткүл союздук лениндик коммунисттик союзу

аяшкан. Анын төрт уулу тең милиционер. Айтымдарында, алардын карьерасына чоң атасынын тагдыры таасир эткен эмес.



**Зина (2012)**

Зина алтынчы класска чейин окуп, 1950-жылы күйөөгө чыгат. Анын ээри Ташболот Ажиматов 1956-жылдан тарта милицияда иштейт. Ал 1957-жылы кайнатасы жөнүндө маалымат сурап, Фрунзеге кат менен кайрылат. Борбордон келген расмий катта Райымберди «ежовчу» деп айыпталып атылганы жана Сталин өлгөндөн кийин күнөөсүз деп акталганы жазылат.

СССРдин калктарын куугунтукка алынуу коркунучу ал кыйрап калканга чейин эле такымдап жүргөн. Ал эми кайсы бир жылдары саясий жараяндарга түз кабылган айрым кыргызстандыктар андан кийин да дагы бир балакет болуп кетпейби деп чочулап жүрүштү. Теги уйгур Анвар Исхаков анын апасы ар кандай репрессия болуп кетүүсүнөн коркуп, өзүн билими жок адамдай кылып көрсөткөн (бул жерде ушундай жол менен репрессиядан кутулуу мүмкүнбү деген логикалык суроо пайда жаралат).

**Анвар Исхаков.**[254] Таятам Исмаилжан Алиев 1880–90-жылдар ченде Токмокто туулуптур. Ал темир уста болот, ал убакта усталар коомдо элита деп эсептелген, алар «аң сезимдүү жумушчу күчтөр» деп аталган катмарга кирген. Ал совет бийлиги орногондон кийин партиянын катарына өтөт. Таятам Ташкентке большевиктердин съезддине

Делегат болуп барып келген соң аны Токмоктун жанындагы Кең-Булуң айылындагы биринчи түзүлгөн колхоздун партиялык уюмунун секретары кылып дайындашат. Ал мезгилде басмачылык күч алып турган экен. Уйгурлар таятамды өлтүрмөк болушуп, аны атып да көрүшөт. Себеби ал партиялык тартипти орнотуп, адамдарды кулакка тартууга катышат. Таятам алган жарааттарынан каза болот. Анын сөөгү өзү туулган Кең-Булуңдагы мазарга коюлган.

[254] Анвар Исхаков, уйгур, 66 жашта. Бишкек шаарында жашайт.

Атам согушка катышкан, майдандан 1944-жылы келген. Экинчи Дүйнөлүк согуш мезгилинде көпчүлүк уйгурлар аскерге барган эмес.

Алар аскерге чакырылбаган, анткени согуш башталган соң көптөгөн уйгурлар Кытай элчилигинин жардамы менен Кытайдын жарандыгын алышкан. Аны кантип алышты билбейм? Бирок аларда расмий күбөлүгү бар эле. Бишкектеги мен билген уйгурлардын бирөө да согушка барган эмес же болбосо кээ бирлери Уйгур республикасынын[255] жардамы менен жарандык күбөлүк алышкан. Ошондуктан алар СССРдин жараны болбогондуктан, согушка барбай калган. Бирок менин атам анын үч бир тууганы согушка барды: алар СССРдин букаралары эле. Улуу агам майдандан эки буту жок мунжу келди, кичүү агам Берлинге чейин жетип, аман кайтты.

Атам согуштан келгенден кийин 1945-жылдан тартып Фрунзедеги Ленин атындагы заводдо иштей баштады. Апам үй кызматкери эле. Менин 1941 жана 1946-жылы туулган эки агам бар. Мен Бишкекте төрөлгөм, апам Токмоктон болот.

Улуу агам Москвада соода институтун бүткөн. Мен адегенде Москвадагы Плеханов атындагы эл чарба институтунун сырттан окуу бөлүмүнө киргем. Бирок кийин көп убактымды спортко баскетболго бөлүп, дене тарбия институтун бүттүм.

Тилекке каршы, таятамдын партиялык билети таяжемде калды. Алтымышынчы жылдары апам мунун баарын өрттөш керек, репрессия кайра кайталанып калышы мүмкүн деп айтчу.

СССР кыйраганга чейин эле көп адамдар, алардын катарында 1934-жылы Ташкентте жогорку партиялык мектепти бүткөн менин апам кайра куугунтукталабыз деп коркушчу. 1988-жылы апама Москвадан Калича Умарбаева деген уйгур курбусу келди. Алар 36 жыл көрүшпөптүр. Анын (К. Умарбаеванын) паспортунда улуту өзбек деп жазылган экен. Ал советтик контр чалгындоо кызматында иштептир. Калича эже мага апам экөө жогорку ипартиялык мектепте чогуу окуганын айтып берди. Бирок менин апам өмүр бою өзүн сабатсызмын деп айтып жүргөн бизге. Ал өмүр бою коркуп жашады жана медсетсра болуп иштеди.. Эгер биз аны кандайдыр бир арыз жаз десек: “Анвар, мен жаза да, окуй да албайм,” деп айтаар эле. Ал латын алфатитинде окуганды да жакшы билчү.

[255] Экинчи Чыгыш Түркстан республикасы (1944–1949).

1920–1930-жылдардын экинчи жарымы жеке компартиянын жогорку даражалуу өкүлдөрүнө каршы атайын даярдалган жасалма саясий жараяндардын ыргагында гана өтпөдү. Ал мезгилде камакка алуу кайра жанданды, кимдер байлардын тизмесине кирип калса, аларды кайрадан түрмөгө сала башташты. Айрым адамдар адегенде кулакка тартылып, сүргүнгө айдалып кетсе же түрмөгө түшсө, отузунчу жылдардын экинчи жарымында анын баары кайра кайталанды, себеби алар мурдагы байлар эле.

**Шамшиев Нурали** (Шамши уулу Нурали).[256] Менин атамдын атасынын аты Осмон, өзүмдүн атамдын аты Шамши. 1933-жылы биз кийип отурган кийимибиз менен эле калдык. Атам ошол күнү үйдө жок эле, туугандарыбыз эле келип, малыбызды айдап кетти. Мен ошондо 4 жашка өткөн убагым экен. Атам келди… 3–4 адам ары-бери басып жүрөт эле, атамды алып кетишип камап коюшту. Мен энемден “Атам кана?” деп сурасам, “Атаңды орустар союп жегени алып кетти”, дейт. Ошондо атамды алып барып, Үч-Коргонго камап таштаптыр. Эки ай камады. Бир досу бар экен, ошол келип атамды актап, түрмөдөн чыгарып койду. Жер-суу, малдын баарын Кызыл өкмөт алып койду. *Төртүнчүлөр* үйүбүздү бузуп алыптыр, бир дагы жыгачын калтырбай алып кетип, биз жылаңач дубалда отурдук. 100 түптөй терек бар эле, Үч-Коргондон тажиктерн келип, бардыгын кесип, арабаларга жүктөп алып кетишти. Бир түп да койбой кыйышыптыр. Талаада жылаңач эле калдык.



**14-карта. Кадамжай району.**

……………………………………………

[256] Шамши уулу Нурали 1928-жылы туулган, молдо. Кадамжай районундагы Үч-Коргон айыл округундагы Өлагыш кыштагында жашайт. 82 жашар аксакал Совет бийлигинин жана милицнясынын жорук-жосундарын баяндайт.

Атамдын бар экенине сүйүнүп жүрдүк. Биринчиси, атамды байдын баласы дешкен. Экинчиси, атам Шыгайдын (конуш жайдын аты) четинде көп жерди сатып алган экен, ошон үчүн кулакка тартып камады. Ошондон кийин бир кыйла жылда барып кийимдүү болдук.

1937-жылы дагы бир иш болду: байларды камап, көп адамды башка жакка көчүрдү. Чакмакта (Кадамжай районундагы жердин аты) менин таятам менен анын бир тууганы – Жумагул деген киши бар эле. Жумагул өзү Садыр *миң башыга* кайни жана куда адам экен. Ошон үчүн бийлик ал кишини Жабалыга көчүрүп таштаган экен. Ал эки жылдан кийин сүргүндөн кайра кайтып келсе, аны кайра камады. Абдылаздин атасын Момун Шүлдө дешет эле. Ошону да камады. Шамшидин деген кишини 1937-жылы молдонун баласы деп камады. Мен аларды жакшы билем. Алыш жана Өлагыштан камалгандар болгон жок, жалаң тегирмеччилер камалды. Бул жерде ибагер (мал-дүйнөлүү адамдар) жок болгон үчүн эч кимди камаган эмес. Тегирмеччилерден Шамши митаам деген киши бар эле, ошол баарын айтып берген экен… Ошолорду камай берди… Момун Шилдени камады, Жумагулду камады, кайра келген жок алар.

### 5.2.1. Мурат Салихов

Мурат Салиховдун окуясы советтик режим кийинчерээк ылайыксыз жагдайлардын булагы боло ала турган адамдарды кантип жок кылгандарын ачык көрсөтөт. Жек көрүүчүлүк ойдон чыгарылган эл душмандары менен гана чектелбестен, алардын бардык туугандарына да жайылганганы бул окуядан даана көрүнүп турат.

М. Салихов кыргыздардын партиялык-чарбалык жетекчилери тарабынан 1930-жылдары түзүлгөн деп эсептелген Социалистик Туран деп аталган партиянын абдан активдүү мүчөлөрүнүн бири болгон. Чындыгында мындай партия болгон эмес. Аны сатраптар же тагыраак айтканда Иосиф Сталин тарабынан жергиликтүү мыкчыгерлерди (элитаны) коркунучта жана кыңк эттирбей кармап туруу үчүн түзүлүп тарбияланган НКВДнын аппараты ойлоп тапкан.

Ушул максатта 1937-жылдын жазында Кыргыз ССРнин жетекчилери бүт бойдон камакка алынган. Бошогон орундарга жаңы кадрлар дайындалган. 32-жаштагы Мурат Салихов (Кубат Салиховдун атасы 1937-жылдын 8-сентябрында Эл комиссарлар Советинин төрагасы, ал эми кийинки жылдын 14-февралында Борбордук Аткаруу комитетинин төрагасы болуп дайындалат. 10 күндөн кийин СССР Жогорку Советинин Президумунун

төрагасынын орун басары болуп шайланат. 1937-жылдын декабрында СССР Жогорку Советинин депутатты. Ал 1931-жылдан Кыргызстан КП БКсынын бюросунун мүчөсү болгон.

Мына ушул кызматтар жана регалиялар М. Салихов республикасынын жогорку партиядык-советтик жетекчилигине киргендигин далилдеп турат. Бирок партиялык – советтик жетекчиликтен да жогору турган, системанын көзү жана кылычы эсептелген орган – НКВД бар эле. Ошентип, 1938-жылдын 12-майында НКВД Кыргызстандын үч эң жогорку жетекчисинин бири Мурат Салиховду камакка алды.

Атасынын камакка алынышы жети жашар Кубаттын жадында төмөнкүдөй болуп сакталды. Күндөлүктөн үзүндү:

Атам столдо бир нерселерди жазып отурган, апам болсо тамак даярдап жаткан. Биз карындашым экөөбүз полдо ойноп жатканбыз. Апам бизди: “Атаңарга тоскоол болбогула,” – деп тынчтандырып жатты.

Бир убакта эшикти бирөө каккылганын уктук жана бөлмөгө биз тааныган бир байке кирди. Ал атамдын досу же кызматкери болсо керек эле. Алар бир-бири менен сүйлөшүп калды. Мен демейде эч качан улуулардын сөзүнө көңүл бурчу эмесмин. Бирок менин көңүлүмдү атамдын ындыны өчкөн үнү өзүнө бурду: “Мындай болушу мүмкүн эмес! Бул жаңылыштык”!

Тигил байке эшикти ачты жана бөлмөгө эки аскер кирди. Атам кийине баштады. Апам алардан колдоруну жууп, тамак ичүүсүн суранды. Атам колун шилтеп, кайра келгенден кийин тамак ичерин айтты. Ал мени бетимен өптү, анан апам менен карындашымды кучактап көпкө турду. Апам ыйлап ийди. Алар чыгып кетишти. Мен атамды башка таптакыр көргөн жокмун.

Мурат Салиховду “тройка” деп аталган үчилтик башка “социал-туранчылар” сыңары жабык кеңешмесинде соттоду. Ойдон чыгарылган өкүм “эл душмандары” деп соттолгондордун баарыныкы окшош жана бир-биринен анча айырмасы жок. Ошондуктан үлгү катары 1938-жылы 5-ноябрда чыгарылган өкүмдү кыскартпай толугу менен кетиребиз:

Салихов 1930-жылдан баштап улуттук бештондук террористик жана диверсиялык-бүлүндүргүч уюмдун активдүү мүчөсү болуп саналат, анткени Кыргыз ССРинин аймагында аракеттенген Социал Туран

партиясы Совет бийлигин кулатууну жана Кыргызстанды СССРден куралдуу жол менен бөлүп кетүү максатын көздөгөн. Салихов чек арага жакын аймактарда көтөрүлүшчү топторду түзгөн, бир катар жооптуу кызматтарджы ээлеп туруп, эл чарба жана элге билим берүү тармактарын бүлүндүрүү менен алектенген. Салховду РСФСРдин Кылмыш кодексинин 58-2, 58-4, 58-II-беренелери боюнча кылмыш жасаган күнөөкр деп таап, СССР Жогорку Сотунун Аскер Комиссиясы РСФСРдин Кылымш-процессуалдык кодексинин 3I9, 320-беренелерин жетекчиликке алып:

Салихов Муратты ага тийиштүү мүлкү тартылып алынып, эң жогорку жазага – атууга өкүм кылдык.

Өкүм СССР Борбордук Аткаруу Комитетинин I. I2. I937-жылкы токтомуна ылайык, ошол замат ишке ашырылууга тийиш.
Төрагалык кылган: **Алексеев**

М. Салихов үч күндөн кийин ошо кездеги Бишкектин борборунда жайгашкан НКВДнын жер төлөсүндө атылган. Ошол эле күнү аны менен кошо Кыргыз ССРинин Эл комиссарлар Советинин төрагасы Б. Исакеев Эл агартуу комиссары К. Камбаров атылган.

НКВДнын, кийин Мамлекеттик коопсуздук кызматынын (Комитет государственной безопасности, КГБ) имараты кийин талкаланып, ордуна Ленин атындагы Борбордук музейдин филиалы курулду. СССР кулагандан кийин ал жерге Кыргыз Мамлекеттик Тарых музейин көчүрүштү. Баса, 1938-жылдын 5-ноябрында Кыргыз АССРинин Эл комиссарлов Советинин 1927–33-жылдардагы төрагасы Юсуп Абдрахмановго да өкүм чыгарылган. Ал 1923–30-жылдары автономдук республиканы Республикага айлантуу тууралуу Сталинге үч жолу кат жазган. Аны да ошо күнү эле атып салышты.

Ошол мезгилде Мурат Салиховдун агасы Дастан Салихов Тажик ССРинин юстиция министри кызматынан бошотулган. Ал кызмат абалы абдан кичирейген менен аман калды.

Салиховду камакка алгандан кийин анын үй – бүлөсүнөн квартирасы, анча мынча баалуу буюмдары тартылып алынып, квартираны бошотууну талап кылышты. Күйөсү камакка алынгандан

кийин аялы Ажар бир топ убакыт бою акыйкаттык табууга аракеттенди, бирок ал кезде акыйкаттык НКВДда жок эле. Бир күнү күзүндө казак милиционер күнөөнү мойнуна алдырыш үчүн күйөөсүнүн бардык тишин жулуп салгандыктарын, дембе-дем кыйноодон жана ур-токмокко алуудан анын башы шишип кеткен айтып берди. Кийинки жолу ошол эле милиционер Ажарга анын күйөөсүнн атып салышкандыктарын жана жакында аны да камакка алышарын айтат. Ажардын улуу агасы Абдылда аялы экөө эл душманын тууганы катары камакка алынуудан коркуп, Бишкектен көчүп кетишет. Педагогика институтун бүтүргөн Абдылда Бишкектеги жапжалгыз кыргыз тилиндеги №5-мектепте иштеп жаткан. Ошондон кийин Ажар эки баласын алып, күйөөсүнүн азыркы Баткен областынын Лейлек районунда жашаган туугандарына кетүүгө аргасыз болгон.

Ажар өзүн таанытпас үчүн жерге чейин чубалган узун чачын кыркып салат. Лейлектеги туугандары аны чочулап тосуп алышат жана мурдагыдай меймандостук деле кылышкан жок. Ошондуктан ал бир аз убакыт Өзбекстандагы туугандарыныкында жашырынып жүрөт. Кийин Жалал-Абадда иштейт. Анан кызы жана уулу менен Ошко келип, Абдылданынын үйүндө жашап, фабрикада иштей баштайт. Кимдир бирөө душмандын Абдылда эл душманын үй-бүлөсүн жашырып жүрөт деп НКВДга жеткирет да аны камап коюшат, бирок бат эле кое беришет. Ал сотто:»Ал мнеин бир тууган карындашым. Кантип мен карындашымды балдары менен көчөдө калтырмак элем,» -деп айтат. Андан көп өтпөй Абдылда майданга өз калоосу менен кетип калат. Ошондон кийин Ажар Салихова деген фамилиясын Арапбаева деп өзгөртүп, Оштон чыгып кетет. Ажар Арапбаева 1943-жылдан баштап Ош шаарынын 20 км алыстагы Араван кыштагынын «Жаңы Араван» мектебинде мугалим болуп иштейт баштайт.

Бул жерде кичүү Салихов Кубаттын башына прокурор Жумагулов деген балее пайда болот, ал Кубатты Бишкектен эле жакшы билчү.

**Бүзайнап Кожоеванын[257] эскерүүсү.** Күйөөм Кубат мага айтып бергенге караганда, Жумагулов зулум адам болуптур. Ал бир ирет Бишкекте сот жайгашкан имараттын дализинде апасынын артынан бараткан Кубаттын колунда азык – түлүк карточкасын көрүп: «Мамлекет эл душмандарын багууга милдеттүү эмес»

.............................................

[257] Бүзайнап Кожоева, Мурат Салиховдун уулу Кубаттын зайыбы. Ош шаарында жашайт.

деп, аны колунан жулуп алат. Ошол Жумагулов 1944-жылы Аравандагы трактористтерди даярдачу мектепте Кубатты жолуктуруп калып, аны таанып коёт.


**Бүзайнап**

Кубат Салиховдун күндөлүгүнөн:
*Бир күнү эртең менен апам мени мектепке барганга камдантып жатканда капылеттен эшик ачылып, бөлмөгө эки эркек менен бир аял киришти. Алар эмнедир бир нерсе жөнүндө апам менен сүйлөшүп турушту, анан эле апам ачуу кыйкырып мени кучактап калды. Апамдын оромолунун жыты азырга чейин менин мурдумда турат. Тиги үчөө мени апамдын кучагынан жулуп алышып, өздөрү менен кошо алып кетишти. Ошо боюнча апам экөөбүз такыр жолуккан жокпуз.*

Жумагуловдун караloосу менен 13 жаштагы Кубат «чээнде жок тентек» катары Ташкент шаарындагы балдар колониясына жөнөтүлөт.

*Биз узун барак тамдарда жашадык. Биздин отрядда мага окшогон 60 бала бар болчу. Көбү ата-энесиз жетимдер менен уурулар. Бирок алардын арасында адам өлтүргөндөр да бар эле. Биз оор иштерди аткардык, ажааткана тазаладык. Бизди көп урушчу.*

*«Эл душмандарынын» балдарын эч ким аячу эмес. Ким эл душмандарынын балдарын сабаса, аларды кароолдор мактачу.*

*Алардын ичинен бир нече гана адам эркиндикке чыкты. Мен мунун баарына кантип чыдаганымды билбеймин. Мен үчүн үч жыл чубалжып бүтпөчүдөй көрүнчү. Азырга чейин ошол күндөрдү эстегенде ичим ооруп, денем оор тартып, кускум келе баштайт… ошондо мен өлгүм келди. Өлүмдөн мени бир гана нерсе сактап калды: апамды жана карындашымды таап, жакшы жашоо тилеги,* деп жазат 23 *жаштагы студент* Кубат Салихов.

1945-жылы күздө Ажар Арапбаева (Салихова) көз жумат. Мээрман адамдар анын жетим калган кызы Атыргүлдү Аравандагы балдар үйүнө башка фамилия менен орнотушат. Агасы менен болгон

жолугушуусун Атыргүл Салихова 2004-жылы Алматы шаарында басмадан чыккан «Разоренное гнездо сокола» (Шумкардын талкаланган уясы) деген автобиографиялык китебинде минтип эскерет:


> Мен тогузунчу класста окуйт элем. Китептерди столго жыйып алып, терезени карап кыялданып отургам. Кимдир бирөө бөлмөгө кирип, мени чакырганын байкабай да калыптырмын:
>
> — Сени Анна Алексеевна тез келсин деди.
> Эмне айтат экен деп директордун кабинетине бардым. Директор менен жаш жигит олтуруптур.
> — Атыргүл Убайдуллаева, – деп тааныштырды директор мени.
> Ал мени көзүн албай тигилип карап жатты. Анан акырын айтты:
> — Атыргүл, мен Кубатмын.
>
> Биз кучакташып ыйлап жибердик. Биздин жылуу жолугушуубузду баары, ошондой эле тетя шура менен тетя Паша карап турушту. Бардык тарбиячылар келишти. Баары бизди карап, ыйлап жатышты. Анна Алексеевна да ыйлап жатты. Биз бир аз соорогондон кийин Анна Алексеевна Кубат балдар үйүнө кантип келип, мени сураганын айтып берди:
> — Сиздердин детдомдо кыргыз кыз барбы? Анын апасы мугалим болчу,-деп, Салихова деген фамилияны атады.
> — Ооба, бар. Бирок анын фамилиясы башка, – деп жооп бердим. Ал мени чакырып бергиле деп өтүнүптүр. Ушинтип агам экөөбүз жолугушканбыз.
>
> Анна Алексеевна бизди калтырып чыгып кетти. Биз бир-бирибиздин колубузду кармашып жанаша отурдук. Биз колубузду коюп жибергенден корктук… Мен үй-бүлөбүз жөнүндө ачуу чындыкты уктум. Мен, жок, биз «эл душмандарынын» балдары болчубуз.




Сабакты жалың «беш» деген баага окуган Атыргүл 1951-жылы мыкты окуганы үчүн Кара деңиздин боюндагы Бүткүл союздук «Артек» пионер лагерине жөнөтүлөт.

Кубат карындашын издеп тапкан кезде Кызыл-Кыя шаарындагы кесиптик-техникалык окуу жайы – ФЗОдо окуган. Андан кийин Казакстандын Караганда шаарындагы тоо өнөр жай техникумуна кирет. Ал техникумда жалаң «отлично» (мыкты) деген баа менен окуйт. Мыкты окуганы үчүн Ленинграддын жанындагы «Трудовые резервы» деп аталган санаторийге жөнөтүлөт. Ал кезде акылдуу Атыргүл Бишкектеги Медициналык институтта окуп жаткан.

Алардын атасы Мурат Салихов 1956-жылы акталат.



Форма № 30

Военная Коллегия
Верховного Суда
Союза ССР

19. декабря 1956 г.
№ 4н-022200/56

Москва, ул. Воровского, д. 13.

СПРАВКА

Дело по обвинению САЛИХОВА Мурата пересмотрено Военной Коллегией Верховного Суда СССР 17 ноября 1956 года.

Приговор Военной Коллегии от 5 ноября 1938 года в отношении САЛИХОВА М. по вновь открывшимся обстоятельствам отменен и дело за отсутствием состава преступления прекращено.

САЛИХОВ Мурат реабилитирован посмертно.

ПРЕДСЕДАТЕЛЬСТВУЮЩИЙ СУДЕБНОГО СОСТАВА
ВОЕННОЙ КОЛЛЕГИИ ВЕРХОВНОГО СУДА СССР
ГЕНЕРАЛ-МАЙОР ЮСТИЦИИ

/СТЕПАНОВ/

**57-илл. Мурата Салиховдун акталганы тууралуу документ.**

Мамлекет Кубат менен Атыргүлгө акчалай компенсация төлөйт жана Бишкек шаарында эки бөлмөлүү квартира берет. Бирок, Кубат Салихов башынан өткөргөн кыйынчылыктарн анын жадынан такыр өчпөйт. Ал Карагандада окуп жүргөндө күндөлүгүнө мына бул саптарды жазат:

*…Ант берем, эч качан өткөн жашоом жөнүндө жазбайм, өзүм жөнүндө эч кимге, атүгүл эң жакын досторума да айтпайм. Бориске (Кубаттын студенттик жылдардагы жакын досу) эч качан атам жана апам жөнүндө ооз ачпайм. Ал менин жетим экенимди, Фрунзеде менин карындашым бар экенин жана ал врач болууга окуп жатканын гана билет. Ашык эч нерсе билбейт. Бул да ал үчүн көп деп ойлойм…*

Бүзайнап Кожоева күйөөсү Кубат жөнүндө эскерип отуруп, ал дайыма өткөн тагдыры тууралуу айтып отуруп: «Мен жолбун

итке дагы жашоомдо көргөн азабымдын бир тамчысын да кааламак эмесмин,» – деп кайталаганын баса белгиледи.

Кубат Салихов 1981-жылы жүрөгү кармап өлөт. Ал Бишкек шаарындагы № 5 профессионалдык-техникалык окуу жайыдын директору болуп иштеп жаткан.

Атыргул Салихова пенсияга чыкканча врач болуп иштеди. Ал апасынын өтүнүчү боюнча доктурлук кесипке окуган. А. Салихова беш-алты жыл мурда Алматыда көз жумган.

### 5.2.2. “Ата-Бейит” көрүстөнү

2000-жылы 30-жылдардагы репрессиянын курмандыктарын эскерип “Ата-Бейит” мемориалдык комплекси салынды. Бул жерде кыргыз интеллигенциясынын мыктылары Эл комиссарлар Советинин төрагалары Ю. Абдырахманов жана Б. Исанов, Кыргыз ССРинин борбордук аткаруу комитетинин төрагалары А. Орозбеков жана М. Салихов, Кыроблкомдун секратары Т. Айтматов, Жер иштери Эл комиссары Э. Эсенаманов Агартуу эл комиссары К. Тыныстанов жана дагы көптөгөн партиялык жетекчилердин сөөктөрү жай тапты. “Ата-Бейит” мемориалдык комплексинин музейинде репрессия курмандыктарынын жеке буюмдары жана архивдик материалдар сакталган.

2010-жылы 7-апрелде Бишкекте өткөн окуяларда президент Курманбек Бакиевге каршы чыккан 80ден ашуун демонстрант курман каза болгон. Алардын көпчүлүгү “Ата-Бейит” комплексине коюлган.



**58-илл. Кыргызстандын премьер-министринин «Ата-Бейит» комплексине келиши (29. 8. 2012).**
Булагы: K-News http://www.knews.kg/ru/society/20915/.

Бул эстеликтин курулуш тархын атасы Сталиндин репрессия учурунда “эл душманы” деп айыпталып атылган жазуучу Эрнис Турсунов баяндап берет:


**Эрнис Турсунов**

**Эрнис Турсунов.**[258] Атам азыр «Ата-Бейит» мемориалдык көрүстөнү турган жерде көмүлгөнүн биз билген эмеспиз. СССР КГБсынын маалыматы боюнча Кыргызстандөа 40 адам репрессиялаган, алардын 8 миңи атылган. КГБ муну реабилитациянын документтерине таянып аныктаган. «Ата-Бейитте» 138 адамдын сөөгү табылган. Ал жерде саламаттыкты сактоо, жер иштери, агартуу комиссарларынын, Кыргыз обком партия менен обком комсомолдун секретарлдарынын, кызыл командирлердин, окумуштуулардын, биринчи кыргыз интеллигенттеринин жана башкалардын, атүгүл аткезчилер менен бандиттердин сөөктөрү жатат.

Мисалы, Төрөкул Айтматов (Чынгыз Айтматовдун атасы) Кыргыз обком партиянын экинчи секретары болгон; Курман Камбаров – Кыргыз обком комсомолдун биринчи секретары; менин атам Нурдин Серкебаев Кыргыз мамлекеттик басмасынын директору болгон. Атам ал кезде 28 гана жашта эле.

Бишкектен 30 чакырым алыстагы Чоң-Таш айылындагы мурдакы кирпич заводдун ордундагы көрүстөн жөнүндө Бүбүйра Кыдыралиева айтып гана белгилүү болду. Ал учурда ал 10 жаштагы кыз болгон. Ал ноябрь айындагы эки жумалык каникулдан кийин курбусу менен кирпич заводуна жашынмак ойногону барышып, имараттын кыйраган чатырынын астында жаңы пайда болгон дөң жерди көрүшөт. Көрсө, атылган адамдардын денелери кирпичти күйгүзчү мештин ордуна ташталган экен. Бир ай да өтпөй, айылга ал жактан коңурсук жаман жыт келе баштайт. Ал жыт үйгө кирбес үчүн адамидар терезенин жана эшиктин тешиктерин кийиз менен бекитишет. Иттер улуп тынбайт. Иттер улубас үчүн алардын оозуна май

[258] Эрнис Турсунов, Кыргыз Эл акыны. Бишкекте жашайт.

салышат. Ар бир үй-бүлө үн чыгарбай боорсок жасап, өлгөндөрдү эскерип куран окушат. Бирок кимдер көмүлгөнү белгисиз көрүстөн жөнүндө эч ким ооз ачпайт.

Бүбүйранын атасы Чоң-Таштагы көрүстөн жөнүндө кызына 1973-жылы өлөр алдында айтат. Ал каардуу 30-жылдары өмүрүн тобокелге салып жатып, жашырынып жүрүп көргөн нерсесин өзү менен кошо тиги дүйнөгө алып кете албайт. Бүбүйра бул жүрөк титиреткен сырды бели бөкчөйүп, картайган кезинде айтты. Бул горбачевдук кайра куруу мезгили, 1989-жыл болчу. 1991-жылы 138 адам көмүлгөн жай табылды.

Кээ бир денелер кирпич күйгүзчү мештин ичине да ыргытылган окшойт.

Андан бир жылдан кийин сөзөктөр тийиштүү каада-салт жасалып, кайра көмүлдү. Ал эми 2000-жылы 10-ноябрда Сталин заманынын курмандыктарына арналган «Ата-Бейит» мемориалдык комплекси ачылды. Ал жерге дунганы, корейи, еврейи, орусу, немиси, уйгуру болуп, бардыгы 13 улуттун адамдары көмүлгөнү такталды.

Мен НКВДнын массалык көрүстөнүндө жетекчи кызматкерлери менен бирге кимдер көмүлгөнүн даректеп жатып, алардын арасында аткезчилер менен бандиттер да бар экенин билдим. Ал эми республиканын калган жооптуу жетекчилери кайда көмүлгөнү алиге чейин белгисиз…

Атылгандар Бишкектин жака белиндеги Аламүдүн дарыясынын жээгиндеги жарлардын астына, Караколдо, Ошто, Жалал-Абадда, Ак-Бууранын жана Нарындын бойлоруна көмүлгөнү тууралуу маалыматтар бар. Бишкекте андай жайлар Ош базары жана «Ысык-көл» кинотеатры турган жай, Кузнечная крепость маалесинде бар. Азыркы Логвиненко жана Токтогул көчөлөрүнүн кесилишиндеги мазарда «эл душманы» деп, жалган жалаа менен атылгандар көмүлгөн.

Кийин ал жайга медицина институтунун жатаканасы түштү. Студенттер ар күнү түндө өлгөндөр түшүнө киргенин айтып жүрүштү.

Мисалы, Кыргыз ССРинин Борбордук Аткаруу комитетинин төрагасы Абдыкадыр Орозбеков кайда көмүлгөнүн эч ким билчү эмес. Башка жетекчилдерден айырмаланып анын кыска сакалы болгон. Аны Аксакал деп аташкан. Аксакалды сырткы кебетесинен Ала-Арча көрүстөнүнүн кароолу Шайык деген уйгур билчү экен. Шайык бул диний наам. Борбор Азияда

мазарды жана ыйык жерлерди карап, сыйынганы келген адамдарга Куран окуп берген диниятчыны шайык деп коюшат. Ушул Шайык деген киши кийин Орозбековдун жакындарына ал көмүлгөн жайды көрсөтүп берет. Ал айтканга караганда, Аксакалды алып келгенде денеси кыйноо, ур-токмоктон көк ала болуп, буту сындырылган болот. Аны көз байланып, караңгы түшкөндө алып келип көмүшөт.

Бүгүнгө чейин окумуштуу адабиятчы Токчоро Жолдошов кайда көмүлгөнүн эч ким билбейт. Аны «Көк зоонун» (НКВД) жер төлөсүндө атышканбы же түрмөдөбү? Белгисиз. Ал учурда Кыргызстандын ички иштер комиссары Федор Иванович Лоцманов деген, анын орун басары Окунев болгон. Сурак жүргүзүп, адамдарды кыйнаган тергөөчүлөрдүн аттарын мен ырдай жатка билем: Куверский, Авдеев, Иванов, Савельев, Лашалеви, Лемберг, Муратов, Ташалевич, Поликарпов, Хайрулла Даутов. Судьялар: Тагин, Юрин жана башкалар. Мен архивдик материалдар менен иштеп жүрүп, сурактын хроникасын түздүм.

«Эл душмандарын» же социал-туранчы деп айыпталгандар 18 саат бою тынбай сыракка алынган, ар алты саатта тергөөчүлөр алмашып турган. Аларды жөнг гана суракка алышкан эмес… Аябай уруп сабашкан, тырмактарынын астына ийне сайышкан, колу-бутунун манжаларын, буттарын сындырышкан. Бетин же колун мешке күйгүзүшкөн. Адамга мындай тозокко чыдоо кыйын. Адамдар жасабаган күнөөсүн мойнуна алыш үчүн эмне күнөө кылганын билген эмес… Мен сурактын материалын окуп жатканда денем кадимкидей солкулдап титиреп жатты.

ЧоңТаштагы мурдакы кирпич заводунда көмүлгөн 138 адамдын ичинен 40 киши 5-ноябрда атылган. Тергөөчүлөрдүн журналында жазылып турат: 6-ноябюрда Октябрь революциясы жөнүндө доклад, 7-ноябрда парад жана башка салнаттар болот деп. Ошентип 5-ноябрдан 8-ноябрга чейин «бош күндөр» деп жазылган. Башка жазуу жок. «Күнөөлүүлөр» аларды атып жатканда демейде «Жашасын интернационализм!», «Жашасын Сталин!» деп кыйкырышкан.

Алардын үнү көчөгө угулбас үчүн аларды «Көкзоонун» жертөлөсүндө атышкан. Анан денелерди жүк ташуучу машинеге тепсеп жатып, ныктап салышкан жана эки-үч рейс менен шаардын сыртына ташылган. Кээ бир баш сөөктөрдө

экиден ок болгон. Сыягы өлүк кыймылдаганын көрүп, ишенимдүү болсун үчүн кежигеге дагы бир жолу атышкан.

Менин атамды жана анын жолдошторун суракка алган лейтенанттар азыр 100 шашта болушмак. Тилекке каршы, алар жүз жашка жетпей, генерал наамын албай өлүп кетишти. Алардын кылган иштерин эч ким изилдеген жок. 1991-жылы НКВДнын мурдакы архивин Москвага алып кетишкен жана мурдакы коммунисттик баш кесер-тергөөчүлөрдүн Кыргызстандагы изин таптакыр жок кылышты. Алардын изин жок кылуу үчүн 16 адам иштеди.

Менин атам 30-жылдардын башында Москвадагы пландоо институтун бүткөн. Ал марксизм-ленинизмдин классиктеринин эмгектерин кыргыз тилине которгон. Апам 1928-жылы Москвадагы Чыгыш эмгекчилеринин коммунисттик университетин, анан кийин Ташкентте аспирантураны бүткөн. Ал 1930-жылдардын башында эки жолу партиянын кандидаттыгынан чыгарылып, эки жолу кайра калбына келтирилген. 1937-жылы Юсуп Абдрахмановду (мурдакы Эл аткаруу [illegible] өрагасы) камакка алганда, менин атама да кезек жетет.

Атамдын күнөөсү – Абдрахмановдун айылдашы жана тууганы болгону. Атамды ал кезде «Абдрахмановдун куйругу» деп айтышкан. Андан тышкары менин атамды Социалисттик Туран партиясынын мүчөсү, улутчул, Англия, Япония, Иран жана Түркиянын шпиону деп күнөөлөшкөн. Атамдын досторунун бири Сүйүнтбек Бектурсунов түрмөдөн чыккандан кийин апама күйөөсү атылганын айтып берет. Ошол замат апамды «совет бийлигинин душманынын» зайыбы катары жумуштан айдашты. Ошондо апам өзү менен мурда университетте бир курста окуган Кененбай Турсунов деген кишиге күйөөгө чыкты.

Ал партиялык кызматта иштечү жана абдан мыкты адам болчу. Турсунов Кененбай документинде жазылгандай төмөнкү эзилүүчү катмардан эле. Апам ага күйөөгө чыкканын эч кимге айтпайт. Апам жаңы күйөөсү экөө менин атымды жана фамилиямды өзгөртүшөт. Мени Турсунов Эрнис Кененбаевич деп жаздырышат. Туулган күнүмдү да өзгөртүп, 1935-жылы 24-август деп жазышат.

Менин чыныгы атым Эшмухамбет Нурдинович Серкебаев эле. Мен 1934-жылы 20-июнда Бишкекте туулгам. Ошентип менин жаңы атам изин жашыруу үчүн алыскы райондорго

барып иштейин деп суранат. Ал адегенде Тогуз-Тородо, анан Чоң Алайда, кийин Тоңдо иштеди. Европада Экинчи Дүйнөлүк согуш башталган соң Кыргызстандын жетекчи кызматкерлери арасынан эл душмандарын издөө токтоп калгандай болот.


**Нурдин Серкебаев**

Мен өзүмдүн атамдын атын жана өзүмдүн чын атымды 1956-жылдан кийин сталиндик репрессиянын курмандыктары актала баштаган учурда билдим. Тактап айтканда, 1959-жылы билдим. Мен өгөй атамдын кеңеши боюнча өз атамдын атын «отчество» катары алып, Турсунов Эрнис Нурдинович болуп калдым. Атамды 1959-жылы акташты жана партияга мүчөлүгүн калыбына келтиришти. Компенсация ирети атамдын эки айлык эмгек акысын төлөп беришти. Атам камакка алынганда тартып алынган квартирабызды алиге чейин кайтарып беришкен жок. Аны кайтарып алуунун өзү абдан машкаты көп иш экен. Андай бюрократтык волокитаны жеңгенге менин чыдамым жетпеди.

Мен акыл кирип, бойго жеткенимден кийин советтик репрессиянын тарыхын изилдей баштадым жана көп коркунучтуу нерселерди таптым. Кыргызстанда аталары репрессия болуп, түрмөдө өлгөн үч жазуучу бар. Чыңгыз Айтматов, Мар Байджиев жана мен. Мардын атасы 1940-жылдардын аягында космополит деп айыпталып, 1942-жылы ГУЛАГда өлгөн.

# 6. Корутунду

Бул китептин максаты-кыргыз тарыхынын белгилүү бир мезгилин алып, анын жандуу жана пластикалык образын ачып берүү.

Биз ар түрдүү көп өлчөмдүү көрүнүштөрдү түзсө болорун билебиз. Эки өлчөмдүү көрүнүштө окуяга өтө терең кирбей туруп, жашоону өзүнчө туура чагылдыруу мүмкүнчүлүгү бар. Үч кырдуу сүрөттөө маселени алдынан, капталынан, арт жагынан да көрүүгө мүмкүндүк түзөт. Кыргыз тарыхына карата болсо-бул адамдардын өздөрү айтып берген тагдыры.

Чындыктын эч кандай сүрөттөөсү эч качан биздин жашоону толук бойдон чагылдырбай тургандыгын түшүнүү керек, дайыма бул болгону чындыктын кээде жетиштүү, кээде жетишсиз чагылдырылышы же шооласы.

Албетте, кээ бирөөлөрдө ар кайсы адамдын айтып берген окуяларына анча чоң тарыхый маани бербеш керек деген пикир болушу толук мүмкүн: анткени ар бир адам кантип айтканды, кайсы окуяны айтып беришти, аны логикалык жактан кандай жайгаштырууну жана аларды кантип тартипке салууну өзү гана чечет. Өзүнүн жакын туугандары жөнүндө баяндап жатып, аларды өтө идеалдаштырып көкөлөтпөсө да (атайлап же байкоосуздан) чыныгы жашоосундагыга караганда алда канча жакшы кылып айтканга аракеттенүүсү ыктымал. Буга мындай маселени бардык тарыхый булактарды эсепке алып чечүү керек деп жооп берсе болот: болбосо газетага жарыяланган материалдар идеологдор же жакшы төлөп берчү заказчиктер тарабынан коюлган талаптарга ылайык иштелип чыкпайбы?! Же бул жагдай дайыма заказ менен жазылган хроникалар үчүн типтүү көрүнүш эмеспи? Мындай абал бардык архивдик материалдар үчүн мүнөздүү эмеспи?

Эгерде бир эле окуя жөнүндө маалымат бири-бирине көз каранды болбогон түрдүү булактардан алынса, анда алар берген маалымат белгилүү бир нерселер боюнча бири-бирин же толуктайт же жокко чыгарат. Ошондо гана өзүбүздүн көп алыс эмес мурда өткөн мезгилди туура жана калыс чагылдыра алдык деп бүтүм чыгарып, ой жүгүртө баштасак болот.

Китеп XX кылымдын башынан 30-жылдардагы сталиндик “тазалоолор” бүткөнгө чейинки аралыкты көңүл чордонунда кармаса да, биз материалды жакшы түшүнүү үчүн XVIII кылымда башталган башкы окуяларды да, совет бийлиги орноор алдындагы Орто Азия же Түркистандагы жалпы ахыбалды мүнөздөйбүз. Китепте XIX кылымдын экинчи жарымында жана XX кылымдын биринчи

жарымында Столпиндин реформалардан кийин Россиянын башка аймактарынан көчүп келген келгиндер Түркистанды колонизациялоосу тууралуу да китепте кеңири баяндалат. Аймакка көчүп келгендердин саны абдан көп болгондуктан, мол түшүмдүү жерлер жетишпей, “жергиликтүүлөр” менен элдин «европалык» бөлүгү арасында тирешүү башталды. Бул толкундоолордун кульминациясы 1916-жылкы көтөрүлүш болду.

1917-жыл эл үчүн эки өтө орчундуу жана бурулуш окуяны алып келди: абалы февраль революциясы болуп, массалык түрдө “советтер” түзүлө баштады, анан октябрь революциясы болду жана анын натыйжасында бийликти большевиктер басып алды. Революция менен удаа эле жалпы Россияда жарандык согуш башталды, анын жүрүшүндө Орто Азия чөлкөмүнүн өзгөчөлүгү оркоюп көрүндү: бул жерде басмачылардын кыймылы түзүлдү. Совет бийлигинин орноосу жана бекемделиши менен катар мал-мүлктү тартып алуу жараяны жүрдү: анын биринчи толкуну большевиктик советтердин түзүлүшү менен келди, экинчи толкуну кулака тартуу учурунда болду; ал учурда чыныгы жана ойдон чыгарылган байлар менен күрөштүн шылтоосуна жамынып, ортоңку тап толук бойдон жок кылынды, ал эми мүлктү экспроприациялоонун үчүнчү толкуну күчкө салып коллективдештирүүдөн көп узабай өлкөнү каптады.

Кулакка тартуу жана күчкө салып коллективдештирүүнүн уландысы саясий репрессиялар болду: XX кылымдын 30-жылдарынын экинчи жарымында жүргөн сталиндик “тазалоолор” эң алды партиялык жана мамлекеттик мекемлердин жетекчи курамына жана алардын туугандарына каршы багытталды. “Сен эл душманысың!” деп, жалган күнөө коюп, камакка алуу жана соттун өкүмү соттогон адамдын бардык туугандарынын жашоосуна таасирин тийгизди: бийлик өкүлдөрү үй-бүлөнүн бардык мал-мүлкүн тартып алып, үйлөрүнүн кууп чыгып, аларга көп жылдар бою ар кандай окуу жайлардан билим алууга тыюу салынды. Сталиндин каза болушу жана жазыксыз соттолгондордун укуктарынын расмий түрдө калыбына келтирилиши репрессиялар ушуну менен бүттү дегенди билдирбейт. Эл душманы деген мөөр басылгандардын бардыгына карата калыптанган мамиле өзгөрбөдү жана репрессиялар кайталанат деген коркунуч андан кийин да узак жылдар бою сакталып турду.

Расмий документтер, ошол мезгилдеги макалалар, окуялардын советтик окуулуктардагы сүрөттөлүшү тексте графикалык түрдө боз фон менен бөлүп көрсөтүлөт. Күбөлөрдүн, алардын тукум-уруктарынын жана тааныштарынын аңгемелери эки тарабынан вертикалдуу сызык менен чектелген.

# 7. Resumé

Even that, in the presented book, the main emphasis is laid on the era from the beginning of the 20th century up to the Stalinist purges in the 1930s, there are mentioned important events since the 18th century already for better understanding (formation of the Kokand Khanate, general situation in the Central Asia or Turkestan, before the Russian Government establishment).

The book mentions more widely the settlement in Turkestan by inhabitants from other parts of Russia, especially in the second half of the 19th century and then more widely after the Stolypin´s reforms in the first half of the 20th century.

A large number of newly arriving settlers gradually led to a lack of fertile land and also to disorders among „local“ and „European“ inhabitants. These disorders culminated into the Rebellion in 1916. The year 1917 brought two significant milestones – first, the February Revolution and mass establishment of Soviets and the subsequent October Revolution, after which the entire power was gradually taken over by Bolsheviks. Along with the Revolution, there broke out the Civil War in Russia, which had its distinct specifics, including the formation of local Basmachi troops.

Hand-in-hand with the Bolshevik governance, there came also property dispossessions realised in several phases – for the first time, that happened after establishing Bolshevik Soviets, the second phase of dispossessions happened during „kulak liquidation“ (liquidation of real as well as imaginary village rich – kulaks) and the third phase came in early succession during the violent collectivization.

The kulak liquidation and violent collectivization was followed by Stalinist purges in the second half of the 1930s, which were intended against the top party and government representatives and their relatives. Artificial processes and pointing out nation enemies had an impact on whole families – also government representatives on lower levels in villages or kolkhozes took away properties from relatives, drove them from their homes, even after years, these did not have a chance to get a job or to study. In some cases, even the rehabilitation after the Stalin´s death in 1952 had no effect on bad treatment and there still happened some forms of repressions.

# 8. Адабият


АБДУЛЛАЕВ, Р. М. (ed.) *Устная история в Узбекистане: теория и практика*. Сборник материалов конференции. Выпуск I. Ташкент: Институт истории Академии наук Республики Узбекистан, 2011.

АБДЫРАМАНОВ, Ш. *Тарыхтагы ак тактар*. Бишкек: Аят, 2007. ISBN 9967-22-510-6.

АБИЛЛХОЖИН, Ж. Б. *Очерки социально-экономической истории Казахстана: XX век*. Алматы: Университет Туран, 1997. ISBN 9785766746362.

АВГУСТОВСКИЙ, Б. Выстрелы над Пишпеком. *Литературный Кыргызстан*, 1967. № 12, с. 11–27.

АКАЕВ, А. *История, прошедшая через мое сердце*. Москва – Бишкек: Илим, 2003. ISBN 5-8355-1287-2.

АКЧУРИН, В. А. *Татары в Киргизии. Вечные странники*. [онлайн]. Татарская рассылка, №35 (78), 2004 [цит. 8. 12. 2008]. Караңыз: <http://tatarica.narod.ru/archive/03_2004/78_19.03.04-2.htm>.

АЛИЕВА, Ш. А. *Развитие колхозного права в Узбекистане*. Ташкент, 1973.

АЛИМОВА, Д. А. *Трагедия среднеазиатского кишлака: коллективизация, раскулачивание, ссылка*. Том II, Ташкент, 2006.

БАЗАРОВ, М. *Советская религиозная политика в Средней Азии. 1918–1930 гг.* [онлайн] [цит. 4. 12. 2012] Караңыз: <http://poli.vub.ac.be/publi/etni-1/mustafo_bazarov.htm>.

БАЯЛИНОВ, К. Весна в Тянь-Шане. *Литературный Кыргызстан*, № 5 (17), Сентябрь – октябрь 1957 г., с. 90–95.

БЕЛЯНИН, Д. Н. *Источники формирования колонизационного фонда в Западной Сибири в годы осуществления столыпинской переселенческой политики (1906–1914 гг.)* [онлайн] [цит. 28. 11. 2012] Караңыз: <http://izvestia.asu.ru/2011/4-2/hist/TheNewsOfASU-2011-4-2-hist-05.pdf>.

*Бишкекская и Среднеазиатская Епархия* [онлайн] [цит. 4. 10. 2012] Караңыз: <http://www.eparchy.kg/site/history1.html>.

БОБРОВНИКОВ, В. *Безбожники рисуют ислам*. [онлайн] © Polit.ru, 1999–2011. [цит. 4. 12. 2012] Караңыз: <http://polit.ru/article/2009/05/07/bobrovnikov/>.

*Большая Советская Энциклопедия (БСЭ)*. Москва: Советская энциклопедия. 1969–1978.

БОРУБАШОВ, Б. И. Кыргызстан в системе государственного устройства и управления российского государства. *Вестник КРСУ*. 2008. Том 8. № 2, с. 109–115.

БУРГАРТ, Л. А. *Из истории католической веры и церкви в Казахстане*. Усть-Каменогорск, 2012. Кошумча булагы: <http://www.rusdeutsch.ru/biblio/files/386_biblio.pdf>.

*В боях за советскую власть в Ферганской долине: воспоминания участников Октябрьской революции и гражданской войны 1917-1923 гг.* Ташкент: Издательство Академии наук Узбекской ССР, 1967.

ВАГНЕР, А. *В Кыргызстан чехи привезли первые технологии* [онлайн] © 1996–2012 Český rozhlas (Чешское радио), 20. 11. 2006 [цит. 20. 11. 2012] Караңыз: <http://www.radio.cz/ru/rubrika/radiogazeta/v-kirgizstan-chexi-privezli-pervye-texnologii>.

*Воспоминания участников революционных событий и гражданской войны в Киргизии*. Фрунзе: Кыргызское государственное издательство, 1957.

*Восстание киргизов и казахов в 1916 году*. Бишкек: Асаба, 1991.

ГАППАРОВ, А. *Следы минувших времен*. Бишкек, 2012. ISBN 978-9967-26-750-3.

ГИНС, Г. Очерки из поездки по Семиречью. *Исторический вестник*, 1913, № 10. Кошумча булагы: <http://rus-turk.livejournal.com/20799.html>.

ГОЛИНКОВ, Д. Л. *Правда о врагах народа*. Москва: Алгоритм, 2007. ISBN 5-9265-0275-6.

ДАНИЛОВ, В. et al. *Трагедия советской деревни. Коллективизация и раскулачивание 1927–1939*. Tom I. Москва: Российская политическая энциклопедия (РОССПЭН), 1999–2006.

ДЖУНУШАЛИЕВ, Д.; ПЛОСКИХ, В. *Трайбализм и проблемы развития Кыргызстана.* [онлайн] CA&CC Press, Sweden, 2000 [цит. 21. 2. 2012]. Караңыз: <http://www.ca-c.org/journal/cac-09-2000/17.Dzhunu.shtml>.

ЖАНТУАРОВ С. Б. *Гражданская война в Киргизии.* Фрунзе: Издательство Академии наук Киргизской ССР, 1963.

ЗАКИ ВАЛИДИ, Т. *Воспоминания*. Уфа: Китап, 1998. ISBN 5-295-01566-1.

ЗЕМСКОВ, В. Н. *Спецпоселенцы в СССР. 1930–1960.* Москва: 2003, 280 с.

ИВНИЦКИЙ, Н. А. *«Великий перелом»: трагедия крестьянства. Коллективизация и раскулачивание в начале 30-х годов. По материалам Политбюро ЦК ВКП(б) и ОГПУ. Судьбы российского крестьянства.* Москва: РГГУ, 1995. Кошумча булагы: <http://you1917-91.narod.ru/ivnickiy.html>.

ИВНИЦКИЙ, Н. А. *Классовая борьба в деревне и ликвидация кулачества как класса: (1929–1932 гг.).* Москва, 1972.

ИВНИЦКИЙ, Н. А. *Судьба раскулаченных в СССР.* Москва, 2003.

*История СССР. Часть третья. Учебник для 10 класса средней школы.* Москва: Учпедгиз, 1952.

К истории восстания киргизов в 1916 г. *Красный архив*, № 3 (16). 1926. Караңыз: <http://www.vostlit.info/Texts/Dokumenty/M.Asien/XX/1900-1920/Kirgiz_1916/text.htm>.

КАГАНОВИЧ, А. *Некоторые проблемы царской колонизации Туркестана* [онлайн]. CA&CC Press, Sweden, 1998–2006 [цит. 23. 12. 2006]. Караңыз: <http://www.ca-c.org/journal/11-1997/st_13_kaganovich.shtml>.

КАЛИШЕВСКИЙ, М. *Трагедия 1916 года: Девяносто пять лет со дня восстания.* [онлайн] © 1998–2012 Международное агентство новостей «Фергана» [цит. 27. 11. 2012] Караңыз: <http://www.fergananews.com/articles/7003>.

КАМЕНЩИК, А. Цифры – хорошая вещь. *Газета Дуэль.* № 13 (301), 1. 4. 2003.

КАУФМАН, А. А. *По новым местам. (Очерки и путевые заметки). 1901–1903*. Санкт Петербург, 1905.

КИСЛЯНСКИЙ, С. С. *Кому выгодна комуна и кто ее боится*. Москва, 1921.

КЛАВИНГ, В. *Гражданская война в России: Белые армии.* Москва: Военно-историческая библиотека, 2003.

*Коллективизация и классовое расслоение кишлака и аула Средней Азии.* Ташкент: Средне-Азиатское бюро ЦК ВКП(б), 1930.

*Коллективизация сельского хозяйства и переход от кочевничества к оседлости (Энциклопедия Киргизская ССР)* [онлайн] Kirghiz.Ru, © 2011 [цит. 28. 11. 2012] Караңыз: http://www.kirghiz.ru/enc/istoriya_182/kollektivizatsiya_selskogo_hozyaystva_233

КОЛПАКИДИ, А. И. et al. *Прибалтика и Средняя Азия в составе Российской империи и СССР.* Сборник конференции «Неконфликтное прочтение совместной истории – основа добрососедства», Москва, 2010.

КОСТЕНКО, Л. *Средняя Азия и водворение в ней русской гражданственности*. Санкт Петербург, 1871.

*Красногвардейский тракт.* [онлайн] 12. 12. 2011 [цит. 29. 10. 2012] Доступен: <http://www.zonakz.net/blogs/user/wladimir/19779.html>.

МАСАНОВ, Н. Э. et al. *История Казахстана. Народы и культуры*. Алматы: Дайк-пресс, 2001.

МУХЛИНИН, Б. Ф. *Восстание 1916 года в Чуйской долине. Часть 13-ая*. [онлайн] История села Беловодское, 2012. [цит. 27. 11. 2012] Караңыз: <http://belovodskoe-muh.ucoz.ru/publ/moi_ocherki/vosstanie_1916_goda_v_chujskoj_doline_chast_13_aja/2-1-0-241>.

Научная конференция по вопросу о характере национальных движений в Киргизии во второй половине XIX – начале XX века. *Вопросы истории*, 1953, №7. Кошумча булагы: <http://belovodskoe-

muh.ucoz.ru/publ/moi_ocherki/vosstanie_1916_goda_v_chujskoj_doline_chast_1_aja/2-1-0-208>.

*Основные показатели развития народного хозяйства союзных республик*. Часть II Утерянная империя [онлайн]. 2009 [цит. 18. 12. 2011]. Караңыз: <http://lost-empire.ru/index.php?option=com_content&task=view&id=17052&Itemid=9>.

ОСТРОУМОВ, Н. П. *Сарты: Этнографические материалы*. Ташкент, 1896.

Переселенцы в Туркестанском крае. *Родина*. Санкт-Петербург, 1880. № 3, с. 148–161.

ПЕТРОВ, В. Г. *Пишпек исчезающий. 1825–1926*. Бишкек: Литературный Кыргызстан, 2005. ISBN 5-86254-041-5.

ПЛОСКИХ В. *Кыргызы и Кокандское ханство*.[онлайн] Кыргызско-Российский Славянский университет, Кафедра истории, культурологии и рекламы, 1995. [цит. 25. 10. 2012]
Караңыз: <http://history.krsu.edu.kg/index.php?option=com_content&task=view&id=123&Itemid=49&limit=1>.

ПРЖЕВАЛЬСКИЙ, Н. М. *Монголия и страна Тангутов*. Том I., Санкт-Петербург, 1875.

*Революция и Гражданская война* [онлайн] [цит. 29. 11. 2012] Караңыз: <http://www.rusrevolution.info/books/index.shtml?8_03>.

САДЫКОВА, Б. *Политика России и Туркестанское национальное движение*. [онлайн] "Dogry Ýol" ИОЦ Turkmenistan. 2006 [цит. 18. 9. 2006]. Караңыз: <http://www.dogryyol.com>.

СЕВЕРЦОВ, Н. А. *Месяц плена у кокандцев. Сочинение Николая Северцова*. Санкт Петербург, 1860.

СЕВЕРЦОВ, Н. А. *О русских поселениях к югу или к западу от Иссык-Куля. Материалы для статистики Туркестанского края*. Вып. 4. Санкт Петербург, 1876.

*Справка о землеустройстве киргиз в Сукулукской волости Пишпекского уезда Семиреченской области*. 1910 г. Российский государственный исторический архив (РГИА), фонд 391, опись 11, дело 2, лист 11 (от Б. Ф. Мухлинина).

*СССР – страна великого содружества народов. Umerjannaja imperija [онлайн]. 2009 [цит. 16. 12. 2011]. Караңыз: <http://lost-empire.ru/index.php?option=com_content&task=view&id=18403&Itemid=9>*.

СТАРИКОВ, Ф. М. *Исторический очерк присоединения к России Оренбургского края и участия в етом местного казачества*. Оренбург, 1891.

ТЕРЕЩЕНКО, Л. *История Кыргызстана* [онлайн]. Информационный портал о современной Киргизии, 2007 [цит. 12. 9. 2008]. Караңыз: <http://www.allkyrgyzstan.com>.

ТУРСУНОВ, Х. Т. *Среднеазиатское восстание 1916*. [онлайн] Большая Советская Энциклопедия (БСЭ) [цит. 15. 11. 2012] Караңыз: <http://bse.sci-lib.com/article105534.html>.

*У истоков дружбы. Сборник документов. Фрунзе, 1982*.

ФАРБШТЕЙН, Юлия. День памяти новомучеников и исповедников земли Кыргызстанской. *Православная газета Кыргызстана* № 7, 2012, с. 8.

ФЕДЧЕНКО А. П. *Из Кокана. Сведения о путешествии по Коканскому ханству А. П. Федченко в 1871 г*. Ташкент, 1871.

ХОДЖАЕВ, Ф. *Избранные труды в трех томах*. Ташкент: Фан (АН УзССР, Институт философии и права АН УзССР, Институт истории партии при ЦК КПУз, Институт истории АН УзССР), 1970. 500 с.

ШИШКАРАЕВ, Э. *Как на Юге Киргизии утверждалась власть… Колчака* [онлайн] POLIT.KG Информационно-аналитический портал, 29. 11. 2011 [цит. 29. 10. 2012] Караңыз: <http://www.polit.kg/print/3/79>.

ШТРАУС, А., ПАНКРАТЦ, С. *Свидетельства преступлений*. Бишкек: Илим, 1997. ISBN 5-8355-0966-9.

*Эсенаманов Эркимбек* [онлайн] ЦентрАзия [цит. 28. 10. 2012] Караңыз: <http://www.centrasia.ru/person2.php?&st=1083678435>.

ЯНТЦЕН, Г. *В далеком Туркестане. Жизнь среди мусульман*. Бишкек: Луч Надежды, 1993.

ABAZOV, R. *Historical Dictionary of Kyrgyzstan.* Lanham, Maryland, and Oxford: The Scarecrow Press, 2004, 381 s. ISBN 0-8108-4868-6.

ABDRAMANOVA, G. *Prvky zvykového práva v současném právním systému Kyrgyzské republiky*. Praha, 2012. Работа на степень бакалавра. Česká zemědělská univerzita v Praze, Provozně ekonomická fakulta. Иштин жетекчиси: Petr Kokaisl.

AJNÍ, Sadriddín. *Buchara*. Praha: Svět sovětů, 1952. Další dostupnost: <http://central-asia.su/publikace-sa/aini.htm>.

BALTABAEV, A. *The Propagandist: Erjigit Shakirov (Kyrgyz, 1931).* [online]. Preserving Kyrgystan´s History, 2010 [cit. 23. 10. 2010]. Dostupné z: <http://www.centralasianhistory.org/index.php?option=com_content&view=article&id=75:the-propagandist-erjigit-shakirov-kyrgyz-1931&catid=34:interviews&Itemid=29>.

BAZARBAYEV, K.; ASHIMKHANOVNA, A. Z. Jadids Movement in Central Asia in the Late 19th and the Early 20th Centuries. *Asian Social Science*, Vol. 8, No. 8; July 2012, s. 225–237. ISSN 1911-2017.

BINDER, J., LEMAITROVÁ, N., QUINSONOVÁ, M-T. a kol. *Slovník křesťanské kultury*. Praha: Garamond 2002.

HERRMANNOVÁ, Z. *Postsocialistická transformace společnosti ve Střední Asii. Případová studie v jižním Kyrgyzstánu, oblast Batken*. Praha, 2012. Дипломная работа. Česká zemědělská univerzita v Praze, Provozně ekonomická fakulta. Иштин жетекчиси: Petr Kokaisl.

HOLÁ, V., VICHEREK, E. *Interhelpo*. ÚV SČSP Praha 1975.

KOKAISL, P. a kol. *Kyrgyzstán a Kyrgyzové. Кыргызстан и кыргызы*. Plzeň: Západočeská univerzita, 2008. 309 s. ISBN 978-80-7043-772-8.

KOKAISL, P., PARGAČ, J. a kol. *Lidé z hor a lidé z pouští: Tádžikistán a Turkmenistán*. Praha: Univerzita Karlova, Filozofická Fakulta, 2007. ISBN 978-80-7308-167-6.

KOKAISL, P., PARGAČ, J. *Pastevecká společnost v proměnách času: Kyrgyzstán a Kazachstán.* Praha: Univerzita Karlova, Filozofická Fakulta, 2006. ISBN 80-7308-119-9.

LOBANOFF-ROSTOVSKY, Princ. The Soviet Muslim Republics in Central Asia*. Journal of the Royal Institute of International Affairs*, Vol. 7, No. 4 (Jul., 1928), s. 242.

OLCOTT, Martha B. The Basmachi or Freemen's Revolt in Turkestan 1918-24. *Soviet studies*, vol. XXXIII, No. 3, July 1981, pp. 352–369.

OSOROV, Z. Myths and Survivals of Nomadic Past. *Kyrgyzstan Times*, September 28, 2000.

POLLÁK, P. *Internacionálna pomoc československého proletariátu národom SSSR*. Bratislava 1961.

*Preserving Kyrgystan´s History* [online]. Central Asian Oral History Website. © 2011 centralasianhistory.org [cit. 24. 10. 2011]. Dostupné z: <http://www.centralasianhistory.org>.

RIMSKY-KORSAKOFF DYER, Svetlana. Karakunuz: An Early Settlement of the Chinese Muslims in Russia. *Asian Folklore Studies*, Vol. 51, No. 2 (1992), pp. 243–278.

STARR, S. F., BESHIMOV, B., BOBOKULOV, I. I. *Ferghana Valley: The Heart of Central Asia*. New York: M. E. Sharpe, 2011. ISBN 978-0-7656-2999-9.

STEIGER, A. J. Republics of Soviet Central Asia. *Far Eastern Survey*, Vol. 15, No. 11 (Jun. 5, 1946), p. 170.

ŠMIGEL, M. Naši v Sovetskom zväze. *Navýchod*, 2004/5.

ŠVANKMAJER, M. *Dějiny Ruska*. Praha: NLN, 1995. ISBN 80-7106-128-X.

UHEREK, Z., VALÁŠKOVÁ, N., KUŽEL, S., DYMEŠ, P. *Češi z Kazachstánu a jejich přesídlení do České republiky*. EÚ AVČR Praha 2003.

# 9. Сүрөт, графика, карта жана таблицалардын тизмеси

## 9.1. Иллюстрациw

1, 2-илл. Пишпек чеби (жогорку сүрөт) жана Токмок чеби, 1860-жыл.................................... 8
3-илл. Зындан (1905–1915-жж) С. М. Прокудин-Горскийдин фотографиялары (АКШ Конгрессинин китепканасы) ........................................................................................ 13
4-илл. Зындан (Бухара шаарындагы музей), 2004-ж................................................................. 13
5-илл. Туркистан сериясы. (Василий Верещагин)...................................................................... 21
6, 7-илл. Чоң Алай (9-май 2006-жыл)........................................................................................ 23
8-илл. Кокон хандыгын жеңгенге байланыштуу берилген медаль......................................... 26
9-илл. Меннониттер Түркистанга көчүп баргандан кийин жашаган үйлөр........................... 32
10-илл. Волга дарыясынын сол жээги, 2011.............................................................................. 36
11-илл. Орус көчөрмандардын Самара жана Орск аркылуу Казалинскиге барган жолу (1800 км)................................................................................................................................ 39
12-илл. “Эртең менен. Чаркпалек” (1900)................................................................................. 39
13, 14-илл. Түркистан, Мырза чөл, дыйкандардын бир тобу Надеждин полелогундагы көчөрмандар лагеринде. 1911-жылы. ................................................................................ 41
15-илл. Түркистан, Мырза чөл, Спасский поселогундагы көчөрмандардын хутору. 1911-ж. ................................................................................................................................................ 41
16-илл. Түркистан, Мырза чөл, Спасский поселогундагы ийбадаткана. 1911-ж. ................. 42
17-илл. Милянфан, 2011-жыл. .................................................................................................... 45
18, 19-илл. Тамга. 2011-жыл. ...................................................................................................... 48
20-илл. Азия мектеби (Молла Насириддин, 1910-жыл)............................................................ 53
21-илл. Советтик мектеп системасын даңктаган плакат............................................................ 63
22-илл. Көчөрмандардын саны боюнча протокол, Томск шаары, 15. 1. 1915. ...................... 66
23-илл. Пахта иштетүүчү завод. Кокон шаары........................................................................... 70
24-илл. Орус жазалоочу отряды. 25-илл. Көтөрүлүшчүлөрдү дарга асуу............................... 78
26, 27-илл. Кыргызстандагы биринчи православ ыйыктар (24.8.2012).................................. 81
28, 29, 30-илл. 1916-жылкы көтөрүшкө арнап тургузулган эстелик....................................... 85
31-илл. Кыргыздардын айылында. (Б. В. Смирновдун сүрөтү, 1903-жыл.).......................... 88
32-илл. Талас өрөөнү, 2012-жыл.................................................................................................. 93
33-илл. Черкасскиде колдонулган акча......................................................................................... 98
34-илл. Лепсинскиде жана Жети-Суунун орус казак өкмөтү тарабынан колдонгон акчанын эки бети. ................................................................................................................................ 98
35-илл. Мадаминбектин командачылыгы астындагы аскерлерди М. В. Фрунзе текшерүүдөн өткөрүүдө.............................................................................................................................. 105
36-илл. Ферганалык басмачылар дарга асылар алдында, 1924-жыл. .................................... 106
37-илл. Дунган слободасы, Пишпек шаары, 1899-жыл. ........................................................ 114
38-илл. Яков Логвиненко, 1-чи Пишпек полкунун командири............................................. 115
39-илл. Пишпек, Совет көчөсү, 1933-ж. Машиненин үстүндө – Логвиненконун табыты.. 115
40-илл. Беловодск көтөрүлүшүнүн курмандыктары. Январь, 1919-жыл............................. 118
41-илл. Кадамжай, Фергана, Ош............................................................................................... 144
42-илл. Картада Талас шаары жана Бакай-Ата кыштагы (Кыргызстан); Наманган облусунун Үч-Коргон шаары (Өзбекстан)............................................................................................ 150
43-илл. “Безбожник” журналынын бети (1922). “Безбожник” гезити (1923). ..................... 158
44-илл. Динге каршы пропаганда 1921-жыл............................................................................. 160
45-илл. Интергельпочулардын Пишпек шаарына келиши, 1925-жыл. ................................. 176
46-илл. Базар аянтындагы Акчуриндин дүкөнү. XX к. башталышы. .................................. 177
47-илл. «Интергельпо» кооперативинин мүчөлөрү, 1927-жыл............................................. 178

48-илл. «Интергельпо» кооперативинин поселогу. ............ 184
49-илл. Интергельпочулардын ар жекешмби күнкү кездешүүсү, 29-май 2005. ............ 190
50-илл. Арба жазмасынын негизиндеги кыргыз алфавити. ............ 192
51-илл. 1935-жылкы кыргыз гезити: бир бети орус тилинде (азбука), экинчи бети кыргыз тилинде (кыргызчага ылайыкташтырылган латын графикасы). ............ 193
52-илл. Айылдык жыйын, Түркистан, 1929-жыл. ............ 227
53-илл. Бир червонец, 1922-жыл. ............ 233
54-илл. Нарын областы, 2000-жыл. ............ 238
55-илл. Эркештамга кеткен жол (16. 5. 2006). ............ 245
56-илл. Атууга буйруган кол тамга. ............ 259
57-илл. Мурата Салиховдун акталганы тууралуу документ ............ 276
58-илл. Кыргызстандын премьер-министринин «Ата-Бейит» комплексине ............ 277

## 9.2. Таблицалар

1-таблица. Советтик республикалардагы окуучулардын саны. ............ 58
2-таблица. Кыргызстандагы студенттердин саны. ............ 58
3-таблица. «Интергельпо» кооперативине келген көчөрмандардын группалары. ............ 178
4-таблица. “Интергельпого” мүчөлүктөн чыгуулар. 1940-жыл. ............ 180
5-таблица. “Интергельпо” кооперативиндеги көчөрмандардын улуттук курамы. ............ 189
6-таблица. «Интергельпо» кооперативинин улуттук курамы, Фрунзе (XX кылымдын 40-жылдарына чейин). ............ 189
7-таблица. Россиядагы түрдүү чарбалар: кирешеси жана иштеткен жери боюнча (1913). 208
8-таблица. Орто Азиядагы колхоздорго караштуу жерлердн орточо аянты (1928–1929). . 243
9-таблица. 1930-жылдын кышындагы СССРдеги коллективдештирүүнүн динамикасы. ... 248
10-таблица. Кыргызстанда коллективдештирүүнүн жүрүшү. 1930-жыл. ............ 249
11-таблица. Советтик Кыргызстандын жогорку жетекчилери. ............ 252
12-таблица. Россия жана СССРдеги түшүмдүүлүк жана жалпы жыйым, 1900–1937-жылдар. ............ 253
13-таблица. Орто Азия колхоздорундагы большевиктердин жана сабатсыздардын үлүшү, 1930-ж. ............ 254

## 9.3. Карталар

1, 2-карта. Кокое хандыгынын маанилүү чептери жана басып алган жерлери. ............ 9
3-карта. Кыргыздардын орус букаралыгына өтүүсү. ............ 13
4-карта. Орто Азия XVI-XVII жүз жылдыкта. ............ 17
5-карта. Орто Азия хандыктары (Хива, Кокон) жана Бухара эмирлиги. ............ 17
6-карта. А. П. Федченко барган шаарлар. ............ 22
7-карта. Дунгандардын Кытайдан бүгүнкү Кыргызстандын территориясына келген жолу. 46
8-карта. Казандан Верный (Алматы) аркылуу Түпкө чейинки жол (≈3 000 км). ............ 49
9-карта. Семеновка, Каракол, Тамга. ............ 50
10-карта. Анжиян көтөрүлүшү (1898-ж.). ............ 51
11-карта. Жети-Суу облусу, 1919-ж. ............ 97
12-карта. Олуя-Атадан Москвага поезд менен барган жол. ............ 155
13-карта. Ата-Башы. ............ 228
14-карта. Кадамжай району. ............ 269

# 10. Мазмуну

Кириш сөз......4
1. Кириш сөз: Борбор Азия 18–20 кылымдардын ортолугунда......6
1.1. Кокон хандыгы......7
1.1.1. Кокон хандыгынын жок кылынышы, 1876-жыл......24
2. Орус өкмөтү Совет бийлиги келген мезгилге чейин......29
2.1. Түркистанды колонизациялоо......29
2.1.1. Түркистанга бөтөн элдерди көчүрүү......43
2.1.2. Орус бийлигине каршы көтөрүлүш......51
2.2. Түркистандагы жадидчилик......52
2.3. Билим берүү......56
2.4. Орусиядагы 1905-жылкы революция......64
2.5. 1916-жылкы көтөрүлүш......66
2.6. Кыргыз көчмөндөрдүн отурукташкан жашоого өтүүсү......86
3. Советтик Түркистан......92
3.1. 1917-жыл......92
3.2. Граждандык согуш......94
3.2.1. Бухара жана Хива......95
3.2.2. Адмирал Колчактын армиясы менен салгышуулар......97
3.2.3. Большевиктердин бийликти алуусу......108
3.2.4. Дунгандар Пишпекте......112
3.2.5. Кытайлык качкын кыргыздар......119
3.2.6. Мүлктү коомдук менчикке айлантуу......121
3.3. Совет бийлигинин бекемделиши......139
3.3.1. Басмачылар......140
3.3.2. 1920-жылы Түркистан АССРинин пайда болушу......152
4. 1924-жылы союздук республикалардын пайда болушу......167
4.1. Кара-Кыргыз автоном областы......170
4.1.1. Чехословакиялыктардын «Интергельпо» өнөр жай жана айыл чарба кооперативи......173
4.2. Араб жазмасынан латын тамгасына өтүү......191
5. 30-жылдардагы кулакка тартуу, колективдештирүү жана репрессиялар......195
5.1. Советтик коллективдештирүүнү баалоо......250
5.2. 1936–1938-жылдардагы саясий тазалоолор......256
5.2.1. Мурат Салихов......270
5.2.2. “Ата-Бейит” көрүстөнү......277
6. Корутунду......283
7. Resumé......285
8. Адабият......286
9. Сүрөт, графика, карта жана таблицалардын тизмеси......290
9.1. Иллюстрации......290
9.2. Таблицалар......291
9.3. Карталар......291
10. Мазмуну......292

Петр КОКАЙСЛ, Амирбек УСМАНОВ

**Кыргызстандын тарыхы күбөлөрдүн көзү менен
(XX кылымдын башы)**

**Ошский государственный университет, 2014**

ISBN 978-9967-33-037-5
9 789967 330375 >